КЫ
Ц/С/К
II-33.

АБДЫКУЛ ЖАПАРОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАСЫ

II

БӨЛҮК

СИНТАКСИС

ЖЕТИ ЖЫЛДЫК ЖАНА ОРТО МЕКТЕПТЕРДИН
VI—VII КЛАССТАРЫ ҮЧҮН

фрунзе КЫРГЫЗМАМБАС 1951

АБДЫКУ'Л ЖАПАРОВ

Кырг
Ч(о)к
Ж33

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАСЫ

II

БӨЛҮК

СИНТАКСИС

ЖЕТИ ЖЫЛДЫК ЖАНА ОРТО МЕКТЕПТЕРДИН
VI—VII класстары үчүн

Кыргыз ССРинин Агартуу Министерствосу бекиткен

ЭКИНЧИ БАСЫЛЫШЫ

Фрунзе КЫРГЫЗМАМБАС 1951

СҮЙЛӨМ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ.

§ 1. Сүйлөм.

Биздин сүйлөгөн сөзүбүз оюбузду бирөөгө түшүндүрүү үчүн колдонулат. Айрым оюбузду маани жагынан жана грамматикалык жагынан тыгыз байланышкан бир нече сөздүн тизмеги аркылуу, же бир сөз менен да түшүндүрөбүз.

Мисалы: Түн. Ай жарык. Биз кырманга бардык. Колхозчулар эгин сапырып жатышкан экен. Окуучулар да сортировка менен буудай тазалашты. Күзгү түндө эмгек кылуу абдан көңүлдүү.

Мында алты сүйлөм бар. Биринчи сүйлөм бир сөздөн, экинчи сүйлөм эки сөздөн, үчүнчү сүйлөм үч сөздөн, төртүнчү, бешинчи, алтынчы сүйлөмдөр бир нече сөздөрдөн түзүлдү. Булардын ар бири айрым ойду түшүндүрүп турат. Ар бир сүйлөмдүн тизмегиндеги сөздөр өз ара маани жагынан байланышып, тийиштүү грамматикалык бирдикте турат.

Бүткөн айрым бир ойду түшүндүрүүчү сөз, же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат.

Мисалы: 1. Бир кезде асман күрүлдөдү. 2. Ал чалгында мындан мурун да алда нече курдай болгон. 3. Талаанын оң жагында жалгыз аяк жол бар. Ал жол батыш жактагы суунун аркы өйүзүндө турган кичине бир селого барып кирет. 4. Согушта да бирге болдук (К. Баялинов). Көрсөтүлгөн мисалдардагы ар бир сүйлөм айрым ойду билдирип турат. Ар бири маани жагынан бир бири менен байланышта болуп, грамматикалык жагынан да бирдикте турат, башкача айтканда, ээге карай баяндооч тийиштүү түзүлүштө турат. Сүйлөмдүн тизмегиндеги сөздөр өз ара маани жагынан болгон байланышка карай тийиштүү грамматикалык тартипте орун алышты. Мисалы, жогорудагы көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө ээ биринчи жакта турса, баяндооч да биринчи жакта турат. Баяндооч да жекелик, көптүк түргө ээге карата өзгөрүп турат. Ээнин маанисине карай тийиштүү баяндооч айтылды. Булар сүйлөм-

дөгү сөздөрдүн маани жана грамматика жагынан бирдигин көрсөттү.

Айрым оюбузду айтканыбызда, ар бир сүйлөмдүн аягында үнүбүз азыраак токтолуп чыгат (пауза). Сүйлөмдү жазганыбызда, айтылышына карай бир сүйлөмдү экинчи сүйлөмдөн чекит, же суроо, же илеп белгисин коюу менен ажыратабыз. Ар бир сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат.

Көнүгүү 1.

Текстти класста дептерицерге көчүрүп, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

МЕКТЕП ОГОРОДУ.

Балдар кышында эле мектеп огороду үчүн күл чогулта башташты. Күл менен семиртилген жерде өсүмдүктөр жакшы түшүм берет балдардын баары эки чакадан күл алып келишти жаз келди кар эриди жер бир аз кургаганда жерлерди каза башташты мугалим балдарга өсүмдүктөрдүн уруктарын туура тигүүнү түшүндүрдү „майда уруктарды терең көмүү керек“,— деди адегенде огород ээн сыяктуу көрүнчү эле жамгыр жаады жээктерге чөп чыга башгады жерден сабиздин, кызылчанын жашыл жалбыракчалары көрүнө баштады буурчактын ичке мурутчалары желден титиреп өзүнө таяныч издей баштады балдар өсүмдүктөрдүн өнүп чыгышына байкоо жүргүзүп тим болушкан жок алар өсүмдүктөрдүн өсүшүнө өздөрү жардам бериштн жерди жумшартып, отоо чөптөрүнөн тазалашты ысык күндөр келди жумуш дагы көбөйдү балдар күнүгө огородду аралап чыгышат капустага курт түшүрүшпөйт бадыранды сугарышат алар күздү абдан кубаныч менен тосуп алышты мектептин огородуна айдалган жашылчалар бышып жетилип, капустанын жалбыректары катталып, томолоктонду ашкабак казан болуп чоңойду бул ашкабакты мектептин көргөзмөсүнө араба менен жеткирүүгө туура келди.

(*Н. Надеждина боюнча*).

Көнүгүү 2.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Пионер отряды бир класстын, же параллелдүү эки класстын үч-төрт звенолорунан турат отряд — согуштук сөз бул — командирдин приказы боюнча бирдей аракет кылуучу кайраттуу, тартиптүү кишилердин группасы пионердик отряддагы балдар бир кишидей болуп аракет кылышат бул жерде алар коомдук турмуштун биринчи мектебинен өтүшөт билгич кайраттуу, күчтүү Лениндин — Сталиндин ишине чексиз берилген киши болууга үйрөнүшөт ар бир пионердик отрядга

дружина совети тарабынан катар номер берилет мындан тышкары комсомолдун комитети отрядга большевиктер партиясынын, совет мамлекетинин көрүнүктүү ишмерлеринин, полководецтердин, Советтер Союзунун баатырларынын наамын берүүгө укуктуу отряд сборду дайыма өткөрүп турат сбор — пионерлердин коллективдүү ишинин негизги формасы.

(*К. Воронков*).

Көнүгүү 3.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Окуу — билим азыгы
Оку талбай билим ал
Билим — ырыс казыгы
Билимдүү айтса, кулак сал

Илим — окуу булагы
Көп окуган көп билет
Илим — өнөр чырагы
Өнөр көккө жеткирет.

Булганбасын чаң басып
Сабак жазган дептериң
Калтырбай ал бүт жазып
Мугалимдин кептерин

Оку бөбөк көп оку
Акылман атаң Лениндей —
Сталиндей көп оку
Жалакай болбо эринбей

(*Темиркул Умөталиев*)

Көнүгүү 4.

Текстти окуп, жалаң сүйлөмдөргө айкындооч мүчө кошуп, жайылма сүйлөмгө айландыргыла. Жайылма сүйлөмдөрдүн айкындооч мүчөлөрүн алып таштап, жалаң сүйлөмгө айландырып, дептериңерге көчүргүлө.

Кыш катуу эле.

Атасы тоодон отун сүйрөтүп келди. Жээрде асыйдын үстүн бубак басып, кош таноосунан көк түтүн буркурап, демигип турат.

— Ата, эмне үчүн Жээрденин кирпигине чейин аппак бубак басып кеткен? — деп, Бердиш атасынан сурады.

— Тердеп кетти, балам. Отун оор, жол уңкул-чуңкул,— деди атасы.

— Байкуш Жээрде үшүп да кеткен көрүнөт — деп, Бердиштин асыйга боору ачыды.

— Кайдан үшүсүн. Суукка көнгөн эмеспи, — деди атасы.

Бир күнү кышында мектептин короосуна шаардан доктор келди. Балдар эшикке жүгүрүп чыгып карап турушту эле, арабакеч үстүнө жамынган кементайын алып, тердеп калган атына жаба баштады.

Аны көргөндө Бердиштин оюна Жээрде асый түшө келди.

— Агай, эмне кылып жатасыз. Атыңыз суукка көнгөн жок беле? — деп, арабакечтен сурай кетти.

— Көнүп калган деген да сөз болобу, бөбөгүм? Бир аз ойлоп көрчү, азыр ат тердеп турат, жаппай койсоң, шамал

согуп, катуу суук өпкөсүнөн өтсө, ошону менен аттын өлгөнү. Ат жөткүрө баштайт, кубаты кетет, энең сага жылуу кийимдерди эмнеге кийгизгенин ойлоп көрчү.

— Мага суук тийип калат деп.

— Эмесе аткa да суук тиет, иним. Сен жакшылап карап тур. Жабуу жабылбай калган жерлеринин баарын азыр саман менен жышамын — деп, атынын сандарын, моюнун, капталын, башын, бакайларын сүрө баштады.

Ошондон кийин Жээрде бир жактан тердеп келгенинде, бир тутам саманды бүктөй кармап, Бердиш да анын капталын, буттарын, төшүн жыша турган болду.

Энесинен кийиз сурап алып, эжеси экөө ат жабуу тигишти, эжеси ат жабуунун тегерегине кооз чачылар жасады.

Жээрденин ат жабуусу даяр болду.

§ 2. Сүйлөм мүчөлөрү.

Жогоруда сүйлөм бир жана бир нече сөздөрдөн турары көрсөтүлдү. Сүйлөмдүн тизмегиндеги ага окшогон сөздөрдүн ар кайсысы ар башка мааниге ээ болуп, ар башка милдет аткарат. Кай бири мүчөлүк милдет аткарса, кай бири өзүнчө туруп мүчө боло албай, мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөргө таандык болуп, ага кошумча маани киргизет.

Сүйлөмдөгү мүчөлүк милдет аткаруучу сөздердүн ар бири айрым мааниге ээ болот. Алар, мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөр, сүйлөмдүн тизмегинде ар түрдүү милдет аткарышат жана аткарган милдетине карай ар башка суроолорго жооп беришет.

Мисалы: Пионерлер лагерден келишти.

Бул сүйлөмдө айтылуучу ой *пионерлер* жөнүндө болуп жатат. *Келишти* деген сөз *пионерлер* деген сөздүн ал-жайын баяндады. *Лагерден* деген сөз да *пионерлердин* кайдан келгенин тактап турат.

Пионерлер — ким? деген суроого жооп берет. Лагерден — *кайдан?* деген суроого жооп берет. Келишти — *эмне кылышты?* деген суроого жооп берет.

Булардын бардыгы тең сүйлөмгө мүчө, башкача айтканда, бирөө — ээ (пионерлер), бирөө — баяндооч (келишти), бирөө айкындооч (лагерден). Ар бири айрым суроолорго жооп берип, айрым милдет аткарышты.

Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр айрым мааниге ээ болуп, кандайдыр бир суроого жооп берсе, *сүйлөмдүн мүчөсү* **деп аталат.**

Мисалы: Ал ыр жазды. Ал эмне жазды? — ыр. — Ким ыр жазды? — Ал. — Ал эмне кылды? — Жазды. Бул сүйлөмдөгү ар бир сөз айрым суроолорго жооп берди, демек — ар бири өзүнчө мүчөлүк милдет аткарды.

Сүйлөмдүн мүчөлөрүнүн бирине таандык болуп айтылуучу жардамчы жана байламта сездөр өзүнчө айрым туруп сүйлөмгө мүчө боло албайт, себеби — алар айрым маанiге ээ эмес жана айрым сурооro да жооп бере албайт. Жардамчы жана байламта сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнө таандык болуп айтылса, ошол мүчөнүн тутумуна кирип калат.

Мисалы: Шаршенбек абдан сергек окуучу. Ал китепти окууру менен түшүнөт.

— Шаршенбек кандай окуучу?—Абдан сергек.—Ал китепти кандай түшүнөт?—Окууру менен. Бул сүйлөмдөрдөгү *абдан, менен* деген жардамчы жана байламта сөздөр *сергек, окууру* деген сөздөргө таандык болуп айтылды жана өзүнчө айрым суроого да жооп бере албады.

Эскертүү: Сырдык, каратма, кириндi сөздөр сүйлөмгө мүчө боло албайт, анткени — алар айрым суроого жооп бербейт. Ойдун кырдаалын гана көрсөтүшөт.

Сүйлөмдөгү мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөр *баш* жана *айкындооч* мүчө болуп экиге бөлүнөт.

Көнүгүү 5.

Класста окуп чыгып, сүйлөм мүчөлөрүн ажыраткыла.

Жаркыраган жаз келди Жер бети көгөрдү. Көк чөптөр жайкалып чыкты. Келгин куштар келишти. Көгөргөн бак-даraктар, чөптөр жерге көрк киргизди. Сайраган канаттуулардын үнү да көрккө көрк кошту. Адамдар жазгы кийимдерин кийишти. Мектептерде, өндүрүштөрдө май майрамына карата өндүрүштөгү жана окуудагы жетишкендиктери менен тосуу үчүн кызуу даярдыктар жүрүп жатты.

Эртең Биринчи Май майрамы. Балдар кубанышты. Таң атты. Күн чыкты. Асман ачык. Аба жылуу. Адамдар тамак-ашын ичишти. Жакшы кийимдерин кийишти. Окуучулар окуган жерине жөнөштү. Балдар бир биринен сурашат:

— Сен кечээ кайда болдуң?

— Жыйналышта болдум. Жыйналыштан кийин кинодо болдум. Андан үйгө келдим.

— Силер кайда болдуңар?

— Биз жыйналышта болдук. Андан кийин оюн коюуга катыштык.

Көнүгүү 6.

Текстти дептериңерге көчүрүп, сүйлөм мүчөлөрүнө тийиштүү суроолор койгула.

ЫРЫСТЫН АЛДЫ ЫНТЫМАК.

(Тамсил)

Илгери бир абышка болуптур. Абышканын үч уулу бар экен. Балдары биринин тилин бири албай, ынтымаксыз болушуптур. Бир күнү абышка балдарын чакырып алып:

— Балдарым, ушул бир тутам чыбыкты чогуусу менен сындырып бергилечи, — дептир.

Балдары бир тутам чыбыкты чогуусу менен сындыра алышпаптыр.

Анда атасы:

— Эми чогуусу менен эмес, бир бирден сындырып көргүлөчү, сынар бекен, — дейт.

Балдары чыбыкты бир бирден оңой эле сындырып коюшат.

Атасы балдарына карап:

— Көрдүңөрбү, балдарым, эгерде ынтымаксыз болсоңор, силерди душманыңар ушинтип бир бирден жок кылат. Эгер бирдиктүү ынтымактуу болсоңор эч ким силерди ажырата албайт, жеңилбес күчтүү болосуңар. „Ырыстын алды ынтымак“ деген илгертеден калган лакап бар, — деди.

Балдары өздөрүнүн кемчиликтерин моюндарына алышты. Ынтымактуу болуп, бирин бири сыйлап жүрүшкө атасына убада беришти.

(*Л. Толстойдуку боюнча*).

§ 3. Баш мүчөлөр.

Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деп аталат, анткени — сүйлөмдө ойдун негизин түшүндүрүүчү жана сүйлөмдүн натийжасын чыгаруучу ушул эки мүчө болот.

Сүйлөмдө ойдун негизин ээлеп турган сөз сүйлөмдүн ээси деп аталат.

Ээлик милдетти атооч жөндөмөдө турган сөздөр аткарат. Ээ — ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? кандайы? канчасы? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: Күн ысыды. Сүйлөмдө негизги ой күн жөнүндө болуп жатат, *күн* деген сөз айтылбаса, эмненин ысыгандыгы белгисиз болор эле.

Күн жылуу болду. Эмне жылуу болду? — *күн* (ээ — күн). Бак-даректар бүрүн ачты. Эмнелер бүрүн ачты? *Бак-даректар* (ээ — бак-даректар). Асан келди. Ким келди? — *Асан* (ээ — Асан). Алты үчкө экиден бөлүнөт. Нече үчкө экиден бөлүнөт? — *Алты* (ээ — алты).

Ээнин кыймыл-аракетин, абалын көрсөткөн сөз баяндооч деп аталат.

Баяндооч *эмне кылды? эмне кылып жатат? ким? эмне? канча? кандай? эмне кылышат?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. М: Күн ысыды. Күн кандай болду? — *Ысыды* (баяндооч — *ысыды*). Эмне ысыды? — *күн* (ээ — *күн*).

Жогоруда көрсөтүлгөн сүйлөмдө *ысыды* деген сөз күндүн абалын көрсөттү. *Ысыды* деген баяндооч айтылбаса, күндүн кандай *абалда* экендиги белгисиз болот эле.

Мисалдар: Жаз келди (*жаз* — ээ, *келди* — баяндооч).

Күн чайыттай ачылды (*күн* — ээ, *ачылды* — баяндооч). Колхозчулар кош айдоого чыгышты (*колхозчулар* — ээ, *чыгышты* — баяндооч). Эгин-тегин өтө тездик менен айдала баштады (*эгин-тегин* — ээ, *айдала баштады* — баяндооч). Бул сүйлөмдөрдөгү баяндоочтор да ээнин кыймыл-аракетин баяндап турушат.

Токтогул — кыргыздын улуу акыны. *Токтогул* — ээ, *акыны* — баяндооч).

Горький пролетардык улуу жазуучу болгон. (*Горький* — ээ, *жазуучу болгон* — баяндооч).

Көнүгүү 7.

Тексттеги сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн ажыраткыла.

МИЧУРИНДИН ЖЕМИШ БАГЫНДА.

Мичурин — улуу окумуштуу жана жемиш багын өстүрүүчү атактуу бакчы. Мичурин жемиш багын өстүрүү ишин жакшы көргөн. Ал өзүнүн элүү жылдык өмүрүн бул ишке жумшаган. Ар түрдүү тажрийбаларды иштөө аркылуу ал жаңы жемиштерди өстүрүүгө жетишти. Анын өстүргөн жемиштери сууктан үшүбөйт. Мичуринди биздин өлкөдөгү чоңдор да, балдар да, эркектер да, аялдар да билишет. Падыша өкмөтү Мичуриндин ишин баалаган эмес.

Совет өкмөтү орноо менен бирге Мичурин тууралу эң биринчи Ленин эске алды. Анын ишин өнүктүрүү үчүн өкмөт тарабынан каражат берилди.

Партия менен өкмөт Мичуриндин эмгегин жогору баалайт. Анын ишин өнүктүрүүгө каражат жана жер берилген. Мичуриндин жардамчылары да жана окуучулары да көп болгон.

Совет өкмөтү Мичуриндин ушул эмгеги үчүн аны Ленин ордени менен сыйлады. Мичурин көп түрдүү жемиштер өстүрдү. Мичуриндин багында чоң-чоң алмалар жана майда жемиштердин көп түрү бар. Булардын баары чоң жана даамдуу болот.

Көнүгүү 8.

Муну да жогоркудай иштегиле.

КАНДАЙ АЯЛ ТУУДУ ЭКЕН, ЛЕНИНДЕЙ УУЛДУ.

Басып жеген калкымды,
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артындан шоруң жуулду.
Падыша нанын жегендер,
Амалын таппай муунду.
Фонардай жанып бөштондук,
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен
Лениндей уулду!

(*Сатылганов Токтогул*).

§ 4. Айкындооч мүчө.

Айтылуучу ойду баш мүчөлөр аркылуу эле түшүндүрбөстөн, аны кеңейтип, толугураак кылып айтууну талап кылабыз. Андай баш мүчөлөрдөн башка сүйлөмдүн мүчөсү айкындооч мүчөгө жатат. Айкындооч мүчөлөр сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн жандап жүрүп, аларга тактык киргизет.

Мисалы: Өткөн жолу байгени Маруся алган. Бардыгын өз иши актайт. Ал — Шамбеттин уулу (*Т. С.*). Пионер — бардык балдардын досу жана жолдошу (*Н. Крупская*).

— Качан байгени Маруся алган? — *Өткөн жолу* (айкындооч).

— Өткөн жолу Маруся эмнени алган? — *Байгени* (айкындооч).

— Эмнени иш актайт? — *Бардыгын* (айкындооч).

— Ал кимдин уулу? — *Шамбеттин* (айкындооч).

— Пионерлер кимдин досу жана жолдошу? — Бардык балдардын (айкындооч).

Бул сүйлөмдөрдө *өткөн жолу, байгени, бардыгын, Шамбеттин, бардык балдардын* деген сөздөр баш мүчөлөрдү жандап жүрүп, аларга тактык киргизип, сүйлөмдүн маанисин кеңейтти.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн жандап жүрүп, аларга аныктык, тактык киргизген сөздөр сүйлөмдүн айкындооч мүчөсү деп аталат.

Мисалы: Бардыгын ишиң чечет. Биринчиликти Акия алды. Мен жакында Шамбеттен кат алдым (*Т. С.*). Бүгүнкүмдөн эртеңким сонун. Бул сүйлөмдөрдөгү *бардыгын, биринчиликти, жакында, Шамбеттен, кат, бүгүнкүмдөн* деген айкындоочтор баяндоочторго тактык киргизди.

Көл жактан салкын жел сокту (*Т. С.*). Күндүн нуру төбөдөн түшөт.

Мында *салкын, күндүн* деген айкындоочтор ээге тактык киргизди.

Айкындоочтор *илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш* жөндөмөлөрдүн суроолоруна жана *ким менен? эмне менен? кандай менен? канча менен? ким жөнүндө? кандай? канча?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Көнүгүү 9.

Текстти окуп, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн ажыраткыла.

КОЗУ БАГУУ.

Жаз чыкты. Жердин бети көк шиберге оролуп калган мезгил. Биз өтүлгөн сабактарыбызды кайталадык. Экзаменден жакшы өттүк. Дем алышка тарадык. Атам тоодо кой багуучу. Мен да атам турган жерге бардым.

Тоонун чөптөрү өсүп калыптыр. Бекер карап жүргөнгө чыдай албадым. Козуларды кайтара баштадым. Атам койлорду жакшы багуучу. Түн ичинде, катуу жаанда, караңгы түндө тууп жаткан койлорду козусу менен жылуу үйгө киргизип коёт. Мен атам менен энемдин кой-козу багуудагы нечен түрдүү тажрийбаларын үйрөнүп жана кошо иштешип көнүп калдым. Мен жаш козуларды жайытка алып чыгам. Кечинде үйгө киргизем. Жаш козуларды эч убакта жаанга калтырбаймын. Ошентип, төлдөө убагында ата-энеме чоң жардам бердим.

Эртең менен салкында козуларды жаям. Түштө салкындатууга шар суунун боюна айдап барамын. Жаанда козулардын салаасы ылжырап кетет. Ошондон аксак болуп калууга мүмкүн. Андыктан чоң жаандарда үйгө айдап келем. Козу киргизүүчү жайга киргизип коём. Ошентип, мен баккан козулар семиз жана чоң болду. Колхоздун башкармасы козуларды жакшы баккандыгым үчүн, алкыш айтты.

Көнүгүү 10.

Бул ырды көчүрүп жазып, баш мүчөлөрдүн алдын сызгыла.

Булбул элем, басылдым.
Буудан элем, басындым.
Буйруптур насип элимден,
Муңумдан быйыл ачындым.
Торгой элем, басылдым.
Тобурчак элем, басындым.
Толгонуп учар канат жок,
Тогуз жылы жашындым.
Күкүк элем, наалыдым.
Күлүк элем, талыдым.
Күйүт менен өткөрдүм
Күлгүн жаштын жарымын.
Кармалып кеттим Сибирге,
Каруу — күчүм толгондо.
Карыптан мендей миллион,
Камалуу жаткан коргондо.
Канимет кылам кубанып,
Кайрылып туурга конгонго...

(*Токтогулдан*).

Көнүгүү 11.

Окуп чыгып, айкындооч мүчөлөрүн ажыраткыла.

ПИОНЕРЛЕРДИН ЖАРДАМЫ.

Асан аскерге кеткенде, Ажар жөжөдөй болгон үч бирдей балдары менен калган. Анын балдарынын алды алтыда, арты жаңыдан эле тамтандап басууга жеткен эле. Ажар балдарын бакты. Үй тиричиликтерин бүтүрдү. Колхоздун жумушунан да калбады.

Асандан үзүлбөй кат келип турду. Анын аман-эсен жүргөндүгү, душманды сүрүп бараткандыгы Ажардын ишине чоң дем болду. Армияга кеткендердин үй бүлөлөрүн Жаңы-Алыш мектебинин пионерлери шефке алышты. Ажар Мариянын звеносуна бекитилди. Ажар колхоздун жумушуна кеткенде, пионер-

лер уюн сугарат, чөп салат, балдарын ойнотот, отунун жарышат, суусуна чейин алып келип коюшат.

Жаздын алды менен короосуна балдар кык төгүштү. Колхоздон унаа алышып айдашты. Маласын тартаар менен эле уруктарын тиге башташты. Ажар пионерлерге өтө ыраазы болду. Алардын көрсөткөн жардамдары жөнүндө Асанга дайыма жазып турду.

Көнүгүү 12.

Текстти калган бөлүгүн дептериңерге көчүрүп, айкындоочтордун алдын сызып, баш мүчөлөрдүн кайсынысына таандык экенин айтып бергиле.

Пионерлер эртең менен эрте келишти. Өз үйлөрүндөгүдөй эле ар кимиси өз ишин иштей баштады. Звенонун жетекчиси Мария үйгө кирип:

— Эжеке, короонун кайсы жерине эмнелерди тигели? Сиз жумушуңузга кеткенче бизге көрсөтүп, уруктарды дайындап берсеңиз, биз иштей берет элек, — деди.

— Садагалар, бүгүн силерге дем алыш эмеспи, дем алгыла! Эмки калганын мен өзүм бүтүрөйүн, — деди Ажар.

— Жок, эжеке, биз атайы ушул дем алыштан пайдаланып, сиздин короону биротоло бүтүргөнү келдик — деп, ой-боюна койбоду.

Пионерлер айдалган короонун четине адегенде бадыраң, коон, эки арыктын жээгине помидор тигишти. Калган бөлүгүнүн жарымына картошка менен жүгөрү тигишти.

— Эжеке, мунун отоосу, чабуусу, сугаты жана жыйноосу биздин мойнубузда болот, — дешти.

— Садагалар, ыракмат, көп жашап, көгөргүлө! Силердин жардамыңарды согуштагы аганар да угуп, абдан кубанычта.

(*Газетадан*).

§ 5. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн тизмектелиши.

Сүйлөмдөгү сөздөр айтылуучу ойго карай тизмектешет. Сүйлөмдүн мүчөлөрү айтылуучу ойго карап ирети менен коюлбаса, анын мааниси өзгөрүп кетет.

Мисалы: Комсомолецтер өндүрүштө мыкты иштешти. Бул сүйлөм төрт сөздөн түзүлдү да, комсомолецтердин өндүрүштөгү мыкты иштегендиги жөнүндө түшүндүрдү.

Ушул сүйлөмдөгү сөздөрдүн тизмектелишин өзгөртсөк, башка мазмундагы сүйлөм түзүлөт.

Мисалы: Мыкты комсомолецтер өндүрүштө иштешти. Комсомолецтер мыкты өндүрүштө иштешти.

Мында *мыкты* деген айкындооч сөздүн орду алмаштырылды, бирок сүйлөмдөгү сөздөрдүн саны, мүчөлөрү, тыбыштарынын саны мурдагы бойдон эле калды. Ошондой болсо да, айкындоочтун ордунун алмашылышы менен биринчи сүйлөмдө мыкты иштегендиги жөнүндө түшүндүрүлсө, экинчи сүйлөмдө мыкты комсомолецтер жөнүндө, үчүнчү сүйлөмдө мыкты өндүрүш жөнүндө түшүндүрүлдү.

Айкындооч мүчөлөрдүн ордунун алмаштырылышы сүйлөмдүн мазмунун дайым өзгөртө бербейт. Мисалы: Нуруйла тоого кетти. Тоого Нуруйла кетти. Бул сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн мазмуну өзгөргөн жок. Башкача айтканда, аныктоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн орду алмашылса гана, сүйлөмдүн мааниси өзгөрүп кетет. Ушинтип, айтылуучу ойго карата айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөрдү жандап жүрүшөт, ыр эмес кара сөздөрдө айкындооч сөздөр баш мүчөлөрдөн мурда айтылат да, ырда баш мүчөлөрдөн мурда да, кийин да айтыла берет.

Мисалы: Ал мектепке кетти (айкындооч — *мектепке*, баяндоочтон мурда айтылды). Биздин класс — үлгүлүү класс. (айкындоочтор — *биздин, үлгүлүү* баш мүчөлөрдөн мурда айтылды).

Шурудай тизип сөздөрдү
Күкүктөй сайрап талбаган.
Акындар чыкты кыргыздан,
Алтын калам кармаган.

(*Темиркулдан*).

Бул ырда *сөздөрдү, кыргыздан* деген айкындоочтор баяндоочтон кийин айтылды да, *шурудай, күкүктөй, сайрап, алтын* деген айкындоочтор баш мүчөлөрдөн мурда айтылды.

Баш мүчөлөр да өз ара тизмектелишет. Ырда баяндооч ээден мурда да, кийин да айтыла берет.

Мисалы:

Жетигиң Ленин *куткарды*,
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей *кутулду*,
Желмогуздун оозунан.

(*Токтогулдан*).

Бул ырда *куткарды, кутулду* деген баяндоочтор ээден кийин айтылды.

Койгуласам, *жорголойт*,
Коңгуроодой комузум.
Жаак, тилди *эрмесем*,
Кошо *чыгат* добушум.

(*Токтогулдан*).

Бул ырда *жорголойт, чыгат* деген баяндоочтор ээден мурда айтылды.

Кара сөздө ээ көбүнчө баяндоочтон мурда айтылат.

Мисалы: *Ал газета окуп олтурду* (ээ—*ал*, баяндоочтон мурда айтылды).

Кара сөздө баяндооч ээден мурда айтылбаса, сүйлөм мүчөлөрүнүн байланышы туура болбой калат. Мисалы: *Окуп олтурду ал газета*, — болуп айтылбайт.

Айрым бүткөн ойду түшүндүргөндө сүйлөмдүн мүчөлөрү айтылуучу ойго карай тийиштүү тартип менен гана тизмектешет.

Көнүгүү 13.

Төрт-беш сүйлөм түзгүлө да, сүйлөм мүчөлөрүнүн ордун алмаштыргыла.

Үлгү: Окуучулар китепти жакшы окушту. Жакшы окуучулар китепти окушту. Окуучулар жакшы китепти окушту.

Көнүгүү 14.

Бул ырда баш жана айкындооч мүчөлөрдүн тизмектешин ажыраткыла.

ДЫЙКАН БАЛДАРЫ.

Дагы келип айылга,
Уга чыгып жүрөмүн,
Ырым жөлөк өзүмө,
Жеңил турмуш сүрөмүн.
Кечээ кечке жөө басып,
Чарчап келдим сарайга.
Бүткөн боюм талыкшып,
Уктаптырмын далайга.
Көзүм ачсам ойгонуп,
Жылчыгынан сарайдын
Карап турат күн нуру.
Там үстүндө кептерлер
Учуп жүрөт пырылдап.
Бутагында бактардын
Кара чыйырчык чырылдап.
Учуп барат үстүмдө
Дагы бир куш зыпылдап.

Көлөкөсүн тааныдым,
Ала карга куркулдак.
Мунусу кандай шыбыр?—деп,
Таң калдым, карадым.
Тигилип мага караган
Бир нече көзгө кадалдым.
Көк, сургулт, кара көздөр
Гүл сыяктуу көрүнөт.
Мен жакшы көрөм, бала көзүн, билемин,
Көзгө карап айтар сөзүн.
Арыган, алсыраган курган жаным,
Үргүлөп уйкуга дагы кетти...
Дагы дүбүрт.
Дагы шыбыр!...

(*Некрасовдон*).

§ 6. Жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр.

Сүйлөмдөр маанисине, айтылышына карай үчкө бөлүнөт:

1. Оюбузду жайынча гана түшүндүргөн сүйлөм жай сүйлөм деп аталат.

Жай сүйлөмдү айтканда, сүйлөмдүн аягында үнүбүз басыңкы чыгат. Жазууда жай сүйлөмдүн аягына чекит коюлат.

Мисалы: Бизде жаңы турмуш курулду. Бардык адамдар бирдей эмгек кылышат. Эмгекти сүйүү керек. Эмгек бардыгына жеткирет. Биздин өлкө гүлдөдү. Турмуш жыргалдуу болду. Элибиз маданияттуу болду.

2. Суроо иретинде айтылган сүйлөм суроолуу сүйлөм деп аталат.

Суроолуу сүйлөмдү сурама ат атоочтор уюштурат. *Ким* келди? Акмат *кайда* кетти?

Бүгүн *эмне* иштөө керек? Тиги *ким*? Ал *эмне*?

Суроолуу „—бы“ мүчөсү да суроолуу сүйлөмдү уюштурат: Бүгүн киного барасыңбы? Малчылардын кеңешмеси болдубу? Жайылган койбу? Ырдаган Асанбы? Сендеги китеппи?

Интонация аркылуу да суроолуу сүйлөмдү уюштурууга болот:

Ушинтип, бүгүн жыйналыш болот де? Сен сүйлөбөсөң, мен сүйлөйүн? Былтыр сабакка жакшы даярдандык ээ?

— Карып мектепке келдиби? (суроолуу мүчө аркылуу айтылды).

— Келди.

— Абылчы? (суроо иретинде айтылды).

— Ал дагы.

Бул сүйлөмдөр мазмуну жагынан жай сүйлөм болсо да, интонация аркылуу экинчи жактын макулдугун күткөндөй, же анын пикирин тарткандай суроо иретинде айтылып жатат.

Суроолуу сүйлөмдү айтканда, үн кубулуп көтөрүңкү чыгат.

Жазууда суроолуу сүйлөмдүн аягына суроо белгиси (?) коюлат.

3. Күчтүү сезим менен (сүйүнгөндө, шашканда, ураан чакырганда, көпчүлүккө, же бирөөгө кайрылганда) **айтылган сүйлөм илептүү сүйлөм деп аталат.**

Илептүү сүйлөм күчтүү интонация менен айтылат. Жазууда илептүү сүйлөмдүн аягына **илеп белгиси** (!) коюлат.

Илептүү сүйлөмдү көбүнчө сырдык сөздөр уюштурат: Бах, таттуу алма экен!

Ой, жыгыласың!

Бали, жигит болсо, сендей болсун!

Илептүү сүйлөмдү интонация аркылуу да жана буйрук түрдө айтылган этиштер аркылуу да уюштурууга болот:

Олтурасыңбы! Бул катты колхоздун председателине бер да, тез кайт! Ар бир минутанын кымбат экенине түшүн!

Ураан чакырганда, көпчүлүккө, же бирөөгө кайрылганда илептүү сүйлөм уюштурулат.

Жашасын СССР элдеринин бузулбас достугу!

Пионерлер, илимдин негиздерине ээ болгула!

Эскертүү: 1. Суроолуу сүйлөм адамдын айткан оюна карай түзүлөт. Сурама атооч, же суроолуу сөз катышып турса да, ойду жайынча түшүндүрүп калышы мүмкүн.

Мисалы: Ал кайдан барсын. Ал жерде жумушу жок. Асан бүгүн келмек беле. Эртең келем деген. Жөн эле күткөнүң болобу. Айткан күнүндө келер.

2. Суроолуу сүйлөм сыяктуу эле, маниси жагынан жай сүйлөм болсо да, күчтүү сезим менен айтылып, илептүү сүйлөм болушу мүмкүн, же ички сезим менен айтылса да, жайынча айтылгандыктан, сүйлөмдүн аягына чекит коюлушу мүмкүн.

Мисалы: Жыргалдуу турмуш биздики. Биз аны кан майданда жеңип алганбыз (жайынча баяндаганда). Эгер ушул сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылса, сүйлөмдүн аягына илеп белгиси коюлар эле.

Бол, жөнөйлүк (жайынча айтылды, чекит коюлат). Бол, жөнөйлүк! (күчтүү сезим менен айтылды, илеп белгиси коюлат).

Көнүгүү 15.

Ырды окуп, илептүү сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

САЛЮТ.

(Үзүндү)

Салют, салют,
Фрунзеден, уккула!
Салют — таалай,
Достор, тышка чыккыла!
Салют, салют—
Жеңгендердин саламы,
Жеңгендерди
Сүйүп, боорго кыскыла!
Ала-Тоонун жылдыз учкан аскары,
Башыңарды бери карай жыккыла!
Салют, салют,
СССРден, бар бурчтан!
Салют, салют,
Союз уулу кыргыздан!
Салют, салют,
Келечекке, жаштыкка,
Түбөлүккө жеңген биздин турмуштан!
Салют,
Салют,
СССРден уккула!
Атомчулар
Акылынан жылбышкан!

(*Маликов*).

Көнүгүү 16.

Суроолуу, илептүү, жай сүйлөмдөр катышкан бир бетче аңгеме түзүп келгиле.

Көнүгүү 17.

Тексттеги сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

ӨЧ.

Воронин менен Петренко да ушул мектептин короосундагы отун коюлуучу кепеде камалып жатышты обер-лейтенант ал эки абышканы ошол эле күнү бир нече ирет жеке-жеке чакырып сурады.

— Сен кимсиң
— колхозчумун
— эл кайда
— качып кетишти
— большевиктер кайда кетишти
— билбеймин

Эки абышканын берген жооптору ушундан артык болбоду обер-лейтенант жедеп чарчагандан кийин гана көшөргөн абышкаларды кайта каматып салды.

Эртеси обер-лейтенант: „Кана, эми айтпаган кишини көрөйүн“ — деп ойлоп, мектептин короосуна чыкты абышкаларды чыгартып келип, резинка камчы менен бет талаштыра экөөнү эки чапты.

— Эл кайда балдарыңар кайда — деди обер-лейтенант.

— Эл Кызыл Армия менен бирге кетишти менин төрт уулум бар төртөө тең бул кыштакты силерден кайра тартып алуу үчүн, күч жыйноого партизандарды уюштурууга токойго кетти, токойго, — деди Иван Петрович.

— кайсы токойго — деди обер-лейтенант.

— төмөнкү токойго, жогорку токойго...күн чыгыштагы, күн батыштагы токойго... Россиянын сен адашчу· калың кара токоюна. (*Умөталиевдин аңгемеси боюнча*).

§ 7. Жөнөкөй жана кошмо сүйлөм.

1. Түзүлүш жагынан башка сүйлөмдөр менен тутумдашпай, өз алдынча туруп, айрым бир бүткөн жөнөкөй ойду түшүндүргөн сүйлөм жөнөкөй сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Таң атты. Күн чыкты. Мал тоого жайылды. Койчулар койдун артынан жөнөштү. Жылкычылар жылкыларды жайыттан айдап келишти.

Жөнөкөй сүйлөмдү курулуш жагынан башка сүйлөмдөргө ажыратып жиберүүгө болбойт. Ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өзүнчө ээси, баяндоочу болот.

Маселен: *Айланабызга асман тиреген карагайлар өскөн.*

Бул сүйлөмдүн ээси — *карагайлар*, баяндоочу — *өскөн*.

2. Эки, же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып, татаал ойду түшүндүрсө, кошмо сүйлөм деп аталат.

52577.

Библиотека Киргизского Филиала А.Н. СССР

Мисалы: Күн бүркөлүп, жамгыр жаады. Жамгыр жаап, чөп узарды да, мал тоюна баштады.

Биринчи кошмо сүйлөмдүн тутумунда эки жөнөкөй сүйлөм бар. Биринчиси — *күн бүркөлүп*, экинчиси — *жамгыр жаады*. Экинчи кошмо сүйлөмдүн тутумунда үч жөнөкөй сүйлөм бар. Биринчиси—*жамгыр жаап*, экинчиси — *чөп узарды*, үчүнчүсү — *мал тоюна баштады*.

Мындай кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринин өзүнө таандык баш мүчөлөрү болот.

Мисалы: Күн ачылып, айланага көрк кирди.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн ээси — күн, баяндоочу — ачылып, экинчи сүйлөмдүн ээси — көрк, баяндоочу — кирди.

Бардык эле жөнөкөй сүйлөмдөр бир-бири менен тутумдаша бербестен, бир-бири менен маани жагынан байланыштуу болгон жөнөкөй сүйлөмдөр гана тутумдашат. Андай маани жагынан өз ара тутумдашып кеткен жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы үтүр жана башка белгилер менен ажыратылат.

Көнүгүү 18.

Жөнөкөй жана кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

СҮЙКҮМДҮҮ ОКУТУУЧУ.

Коңгуроонун кагылганына көп убакыт болду. Класста отурган кыздар окутуучунун келишин күтүштү, бирок канчалык күтүшсө да, табыш угулбады. Башка класстарда сабак өтүлүп жатты.

— Бир ишке кармалып калган жок болду бекен, эч убакта мындай болгон жок эле го — дешип, кыздар өтө тынчсызданышты. Күлүя Капаровна өзү тарбиялагандардын ички мүнөзүн абдан жакшы билүүчү, ошондуктан сүйкүмдүү окутуучу менен болгон ар бир кезигишүү алар үчүн кубанычтуу эле.

Кыздар тынчсызданып, минута сайын коридорду карап жатышты. Бир кезде Күлүя Капаровнанын ооруп калгандыгы жөнүндө мектептин директору келип айтты. Адегенде кыздар бир аз унчукпай калышты. Бир аздан кийин: „Эмне оору экен? Врач эмне дептир?“ — дешип, кыздар директордон сурашты.

— Толук билбеймин. Күлүя Капаровна ооруп жатат деген гана кат алдым. — деди да, класстан чыгып кетти.

Ошол эле күнү кечинде кыздар мектепке чогулушту. Ар кимиси ар түрдүү белектер алып келишкен. Алып келген белектерин чебердик менен жыйнаштырып, алар тез эле Күлүя Капаровнанын үйүнө жөнөштү.

Кыздар уруксат сурашып, үйгө киришти. Алып келген белектерин беришти. Күлүя Капаровна күлүмсүрөп, колун кыздарга сунду. Кыздар сүйкүмдүү мугалими жаткан кроватты тегеректеп алышты. Алар мектептеги болгон жаңылыктарды, күндүн кандай өткөндүгүн айтышты.

Кыздардын келиши Күлүя Капаровнаны аябай толкундатты.

Ага жаңы күч бергендей сезилип, чоң кубанды. Окуучуларынын айтканын соо убагындагыдай эле көңүл коюп укту. Аларга өз кеңешин айтты.

— Силер менин сүйкүмдүү, кымбаттуу кыздарымсынар! Силерге ырахмат, чоң ырахмат! Менин кичинекей досторум! — деди Күлүя Капаровна. (*Газетадан*).

Көнүгүү 19.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Биз аянттан өтө бергенде, мен жолдошторумдан алтымыш метрче алда элем. Мына душмандын чалгынчылары менен беттеше түштүм. Алар кырк, биз он жети элек. Алар мени туткундамакчы болушту да:

— Хальт! (токто) — деп, автоматтарын кезешип, боортоктоп, тегеректей башташты.

Ойлонуп турууга эч кандай мүмкүндүк жок, тагдырды тездик гана чечүү керек...

— Мына сага хальт! Автомат менен басып-басып калдым. Фашисттердин төртөө тумшуктары менен жер сайды. Ал кезде менин жолдошторум сүйкүмдүү автоматтары менен кызуу кызматка киришкен эле.

Кимди ким көрсүн! Ок менен гранаталар каршы-терши жаады. Менин жолдошторум али да болсо менден алыс эле.

Мен огумдун түгөнгөнүн сезе койдум да, омуроом менен кар жиреген бойдон жолдошторума жетип, алардын октору менен „хальтчыларды“ талкалай баштадым.

Кандайча кеткенимди өзүм да сезбедим. Жолдошторумдан дагы бөлүнүп кеткендей болдум. Фашисттер көпчүлүккө салып, кысып кирип келишти. Автоматымдын огу дагы бүттү. Коркунучтуу чиркин өлүм жакалап тургандай сезилди. Так ошол учурда бирөө айта койгондой, автоматымдын боосун мойнумдан чыгарып алдым да, ыргып тура калдым. Алар мени колго түшөт десе керек:

— Хальт — деп, эки солдат мандайыма келе калды.

— Эгипт дих! (колго түш) деп, гранаталарын кармап тура калышты. Алар гранатаны ойлонбой алса керек...

Ушул жерге келгенде, Ашырбай кабагын түйүп:

— Өзүм да сезбей калдым, автомат менен мунусун мындай, тигинисин тигиндей кылып, экөөнү эки жерге серейте чаптым. Көз ачып жумганча, алардын гранаталарын ала коюп, жакындап келе жаткан мыкачыларды көздөй ыргытып жибердим да, камындырбай баса калып, экөөнү тең байлап жибердим. Ошол учурда айланамда атылып жаткан октордун үнү менин кулагыма да угулган жок. Кимдин эмне болуп калганы эсиме да келген жок. Аларды тиздеп бүткөндөн кийин гана, өздөрүнүн автоматтарын фашисттердин өздөрүнө жумшоого туура келип калды... (*Аалыдан*).

I ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ.

СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

§ 8. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр.

Сүйлөмдө ээнин милдетин атооч жөндөмөдөгү зат, сын, сан, ат атоочтор жана атоочтуктар аткарат.

Мисалы: *Балдар сабакка даярданышты* (Ээ—*балдар*, зат атооч).

Колхозчулар эгиндерин жыйнап бүтүштү (Ээ—*колхозчулар*, курама зат атооч). Мен Фрунзеге окууга барам (Ээ — *мен*, ат атооч). Дагы ким окууга барат? (Ээ — *ким*, сурама ат атооч). Он бешке бөлүнөт (Ээ — *он*, сан атооч). Балдардын бешөө сыйланды (Ээ — *бешөө*, сан атооч). Сарыдан жашыл көркөмүрөөк (Ээ—*жашыл*, сын атооч). Көгүнөн кызылы жакшы (ээ—*кызылы*,сын атооч). Жаркылдаган — чагылган (Ээ—*жаркылдаган*, атоочтук). Келе жаткан — окуучулар (Ээ — *келе жаткан*, атоочтук).

Китебим бар (Ээ — *китебим* — таандык мүчө уланган зат атооч).

Маладан көгү өндүү (Ээ—*көгү*—таандык мүчө уланган сын атооч).

Сын, сан атоочтор ээлик, же толуктоочтук милдет аткарганда, айтылуучу ойго карай зат атоочтук мааниде турат. Алар зат атооч сыяктуу эле жөндөмөлөр менен жөнделө берет жана таандык мүчө менен да жактала берет.

Мисалы: кызылынан ал. Ээ — көмүскө калды (сен), баяндооч — ал, айкындооч — кызылынан. *Кызылынан* деген сөз бир нерсенин өңүн көрсөтпөстөн, көмүскө калган зат атоочтун ордун ээлеп, зат атоочтук мааниде турат.

Көгү көркөмүрөөк. Бул сүйлөмдө да *көгү* деген сөз сын атоочтук мааниде турбастан, заттык мааниде турат. Сен он бешке чыктың. Ээ — сен, баяндооч — чыктың, айкындооч — он бешке. *Он бешке* деген айкындооч сөз да заттык мааниде, бул дагы сан атооч сыяктуу эле көмүскө калган заттын ордун

ээлеп, заттык маани берди, ачык айтканда, *он беш жашка* деген маанидеги айкындооч сөздүн ордуна колдонулду, *жаш* деген зат атооч кыскарылып, анын маанисин *он бешке* деген сан атооч берип турат.

Кыргыз тилинде затка аныктооч болуп турган сан, сын атооч сөздөр гана өз маанисинде турат да, жөндөмө мүчөлөр, таандык мүчөлөр уланып турган сан, сын атоочтор зат атоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Менин китебим кызылы.* Ээ — *китебим,* баяндооч — *кызылы* (заттык маанидеги таандык атооч). Башка мисалдары жогоруда көрсөтүлдү.

Көнүгүү 20.

Дептериңерге көчүрүп жазгыла, ээнин кайсы сөз түркүмүнөн экенин суроолор аркылуу ажыраткыла.

МЕН САМОЛЁТТОН КАНТИП СЕКИРДИМ.

Күн ачык. Суук катуу. Кар көзгө учуп түшүп жатат. Мен кубанычка толкундаймын. Эмнегедир сүйүнөмүн. Бүгүн биринчи жолу самолёттон секирем.

Парашютту кийгизишти. Секирүүгө даяр болдум. Менин жаныма парашют мектебинин начальниги келди. Мен аны карап, жылмайып күлдүм. Начальник да мага карап, күлүп жиберди. Ал мени айлана басып карады. Даярдыгымды текшерди.

Абдан текшерип бүттү да:

— Чеберлеп түшкүн. Парашют сенин деминди кысат. Бирок абада муну сезбейсиң. Секиргенде жерди караба. Лётчик сигнал бергенде эле секиргин. Секирер менен бир, эки, үч деп сана да, парашютту ачып жибер, — деди.

Самолётко бардым. Лётчик өзүнүн ордунда олтурган экен. Мен да түштүм. Мотор дүркүрөдү. Самолёт жүгүрө баштады. Бир аздан кийин асманга көтөрүлдү. Самолёт бат эле 600 метр бийиктикке көтөрүлүп учту. Лётчик колун булгады. Өйдө турдум. Кабинкадан чыктым. Лётчик секирүүгө сигнал берди. Сигнал берилери менен эле мен төмөн карай секирдим. Бир, эки, үч деп санаганымдан кийин парашютту ачтым. Парашют ачылып, мени термете баштады. Мен эки жагымды карап жаттым. Айлана тынчтык, эч теке сезилбейт. Көгөргөн гана көк жээк көрүнөт. Жерге качан жетемин деп ойлоймун. Барган сайын жерге жакындап бара жатамын. Жерге да жеттим. Таманым менен жерге бир тийдим. Кардын үстүнө жыгылып да кеттим. Карап турган эл мени көтөрүп алышты. Начальник келди. Ал менин колумду бекем кысып, мага ырахмат айтты.

Көнүгүү 21.

Төмөндөгү ырды кара сөзгө айландырып, ээси кайсы сөз түркүмүнөн экенин белгилегиле.

ЖЕРИМ.

Текеси чуркап аскадан,
Куштары сайрап арчадан,
Буралып чыгып тулаң чөп,
Буркурап жыты аңкыган.
Көк жашыл тескей бетине
Гүл менен сайма сайылган.
Капчыгайлар калың бак—
Карагай, четин, кайыңдан.
Атырдай таза шамал-жел
Аркырап согуп адырдан.
Көркөмүн көрүп жеримдин,
Көксөсө көөнүм арылган.
Көп жүрүп көнүп калган эл
Көрбөй калсам сагынам.

(*Мидинден*).

Көнүгүү 22.

Муну да жогоркудай иштегиле.

МУГАЛИМ.

Алтын билим, өнөрдүн
Сүтүн берген—мугалим.
Аябастан эмгекке
Күчүн берген — мугалим.

Караңгыны билимге
Сүйрөп чыккан — мугалим.
„Кагаз, калем алгын“ — деп,
Сүйлөп чыккан — мугалим.

Жаңы заман балдарын
Машыктырган — мугалим.
Жан, жүрөктү өнөргө
Ашык кылган — мугалим.

Келечекте тулпардын
Саяпкери—мугалим,
Мин, миллион бөбөктүн
Талапкери — мугалим.

(*Б. Жоомарт*).

Көнүгүү 23.

Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө, ал сөздөр ээлик милдетти аткарсын.

Газета, план, тартип, кырк, алтоо, биринчиси, көк, кызылы, сен, ар бири, ким, Жакып, Пётр, Жамила.

§ 9. Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөр.

Баяндоочтун милдетин этиштин бардык түрү, сын атооч, зат атооч, сан атооч, ат атооч жана **бар, жок** деген сөздөр аткарат.

Мисалы: Атай келди. Сен окуп жүрөсүң. Акматты иштеттир. Жыйналыш башталдыбы? Баяндоочтор — келди, окуп жүрөсүң, иштеттир, башталдыбы (этиш сөздөр). Салыйдын китеби жаңы. Колхоздун жылкылары семиз. Менин көйнөгүм — кызылы, жоолугум — көгү. Мен таалайлуумун. Баяндоочтор — жаңы, семиз, кызылы, көгү, таалайлуумун (сын атооч).

Ондун теңи — беш. Келгендери — үчөө. Сен онунчуда сыңбы? Баяндоочтор — беш, үчөө, онунчудасыңбы (сан атооч). Ырдаган мен. Келген ким? Баяндоочтор — мен, ким (ат атооч): Олтурган — Асан. Шайыр — окуучу. (Баяндоочтор — Асан, окуучу—зат атооч). Китебим бар. Бизде начар окуган окуучулар жок (Баяндоочтор — бар, жок).

Көнүгүү 24.

Текстти окуп, баяндоочтору кайсы сөз түркүмүнөн экенин ажыраткыла.

КЫРГЫЗСТАН.

Советтер Союзундагы союздук республикалардын бири — Кыргыз республикасы. Советтик Социалисттик Кыргыз Республикасы алты областтан турат. Кыргызстандын жери кенен, суусу мол. Кыргызстанда көп завод-фабрикалар курулду.

Кыргызстандын жеринде ар түрдүү жер байлыктары көп. Ал жер байлыктары өлкөбүздүн эл чарбачылыгына пайдаланылат. Кыргызстанда социалисттик маданият да өстү. Көп орто жана жети жылдык мектептер ачылды. Театр, клуб жана китепканалардын тармактары көбөйдү. Партия менен өкмөтүбүздүн жетекчилиги астында Кыргызстандын эмгекчилери социалисттик чарбаны түзүштү. Советтер Союзунун башка республикалары катарында Кыргызстан да гүлдөдү.

Ата мекендик согуш убагында Кыргызстандын далай уландары эрдик менен өлкөбүздү коргошту. Душмандарга каршы баатырларча күрөштү.

Советтер Союзундагы элдердин бузулбас достугу ого бетер чыңалды. Кыргызстандын нечен азаматтары Ата Мекендик Согушта эрдик көрсөтүштү.

Көнүгүү 25.

Муну да жогоркудай иштегиле.

ТАРТУУ.

Аскар быйыл 6-класста окуйт. Анын жашы 13 кө толду. Ал мектепке киргенден тартып, бардык сабактарынан эң мыкты окуп келе жатат. Аскардын атасы Жаркымбай көп жылдан бери колхоздо жылкычы болуп иштейт. Анын жылкы багуудагы ийгиликтери үчүн ага колхоз кошумча эмгекке эки тай берди. Жаркымбай эки тайын ноктолоп алып, сарайдан үйүн көздөй келе жатты. Аскар да мектептен жаңы тарап, үйүнө кетип бара жатты эле. Алдында эки тай жетелеп бара жат-

кан атасын көрдү да, сүйүнгөн бойдон ага жете чуркап келип:

— Атаке, бул кимдин тайлары? — деди.

— Балам, бул тайлар эми сеники. Колхоз кошумча эмгекке берди. Сен сабактарыңды жакшы окуу менен бирге тайларыңды да жакшы бак, — деди Жаркымбай. Атасы менен Аскар тайларды үйүнө алып келишти. Бул эки тай тең таза кандуу Дон жылкыларынын тукуму эле. Анын бирөө капкара, маңдайында кичине кашкасы бар, экинчиси сур эле. Аскар тайларды кадимки саяпкерче чебердик менен сынап чыкты да:

— Ата, карасынын атын „Кара шумкар“, сурунун атын „Сур коён“ коёмун. Муну кандай дейсиз? — деп, атасынан сурады.

— Абдан сонун аттар, уулум! Эми бул тайларды жакшылап багып үйрөткүн. Тайларды багам деп жүрүп, сабак окубай коюп жүрбөгүн, — деди Жаркымбай.

— Жок, ата, сабакты да эң жакшы окуймун. Тайларды да жакшы багам — деп, Аскар атасына убада берди.

Көнүгүү 26.

Текстти көчүрүп, баяндоочторунун астын сызгыла.

Ал күн өткөн сайын тайларын жакшылап бакты. Аларга көп нерселерди үйрөттү. Анын тайлары чоңойду. Алар күлүк чыкты. Ошентип, айлар, жылдар өттү. Аскардын күлүктөрү май жана октябрь майрамында райондук ат чабышка чабылды. Аскардын таптаган эки күлүгү эки майрамда тең эң алдынкы байгелерди алышты. Аскардын күлүктөрү жөнүндө ооздон-оозго таралды. Анын баккан эки тайы келишкен эки аргымак болду.

... Күн жылуу. Мектептин алдында Улуу Октябрь Революциясынын майрамына арналган жыйналыш болду. Мектептин директору пионерлерди Улуу Октябрь Революциясынын майрамына алып келген белектери жөнүндө элдин алдында сүйлөп жатты.

Бир кезде эки аргымакты чылбырдан кармап, четте турган жапалдаш бойлуу бала:

— Агай, мага да сөз бериңизчи, — деди.

— Сүйлө, сүйлөй кой Аскар — деп, директор ага сөз берди. Ал кадимки чоң кишиче салмак менен, шашпай: „Мен Улуу Октябрь Революциясынын майрамына ушул эки аргымагымды тартуу кыламын. Менин аргымактарымды Баатыр Советтик Армиянын катарында жүргөн жоокер агаларым минсин. Менин аргымактарым баатыр кызыл атчандардын канаты болсун. Мына бул „Кара шумкар“ менен „Сур коён“ менин өлкөмө берер тартуум“ — деп, Аскар күлүктөрүн алдыга тартып, элди карады. Чогулушта олтурган эл Аскарды куттукташып, ага аябай ыразы болушту.

(*Газетадан*).

КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨР.

Өзүлөрүнчө туруп сүйлөмдүн тизмегинде ээлик, баяндоочтук, айкындоочтук милдет аткарбаган, сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөргө таандык болуп аларга кошумча маани киргизген сөздөр *кызматчы сөз* деп аталат. Кызматчы сөздөр сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп, татаал мүчө уюштурат, же сүйлөм мүчөсүнүн маанисин бышыктайт, күчөтөт, же сүйлөм мүчөсүнө өзгөчө (кошумча) маани киргизет.

Сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөр өзүнчө айрым мааниге ээ болуп, айрым сүрөөго жооп берет.

М и с а л ы: Азыр биз — жаңы замандын кишилеribиз (Т. Сыдыкбеков). Жеңиш адамды шыктандырат. Жакшы турмуш көңүлдү шат кылат (*А. Токтомушев*). Бул сүйлөмдөрдөгү ар бир сөз өзүнчө айрым мааниге ээ жана ар бири айрым сүроолорго жооп берет. Ушинтип сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткарып турушат.

К ү н д ө р ч у б а л ж ы п ө т үп ж а т т ы (*Н. Удалов*). А л а б д а н к ы з ы г ы п и ш т е й б е р д и. К ү н д ү н ө т к ө н ү н д а с е з г е н ж о к.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө *жатты*, *абдан*, *берди*, *да*, *жок* деген сөздөр өзүлөрүнчө сүйлөмгө мүчө боло алган жок жана көрсөтүлгөн сүйлөмдүн тизмегинде туруп, айрым сүроолорго да жооп бербейт. Булар мүчөлүк милдет аткарган сөзгө гана таандык болуп, аларга кошумча маани киргизет.

Мындай сүйлөмгө мүчө болуп түшкөн сөздөргө таандык болуп айтылган сөздөр да аткарган милдети жагынан бири биринен айырмаланат. Ошого карай кызматчы сөздөр *көмөкчү сөз*, *күчөтмө сөз*, *байламта сөз* болуп үчкө бөлүнөт.

§ 10. Көмөкчү сөз.

Сүйлөмдүн тизмегиндеги баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн түзүлүш жагынан жөнөкөй жана татаал баяндооч болуп бөлүнөрү белгилүү. Анын ичинен татаал баяндооч эки түрлүү түзүлөрүн айтууга болот. Биринчиден, татаал сөздөр татаал баяндооч болот.

М и с а л ы: Терең көлдөрдүн бири—Ысык-Көл. Көлдүн жээгиндеги созулуп жаткан—темир жол.

Татаал баяндоочтор—Ысык-Көл, темир жол. Экинчиден, жөнөкөй сөздөргө башка сөздөр таандык болуп, бир мааниге тутумдашып, татаал баяндооч болот.

М и с а л ы: Акмат *мугалим экен*. Аны былтыр *көрдүм эле*.

Мында *мугалим*, *көрдүм* деген сөздөр негизинен баяндоочтук милдетти аткарды да, *экен*, *эле* деген сөздөр аларга таандык болуп, бир мааниге тутумдашып, татаал баяндооч түзүлдү.

Ушинтип өзүнчө айрым мааниге ээ болгон сөздөр баяндооч-

тук милдет аткарып, ага башка сөздөр таандык болуп, бир мааниге тутумдашып да айтыларын көрдүк.

Акмат—мугалим.
Анын китеби абдан кызык.
Абылдын үйү алыс.
Ал окуду.
Бурулдун дептери—үчөө.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн биринчисинде Акматтын мугалимдигин, экинчисинде китептин кызыктуулугун, үчүнчүсүндө үйдүн алыстыгын, төртүнчүсүндө анын окугандыгын, акыркысында дептердин санын (үч экендигин) көрсөтүү менен ээни баяндап турат.

Кай бир учурда мына ушул сыяктуу баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдү кээ бир этиш сөздөр, же жардамчы сөздөр жандап туруп, алар менен бир мааниге тутумдашып, татаал баяндоочтук милдет аткарат.

Мындай учурда андай тутумдашкан сөздөр өзүнчө туруп, айрым баяндоочтук милдет аткарбастан, тутумдашкан сөзүнө (негизги сөзгө) гана тактык киргизип, ойдун (ээнин) тийиштүү кырдалын баяндайт. Буга окшогон татаал баяндоочтордун негизги маани берип, негизги баяндоочтук милдет аткарган бөлүгү негизги сөз деп, ага (негизги сөзгө) тутумдашып, анын түрдүү кырдалын көрсөткөн жана аны менен (негизги сөз менен) бир мааниге тутумдашкан бөлүгү көмөкчү сөз деп аталат.

Мисалы: Акмат мугалим эле (болучу, экен).
Анын китеби абдан кызык болучу (эле, экен).
Абылдын үйү абдан алыс экен (тура, болучу, эле).
Ал окуп жатат (жүрөт, олтурат ж. б.).
Ал окуган эле (тура, көрүнөт, болучу).
Анын дептери үчөө окшойт (эле, тура).

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө дагы жогорудагы көрсөтүлгөн эле сүйлөмдөрдүн баяндоочтору негизинен баяндоочтук милдет аткарды да, ал эми, көмөкчү сөздөр болсо (эле, болучу, экен, жатат, эле), алар (баяндоочтор) менен бир мааниге тутумдашып, татаал баяндоочту уюштурду.

Кээде көмөкчү сөздүк милдет аткаруучу этиштер сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай өзүнчө туруп да, баяндооч болгон учуру болот. Андай сүйлөмдөр айтылуучу ой жагынан өзүнчө туруп да баяндоочу толук мааниге ээ болот.

Мисалы: Акмат болот. Ал жатат.

Эки сүйлөмдөгү *болот*, *жатат* деген баяндоочтор, албетте, жогорудагы сыяктуу негизги баяндоочтук милдет аткаруучу сөзгө тактык киргизүү милдетин аткарбастан, таптаза эле башка маанидеги түшүнүктү берүүчү, өзүнчө турган сүйлөмдүн баяндоочу болуп турат, ал эми, жогорудагы сүйлөмдөрдө булар (болот, жатат) ээнин ал-жайын баяндаган негизги мааниге ээ боло албай, негизги маанини баяндаган сөзгө гана тутумдашып, көмөкчү болду эле.

Ошондуктан мындай көмөкчү сөздүк милдет аткаруучу сөздөрдүн (этиштердин) өзүнчө баяндоочтук милдет аткарган түрү менен башка сөзгө (бир мааниге) тутумдашып, татаал баяндоочтук милдет аткарган түрүн ажырата билүү керек.

Көмөкчү сөздүк милдетти *жат*, *тур*, *кел*, *кет*, *отур* деген сыяктуу этиш сөздөр, *эле*, *экен*, *керек*, *сыяктуу*, *го* деген сыяктуу жардамчы сөздөр аткарат.

Көмөкчү сөздөр айкашуу менен негизги маанидеги баяндоочторго чак жагынан жана мазмун жагынан бышыктык киргизет.

Негизги сөз менен бир мааниге тутумдашып татаал баяндооч уюштурат.

Мисалы: ал келди беле? Татаал баяндооч—келди беле, көмөк сөз—беле, негизги сөздөн кийин айтылды.

Татаал баяндоочтордун тизмегиндеги негизги сөздөр (баяндооч) зат, сан, сын, ат атоочтордон жана этиштерден болот.

Мисалы: Бул анын китеби экен. Негизги сөз—китеби, зат атооч. Анын китеби кызык болучу. Негизги сөз—кызык, сын атооч.

Ал быйыл он үчтө экен. Негизги сөз—он үчтө, сан атооч.
Олтурган сен эле экенсиң. Негизги сөз—сен, ат атооч.
Ал окуп жатат. Негизги сөз—окуп, этиш сөз.
Капар барган экен. Негизги сөз—барган.

> Ушинтип сүйлөмдүн тизмегинде бир нече сөз бир мааниге тутумдашып, татаал баяндоочтук милдет аткарган учурда, анын негизги маанини ээлөөчү бөлүгү *негизги сөз* деп аталат да, негизги сөзгө тутумдашып, кошумча маани киргизген бөлүгү ***көмөкчү сөз*** деп аталат.

Негизги сөз көмөк сөздөн маани жагынан жана берилүүчү суроо аркылуу ажыратылат.

Мисалы: Булбул сайрап жатат. Негизги сөз—сайрап, себеби—сайроо жөнүндө баяндалып жатат. Маараган эчки экен. Негизги сөз—эчки, көмөкчү сөз—экен.

Көмөкчү сөз тутумдашкан татаал баяндоочтор сүйлөмдүн тизмегинде турганда берилүүчү суроо ар дайым негизги сөзгө гана берилет да, көмөкчү сөз берилген суроону жандап айтылат, айрым суроого жооп бербейт.

Мисалы: Ал окуучу *эле*.
—Ал эмне *эле*?
—Окуучу *эле*.
Азыр окуп *жатат*.

—Эмне кылып *жатат*?
—Окуп жатат.

Эскертүү: Кай бир учурда атоочтуктар ээлик милдет аткарган учурда, татаал атоочтуктардын бири көмөк сөз болуп эсептелет.

Мисалы: Окуп жаткан—Асыл. Көмөк сөз—жаткан, татаал ээ—окуп жаткан.

Көнүгүү 27.

Баяндоочтордун составын аныктагыла.

ЭНЕ.

Кыш мезгили эле. Чилде күчүнө кирди. Аяз катуулап, бакдарактын жана жердин баарын бубак баскан болучу. Сууктун катуулугуна чыдай албай, муздар чартылдап жарылып жатат. Бул 1941-жылы декабрь айынын оор күндөрүнүн бири болучу. Ал кезде биздин Родинабыз баскынчыларга каршы эң оор күрөш жүргүзүп жаткан эле. Жунуш мына ошол кезде фронтко жөнөдү. Карыган энесинин адегенде кайраты кетип, көз жашын ирмеп-ирмеп алды. Кайра кайраттанды. Уулунун көңүлүн көтөрдү. Ага кайрат берди. Акыл-насият кептерин сүйлөдү. Бирде кичине кезиндеги кылык-жоруктарын айтып, Жунушту күлдүрдү. Бирде аны чыйралтып, кайраттандырып, баатырдык салттарын айтты.

— „Эл четине жоо келсе, карап жаткан жигитпи?“. Бар, айланайын, бар! Эне сүтүн акта. Эне-атанын, ага-ининин, бөбөктөрдүн баарын эсиңе бекем сакта. Кыргыз элиндин ар-намысын эч кимге алдырба.

Күндөн күн, айдан ай өттү. Жунуш далай кандуу майдандарды кечип жүрдү. Сталинградда адам баласынын тарихында болуп көрбөгөн катуу согушта болду. Ал душманды талкалап, жеңгендердин бири болду. Анын энеси Айша дагы тыл фронтунун гвардиячысы болду.

(*Газетадан*).

Көнүгүү 28.

Дептериңерге татаал баяндоочторун көчүрүп, негизги маанидеги сөздүн астын түз сызык менен, көмөкчү маанидеги сөздүн астын ийри сызык менен белгилегиле.

МУЗДАРДА ЭКСПЕДИЦИЯ.

Түндүктөгү эбегейсиз чоң океандарды жайы-кышы муз каптап жатат. Ушул күнгө чейин бул океандар жансыз эле жаткан. Эч адам бара алган эмес. Адамдар пароход менен да бара алган эмес. Ошондуктан пароходдор да ал жакка баруудан коркушкан. Бул муздуу океандарды жалаң гана морждор, тюлендер

жана ак аюулар ээлешкен. Азыркы күндө бул муздар биз үчүн абдан оңой болуп калды. Ар жылы жайында бул муздарды советтик муз жаргыч пороходдор жарып өтүшөт. Бул муздарды жарып баруу үчүн пароходдорго эмне жардам кылды? Биздин аэропландар. Эң мурун аэропландар барат да, чалгынчылык ишин жүргүзүшөт. Жолду көрөт. Кандай жол менен жана кантип барууну жакшы байкашат.

Андан кийин ошолордун айтуусу боюнча пароходдор жүрөт. Ал жерден пароход муздун ичинде бир кокус болгону билинсе, жардамга эң биринчи аэропландар учуп барат. Ошентип, зарыл болгон учурда аларга жардам берет. Аларды куткарат.

Көнүгүү 29.

Татаал мүчөлөрүн ажыратып, негизги жана көмөкчү маанидеги сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн экенин аныктагыла.

ФРОНТТУК ЭКИ ЖОЛДОШ.

Күн түш мезгил эле. Госпиталдагы үчүнчү палатага сестра бир жарадар жигитти алып келди. Ага терезенин жанындагы кроваттан орун берди. Анын сол колу ак бинт менен мойнуна асылган. Палатада мурда жаткандар аңгеме айтканды токтотушуп, жаңы келген жигитке карап калышты. Бир убакта жаңаша жаткан узун бойлуу жигит жаңы келген жигитти бир аз карап турду да:

— Сиз Өмүр Асанов болуп жүрбөнүз?—деди.

— Ооба. Мени кайдан тааныйсыз?—деп, жаңы келген жигит сурап калды.

— Бир миң тогуз жүз отуз алтынчы жылы жайында экөөбүз Чолпон-Атадагы пионерлердин лагеринде бирге болбодукпу?—деп, сөзүн айтып бүтүрө электе:

— Аа, сиз Федя Грибцов турбайсызбы,—деди Өмүр. Ошентип, алар окуп жүргөн бала кездеринде пионерлердин лагеринде экөө бирге болгон күндөрүн жана кайсы жерден, кандайча жарадар болгондуктарын бир топко чейин айтышты.

Ал экөө госпиталда эки жума жатышты. Айыгышып, Саратов шаарына келишти. Ал жерден Өмүр мурда өзү иштеген армиясынын запастык полкун тапты. Федя менен ал полктун катарына кошулушту. Ал жерде Өмүр менен Федя танкка каршы атуучу мылтыкты үйрөнүүгө киришти. Үч айдан кийин алар таамай аткычтардан болуп чыгышты.

Бир миң тогуз жүз кырк үчүнчү жылы немецтерге каршы атышууда, Өмүрдүн таамай тийген огунан душмандын бир нече танктары кыйрады. Федя болсо немецтик күйгөн машиналардан чыга качып, кутулууга аракет кылгандардан отуз—кырктай душманды жок кылды. Командование алардын эрди-

гин баалап, Өмүрду жана Федяны орден менен сыйлоого көрсөттү. Көрсөткөн эрдиктерин төштөрүндөгү сыйлыктары далилдеп турат. Өмүр менен Федя фронтто кандай эрдик көрсөтүшкөн болсо, алар азыр да ошондой эрдик менен элинде иштеп жатышат.

(*Газетадан*).

§ 11. Күчөтмө сөз.

Күчөтмө сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнүн маанисин күчөтөт жана тактайт. Алар сүйлөм мүчөлөрү менен ажырагыз мааниге тутумдашып, татаал мүчө уюштурат. Күчөтмө сөз кандай сөзгө таандык болсо да, ал сөздөн мурда айтылат.

Мисалы: бул цехте ал *эң* мыкты чеберлердин бири эле. (*Удалов*).

Кеңешмеге *өңчөй* колхозчулар келишти. Күчөтмө сөздөр—*эң, өңчөй.*

Күчөтмө сөздөр сын, сан, зат атоочторду, же заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрүн жандап айтылат. Маселен, жогоруда „*эң*“ деген күчөтмө сөз сын атоочко таандык болуп, „*өңчөй*“ деген күчөтмө сөз зат атоочко таандык болуп айтылды. Күчөтмө сөз көбүнчө сын, зат атоочторго, тактоочторго таандык болуп айтылат.

Көбүнчө сын атоочторго, тактоочторго таандык болуп айтылуучу күчөтмө сөздөр булар: *эң, абдан, өтө.*

Сындык күчөтмө сөздөр сын атоочторго таандык болуп айтылып, өзүлөрү таандык болгон сын атоочтордун маанисин күчөтөт.

Мисалы: Ал *эң* жакшы сүйлөйт. Кечээ *абдан* сонун доклад жасады. Ал *абдан* эрте келди да, эң кеч кетти.

Бул эки сүйлөмдө *эң, абдан* деген күчөтмө сөздөр тактоочторго жана сын атоочторго таандык болуп, алардын маанисин күчөттү.

Көбүнчө зат атоочторго таандык болуучу күчөтмө сөздөр булар: *өңчөй, ылгый, чылкый, чылк.*

Заттык күчөтмө сөздөр зат атоочторго, же заттык маанидеги атоочторго жана сын, сан атоочторго таандык болуп айтылат. Заттык күчөтмө сөздөр да өзүлөрү таандык болгон сөздөрдөн мурда айтылып, өзүлөрү таандык болгон сөздөргө тактык киргизет.

Мисалы: Өңчөй студенттер чогулушту.

Күчөтмө сөз — *өңчөй*, зат атоочко таандык болуп айтылды.

Ылгый жакшылары алынды.

Күчөтмө сөз—*ылгый*, заттык маанидеги сын атоочко таандык болуп турат.

Ылгый жакшы китептер китепканага жиберилди.

Мында *ылгый* деген күчөтмө сөз сын атоочко таандык, башкача айтканда, ылгый китеп эмес, ылгый жакшы.

Өңчөй үчүнчү класстардын бүгүн класстык жыйналышы болот. Чылк бешинчи класстар экскурсияга чыгышат.

Мында *өңчөй, чылк* деген күчөтмө сөздөр *үчүнчү, бешинчи* деген сан атоочторго таандык болуп айтылды. Демек—бул күчөтмө сөздөр башка атоочторго да таандык болуп айтыларын айтууга болот.

Күчөтмө сөздөр тутумдашкан сөздөр да татаал мүчө болуп эсептелет.

§ 12. Байламта.

Байламталардын көпчүлүгү сүйлөмдүн кандайдыр бир мүчөсүнө таандык болуп айтылат, алар өзүлөрү таандык болгон мүчөдөн кийин да, мурда да айтыла берет.

Мисалы: Асыл да келди.

Мында *да* деген байламта *Асыл* деген сөзгө таандык, ал өзү таандык болгон сөздөн кийин айтылды.

Же Абыл келет.

Мында *же* деген байламта *Абыл* деген сөзгө таандык. Өзү таандык болгон сөздөн мурда айтылды.

Кай бир байламталар сүйлөм мүчөсүнүн эч кайсынысына таандык болбой да айтылат.

Мисалы: Айша жана Акия келди.

Мында *жана* деген байламта *Айша* деген сөзгө да, *Акия* деген сөздө да таандык эмес.

Жогорудагы көрсөтүлгөн байламта сөздөрдү маанисине карай төмөнкүчө билүүгө болот:

I. Бирдиктүү байламта — жана, менен.

Бул байламталар эч кандай сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп айтылбайт, бир сөз менен бир сөздү байланыштыруу үчүн колдонулат жана сүйлөм мүчөсүнө кошумча маани да бербейт.

Мисалы: Анын көзүнө көрүк, ийрилген темир, чоң дөшү *жана* балканын учу гана көрүнөт.

(*Н. Удалов*).

Жума *менен* Салый бармай болду.

Мындагы бириктирүүчү байламталар — *жана, менен.*

2. Мезгилдеш байламта — да.

Биринен кийин бири болгон көрүнүштү көрсөтөт. Сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп айтылып, өзү таандык мүчөдөн кийин айтылат.

Мисалы: Акмат *да* келди.

Байламта — *да*, бул байламтага карай Акматтан мурда дагы бирөө келгендиги белгилүү болуп турат, ушинтип, ал—экинчи жолу болгон көрүнүш (окуя).

Бул байламта бардык эле маани берүүчү, же өзүнчө турганда маани бербөөчү сөздөргө таандык болуп айтыла берет.

Мисалы: Бир убактарда бул жерде бир *да* там үй жок эле. (Токтомушев). Бул өрөөнгө мындай даңгыр жол *да* салына элек. Ар бир үйдө өчпөс шамдар жанууда. Күн *да* — күн, түн *да* — күн. Клубда *да*, сарайда *да*, үйдө *да* өчпөс шамдар жанат (*Т. Сыдыкбеков*).

3. Болжол байламта — же.

Бул байламта өзү таандык сөздөн мурда айтылат, өзү таандык болгон сөздү күдүк кылып (болжолдоп) көрсөтөт.

Мисалы: *же* китеп алам.

Байламта — же, китеп деген сөзгө таандык болуп турат, ал эми, таандык болгон сөзү күдүк мааниде болуп калды, башкача айтканда, мүмкүн, китеп эмес, башка нерсе алынаар.

4. Аныктама (тактама) байламта — эле.

Өзү таандык болгон сөздөн кийин айтылат, кайсы сөзгө таандык болсо, ошол сөздү аныктоо, тактоо, өзгөчөлөп көрсөтүү милдетин аткарат. Бул дагы мезгилдеш байламта сыяктуу бардык сөзгө таандык болуп айтыла берет.

Мисалы: Баягы *эле* жылы чыгыштан батышка карай жылдыздуу калың армия жер жүзүн каптап бара жатканы, анын алдында даанышман командачысы баштап баратканы элестейт.

(*Т. Сыдыкбеков*).

Касым бардык эле жерин алтынга тең кеп келе жатат.

(*Токтомушев*).

Асан эле келди. Китепти эле алдым.

Бул көрсөтүлгөндөн башка да байламталык милдет аткаруучу сөздөр болот, алар кошмо сүйлөмдүн тутумунда учурайт, ошондуктан алар кошмо сүйлөмдүн синтаксисинде көрсөтүлдү.

Ал эми бул көрсөтүлгөн байламталар кошмо сүйлөмдүн синтаксисинде да, жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисинде да колдонулат.

Байламта сөздөр сүйлөмдүн кандайдыр бир мүчөсүнө таандык болуп айтылсын, мейли таандык болбосун, бардык учурда тең көмөкчү сөз, же күчөтмө сөздөрдөй болуп татаал мүчө уюштурбайт, башкача айтканда, байламта сөздөр таандык болуп турган сүйлөм мүчөлөрү татаал мүчө болуп эсептелбейт (эгер жөнөкөй сөз болсо).

БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ.

Жөнөкөй жана татаал ээ.

Сүйлөмдүн мүчөсү бир сөздөн, же бир гана маани берүүчү бир нече сөздөн түзүлөт.

Маселен: *жумушчулар мыкты иштешти.*

Ээ — *жумушчулар*, бир сөздөн түзүлдү. Баяндооч менен айкындоочу да бир-бир сөздөн түзүлдү.

Кыргыз ССР Министрлер Совети токтом чыгарды.

Ээ — *Кыргыз ССР Министрлер Совети*, бир нече сөздөн түзүлүп, бир гана мүчө болду.

Сүйлөмдүн ээси түзүлүшүнө карай эки түрдүү болот:

1) Жөнөкөй ээ. 2) татаал ээ.

§ 13. Жөнөкөй ээ.

Толук маанилүү бир сөздөн түзүлгөн ээлер жөнөкөй ээ деп аталат.

Маселен: Күн жылыды. Чөп көгөрдү (ээ — *күн*, *чөп*, зат атооч) Колхозчулар эгин айдашты (ээ — *колхозчулар*).

Сегиз төрткө бөлүнөт (ээ — *сегиз*, сан атооч). Окуучулардын алтоо келди (ээ — *алтоо*, сан атооч). Актан көк жакшы (ээ—*көк*, сын атооч). Окууга сен барасың (ээ—*сен*, ат атооч). Бүгүн ким келди? (ээ — *ким*, ат атооч).

Сайраган — булбул (ээ— *сайраган*, атоочтук). Ашырбайдын баласы сыйланды (ээ — *баласы*, таандык атооч)

Көрсөтүлгөн мисалдардагы ээлик милдет аткарган сөздөр толук маани берип турат.

Көнүгүү 30.

Көчүрүп жазып, жөнөкөй ээнин астын бир сызык менен белгилеп, алардын кайсы сөз түркүмдөрүнөн тургандыгын аныктагыла.

ЧАЛГЫНЧЫЛАР.

Начальник штаб аркылуу полк командиринин берген буйругун аткарууга жөнөдүк.

Кыш. Күн суук. Кар терең. Кардай аппак халат менен чүм-

бөттөлүп, кайдадыр батышты көздөй жол тарттык. Токойдон токойго жашынып, жолду уланта бердик. Душмандардын дайыны билинбеди. Таң атты. Жатып эс алууга болбойт. Бир кезде токойсуз ачык талаа менен кийик андыган илбирстей боортоктоп, чебер акмалап, жүрүп отурдук. Согуш маалында секунда да кымбат. Керектүү учурдан пайдалана албаса, бардык план бузулат. Кабарды штабга өз убагында жеткирбөө чоң коркунучка, же зыянга учуратууга мүмкүн. Муну биз жакшы билебиз. Ошондуктан биздин бул учурдагы жүрүштү эч кандай тездик менен салыштырууга мүмкүн эмес эле. Биз аянттан өтө бергенде, мен жолдошторумдан алтымыш метр ғлда элем. Күтпөгөн жайдан душмандын чалгынчылары менен беттеше түшүп, аларды талкаладык.

(*Токомбаевдики боюнча*).

Көнүгүү 31.

Жөнөкөй эө катыштырып, кыска аңгеме түзгүлө.

Көнүгүү 32.

Текстти окуп, жөнөкөй эөлерди ажыраткыла.

КОШ, ЭЛИМ!

(Токтогул айдалып бара жатканда элге кайрылганы).

Калың эл келдиң калбастан,
Керимбай балаа болду го
Букарага жармашкан.
Ушундай кордук болобу,
Эч бир кылган күнөм жок
Эрксиз мени айдашкан.

Келипсиң элим чогулуп,
Буулугуп турат букара,
Муң айтуудан корунуп,
Ак селде эшен алдамчы,
Ак малын алып тоюнуп,
Кара оокатка калп айтып,
Кузгундар жүрөт сорунуп.

Каршы чыгып айдатып,
Кара көзүм жайнатып,
Жибермек болду өзүмдү,
Канчалык зарлап айтсам да,
Укпады менин сөзүмдү.

Ушундан келсем кутулуп,
Оёрмун сенин көзүңдү[1])
Аман келсем айланып,
Алармын сенден өчүмдү.
Буту колум кишенде
Муңайып алыс кетемин,
Аман болсо, алтын баш,
Айланып кайра жетермин,
Келтирер бекен жараткан,
Керимбайдын кезегин.

Калың сарттар элимди —
Карасам, жашым төгүлдү.
Кара боор залимден
Кантип алам кегимди.
Көрүп түрсаң калың эл,
Күнөсүз колум байланды.
Күкүгүң эле Токтогул,
Күн тийбес жерге айдалды.

(*Токтогулдан*).

[1]) Керимбайды айтып жатат.

§ 14. Татаал ээ.

Бир маани берүүчү бир нече сөздөн түзүлгөн ээ татаал ээ деп аталат.

Андай бир нече сөздөн туруп бир гана маани берүүчү сөздөр канча сөздөн турса да, сөздөрдүн санына карабастан, бир гана сурооого жооп берет.

Татаал ээни төмөнкү сөздөр уюштурат:

1. Зат атооч.

а) Кош сөздөр татаал ээ болот:

1) Маанилеш кош сөздөр: *жыйын-терин жакшы бүттү.* Татаал ээ — *жыйын-терин.*

2) Кайчылаш маанидеги кош сөздөр: *жайы-кышы жылуу болот.* Татаал ээ — *жайы - кышы.*

3) Сынар маанидеги кош сөздөр *эгин-тегин жыйылды. Кышка кийим-кечек камдалды.* Татаал ээлер — *эгин — тегин, кийим-кечек.*

4) Жамдама маанидеги кош сөздөр: *оруу—жыюу башталды. Ата-энеси келди.* Татаал ээлер — *оруу — жыюу, ата — энеси.*

Эскертүү: Жамдама кош сөздөр, эгер интонацияга карай бөлүнүп айтылса жана бир сөз болуп тутумдашып кетсе, андай сөздөр татаал ээ болбостон, жөнөкөй ээ болуп калат.

Мисалы: *Быйыл оруу, жыюу, бастыруу үзгүлтүккө учураган жок.*

Анын агайини келип кетти. Жөнөкөй ээ — *оруу, жыюу, бастыруу, агайини.*

б) Кошмок сөздөр татаал ээ болот.

1) Татаал жалпы аттар: *жаңы темир жол курулду. Асанга сыя челек берилди.* Татаал ээлер — *темир жол, сыя челек.*

Эскертүү: Бир бири менен түзүлүш жагынан тутумдашып кеткен кошмок сөздөр татаал ээ болбойт. Мисалы: жолбашчы сүйлөдү. Жөнөкөй ээ—жолбашчы.

2) Географиялык татаал аттар: *Ысык-Көл жыл бою тоңбойт. Сыр-Дарыя — чоң суу. Чоң Чүй Каналы курулду.* Татаал ээлер — *Ысык-Көл, Сыр-Дарыя. Чоң Чүй каналы.*

3) Мекеменин, газета, журналдардын аттары: *Кыргыз ССР Министрлер Совети токтом чыгарды. Кара-*

балта Машина-трактор станциясы колхоздорго жардам берди. „Кызыл Кыргызстан“ газетасы бүгүн алынды.

Татаал ээлер — *Кыргыз ССР Министрлер Совети, Карабалта машина-трактор станциясы, „Кызыл Кыргызстан“ газетасы.*

Эгер мекеменин аттары башкы табышынан, же муунунан кыскартылып айтылса да, татаал ээ болуп эсептелет.

Мисалы: *МТС колхоздорго жардам берди. Кыргызстан К(б)П БК чечим чыгарды.*

Татаал ээлер—*МТС, Кыргызстан К(б)П БК.*

Эгер жөнөкөй мекеме, газета-журнал жана географиялык энчилүү аттарга башка сөздөр тутумдашып, бир мааниде турса да, татаал энчилүү ат болот.

Мисалы: *„Коммунист“ журналы бүгүн чыкты.* Татаал ээ—*„Коммунист“ журналы.*

в) Кай бир учурда аныктооч болуп турган сан атооч сөздөр өзүнүн түпкү тегин жоготкон учуру болот, мындай сөздөр заттык мааниге өтүп, негизги маанидеги сөз менен бир мааниге тутумдашат да, татаал ээ болот.

Мисалы: *Бир адам эртеден кечке күйпөлөктөп жүрдү.* Татаал ээ—*бир адам.*

г) Кай бир зат атоочтор өзүлөрүнүн аныктоочтук, же толуктоочтук ролун жоготуу натийжасында атоочтуктар менен тутумдашып татаал ээ болот.

Мисалы: *Өнөр үйрөнүү — ар бир жаштын милдети. Сайма саюу—усталык.* Татаал ээлер—*өнөр үйрөнүү, сайма саюу.*

2. Сан атооч.

а) Татаал сан атооч сөздөр татаал ээлик милдет аткарат. Бир миң эки жүз элүү беш бешке бөлүнөт (татаал ээ — *бир миң эки жүз элүү беш*).

б) Божомол — жардамчы сөздөр сан атоочторго таандык болуп айтылса, татаал ээ болот: он чактысы келди (татаал ээ—*он чактысы*).

Эскертүү: Эгер божомол мүчө сан атооч менен бирге жазылса, татаал ээ болбойт. Мисалы: Ондою келди (ондою—жөнөкөй ээ).

3. Сын атооч.

а) Күчөтмө сын атоочтор жардамчы сөздөр аркылуу уюштурулса жана сын атоочтор кош айтылса, татаал ээлик милдет аткарат: жакшы-жакшысы алынды, чоң-чоңу тандалды (татаал ээ — жакшы-жакшысы, чоң-чоңу, кош айтылган сын атооч).

Абдан кызылы жакшы. Өтө агы бат кирдейт (татаал ээ — *абдан кызыл, өтө агы*).

б) Татаал сын атоочтор татаал ээлик милдет аткарат: кездеменин ала-буласы сатылды (татаал ээ—*ала-буласы*).

4. Ат атооч.

а) Аныктама ат атоочтордун кээ бирөө татаал ээлик милдет аткарат.

Маселен: Ар кимиси окуду. Ар бири сүйлөп жатты. Ар кайсысы келе берди. Ар кандайы болот (татаал ээ— *ар кимиси, ар бири, ар кайсысы, ар кандайы*).

б) Кай бир тангыч ат атоочтор татаал ээ болот.

Мисалы: Эч кимиси келген жок. Эч бири токтогон жок. Татаал ээ—*эч кимиси, эч бири.*

5. Атоочтуктар.

Көмөк сөздүү атоочтуктар татаал ээлик милдет аткарат: Сайрап жаткан—кекилик. Ырдап жаткан—артист (татаал ээ — *Сайрап жаткан, ырдап жаткан*). Чуулдап жүргөн—балдар. Шыңгырап жаткан — коңгуроо (татаал ээ — *чуулдап жүргөн, шыңгырап жаткан*, жүргөн, жаткан—көмөк сөз, бул атоочтуктар тууранды этиштен түзүлдү). Аны күтүп туруу мага кыйын болду. Татаал ээ — *күтүп туруу.*

Көнүгүү 33.

Текстти көчүрүп, жөнөкөй ээлердин астын бир сызык менен, татаал ээлердин астын эки сызык менен белгилегиле.

БИЗДИН ӨЛКӨ.

Советтик Социалисттик республикалар Союзу эң эле кең. Анын байлыгына сан жетпейт. Анын элдеринин чыгармачылык күчтөрү түгөнгүс мол.

Биздин даңктуу Родинабыз—жеңген социализмдин өлкөсү. Капиталисттик дүйнөнүн ортосунда кыйрабас зоо сыяктуу болуп, таамай көрүнүп турат. Биз, Советтер Союзунун бактылуу граждандары, өзүбүздүн Родинабыз үчүн абдан сүйүнөбүз жана мактанабыз. Биздин Родинада адамды адам эксплоатациялоо жок. Биздин Родинабыз—эмгекчи адамдар үчүн, маданий турмуш түзүүгө жетишкен өлкө. Биздин өлкөдө эмгекчилер эң эле кадырлуу жана ардактуу адам болуп эсептелет. Ал эми, капиталисттик өлкөлөрдө эч нерсе кылбай жана жумушчулар менен дыйкандар өндүргөн байлыктарды ээлеп гана жаткан кишилер „эң кадырлуу кишилер“ болуп эсептелет.

Бизде, Советтер өлкөсүндө, бийлик эмгекчилердин — жумушчулар менен дыйкандардын өздөрүнө тиешелүү.

Биздин өлкөдө заводдордун, фабрикалардын, жерлердин жеке ээлери жок. Бардык заводдор жана фабрикалар, шахталар, темир жолдор, банктар, токойлор, жер жана анын ичиндеги байлыктар социалисттик менчик болуп эсептелет. Алар эмгекчилердин өздөрүнө тиешелүү. Ошондуктан заводдор, фабрикалар, совхоздор, колхоздор өндүргөн жерлердин байлыгынын бардыгы тең эмгекчилердин өздөрүнүн керектиги үчүн, жумушчулар менен дыйкандардын социалисттик мамлекетинин байлыгын жана күчүн көбөйтүү үчүн жумшалат.

Көнүгүү 34.

Көчүрүп жазгыла; татаал ээни тапкыла.

Бир миң сегиз жүз жетмишинчи жыл — Лениндин туулган жылы. Бир миң тогуз жүз жыйырма төртүнчү жылдын жыйырма биринчи январы — Лениндин дүйнөдөн кайткан күнү. Бир миң тогуз жүз он жетинчи жыл — падыша өкмөтү кулатылган жыл. Бир миң тогуз жүз жыйырма алтынчы жыл—Автономиялуу Кыргыз республикасы уюшулган жыл.

Көнүгүү 35.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, ээлердин кайсы сөз түркүмүнөн экенин ажыраткыла.

ЧЕК АРАДА.

Чек арада турган отрядга он жашар бала келди. Анын жанында ээрчиткен овчарка ити бар.

— Жолдош командир, сиз менен сүйлөшүүгө уруксат этиңиз,—деди бала.

— Уруксат, иним. Эмне айтайын дедиң эле,— деди командир.

— Советтик чек араны сиздер жакшы коргоп турууда ушул иттин сиздерге пайдасы болор деп, белек кылып берүүгө алып келдим. Менин атам да сизге окшогон чек арада командир болуп кызмат кылуучу. Овчарканын чек арада кандай мааниси бар экендигин атамдан уккамын,—деди бала.

Командир баланын берген белегин алып, колун кармап, окуунун отличниги болгун деп, чоң ыракмат айтты. Бала овчаркасы менен коштошуп, үйүнө кетти. Чек арада овчарканын керек экендигин бала акылдуулук менен билген экен, анткени—жакшы үйрөткөн овчарка душмандын баскан изинен жытын билет жана аларды алыстан көрөт. Баланын белек кылып берген овчаркасы айткандай мыкты чыкты. Ошентип овчарканын жардамы менен чек арачылар көп душманды кармашты. Совет армиясына камкордук көрсөтүп, чек араны душмандардан жакшы сактоого чоң жардам бергендиги үчүн командир баланы тарбиялап жаткан мугалимине жана ата-энесине ыракмат айтты. Баланын өзүнө баалуу буюмдардан, кызык аңгеме китептерден сыйлык жиберди.

Көнүгүү 36.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Сталиндик Улуу Конституция Ленин—Сталин партиясынын жетекчилиги астында СССР эмгекчилеринин жеңиштерин чыңады.

Мындай Конституция эч качан жана эч жерде болгон эмес. Мында өлкөбүздөгү бардык граждандардын эмгекке, дем алууга, билимге, мамлекетти башкарууга укуктуулугу жазылган.

Өлкөбүздөгү бардык элдердин кубанычы эң чоң.

Бардык эмгекчилер Конституцияны түзүүчү жолдош Сталинди абдан сүйүшөт. Сталиндик Конституцияны бүткүл дүйнөнүн эмгекчилери үйрөнүп жатышат.

Ар бир эл коммунисттик партиянын жетекчилиги астында кандай жеңиштерге жетише аларын Сталиндик Конституция ачык көрсөтөт.

ЖӨНӨКӨЙ ЖАНА ТАТААЛ БАЯНДООЧ.

Сүйлөмдөгү баяндоочтор түзүлүшүнө карай жөнөкөй баяндооч, татаал баяндооч болуп экиге бөлүнөт.

§ 15. Жөнөкөй баяндооч.

Бир сөздөн түзүлгөн баяндооч жөнөкөй баяндооч деп аталат.

Мисалы: Жай келди. Биз экскурсияга бардык (жөнөкөй баяндоочтор—*келди, бардык*, этиш сөз). Керим—мугалим (жөнөкөй баяндооч—*мугалим*, зат атооч). Ырдаган мен(жөнөкөй баяндооч—*мен*, ат атооч). Келген ким? (жөнөкөй баяндооч—*ким*, ат атооч). Сарыдан көк жакшы (жөнөкөй баяндооч—*жакшы*, сын атооч). Ондун жартысы — беш (жөнөкөй баяндооч—*беш*, сан атооч). Асан бешинчиде (жөнөкөй баяндооч—*бешинчиде*, сан атооч). Мен уулуңмун (жөнөкөй баяндооч—*уулуңмун*, жик мүчө айкашкан зат атооч). Бул Акматтын китеби (жөнөкөй баяндооч—*китеби*, таандык мүчө уланган зат атооч). Маараган эчкиби? (жөнөкөй баяндооч—*эчкиби*, суроо мүчөсү уланган атооч).

Көнүгүү 37.

Текстти көчүрүп жазып жөнөкөй баяндоочтун астын сызып, алардын кайсы сөз түркүмдөрүнөн экендигин ажыраткыла.

МЫШЫК МЕНЕН МАЙ.

Ачка мышык мыёолоп үйгө кирди,
Аңдып келип илинген майды көрдү.

Уртунан шилекейи чууруп:
„Эми мына тойгуча жеймин“,—деди..
Жетүү үчүн асылып көп тырмышты,
Жете албады, чарчады, үйдөн чыкты:
„Сасып кеткен май экен, ким жесин“—деп,
Шашканынан калп эле сүйлөп чыкты.

(*Жоомарттан*).

§ 16. Татаал баяндооч.

Бир маани берүүчү бир нече сөздөн түзүлгөн баяндооч татаал баяндооч деп аталат.

Татаал баяндоочтор да, татаал ээлер сыяктуу, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн санына карабастан, ал сөздөр бир гана мааниге тутумдашып тургандыгына жана бир гана суроого жооп беришине карай ажыратылат.

Татаал баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдү төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

1. Зат атооч.

а) Кош сөздөр татаал баяндооч болот. 1) сыпар кош сөздөр: Ойноп жүргөндөр — бала-бакыралар (татаал баяндооч — *бала-бакыралар*). 2) Жамдама сөздөр: Гүлдөгөн — социалисттик айыл чарба. Өлкөбүздү шаңдандырган — социалисттик өнөр жай. (Татаал баяндоочтор—*айыл чарба, өнөр жай*).

б) Кошмок сөздөр татаал баяндооч болот: Созулуп жаткан — темир жол (татаал баяндооч—*темир жол*).

Колхоздорго жардам берген—Аларча машина-трактор станциясы. Эмгекчилердин авангард отряды—коммунисттик партия (татаал баяндоочтор — *Аларча машина трактор станциясы, коммунисттик партия*).

Колхоздун малы Чоң-Сары-Булакта. Биздин жайлообуз — Тору-Айгыр (татаал баяндоочтор — *Чоң-Сары-Булакта, Тору-Айгыр*).

Эскертүү: Түзүлүш жагынан биригип кеткен кош жана кошмок уңгулар татаал баяндооч болбойт.

Мисалы: Тиги турган—карагат (жөнөкөй баяндооч—*карагат*).

в) Жөнөкөй, кош, кошмок сөздөргө жардамчы сөздөр, этиш сөздөр көмөк болуп турса да, татаал баяндооч уюштурулат: Көрүнгөн — мал экен. (татаал баяндооч — *мал экен*, көмөк сөз—*экен*). Көрүнгөн — малчылар чыгар. (Татаал баяндооч — *малчылар чыгар*; көмөк сөз—*чыгар*).

Абыл мугалим болучу (татаал баяндооч— *мугалим болучу*, *көмөк* сөз—*болучу*).

2. Сан атооч.

а) Татаал сан атоочтор татаал баяндооч болот: Жакып элүү беште (татаал баяндооч—*элүү беште*).

б) Сан атоочторго көмөк сөз тутумдашып да, татаал баяндооч болот: Шайыр жетинчиде болучу. Айша алтыда экен (татаал баяндоочтор—*жетинчиде болучу*, *алтыда экен;* көмөк сөз—*болучу*, *экен*).

3. Ат атооч.

а) Ат атоочторго көмөк сөздөр тутумдашып, татаал баяндооч болот: Бул галстук сеники беле? Бул китеп меники болучу. Ал дептер кимдики экен? (татаал баяндоочтор—*сеники беле, меники болучу, кимдики экен;* көмөк сөз—*беле, болучу, экен*).

б) Кош айтылган ат атоочтор да татаал баяндооч болот: Сенин китептериң ким — кимде? (татаал баяндооч — *ким — кимде*).

4. Сын атооч.

а) Күчөтмө сын атоочтор жардамчы сөз аркылуу уюштурулса, татаал баяндоочтук милдет аткарат. Сенин уулуң абдан тартиптүү. Анын дептери өтө таза (татаал баяндоочтор—*абдан тартиптүү, өтө таза*).

б) Кош айтылган сын атоочтор татаал баяндооч болот: Сенин чапаның ала була. Менин көйнөгүм көк жашыл. (Татаал баяндоочтор—*ала була, көк жашыл*).

в) Көмөкчү сөздөр сын атоочтор менен тутумдашып турса да, татаал баяндооч болот: күн суук болду. Мончо ысык экен. Жайлоо салкын беле? (Татаал баяндоочтор—*суук болду, ысык экен, салкын беле*; көмөк сөз—*болду, экен, беле*).

5. Этиш сөз.

Негизги этиш сөзгө көмөкчү этиш (сөз) тутумдашып татаал баяндоочтук милдет аткарат. Билимдүү болсом деймин (сүйлөмдүн ээси көмүскө калды—мен). Жунуш келген болучу. Жамал окуп жатат. Татаал баяндоочтор—келген болучу, окуп жатат; көмөк сөздөр: *деймин, болучу, жатат*).

Көнүгүү 38.

Тексттен дептериңерге татаал баяндоочторду көчүрүп жазып, алардын кайсы сөз түркүмүнөн экендигин ажыраткыла.

Баатырлар.

Панфиловдун дивизиясы Кыргызстанда түзүлгөн болучу. Анын катары кыргыздын эр жүрөк уулдары менен толукталган эле.

Анын дүйнөгө атагы кеткен 28 баатыры Москва алдында улуу борбор—Москваны коргоодо баатырдыктын үлгүсүн көрсөтүштү. Алар душманды жиберишкен жок. Ал мындайча болду:

1941-жылдын кеч күзү. Москвага өтө турган чоң жолго чыгуу максаты менен душман катуу чабуулга өттү. Түнөргөн калың токой каалгып, уктап тургансыйт. Жер бетинде кыроо бар. Таң агарып, жер жарык тартайын деди. Муздак сыдырым жортуп, суук катуулай түштү... Мына кандайдыр бир коркунучтуу добуш чыкты.

Шырп эткен табышты тыңшап турган. Дүйшөнкул:

— Бул душмандын танктары,—деди окоптогу жолдошторуна.

— Мына, салгылашар минута эми келди. Камдангыла, жолдоштор! Ким коркоктук кылса ал чыккынчы, ага өлүм!—деди политрук Клочков.

Ал аңгыча болгон жок. Душмандын танктары токойду кызыл куурайдай качырата сындырып кирип келди. Окоптогу Дүйшөнкулдун жолдоштору бирин-бири кучакташып, ооздон өбүшүп туруп:

— Ура! Жолдоштор! Өлсөк да душманды өткөрбөйлүк! Родина үчүн! Сталин үчүн!—деп, бир ооздон айтышканда, үндөрүнөн жер титиреди.

...Алар көп эмес эле. Жыйырма сегиз гана. Алардын ичинде орустар, кыргыздар, украиналыктар, казактар бар болучу. Алар өздөрүнүн эр көкүрөктөрүн ажал чачкан панцырга каршы тосушту. Душмандын элүү танкынын көбү талкаланып, зоого камалгандай өтүүгө жол таппады.

Мына ушинтип, жыйырма сегиз баатырдын атагы жер жүзүнө угулду. Алардын катарында Кыргызстандын уулдары—Шопоков, Ананьев, Шемякин, Конькин жана башка жолдоштор бар эле.

(*Газета материалы боюнча*).

Көнүгүү 39.

Жогоркудай иштегиле.

1. Биздин өлкө—Советтик Социалисттик Республикалар Союзу. Жер жүзүндө эң чоң жана күчтүү өлкө—СССР.
2. Орто-Азия—пахтанын кени. Пахтанын мааниси абдан чоң. Пахта ысык жерге жакшы чыгат.
3. Кыргызстанда темир жол Улуу Октябрь революциясынан кийин гана курула баштады.
4. Советтер Союзунда таш көмүр запасы көп. Таш көмүр Кыргызстанда да көп жерлерден казылат.
5. Күмүштөй аккан өзөндүн жээгинде чоң кыштак. Ал биздин райондун алдыңкы колхозунун бири болгон—„Кеңеш“ колхозу.

6. Сегизинчи март—аялдар азаттыгынын майрамы. Бүткүл дүйнө эмгекчилеринин күжүрмөн күчүн сыноочу күн—Биринчи Май.

Көнүгүү 40.

Текстти окуп, сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн ажыраткыла. Жөнөкөй жана татаал ээ, баяндоочтордун кайсы сөз түркүмүнөн экендигин ажыраткыла.

ПИОНЕР ВАН-СЯН.

Кытайдын улуттук-боштондук армиясынын аскерлери душманга каршы чабуул жасап олтуруп, бир дарыяга жетишти. Бул дарыя алардын жолун тосту. Дарыянын аркы четинде душмандын аскерлери бекинип турушту. Көпүрөлөр душмандар тарабынан бузулган. Кайык жана кемелери жашырылган болучу.

Кытайдын улуттук-боштондук армиясынын командири: „Душмандын күчүн билүү үчүн чалгынчылар жөнөтүлсүн!“—деген буйрук берди.

Бул тапшырма эки кытай комсомолецине жана он төрт жашар кытай пионери Ван-Сянга тапшырылды.

Ван-Сян дарыянын аркы четине кандай өтүү тууралуу эң көп ойлонду. Акырында, дарыянын аркы четине кандай өтүү жолун да тапты.

Бир убакта Ван-Сян бакалдан жасалган далдагай калпакты, жыртык чапанды баса кийди. Кичинекей жеңил кайыкка отуруп, дарыяны кубанычтуу ыр ырдап, дарыянын ортосуна жетти. Күн жылуу эле. Анын маңдайынан терлери мончоктоп акты. Ван-Сян чоң, кичине балыктарды кармап олтуруп, дариянын аркы четине да жакындады. Душмандын куралдарын толук көрдү. Бир нече ирет ал жак, бул жакка сүзүп жүрдү. Алардын кайсы жерге жайланышканын да билди. Кароолдо турган кароолчу баланын түрүнөн шекшиди. Ал Ван-Сянды кармап, душман штабынын начальнигине алып барды. Душман штабынын начальниги баланы кекетип сурай баштады. Бирок кичинекей Ван-Сян абдан акылдуу жана баатыр эле. Ал: „Солдаттар балыктарымды тартып алып коюшту“—деп, ыйлап жиберди.

Бул жерде дароо кызуу аңгеме башталды.

— Сен эмне кылып дарыяда айланып жүрөсүң. Уруш болуп жатканынан кабарың жокпу?—деп, штабдын начальниги Ван-Сянга суроо берди.

Көнүгүү 41.

Жөнөкөй баяндоочтуу сүйлөмдөрдү бир башка, татаал баяндоочтуу сүйлөмдөрдү бир башка көчүргүлө.

— Мен мылтык үндөрүн уктум, бирок коркпондо эмне кылмакчымын. Мен карыган эне-атамды багуум керек,—деди Ван-Сян.

— Жалган айтасың, туурасын айт. Сен улуттук-боштондук армиясын көрдүңбү?—деп, душмандын начальниги Ван-Сянды аябай кыстады.

— Ананчы. Мындан беш күн мурун аларга туш келдим. Аларда замбирек жана мылтыктар көп. Жаш өспүрүм солдаттары да көп экен. Алар уруш болгон убакта душманды кантип жеңип, куралдарын колго түшүрүп алгандыктары жөнүндө сүйлөшөт,—деди Ван-Сян. Штабдын начальниги баладан пайдалануу мүмкүн экен деген ойго келди. Ал кеседеги сорпону Ван-Сяндын алдына койду да: „Мына, бала, муну ичкин. Мен азыр сенин балыктарыңды бердиртемин. Сага акча керекпи? Эгерде сен мага алардын жазган планын таап берсең, мен сага көп акча беремин жана көп оокаттар берип турамын,— деди.

Ван-Сян көп ойлонбостон: „Мен макулмун“—деп, жооп берди.

— Мен азыр балыктарымды үйүмө жеткирип коёюн. Андан кийин сиздин тапшырмаңызды орундатамын,—деди.

Душмандын начальниги Ван-Сянды бошотуп коё берди. Ван-Сян душманды алдады. Ал үйүнө барбастан, түз эле Кытайдын улуттук-боштондук армиясынын командиринин астына барды. Душмандын штабынан көргөндөрүн жана анда болгон окуяларды толук айтып берди.

(*Газетадан*).

ЭТИШТИК ЖАНА АТООЧТУК БАЯНДООЧТОР.

§ 17. Этиштик баяндооч.

Этиш сөздөр баяндоочтук милдет аткарса, этиштик баяндооч деп аталат.

Этиштин төмөнкү түрлөрү баяндооч болот.

1. Жөнөкөй этиштер. Ал окуйт. Бүгүн келди.

2. Татаал этиштер. Ал окуп жатат. Бүгүн окуп бүттүм.

Мындай татаал этиштер баяндоочтук милдет аткарган учурда, биринчи айтылганы негизги сөз болот да, андан кийинкиси көмөкчү сөз болот (баяндоочтук милдет аткарып турган негизги сөз—окуп, көмөкчү сөз—жатат, бүттүм).

3. Жөнөкөй жана татаал этиштерди түрдүү көмөкчү сөздөр жандап да, этиштик баяндооч болот.

Мисалы: Ал окуду эле. Капар сүйлөп жаткан экен. Ал бүгүн келди го. Шашпа, эртең барат да.

Бул сүйлөмдөрдө баяндоочтук милдетти этиш сөздөр аткарды да, кошумча болуп айтылган сөздөр аларга кошумча маани гана киргизип турат, ошондуктан булар этиштик баяндооч болот.

Көнүгүү 42.

Этиштик баяндоочторду ажыраткыла.

ТҮЛКҮ МЕНЕН ЖҮЗҮМ.

Күн чыга бир куу түлкү чыкты ийинден,
Секирип түштү бакка өзү билген.
Шимшилеп үстү жагын карап көрсө,
Мөлтүрөп жүзүм турат шагы ийилген.
Мезгили, жүзүм толук бышкан убак,
Үзүлүп жерге түшөт бирден убап.
Жетсем дейт, куу түлкүнүн көзү күйөт,
Секирет, бирок жүзүм бийик турат.
Жалдырап бир топ саат турду мында,
Жете албай ыза болуп акырында:
— „Тимеле көзгө жакшы көрүнүптүр,
Быша элек, көпкөк бойдон чийки тура“ —
Деди да, түлкү кайра жөнөп кетти—
—„Не керек тиш каматып бекер буга“.

И. А. Крылов.

§ 18. Атоочтук баяндооч.

Зат, сын, сан, ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турса, атоочтук баяндооч деп аталат.

Көрсөтүлгөн атоочтор атооч жөндөмөдө, же башка жөндөмөлөрдө туруп баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Жакасы жашыл, тоосу көк. Өзүбүз сиздей эле колхозчу элбиз. Менин атым—Шамбет. Башкармамын (Сыдыкбеков). Абыл онунчуда. Тиги ким?

Мында жашыл, элбиз, Шамбет, башкармамын, онунчуда, ким? деген атоочтор баяндоочтук милдет аткарды. Буга окшогон жөндөмөдө турган жана атооч түрүндө турган атоочтук баяндоочтор дайыма учур чакка таандык болот. Кай бир учурда баяндоочтук милдет аткаруучу атооч сөздөрдү көмөкчү сөздөр жандап турушу мүмкүн, андай баяндоочторго чак жагынан жана маани жагынан кошумча кирет.

Мисалы: Абыл ондо экен. Келе жаткан Бүбүш го. Анын сыясы кара болсо керек.

Баяндоочторго тутумдашкан көмөкчү сөздөр—экен, го, болсо керек.

Бар, жок деген сөздөр да баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Бектурдун эки кызык китеби бар. Мен бирөөнү окуп чыктым. Анда жалкоолук мүнөз жок.

Башкача айтканда, атоочтук баяндоочторду төмөнкүчө көрсөтүүгө болот.

Атооч жөндөмөдөгү атоочтор баяндоочтук милдет аткарса, аракетти так көрсөтөт жана учур чакка таандык болот.

Мисалы: Айша—студент.Мында *студент* деген баяндооч так аракетти көрсөттү жана азыркы учурга таандык болуп турат.

Атооч жөндөмөдөгү баяндоочторду көмөк сөздөр жандап турса, маани жагынан жана чак жагынан кошумча кирет.

Мисалы: Айша студент экен. Айша студент го. Айша студент окшойт.

Бул сүйлөмдөрдөгү көмөкчү сөздөр баяндоочтук милдет аткарган сөзгө кошумча маани киргизди жана чак жагынан да өзгөрттү.

Башка атоочторго да көмөкчү сөздөр ушундай эле кошумча киргизет.

Мисалы: Ал ондо экен.

Анын жоолугу кызыл экен.

Мында биринчи сүйлөмдөгү *ондо* деген баяндооч ойду так бүтүргөн болор эле. Көмөк сөз айкашуу менен *ондо* деген баяндоочко маани жагынан жана чак жагынан кошумча кирди.

Экинчи сүйлөмдө да көмөкчү сөз тутумдашпаса, учур чакты көрсөткөн болор эле, көмөк сөз айкашуу менен өткөн чакты көрсөтүп калды.

Көнүгүү 43.

Атоочтук баяндоочторду ажыраткыла.

ФРУНЗЕ.

Фрунзе—учкан уям, сүйгөн калаам
Окудум мектебинде бир топ заман.
Эч качан элестериң эстен кетпейт,
Кашка сууң, жашыл багың, салкын абаң.

Эсимде, биз жаш чакта чаңдак элең,
Түнт элең, капкараңгы укпас керең.
Эскердим, жаш улгайды, сен жашардың.
Карайсың мени уялтып көркүң менен.

Тар элең, таштак элең, такыр элең,
Киргил суу, шылдыраган арык менен.
Мен өстүм, жаш көбөйдү, сен көгөрдүң,
Жашымды көгөрсүн деп сага бергем.

Көчөндү жаркыраган асфальт басты,
Айдан ак „Аламүдүн“ жарык чачты.
Заңгырап бийик-бийик катар үйлөр,
Кеңири жаш муунга эшик ачты.

(*А. Осмонов*).

Көнүгүү 44.

Атоочтук жана этиштик баяндоочторду ажыраткыла.

ФРУНЗЕ ШААРЫ.

Кыргыз ССРинин борбору—Фрунзе шаары. Шаарда биздин республиканын Жогорку Совети жана Өкмөтү турат.

Мурун бул шаарды Пишпек деп аташчу. Ал Кызыл Армиянын полководеци жана атактуу революционер Михаил Васильвич Фрунзени урматтап, ошол кишинин атына коюлган. Фрунзе Пишпек шаарында туулуп өскөн. Ал туулган көчө да анын атына коюлган. Ал көчө Фрунзе көчөсү деп аталат. Фрунзе төрөлгөн үйдө музей да уюштурулган.

Фрунзе шаары Кыргыз Ала-Тоосунун этегинде. Чүй өрөөнүнүн көтөрүңкү, тегиз жерине салынган. Шаардан караганда Ала-Тоонун кардуу чокулары кооз болуп көрүнүп турат.

Мемиреп жазгы күн ачык тийип турган кезде, биздин мектептеги окуучуларды шаардын четине, экскурсияга алып чыктык. Ал барган жерибиздин аралыгы Фрунзе шаарынан жети километр ыраактыкта эле. Биз адырлардын үстүнө чыккандан кийин, Фрунзе шаары биздин алаканыбыздын үстүндө тургандай болуп, абдан жакшы көрүндү. Ал бир канча чоң аянтты ээлеп турат. Көчөлөрү түп-түз жана кең келип, бардыгына бак-даракtар тигилген. Бийик чыккан теректер алыстан кооз болуп көрүнүп турат.

Шаардын бардыгы өзүнүн жап-жашыл болуп турган бак-даракtары менен чүмкөлүп тургансып көрүндү. Ошол жашыл тарткан бак-даракtын арасынан чоң имараттар, заводдор жана фабрикалар көрүнүп турат.

Көнүгүү 45.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Жашыл бактардын арасынан вокзал, өкмөт үйү, эт комбинаты жана башка үйлөр өтө сонун көрүнөт.

Эгерде ушул тигилген бак-даракtар жок болсо, анда Фрунзе шаары абдан ысык жана көркөмсүз болуп көрүнөр эле.

Биз шаарды карап, анын көрүнүшүнө кызыгып жаткан кезде, мугалимибиз өткөн убакта башынан өткөргөндөрүн аңгеме кылып айтып берди.

— Фрунзе шаары турган жер, мурун ээн талаа эле. Аламүдүн суусунун боюнда гана кичинекей чеп бар болучу.

Пишпектин шаары көбүнчө кыштакка окшоп туручу эле, эки катар салынган үйлөр болгон эмес. Көчөлөр жакшы тартипке келтирилбеген. Ичүүгө арыктардагы ылайланган суу пайдаланылуучу.

Завод-фабрикалар болсо такыр жок катарында болгон.

Эмгекчилер революцияда өкмөттү өз колдоруна алгандан

кийин гана шаарды жакшылап, көркөмдөп туруу ишине киришти, шаар аркылуу темир жол өткөрүштү. Заводдорду, фабрикаларды курду. Водопроводдорду жүргүздү. Жаңы, көп кабаттуу үйлөрдү орнотту. Стадиондор, мектептер, жогорку окуу жайлары ачылды жана көп көчөлөргө асфальт төшөлдү.

Шаарда троллейбус да жүрөт, дагы жаңы үйлөр салынат. Кыргызстандын борбору азыркы көрүнүшүнөн да кооз түргө айланат.

(*Б. А. Лунин*).

§ 19. Ээ менен баяндоочтун арасына сызыкчанын коюлушу.

1. Сүйлөмдүн баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атооч болсо, баш мүчөлөрдүн арасы сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы: Бул совхоз—алдыңкы совхоз.

Үчөө—менин китебим.

Ырдаган—Асел.

Тарс эткен—мылтыктын үнү.

Бул—кыргыздын улуу акыны Токтогулдун сүрөтү. (Баяндоочтор—совхоз, китебим, Асел, үнү, сүрөтү).

Эгер баяндоочтук милдет аткаруучу зат атоочторду көмөк сөздөр жандап турса, же ал баяндоочторго суроолуу мүчө, кудук мүчө айкашса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт. Мисалы: Бул колхоз алдыңкы колхоз экен. Ырдаган Асел эле. Көрүнгөн мал го. Көмөк сөздөр—экен, эле, го.

Келаткан Урмамбекпи? Маараган эчкидир (суроолу, күдүк мүчөлөр баяндоочко айкашты).

Эскертүү:

а) Эгер сүйлөмдүн баяндоочу жатыш жөндөмөдө турса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Ал окууда. Биз окуудабыз. Сен окуудасың.

Мындай учурда баш мүчөлөр кош милдет аткарды деп айтууга болбойт.

б) Сүйлөмдүн баяндоочу жик мүчөдө, же жак мүчөдө турса да, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Сен окуучусуң. Сен менин окуучумсуң.

3. Сүйлөмдүн баяндоочу атооч жөндөмөдөгү сан атоочтордон болсо, баш мүчөлөрдүн арасы сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы: Ондун жартысы—бешөө.

Биздин класста окуган балдардын саны—отуз бир.

Эгер баяндоочтук милдет аткаруучу сан атоочторду көмөк сөздөр жандап турса, же ал баяндоочтор жөндөмөдө турса,

же аларга суроолуу, көмөк мүчө уланып турса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Анын дептери бешөөбү? Анарбек экиде. Биздин класстагылардын саны отуз бир чыгар. Акматтын калеми ондур. Абылайдын калеми тогуз болсо керек. Асия жетиде го.

Баяндоочтор—бешөөбү, экиде, отуз бир чыгар, ондур, тогуз болсо керек, жетиде го.

4. Сүйлөмдүн баяндоочу заттык маанидеги сын атоочтордон болсо, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлат.

Мисалы: Булар—каармандар. Менин китебим—кызылы. Мындай сын атоочторду көмөкчү сөз, же жогоруда көрсөтүлгөн мүчөлөр жандап, же айкашып турса, сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Булар каарман окшошот. Сенин китебиң кызылы го.

Эгер өз маанисин сактап турган сын атоочтор баяндоочтук милдет аткарса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Колхоздун малдары семиз. Биздин мектеп таза. Баяндоочтор—семиз, таза.

5. Сүйлөмдүн баяндоочу ат атоочтордон болсо, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт. Мисалы: Келген ал. Ырдаган сен. Жазып жаткан менмин. Олтурган сенсиң. Келген албы? Жазган сенсиңби? Ырдап жаткан алар го. Келгендер силер экенсиңер го. Ырдаган ким? Ал эмне? Ал китеп кимде?

Эскертүү: 1. Таандык мүчөдө турган атоочтор (эгер жөндөмөдө турбаса) атооч жөндөмөдө турат деп эсептелет.

6. Этиш сөздөр баяндоочтук милдет аткарса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Ал жазды. Ким келди? Акмат тоого кетти. Төртөө келди. Көгү сатылып алынды. Баяндоочтор—*жазды, келди, кетти, сатылып алынды.*

Көнүгүү 46.

Баш мүчөлөрдү ажыратып, тийиштүү баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча койгула.

Жогортон шамал болуп, карайган булуттар туш-тушка тарап, белгисиз житип жок болду. Күн кайра ысыды. Айлана көпкөк. Талаа бети сайма менен сайгандай түрдүү түскө боёлгон. Карачы, кандай сонун. Тетигил эгин талаасы. Бул пахта. Тигил түнөргөн жемиш багы. Сай-сай болуп созулуп жаткан кызылча талаасы. Терең ойго түшүп, колхоз талаасынын мындай өзгөрүшүн карап олтуруп, убакыттын өткөнүн сезбей да калыптырбыз. Аңгыча Сүйүнкулов келип „саламатсызбы“ декенде, жалт бурула бердим. Ага бул талаага кандай кызыканымды айтып бердим. Колхозчулардын эмгеги мындан да

сонунду өндүрөрү сөзсүз. Буудайлардын баштары кере карышы. Айрыкча кызылчалардын көпкөк болуп турганы өзгөчө көзгө түшөт. Менин жанымдагы жигит айыл чарба институтунун практикадагы студенти эле. Жаңы келген жигит Сүйүнкулов колхоздун бригадири. Бул талаа анын бригадасына тиешелүү.

§ 20. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү.

Сүйлөмдүн ээ менен баяндоочтон башка мүчөлөрү айкындооч мүчө деп аталат. Айкындооч мүчөлөр баш мүчөлөрдүн бирине таандык болуп, аларды жандап жүрүшөт.

Айкындооч мүчөлөр сүйлөмдүн кайсы баш мүчөсүнө таандык экени суроолор аркылуу ажыратылат.

Мисалы: Пионерлер тоого чыгышты.

— Кайда чыгышты?

— Тоого. Бул сүйлөмдө айкындооч мүчө баяндоочко таандык болуп, баяндоочту жандады.

Үч бала жарышты.

— Канча бала?

—Үч. Бул сүйлөмдө айкындооч сөз (үч) ээни жандап, ээге таандык болду.

Эпкиндүү пионерлер лагерге жиберилет.

— Кайда жиберилет?

— Лагерге (баяндоочту жандады)


— Кандай пионерлер?

— Эпкиндүү (ээни жандап, ээге таандык болду).


Айкындооч мүчөлөр сүйлөмдүн кайсы баш мүчөсүнө таандык болсо, айкындоочко берилүүчү суроо ошол мүчө менен кошо айтылат.

Муну төмөнкү схема менен көрсөтүүгө болот.


1. Күлүк ат чуркады.



2. Самолёт бийик учту



3. Эки суучул сууда сүздү.



Көнүгүү 47.

Тексттеги сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү кайсы баш мүчөгө таандык болуп турганын аныктагыла.

ЖЕКШЕМБИ КҮНҮ.

Күз мезгили. Окуу кызуу жүрүп жаткан убак.

Мен жекшемби күнү эртең менен бакка бардым. Күн чайыттай ачык эле.

Асманда кылайган да булут жок. Күздүн сергүн жели гана болор болбос согуп турат. Бактын жалбыректары бүрүшүп, чөптөр саргайган.

Тегерек тыптынч. Бактагы куураган жалбыректар болор-болбос шуулдаганы менен, бирин-серин каргалардын чуулдаганы гана угулат. Бактын арасына бүрүшкөн сары жалбыректар толгон. Гүл тандап конгон көпөлөктөр, бакка конуп сайраган булбулдар, күз келгендиктен, эчак эле жок болгон.

Түшкө дейре жүрүп көңүл ачтым. Күздүн күнү табийгаттын өзгөргөнүн көрдүм. Мугалимибиз келирки сабакка чейин „Күзгү көрүнүш“ деген темада кичинекей аңгемени ойлоп жазып келүүнү тапшырган. Мен бак-даректардын жана башка өсүмдүктөрдүн күзүндөгү көрүнүштөрүн көрүп, мугалимдин тапшырмасын аткардым.

Көнүгүү 48.

Муну да жогоркудай иштегиле.

КИТЕП.

Билбегенди билдирген
Китеп менин акылым.
Көрбөгөндү көргөзгөн
Көздөй тунук жакыным.

Асыл акыл издесем,
Китептерден табамын.
Китебим жок күндөрдө
Төмөн түшөт кабагым.

Жалгыз жүрсөм сүйлөшкөн,
Акылдашым китебим.
Жолдош кылам ар качан
Жазгычтардын китебин.

(*А. Токомбаев*).

Көнүгүү 49.

Текстти дептериңерге көчүрүп, айкындоочтордун алдын сызгыла.

БАЛДАРГА КАТ.

Ардактуу балдар, Лениндин—Сталиндин ишин уланткыла. Турмушту баарыга жарык, жемиштүү, маданияттуу кылуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшагыла.

Көп-көп окуп сабагыңарды жакшы билгиле. Анткени—силер көптү билишиңер керек. Эмгекте жана окууда бири бириңерге жардамдашып, ынтымактуу болууга көнүгүлө. Силердин араңарда, ар түрдүү улуттардын балдарынын арасында, балдар менен кыздардын арасында кадимкидей жолдоштук ынтымак болсун.

Күчтүүрөгүңөр, көбүрөөк билгендериңер, зээндүүрөгүңөр азыраак билгендериңерге, начарыраагыңарга жардам берүүгө тийишсиңер.

Элдин мүлкүн сактоо жөнүндө да камкордук кылышыңар керек. Балдар кулап жаткан дубалды көрсө, оңдосун; кир, жайган жерде тепселип жатканын көрсө, жыйнасын. От ээн күйүп жатканын көрсө, өчүрсүн, кичине балдарды бирөө ызалап жатканын көрсө, болушсун, колу кат билбегендер кезиксе, окутуп, кат таанытсын. Өзүңөрдөн улууну урматтап, ишине жардам бергиле, турмушту байкап, ага терең көз салып, аны терең түшүнүш керек. Совет өкмөтүнө ким дос, кас экендигин ажырата билиш керек. Өз боюңарды өзүңөр токтото, өзүңөрдү өзүңөр алып жүрө билгиле. Туруктуу, токтоо, кайраттуу, кажыбас, эмгекке жана эл коргоого дайым даяр болгула.

(*Н. Крупская*).

§ 21. Жөнөкөй жана татаал айкындооч.

Айкындооч мүчөлөр да баш мүчөлөр сыяктуу жөнөкөй айкындооч, татаал айкындооч болуп экиге бөлүнөт.

Эгер айкындоочтук милдетти бир гана сөз аткарса, жөнөкөй айкындооч деп аталат.

Мисалы: Окуучулар экскурсияга чыгышты. Зуура кызыл, жашыл гүл терди. Бул сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй айкындоочтор—экскурсияга, кызыл, жашыл, гүл себеби—ар бир сөз айрым маанаге ээ жана айрым милдет аткарып жатат.

Эгер айкындоочтук милдетти бир маани берүүчү бир нече сөз аткарса, татаал айкындооч деп аталат.

Мисалы: Ал эртең менен келди. Татаал айкындооч—эртең менен. Ал эртең менен эрте келди. Татаал айкындооч—эртең менен, жөнөкөй айкындооч—эрте. Биз фронтчулардын үй-бүлөсүнө жардам көрсөттүк. Татаал айкындооч—үй-бүлөсүнө.

Татаал ээлик, татаал баяндоочтук милдет аткаруучу зат, сан, ат, сын атоочтор жана атоочтуктар татаал айкындоочтук милдет аткарышат.

Айкындоочтор аткарган милдетине карай үчкө бөлүнөт. Анын бирөө—**толуктооч** деп, экинчиси—**аныктооч** деп, үчүнчүсү—**бышыктооч** деп аталат.

Көнүгүү 50.

Текстти окуп, жөнөкөй жана татаал айкындоочторду ажыраткыла.

ЭМГЕК БААТЫРЫ.

Тообай өзүнө берилген дан эгиндеринин ар бир гектарынан 21 центнерден түшүм алды. Тообайдын мындай түшүмгө ээ болушу анын колунан ар иш келе тургандыгын көрсөттү. Ал өзүнүн дыйканчылыктагы өнөрү менен Бүткүлсоюздук айыл чарба көргөзмөсүнө катышты. Бүткүлсоюздук айыл чарба көргөзмөсүнөн соорулуу, көкүрөктүү жылкыларды, сүттү көп бере турган үйларды, уяң жүндүү койлорду, тыбыттуу эчкилерди көрдү. Тообай кандайдыр бир чоң мектептен өткөндөй болду. Көргөзмөдөгү малдарды бир гана көрүп тим болбостон, бир канча жолу көрдү. Малдардын өсүшү жөнүндөгү лекцияларды өтө кызыгуу менен көңүл коюп укту. Анын көзү өзгөчө жылкыга түшүп, бардык ойлогону көргөзмөдөгү жылкыларды өз колхозунда өстүрүү болуп калды.

Тообай Бүткүлсоюздук айыл чарба көргөзмөсүнөн келери менен өзүнүн суроосу боюнча жылкычы болуп дайындалды. Жылкычы болуп иштөө ал эң эле татаал иш экендигин колхоздун председатели эскертти.

Көнүгүү 51.

Айкындооч сөздөр кайсы сөзгө тиешелүү болсо, ошол сөз менен бирге көчүрүп жазгыла.

Тообай председателдин айткандарын кабыл алды. Эртеликеч тажрийбалуу жылкычылардын тажрийбасын үйрөндү. Жылкы асыроонун тартибин зоотехниктен сурап турду. Өз колхозундагы жылкынын тукумун асылдандыруу ишине киришти. Ошентип, Тообай жылкычы болуп иштегенден тартып, жылкынын саны да, сапаты да тынымсыз өсө баштады. Ошол жылы күздө өзү өстүргөн жылкыларынын ичинен кырк беш бээни бекиттирип алды. Ал бээлерден алынган кулундарды чыгашасыз өстүрүүнү өзүнө милдеттенме кылып койду. Тообай өзүнүн алган милдеттенмесин айтканындай так орундатуу үчүн ишке киришти. Ал өзү алган милдеттенмесин абийирдүүлүк менен аткарды. Кырк беш бээден алынган кулундарды чыгашасыз өстүрдү.

— Жылкы деп ушуну айтуу керек. Армияга ушундай гана жылкыны бериш керек. Жарайсың! Эмгектин сендей күжүрмөндөрү дагы көбөйсө, колхозубуздун даңкы өлкөбүзгө жа-

йылбайбы!—деп, колхоздун председатели Тообайга ыразы болду. Тообай колхоз тарабынан көп сыйлыктар менен сыйланды.

Кийинки жылы Тообай элүү беш бээни алды. Анын ойлогону—бээлерден кысыр калтырбоо, колхозчулардын алдында уят болбоо, алган милдеттенмесин туура орундатуу. Ал сууктуу да тоотпойт. Жайыттардын жакшысын, ыңгайлуусун издеди. Кээде тамак ичпей, жылкы менен талаада түнөп калган күндөрү болду. Мына ушинтип, Тообай өзү көздөгөн ишин сүйүп, ага берилип иштеди. Ошонун натийжасында элүү беш бээден элүү беш кулун алып, аларды чыгашасыз өстүрдү.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы боюнча Тообай Кийизбаевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилди.

(*Газетадан*).

Көнүгүү 52.

Жогоркудай иштегиле.

Биз ууга чыктык. Тоо өтө бийик экен. Мен бийик тоого бат чыгам. Бат эле чокусуна жеттим. Кечки салкында кайра кайттык. Көп кекилик, чил атып алдык. Касен улар атып алды.

Көнүгүү 53.

Жогоркудай иштегиле.

Биздин колхоздо кой, уй, жылкы фермалары бар. Мектептин окуучулары бул фермаларды шефке алышты. Туут убагында көп жардамдар көрсөтөбүз.

АНЫКТООЧ.

§ 22. Аныктооч жөнүндө жалпы маалымат.

Сүйлөмдө зат атоочторду жандап жүрүп, анын сын-сыпатын, белгисин, санын, же бир жакка таандык экенин көрсөткөн сөздөр аныктооч деп аталат.

Аныктооч кандай? кайсы? кимдин? эмненин? канча? нече? канчанын? нечendin? нечендчи? канчанчынын? нечендчинин? кандайдын? кайсынын? кайсы? кайдагы? деген сыяктуу суроолорго жооп беришет.

Мисалы: Чүрөктүн жолдошу келди. Аныктооч—Чүрөктүн, кимдин? деген суроого жооп берет, зат атооч. Магазинден жаңы китептер алдым. Аныктооч—жаңы, кандай? деген суроого жооп берет, сын атооч. Ал жетинчи класста окуйт. Аныктооч—жетинчи, канчанчы? деген суроого жооп берет, сан атооч.

Кай бир учурда кандай? канча? нече? деген суроого жооп берүүчү сын, сан атооч сөздөр этиш сөздөрдү жандап айтылат. Андай сөздөр аныктооч боло албайт, себеби—заттын белгисин, санын көрсөтө албайт, кыймыл-аракеттин сапаттарын жана сан жагынан болгон белгисин көрсөтөт.

Мисалы: Лектор жай сүйлөдү. Бул сүйлөмдө *жай* деген сөз кандай? деген суроого жооп берет, бирок ал сөз заттын белгисин көрсөтө алган жок. *Сүйлөдү* деген баяндоочтук милдет аткаруучу этиштин сапаттык белгисин көрсөттү.

Ат катуу чуркады.

Мында да *катуу* деген сөз аныктооч боло албайт, бышыктоочтук милдет аткарды.

Аныктоочторду өзүнө таандык кылып турган (аныкталып турган) сөздөр *аныкталгыч* деп аталат, башкача айтканда, зат атооч сөздөр гана аныкталгыч болот.

Мисалы: Чоң канал курулду. Аныкталгыч—канал, аныктооч—чоң. Биз эртеңки сабакка даярдандык. Аныкталгыч—сабакка, аныктооч—эртеңки.

Аныкталгычтар сүйлөмдүн тизмегинде ээлик, же баяндоочтук, же толуктоочтук, же бышыктоочтук милдет аткарышы мүмкүн.

Мисалы: Ал кызык ыр жазды. Аныкталгыч—ыр, зат атооч, толуктоочтук милдет аткарды, аныктооч—кызык, сын атооч. Жаңы китепканага бардык. Аныкталгыч—китепканага, зат атооч, бышыктоочтук милдет аткарат, аныктооч—жаңы, сын атооч. Бул—менин жолдошум. Аныкталгыч жолдошум, зат атооч, баяндоочтук милдет аткарды, аныктооч—менин ат атооч.

Кээде жөндөмөдө турган сын, сан атооч сөздөр аныкталгыч болот, андай жөндөмөдөгү сын, сан атооч сөздөр заттык мааниде болот.

Маселен: Үчөөнүн бирөө сыйланат. Экөөнүн бирөөнө барам. Аныктоочтор — үчөөнүн, экөөнүн аныкталгычтар—бирөө, бирөөнө. Күлүктүн күлүгү чыгат. Аныкталгыч—күлүгү, ээлик милдет аткарды, аныктооч—күлүктүн. Жакшынын жакшысын алдым. Аныкталгыч—жакшысын, толуктоочтук милдет аткарды, аныктооч—жакшынын.

Аныктоочтор көмүскө калып да айтыла берет.

Мисалы: Китебин алдым. Көмүскө калган аныктооч—анын. Мындай көмүскө калган аныктоочтор аныкталгычтын аягындагы таандык мүчө аркылуу белгилүү болуп турат.

§ 23. Аныктоочтук милдет аткаруучу сөздөр.

Аныктоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү сын, сан, ат атоочтор, атоочтуктар жана илик жөндөмөдөгү зат, сан, ат, сын атоочтор аткарышат.

1. Сын атооч. Чоң канал казылды. Бийик тоого экскурсияга бардык. Анын мингени семиз ат экен. Аныктоочтор—чоң, бийик, семиз—сын атооч, анын—ат атооч.

2. Сан атооч. Эки бригада социалисттик жарышка чыгышты. Ал жетинчи класста окуйт. Сен экинчи класстасың. Аныктоочтор—эки, жетинчи, экинчи—сан атооч, социалисттик—сын атооч.

3. Ат атооч. Бул китеп мени ки болуу керек. Ал жолдошторумду жаңы көрдүм. Окуган—тиги бала. Аныктоочтор—бул, ал, тиги—ат атооч.

4. Атоочтуктар. Москвадан келген адам биздикине келди. Аныктооч—келген, атоочтук (кайсы? деген сурооого жооп берет, ээ—адам).

Эскертүү: 1. Эки зат атоочтон түзүлгөн татаал аттарда анын бирөө сапатты көрсөтүп, бирөөнө аныктооч болуп түшөт.

Мисалы: Темир жол курулду. Темир—затка аныктооч болуп түштү, бирок бул заттын керт башындагы аты болгондуктан, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсү болуп эсептелбейт.

2. Кээде зат атоочтор уңгу түрдө туруп, аныктоочтук милдет аткарат, бирок булар заттык мааниде эмес, сын атоочтук мааниде турат. Жумушчу адам келди. Окуучу Асан келди. Аныктоочтор—жумушчу, окуучу, сын атоочтук мааниде турат.

5. Илик жөндөмөдөгү атоочтор жана атоочтуктар. Чынардын баласы шаарда окуйт. Менин жолдошум шаарда иштейт. Анын окуганынын кереги көп тийди. Газета окуунун мааниси өтө чоң. Жакшынын жакшысын алып берем. Экөөнүн бирөө барат. Кыйындын кыйыны жеңет. Аныктоочтор—Чынардын, менин, анын, окуганынын, окуунун, жакшынын, экөөнүн, кыйындын.

Эскертүү: Ээлик милдет аткаруучу зат атоочтор көмүскө калса, ага аныктооч болуп турган атоочтук ээлик милдет аткарат.

Мисалы: Сүйлөгөн жигит—Акмат. Аныктооч—сүйлөгөн. Сүйлөгөн—Акмат. Ээ—сүйлөгөн.

6. —Чa,—сыз,—чан,—дай,—лаш,—луу,—лык, кы мүчөлөр айкашкан атоочтор аныктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Атчан адам күтүп турат. Ондой окуучу сыйланды. Тоодой бийик атка миндим. Бактылуу адам экенсиз. Кечеки жумушту бүтүрдүм. Суусамырдагы мал жакшы семирди. Коомдук ишке большевиктик мамиле керек.

Аныктоочтор—баскан, атчан, ондой, тоодой, бийик, бактылуу, кечеки, Суусамырдагы, коомдук, большевиктик.

7. Чалыш, сымак, сыяктуу ж. б. жардамчы сөздөр атоочторго көмөк болуп, аныктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Аргымак чалыш ат миндим. Сен сыяктуу жолдош күттүм. Аныктоочтор—аргымак чалыш, сен сыяктуу.

8. Бар, жок, көп деген сыяктуу сөздөр атоочторго көмөк болуп да, аныктооч мүчө жасалат.

Мисалы: Эгини көп колхоздо болдум. Балыгы жок көл болобу?

Аныктоочтор—эгини көп, балыгы жок.

Аныктоочтор аткарган милдетине карай экиге бөлүнөт: анын бирөө—**тике аныктооч**, экинчиси—**кыйыр аныктооч.**

Көнүгүү 54.

Аныктоочтордун кандай сөздөрдү аныктап тургандыгын жана кайсы сөз түркүмү экендигин аныктагыла.

ДАҢКТУУ ШАХТЁР.

Таң жээк салып агарды. Мамажан Ташымбетов иштен чыгып, үйүн көздөй бет алды. Жолдо келе жатып, Көк-Жаңгак тоосунун кырына чыгып бир аз токтоп турду. Тоонун чокусунан айлана жакшы көрүнөт. Мамажан айланага көз жүгүртүп, жаратылыштын кубулуштарына, кендин сонун көрүнүштөрүнө карады. Өзүнүн кенге биринчи келген күндөрүн көз алдына элестетти. Ал кезде Сүйрү-Төбө тоосуна уланган Көк-Жаңгактын бөксөлөрүнүн этектеринде бирин серин гана кепелер бар эле.

Көк-Жаңгак кенине Мамажан Ташымбетов 1925-жылдын жаз айларында келген. Андан бери жыйырма жыл өттү. Бул жылдардын ичинде Мамажан өстү. Такшалып машыккан алдыңкы шахтёр болду. Азыр ал кенде Мамажан сыяктуу эмгек майданында эрдик көрсөтүп, жүздөгөн, миңдеген шахтёрлор өстү. Жаңы техникага ээ болгон шахтёрлор эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатты.

Көнүгүү 55.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Көк-Жаңгак азыр шаар болду. Карагылачы, кенчилер турган шаардын көркүн! Көргөндүн көөнү толот, Багыш станциясынан бери нечен дөбөлөрдү, адырларды как жарган темир жол аркылуу шаарга поезд келип токтойт. Туташ салынган эки катар үйлөр, алардын орто чениндеги мектептер, дем алуу үйлөрү, клубдар, бир нече чоң ашканалар, дүкөндөр, нан бышыруучу завод, чет жакаларындагы электр кубатын берип турган электр станциясы, кубаттуу механикалык ишканалар, шаарды жашыл түскө боёгон бак-даректар—мына ушулардын баары партиябыз менен өкмөтүбүздүн жетекчилиги астында кенчилердин күжүрмөн эмгектери менен жаралды.

Ушул көрүнүштүн күчтүү элеси Мамажанды аябай толкундатты. Ал кубанчынан мындай деди:

— Карачы, өмүр сүрүп жашоо көңүлдүү, жыргалдуу болду!

Мамажан эмгек эри. Ал жаш шахтёрлордун тарбиячысы. Өткөн жылы Мамажан көмүр казып чыгаруунун жылдык пла-

нын үч ай мурда орундатты. Андан кийин үч ай өттү. Ташымбетов дагы жеңишке ээ болду. Өткөн жылдын планын жүз отуз үч процент аткарды. Өлкөбүзгө пландан ашык алты миңге жакын тонна көмүр берди. Тажрийбалуу эски шахтёр бул жеңиш менен чектелген жок. Ал жаңы жылда жаңы жеңишке умтулду. Январь айынын биринчи күндөрүнөн тартып февраль айынын экинчи жумасына чейин графикте белгиленген көмүрлөр бир жарым эсе ашык чыгарылып турду. Февраль айынын нормасын ашык аткарды. Бул Мамажандын Кыргызстандын жыйырма жылдык майрамына даярдаган белеги болду.

(*Газетадан*).

Көнүгүү 56.

Ырдын ичинен аныктооч менен аныкталгычтарды көчүрүп, талдоо жүргүзгүлө.

КАНДАЙ СОНУН ЧАР ТАРАП.

Жер терметип жайпалат,
Жашыл шибер жайкалат.
Жыпар жыты аңкыган
Кандай сонун чар тарап!

Булбул үнүн кайталап,
Аска ырдап жар салат.
Табигий күү терметкен,
Кандай сонун чар тарап.

Койгон өндүү калкалап,
Тоосу турат чалкалап.
Токою бар гүл сайма
Кандай сонун чар тарап!

Өмүр сүргөн жан жыргап,
Күндө майрам ыр ырдап,
Кайгыны түк билбеген,
Кандай сонун чар тарап!

(*Н. Байтемиров*).

Көнүгүү 57.

Аныктооч жана аныкталгычтарды, алардын кайсы сөз түркүмүнөн экенин аныктагыла.

ЖАЗДЫН КӨРКҮ.

Каардуу кыштан ал кетип,
Какары суук кар кетип,
Күн узарып мемиреп,
Күңгөйдүн бетин тердетип.

Ак карга бетин чүмкөгөн,
Адырды түздү жердетип.
Төрт түлүк тегиз төлдөгөн,
Жарышка элим дегдеген.

Жаркыраган жаз жетип,
Аптаптуу күнгө чыдабай,
Аскадан мөңгү бузулуп.
Атырылып суу агып,
Ар кайсы ташка урунуп.

Капчыгайды жаңыртып,
Карбаластап жулунуп.

Сай-сайдан сары сал агып,
Саргарып талаа суналып.
Тырышы кетип кара жер,
Тышына көркүн чыгарып.
Жапа тырмак колхозчу,
Жарышка чыгып шыманып.

Ойдунда жаткан калың чий,
Омкорулуп куланып.
Кара чым жатса тизилип,
Караган адам кубанып.

(*Актан Тыныбековдон*)

§ 24. Тике жана кыйыр аныктооч.

Сүйлөмдө бир нече аныктоочтор да болот. Мисалы: Окуучу Акматтан кат алдым. Аныктооч—окуучу, бул сүйлөмдө бир гана аныктооч бар. Ал Суусамырдагы колхоздун малын көрүүгө кетти. Аныктоочтор—Суусамырдагы, колхоздун, бул сүйлөмдө эки аныктооч бар. Бир сүйлөмдөгү бир нече аныктоочтордун бардыгы аныктагычтарды бир түрдүү аныктабайт, башкача айтканда, бир аныктооч аныкталгычты тике (өзүнчө туруп) аныктаса, кээ бир аныктоочтор аныкталгычтарды өзүнчө туруп аныктай албайт.

Андай аныктоочтор аныкталгычты тике аныктап турган аныктоочту аныктоо аркылуу гана аныкталгычтар менен кыйыр түрдө байланышат. Аныкталгычты тике аныктап турган аныктоочтордун өзүлөрү аныкталгычтын ролун аткарып калышат.

Мисалы: Жакшы жердин берекеси көп. Аныктоочтор—жакшы, жердин. Аныкталгыч—берекеси (ээлик милдет аткарып турат). Аныкталгычты *жердин* деген аныктооч аныктап турат. *Жакшы* деген аныктооч *берекеси* деген аныкталгычты аныктай албайт, так айтканда, *жакшы* деген аныктооч *жердин* деген аныктоочту аныктады.

Эки баланын айтканы кызык болду. Аныкталгыч—айтканы, аныктоочтор—эки, баланын. Эки деген аныктооч *баланын* деген аныктоочту аныктоо аркылуу баш мүчө менен кыйыр түрдө байланышты.

Биздин колхоздун Суусамырдагы малы абдан семирди. Аныкталгыч—малы, аныктоочтор—биздин, колхоздун, Суусамырдагы. *Колхоздун*, *Суусамырдагы* деген аныктоочтор бирдей даражада туруп, аныкталгыч менен тикеден-тике байланышып, алардын ар бири өз бетинче аныктай берет. *Биздин*

деген аныктооч *колхоздун* деген аныктоочту өзүнө таандык кылып аныктоо аркылуу аныкталгычка байланышты.

Сүйлөмдө аныкталгычтар менен тике тутумдашкан аныктоочтор тике аныктооч деп аталат. Өзүнчө туруп аныкталгычтар менен байланыша албаган (аныктай албаган) тике аныктоочторду аныктоо аркылуу (байланышуу аркылуу) аныкталгычтар менен кыйыр түрдө байланышкан аныктоочтор кыйыр аныктооч деп аталат.

Мисалы: Педагогия окуу жайын төртүнчү бүтүрүүчүлөрдүн кечеси болду.

Бул сүйлөмдүн ээси—кечеси, баяндоочу—болду, аныктооч—төртүнчү, бүтүрүүчүлөрдүн.

Тике аныктооч—бүтүрүүчүлөрдүн, анткени—*кече* кимдики экенин өзүнө таандык кылып аныктап турат, кыйыр аныктооч—*төртүнчү*, себеби—аныкталгычты тике аныктабастан, аныкталгычты тике аныктап жаткан сөздү аныктоо аркылуу баш мүчө менен байланышты, башкача айтканда, *кече* неченчи бүтүрүүчүлөрдүкү экенин көрсөттү.

Бир сүйлөмдө бир нече тике жана кыйыр аныктоочтор да боло берет.

Мисалы: Сталиндик төртүнчү беш жылдыктын планы кызуу түрдө орундалып жатат. Тике аныктоочтор *беш жылдыктын, кызуу,* Кыйыр аныктоочтор—*Сталиндик, төртүнчү;* аныкталгыч—*планы*, түрдө.

Кай бир учурда аныктоочтордун ордун алмаштыруу менен анын милдетин да өзгөртүп жиберүүгө болот, мындайча айтканда, тике аныктоочтук милдет аткаруучу сөз кыйыр аныктоочтук милдет аткарып, тетирисинче, кыйыр аныктоочтук милдет аткаруучу сөз тике аныктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Суусамырдагы колхоздордун* малдары убагында төлдөдү. Тике аныктооч—колхоздордун. Кыйыр аныктооч—Суусамырдагы;

— Кайсы колхоздордун малдары?


— Суусамырдагы колхоздордун.

Демек, *Суусамырдагы* деген аныктооч малдарды аныктабастан, колхозду аныктоо аркылуу аныкталгыч менен байланышты.


Колхоздордун Суусамырдагы малдары убагында төлдөдү. Тике аныктоочтор—колхоздордун Суусамырдагы. Бул сүйлөмдөгү сөздөрдүн саны, түзүлүшү жогорудагы сүйлөмдөрдөй эле, *Суусамырдагы* деген аныктооч колхозду аныктоо аркылуу аныкталуучуга байланышпай, тике эле аныкталгычты аныктап турат, башкача айтканда, эки аныктооч тең „малдары“ деген ээни аныктап турушат.

Аныктоочтордун мындай бөлүнүштөрүн төмөндөгүдөй схемалар менен көрсөтүүгө болот:


1. Альпинисттер биздин жаныбыздагы тоонун чокусуна чыгышты.



2. Аңыздагы үйүлгөн—биздин звенонун кызылчасынын мол түшүмү.



3. Биз эки чоң шаарга бардык.



Көнүгүү 58.

Тике жана кыйыр аныктоочторду ажыратып, алар сүйлөмдүн кайсы аныкталгычын аныктап тургандыгын айтып бергиле.

1. Кечээ биздин заводдун жумушчуларынын жыйналышы болду. Жыйналышта заводдун директорунун доклады коюлду. Директор беш жылдыкты төрт жылда аткаруудагы завод коллективинин күрөшүн айтты.

Биздин заводдун жумушчуларынын кайраттуулук менен иштеп жаткандыгын белгиледи. Токарь Кабылбеков күндөлүк нормасын үч жүз процент аткарат. Слесарь Самойлов беш жылдык планын үч жылда аткарган. Бул жыйналышта Фрунзе атындагы заводдун жумушчуларынын үндөөсүн кабыл алдык.

2. Мектептин эки окуучусу отличниктердин областтык слётуна кетишти.

— Кайсы мектептин окуучулары кетишти?
— Биздин мектептин окуучулары кетишти.
— Ырдаган кимдер?
— Ырдаган—биздин мектептин окуучулары.

3. Биздин колхоз—бай колхоз. Биздин колхоздун малы—асыл тукум мал. Колхоздо канаттуулар фермасы бар. Фермада ак, сары, кара, чаар тооктор бар. Ап-аппак болгон каздар бар.

4. Маданий агартуу ишин жакшыртуу—элдик иш. Элдин билим деңгээлин көтөрүү керек. Массанын алдында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү мектеп окуучуларынын да милдети болот.

Көнүгүү 59.

Тексттеги аныктоочторду жазуу түрүндө схемалап ажыраткыла.

Кыргызстанда ири завод-фабрикалар курулду. Советтик Кыргызстандын маданияты күн санап өсүүдө.

Мен сталиндик доордун бактылуу баласымын. Элдин саясы деңгээли тез жогорулоодо.

Көнүгүү 60.

Аныктоочторду жана аныкталгычтарды ажыраткыла.

ДЫЙКАН МЕНЕН МЫРЗА.

Ookaты түгөнгөн дыйкан мырзанын токоюнан ан уулайт. Аны каардуу мырза көрүп калып, соттотмокчу болот. Дыйкан кечирим сурайт. Мындан кийин анын түнөргөн токоюнан ан уулабастыгын билдирет. Бирок терс мырза кечирбейт. Сот дыйканды түрмөдө жатууга кесет. Түрмөдө жатып, жатуу мөөнөтү да бүтөт. Үйүнө келет. Бир күнү мырзанын калың токоюн аралап келатса, чоң күрөң аюу менен мырзанын алышып жатканын көрөт. Дыйкандан мырза аюуну атууну сурайт. Дыйкан мырзанын токоюнда „атпаймын“ деп убада бергем деп, атпай коёт. Ушинтип, аюу каардуу, мырзаны жарып салат.

(*Орус фольклорунан*).

§ 25. Толуктооч.

Баяндоочторго багынып, сүйлөмдүн тизмегинде заттын атын белгилеп, кимди? эмнени? кимде? эмнеде? кимге? эмнеге? кимден? эмнеден? ким менен? эмне менен? ким жөнүндө? эмне жөнүндө? канчага? канчадан? канчанчыны? кандайын? деген сыяктуу суроолорго жооп берүүчү сөздөр толуктооч деп аталат.

Толуктоочтун милдетин барыш, жатыш, чыгыш, табыш жөндөмөдөгү жана *менен*, *жөнүндө* деген байламта тутумдашкан атооч жөндөмөдөгү зат, ат, сын, сан атоочтор, атоочтуктар аткарат.

I. Зат атооч. Мен заводду көрдүм. Көп цехтер бар экен. Ар бир цехтен ар башка буюмдарды жасайт экен. Завод жөнүндө башка окуучуларга айтып бердим. Толуктоочтор—*заводду*, *буюмдарды*, *завод жөнүндө*, *окуучуларга*.

2. Ат атооч. Акмат мени чакырды. Ал мага китеп берди. Окууга барууну сунуш кылды. Толуктоочтор—*мени*, *мага* (ат атооч), *китеп* (зат), *барууну* (атоочтук).

3. Сан атооч. Кабыл он төртко чыкты. Быйыл жетинчини бүтөт. Толуктоочтор—*он төртко*, *жетинчини*.

4. Сын атооч. Ал көгүнөн алды. Мен кызылын алдым. Актан карасы жакшы. Толуктоочтор—*көгүнөн, кызылын, актан.*

Толуктоочтук милдет аткаруучу сан жана сын атоочтор да өзүлөрүнүн сан, сын атоочтук маанисин жоготуп, зат атоочтун маанисин берип калышат, себеби—алар көмүстө кыскарылып калган зат атоочтун ордун ээлеп турушат. Жогорудагы келтирилген мисалдарды *он төрткө* деген сан атооч *„он төрт жашка“* деген мааниде турат — *„жаш“* деген заттын ордун ээлеп, заттык маани берди. *„Жетинчини“* деген сан атооч да *классты* деген зат атоочтун ордун ээледи. Жогоруда толуктоочтук милдет аткаруучу *көгүнөн, кызылын, актан* деген сын атоочтор да көмүстө калган зат атоочтордун ордун ээлеп, заттык маани берди.

5. Атоочтуктар. Ал жазгандарын көрсөттү. Толуктооч—*жазгандарын.*

Көп учурларда барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү айкындоочтор, толуктоочтук милдет аткарбай, бышыктоочтук милдет аткарып, орунду, мезгилди көрсөтүп калат. Ошондуктан толуктоочторду сүйлөмдөгү аткарган маанисине карап жана суроолорго карай ажыратууга керек. Айтылган жөндөмөлөрдөгү сөздөр **кайда? кайдан? каякка**? (кай жакка?) деген суроолорго жооп берсе, бышыктоочтук милдет аткарат да, **кимге? эмнеге? кимден? эмнеден? кимде? эмнеде**? деген суроолорго жооп берсе, орунду, мезгилди көрсөтө албай, толуктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Ал газетага жазылды.*

— Эмнеге жазылды?—газетага (толуктооч, себеби—орунду көрсөтпөйт).

Ал тоодо болду.—Кайда болду?—Тоодо (бышыктооч) себеби—орунду көрсөттү. Сенден кийин калды.—Кимден кийин калды?—сенден кийин (толуктооч). Мектепте көп китеп бар.—Кайда көп китеп бар?— Мектепте (орун бышыктооч).

Толуктоочтор ар дайым баяндоочко таандык болуп, ага багынып турат.

Көнүгүү 61.

Толуктоочтордун кайсы сөздөрдү толуктап тургандыгын ажыраткыла.

МАШИНИСТ ЖАВИРА ЖУСУПОВА.

Паровоздун дөңгөлөгү темир жолдун үстү менен ылдам кетип бара жатат. Жаш кыздын балбылдаган карагаттай көздөрү кетип бара жаткан жолунан эч жакка бурулбайт. Жавира Жусупова Крупская атындагы балдар үйүнүн тарбиясынан чыккан.

Жавира ФЗОдон бир жыл окуду. Деподо слесарь-машинист болуп иштеди. Андан кийин жолдош Жусупова Жамбул шаарындагы машинисттердин жардамчыларын даярдоочу курстан окуган.

Жусупова жаңыдан машинист болуп иштеген кезде, согушка байланыштуу темир жолчулардын алдында эң кыйын милдеттер турган эле. Жавира өз алдына коюлган милдеттерди үлгүлүү аткаруу менен күйүүчү майларды жана отундарды үнөмдөп турду. Поезддин ылдамдыгын күн сайын ашыра берди. Ал иштегенден бери поездде эч кандай авария жана башка бузулуулар болгон эмес. Жавиранын эмгек книжкасына Түркстан-Сибирь темир жолунун начальниги тарабынан сегиз жолу алкыш берилгендиги жөнүндө жазылган.

Ал кыймылдын графигин дайыма так орундайт. Жакында Жавира Жусупова темир жолдогу үлгүлүү иштери үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан Ленин ордени менен сыйланды.

(*Газетадан*).

Көнүгүү 62.

Толуктоочтордун кайсы сөз түркүмүнөн экендигин жана кайсы сөздөрдү толуктап тургандыгын ажыраткыла.

КРУЖОК.

Мектебибизде комсомолго өтүүгө даярданып жүргөн пионерлердин саясий окуу кружогу бар. Бул кружокко комсомолго өтүүгө даярданып жүргөн бир далай пионерлер катышат. Кружокто комсомолдун уставы менен программасын, Лениндин—Сталиндин өмүр баяндарын жана күндөлүк болуп жаткан эл аралык абалды үйрөнөбүз.

Жакында кружоктун жетекчиси бизден ар түрдүү суроолор сурады. Анын суроолоруна жооп бердик. Жетекчи мага карап: —Муратбек, сенин даярдыгың жаман эмес экен. Жакында комсомол уюмунун жыйналышында сенин жана башка бир нече пионерлердин комсомолго өтүш үчүн берген арыздарын коёбуз. Ага чейин эл аралык абалдан жана өз өлкөбүздүн жаңылыктарынан жакшылап окуп, даярдана бергин,—деди.

Мен бул сөзгө абдан кубанып, даярдыгымды дагы күчөтүп жатам. Менден башка пионерлер да даярдыктарын күчөтүп жатышат. Жакында мен жана бир канча пионерлер комсомолго өтөбүз. Кружоктон биз көп нерселерди үйрөнөбүз.

Көнүгүү. 63.

Толуктоочторду ажыраткыла.

Капар мага келди. Экөөбүз китеп окудук. Эртең кино көрөбүз. Быйыл жетинчи классты бүтөбүз. Ал дептер, сыя алды. Мен да сыя алдым. Бермет сыянын көгүнөн алды. Дептеринин бирөөнү ыр жазууга арнады.

Көнүгүү. 64.

Толуктоочторду ажыраткыла.

Таан көгүчкөндөрдүн жакшы оокатын көрүп кызыкты. Булар сыяктуу аппак болуп боёлуп алды да, көгүчкөндөр турган уяга учуп келди. Көгүчкөндөр таанды көгүчкөн деп ойлоп, уяга кийирип алышты. Бирок таан көгүчкөн сыяктуу боёнгонун унутуп калып, таанча кыйкырып жиберди. Анда көгүчкөндөр таанды туш-туштан чокулашып, кууп чыгышты. Таан качкан бойдон өз шериктерине барды. Алар мунун актыгынан чочуп, дагы таанды кууп салышты.

(*Л. Толстой*).

Көнүгүү. 65.

Муну да жогоркудай иштегиле.

АЙБАНДАРДЫН ТАЛАШЫ.

Үй ээси кимди абдан жакшы көрөт деп, уй, ат, ит—үчөө өз ара талаша кетти.

— Албетте, мени,—деди ат.

— Мен анын сокосун, маласын, токойдон отунун тартгым. Үстүмө минип алып шаарга барат.

— Жок, үй ээси мени баарыңардан жакшы көрөт, мен анын бүт бүлөсүн сүт менен тойгузам,—дейт уй.

— Жо—жок, мени—деп, ит каңкылдады.—Мен үй ээсинин мүлкүн жакшы кайтарам,—деди.

Үй ээси бул талашты угуп калып:

—Талашпагыла, силердин баарыңар мага керексиңер, ар бириңер өз ишиңер боюнча жакшысыңар,—дейт.

(*К. Ушинский боюнча*).

Көнүгүү. 66.

Толуктоочторду ажыраткыла.

ВЛАДИМИР ИЛЬИЧ ЛЕНИН.

Үйдүн керегесине илинип турган портретти карап туруп, Вася атасына:

— Ата, сен мага ушул портрет жөнүндө айтып берчи,—деди.

— Сен бул адамдын ким экенин билесиңби?—деди атасы.

— Билемин. Бул—Ленин.

— Ооба. Бул—Владимир Ильич Ленин. Биздин сүйүктүү, бир тууган жолбашчыбыз.

Эми сен жакшылап угуп тур. Мен ал кезде жаш болчумун. Биздей жумушчулардын турмушу эң жаман болгон. Жумуш

өтө оор болучу. Эртең менен жумушка кирип, тынбастан кечки түнгө чейин иштечүбүз. Бирок курсагыбыз тоё тамак ичкен эмеспиз, заводдо көп жумушчу иштечүбүз. Заводдун кожоюну Данилов деген болучу. Ал өзү эңкейип иштеп көргөн жан эмес эле. Бирок ал бах!... дегендей эле бай туручу.

Ал ошондой байлыктын баарын кайдан алчу дейсиң? Биз ал үчүн иштечүбүз. Ал бизге эмгек акыны өтө аз төлөчү, ачыгын айтканда, биздин эмгегибизди уурдап жечү. Эмгегибиз аны байыткан. Анын колунда завод да, акча да, машина да болгон, бизде өзүбүздүн жумушчу күчүбүз—колубуздан башка эч нерсебиз жок болучу.

Турмуштун айынан ага барып жалданып иштөөчүбүз. Мындай абал жалаң эле Даниловдун заводунда гана эмес, бардык заводдордо жана фабрикаларда бар болучу.

Айыл кыштактардын дыйкандары да бизден бетер эң оор турмушта жашашкан. Дыйкандардын саны өтө көп, бирок жери өтө аз болучу. Помещиктердин саны аз, бирок жери өтө көп болучу. Ошондуктан, жерсиз дыйкандар помещиктерге жалданып иштөөчү. Помещиктердин турмушу жакшы болгон. Дыйкандар эптеп-септеп оокат кылуучу.

Помещиктер менен капиталисттер таламдаш болушкан. Алар менен бир жана аларды жактаган, колдогон эң жогорку помещик падыша болучу. Ал баарынын үстүнөн караган кожоюн болгон. Ал помещиктер менен капиталисттерге жагымдуу тартиптерди гана орноткон. Ал эми, жумушчулар менен дыйканларга мындай тартипте жашоо өтө кыйын болгон.

БЫШЫКТООЧ.

§ 26. Бышыктооч жөнүндө жалпы маалымат.

Сүйлөм ичинде баяндоочко багынып, кыймыл - аракеттин сын-сыпатын, мүнөзүн, мезгилин, ордун, максатын жана себебин көрсөтүп турган сөздөр бышыктооч деп аталат.

Бышыктоочтор кандай? кантип? кайда? качан? канча? качанкы? эмне үчүн? эмне максат менен? эмнеликтен? каякты көздөй? канчага чейин? качандан бери? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Бышыктоочтор кыймыл-аракеттин болгон ордун, мезгилин, максатын, себебин, сапатын көрсөтөт.

М а с е л е н: Бүгүн муз тептик. Стадиондо көп окуучулар болду. Бардыгы муз тебүү үчүн келишкен. Музда кечке чейин болдук. Акай жакшы тебет экен. Мен да бат тебем.

Бышыктоочтор—бүгүн, стадиондо, тебүү үчүн, музда, кечке чейин, жакшы, бат. Бул бышыктоочтор кыймыл-аракеттин болгон ордун, мезгилин, себебин, сапатын көрсөттү. Бышыктоочтор ар дайым этиш сөздөрдөн болгон баядоочторго багынып

турат. Ошондуктан алар кыймыл-аракеттин мүнөзүн бышыктайт.

Мисалы: Суу *шар* акты.

Бышыктооч—шар, баяндооч—акты, мында кыймыл-аракетти көрсөтүүчү баяндоочту суунун кандай (шар) аккандыгы жөнүндө тактык киргизүү менен бышыктады. Ал былтыр окуган. Бышыктооч—былтыр, бул бышыктооч да кыймыл - аракеттин болгон мезгилин көрсөтүү менен баяндоочко багынды.

Билим үчүн келдим. Бышыктооч—билим үчүн, эмне себептен *келгендигимди* бышыктады.

Демек, мунун баары тең кыймыл-аракетти көрсөтүүчү баяндоочторду бышыктады. Мына ошентип, кыймыл-аракеттин сыпатын, абалын бышыктап тургандыгы менен аныктоочтордон ажыратылат.

Эгер сүйлөмдүн зат атоочтордон болгон баяндоочторунун алдында анын сын-сыпатын көрсөткөн сөздөр турса, алар бышыктооч болбос эле, себеби—ал сөз кыймыл-аракеттин мүнөзүн көрсөтпөстөн, заттын белгисин көрсөтүп калат.

Мисалы: Биздин колхоз—бай колхоз. Биздин, бай—аныктооч, анткени—заттын белгисин көрсөттү. Бул мектеп биздин мектеп. Бул жигит—билимдүү жигит. Аныктоочтор—бул, биздин, билимдүү—булар да кыймыл-аракеттин мүнөзүн көрсөтпөйт.

§ 27. Бышыктоочтук милдет аткаруучу сөздөр.

Бышыктоочтук милдетти барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтор, барыш жөндөмөдөгү жана уңгу түрдөгү атоочтуктар, барыш, чыгыш, жатыш жөндөмөдөгү кээ бир ат атоочтор, заттык мааниге өткөн (жөндөмө менен жөндөлгөн). жана *канча?* деген суроого жооп берүүчү сан атоочтор, *кандай?* деген суроого жооп берүүчү сын атоочтор, качан? кандай? кайда? каякка? каякта? ж. б. ушул сыяктуу суроолорго жооп берүүчү тактоочтор аткарат.

1. Зат атооч. Ал Ленинградга барды. Ленинграддан кечээ келди. Бүгүн институтта болот. Бышыктоочтор—Ленинградга, Ленинграддан, институтта, зат атооч; кечээ—тактооч.

2. Атоочтуктар. Сабак окуганы бардым. Китеп алыш үчүн келиптир. Сабыр окуу үчүн келди. Бышыктоочтор—окуганы, алыш үчүн, окуу-үчүн, атоочтуктар.

3. Ат атооч. Кайдан келди? Кайда барасың? Адыл эмне үчүн кечикти?

Бышыктоочтор—кайдан, кайда, эмне үчүн, ат атоочтор.

4. Сан атоочтор. Аны издегендер эки келди.

Бышыктооч—эки.

5. Сын атооч. Ал жакшы окуйт. Кемел сулуу жазат. Алым иреттүү сүйлөйт. Бышыктоочтор—жакшы, сулуу, иреттүү.

6. Тактооч. Жунуш бүгүн келди. Азыр өйдө кетти. Жакында ылдый барат. Бурма бат иштейт. Бекиш тез жүгүрөт. Бышыктоочтор—бүгүн, азыр, өйдө, жакында, ылдый, бат, тез.

7.— ып, а (ба) мүчөлөрү уланган чакчылдар да бышыктооч болот. Бирок буларды татаал баяндоочтук милдет аткаруучу татаал этиштерден ажырата билүү керек.

Мисалы: Ал болжолдоп айтты. Алымбек иреттеп сүйлөйт. Жыйналышта шашпай сүйлөгүн.

Бышыктоочтор—иреттеп (кантип, кандай?) болжолдоп, шашпай (кандай?).

Эгер *ал окуп жатат* —деген сүйлөмдү алсак, сүйлөмдүн баяндоочу анын окугандыгы жөнүндө баяндап жатат. Ошондуктан ал аныктооч боло албайт. Ал эми, жогорудагы сүйлөмдө сүйлөө жөнүндө баяндалып жатат.

— *Ча,—сыз,—лаш,—дай* мүчөлөрү уланган сөздөр да бышыктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: *Калый орусча сүйлөдү. Биздин малчылар короолош конушту. Коёндой секирди. Аттай туйлап жүгүрдү. Аргасыз күлдүм.*

Бышыктоочтор—орусча, короолош, коёндой, аттай туйлап, аргасыз.

Орунду, максатты көрсөтүүчү бышыктоочтор көп учурда толуктоочторго окшошуп кетет. Аны берилүүчү суроолорго жана маанисине карай ажыратуу керектиги жөнүндө толуктоочторго берилген түшүнүктө көрсөтүлдү эле. Аны эске алуу керек.

Бышыктоочтор аткарган милдетинин ар түрдүүлүгүнө карай өз ара орун бышыктооч, мезгил бышыктооч, сан - сапат бышыктооч, себеп бышыктооч, максат бышыктооч болуп бешке бөлүнөт.

Көнүгүү 67.

Бышыктоочторду ажыраткыла.

АЛЕКСАНДР АЛЕКСАНДРОВИЧ ФАДЕЕВ

(1901-жылда туулган).

Александр Александрович Фадеев 1901-жылы, мурунку Тверь губерниясында дыйкандын үй бүлөсүндө туулган. Атасы кийинчерээк Ыраакы Күн чыгышка келип, фельдшер болуп иштеди жана ал дыйканчылык кылып да турду.

Фадеев Владивостокто гимназияда окуду. Революция башталганда, ал гимназиянын эң соңку классынан окуусун таштап,

партизандар отрядына кошулуп, анда ал Колчак менен интервенттерге каршы активдүү түрдө күрөш жүргүздү. 1921-жылы Кронштадтта болгон контрреволюциялык көтөрүлүштү басууда да Фадеев активдүү катышты. 1921-жылдан 1926-жылга чейин ал Москвада, Түндүк Кавказда партиянын ар кандай жумуштарын аткарып турду.

Күн батыштагы граждан согушунда Фадеевдин башынан өткөн тажрийбалар анын чыгармачылыгынын көпчүлүгүнө толгон материал берди. Ушул темада ал 1923-жылы „Ташкын" жана 1924-жылы „Агымга каршы" деген повесттерин жазды. 1925—1926-жылдарда жазылып, 1927-жылы басылган „Талкалоо" („Разгром") деген романы Фадеевди совет адабиятынын биринчи катарына кошту.

1928-жылдан тартып Фадеев „Удэгеден соңку" („Последний из Удэге") деген чоң роман жазды (анын биринчи үч китеби 1930—1935-жылдарда басылып, төртүнчү китеби—1941-жылы басылып чыкты. 1945-жылы ал „Жаш гвардия" деген роман жазды. Ал роман соңку жылдардагы советтик көркөм адабияттын эң жакшысынын бири болуп, Сталиндик сыйлыкка ээ болду.

Азыркы кезде Фадеев—советтик жазуучулар Союзунун генеральный секретары. 1939-жылы ВКП(б)нын XVIII съездинде ал ВКП(б) Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган.

Көнүгүү 68.

Толуктоочторду жана бышыктоочторду ажыраткыла.

МОСКВАМ.

Ак сүтүндү эмизип,
Алпечтеген уядан.
Жетилген, дагы жетилет,
Миң миндеген балапан.

Эсимдесиң ар качан,
Эркелетип өстүрүп,
Эне болгон Москвам!

Кенен берип билимди,
Үйрөтүп сүйгөн илимди.
Гүлдөткөнсүң күн санап,
Күжүрмөн өскөн элинди.

Оюмдасың ар качан,
Ааламга аты угулган,
Алтын сарай Москвам!

Таалайга элден туулган,
Калк атасы акылман—
Урматыбыз Сталин
Турак кылган Москвам.

Жеңиш туусу сен менен,
Гүлдөй бергин ар качан.
Асыл Совет элимдин,
Борбор шаары—Москвам!

(*Н. Жетикашкаева*).

Бышыктоочтор менен толуктоочтордун айырмасы.

Толуктооч	Бышыктооч
1. *Колхозчуларга* (кимге?) эмгек акы берилди.	1. Алар *шаарга* (кайда?) барышты.
2. Мал *кыштан* (эмнеден?) семиз чыкты.	2. *Магазинден* (кайдан?) кездеме алынды.
3. *Китепти* (эмнени?) *Абылдан* (кимден?) алдым.	3. Китепти *мектептен* (кайдан?) алды.
4. *Сенде* (кимде?) китеп бар экен?	4. *Мектепте* (кайда?) болдум.
5. *Эгинден* (эмнеден?) мол түшүм алынды.	5. *Тоодон* (кайдан?) келдим.
6. Ал *Чолпонбай жөнүндө* (ким жөнүндө?) сүйлөдү.	6. Ал *өйдө* (кайда?) барды.
7. Балдарга *үчтөн* (нечеден?) бөлүп берди.	7. Чоро *эртең* (качан?) келет.
8. *Асан менен* (ким менен?) бардым.	8. *Эмдиги жылга* чейин (качанга чейин?) келемин.

Аныктооч менен бышыктоочтордун айырмасы.

Аныктооч	Бышыктооч
1. *Биздин* (кимдин?) мал семирди.	1. Жамгыр *катуу* (кандай?) жаады.
2. *Мыкты* (кандай?) окуучулар сыйланды.	2. Ал *мыкты* (кандай?) окуйт.
3. *Окуучу* (кайсы?) Бектур келди.	3. Ал *токтобой* (кандай?) келди.
4. *Он* (нече?) бала сыйланды.	4. Бул *эки* (нече?) келди.
5. Ал *кызык* (кандай?) аңгеме айтты.	5. Сабыр *бакылдап* (кандай?) сүйлөдү.
6. *Кызматташ* (кайсы?) жолдошторум келишти.	6. Малчылар *короолош* (кандай?) конушту.
7. *Орусча* (эмнече?) ыр ырдады.	7. *Орусча* (эмнече?) сүйлөдү.
8. *Аргымак чалыш* (кандай?) ат сатып алынды.	8. *Аргымак сыяктуу* (кандай?) жүгүрөт.
9. *Бул* (кайсы?) колхоз—*алдыңкы* (кандай?) колхоз.	9. Жаңыл *алдыда*, (кайда?) Сапий *артта* (кайда?) баратат.
10. Бул—*биздин* (кайсы?) *колхоздун* (кимдин?) малы.	10. *Төмөн* (кайда?) түштү.
11. Акмат *онунчу* (неченчи?) класста.	11. Ал бат (кандай?) иштейт.

Көрсөтүлгөн салыштырууда аныктооч болуп түшкөн сөздөр бышыктооч да болору көрүндү. Эми мындагы кеңири айырма эмнеде? Негизги айырма мына ушунда: аныктоочтор зат атоочтон, же заттык маанидеги сөздөрдөн түзүлгөн сүйлөмдөрдүн бардык мүчөлөрүн аныктайт, так айтканда, ал сөздөр мейли жөндөмөдө турсун, мейли сүйлөмдө ээлик, баяндоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук милдет аткарсын (зат атоочтор жана заттык маанидеги сөздөр)—бардыгынын тең сын-сыпатын, (санын) билгизген сөздөр аныктооч болот экен. Ал эми, бышыктоочтор болсо, кыймыл-аракеттин эле сыпаты менен санын көрсөтөт (орун, мезгил, максат, себепти көрсөтпөгөн бышыктоочтордон башкасы), башкача айтканда, этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтордун гана мүнөзүн бышыктайт.

Көнүгүү 69.

Бышыктоочторду ажыраткыла.

ЧАПАЕВ.

Чапаев—граждандык согуштун баатыры. Ал көп согушта душманды жеңген. Аны жолдоштору абдан жакшы көрүүчү. Бир согушта Чапаевдин отрядын камап алды. Душмандар отрядды Урал өзөнүнүн боюна кысты. Бирок Чапаевдин мизин кайтара алышпады. Чапаевдин отрядындагылардын көбү өлдү, бир канчасы жараланды, Чапаев да жараланды. Отряд душманга каршы согушту уланта берди. Душман бир нече эсе көп эле. Чапаев жарасын таңып алып, акыркы октору душманга каршы узата баштады. Душмандар аны колго түшүрүүгө тырышты. Ал колго түшпөдү. Эң акыркы огун душманга атты да, жардан сууга секирди. Сууда сүзүп жүргөн кезде, Чапаевге дагы ок тийди, Чапаев сууга чөгүп кетти.

Көп убакыт өтпөй эле, кабар жиберилген кызылдардын отряды келди. Душманды талкалады, бир канчасын колго түшүрүштү.

Чапаевдин баатырлыгын азыр да унутпайбыз. Анын эрдиги бизди дайыма жеңишке, баатырлыкка шыктандырат. Биз да Чапаевдей баатыр болобуз!

Көнүгүү 70.

Бышыктоочторду дептериңерге көчүрүп жазып, кайсы сөз түркүмү экенин ажыратқыла.

МЕН БАКТЫЛУУ ЭКЕНМИН.

(Баатырдын ыры)

Арстан жүрөк эр көрдүм,
Ала-Тоодой дем көрдүм.
Душмандарын кыйраткан,
Жапырт баатыр эл көрдүм.
Мен бактылуу экенмин.

Тар кыядан жол тапкан,
Акыл менен эл баккан
Татаал-татаал сырды ачкан,
Сталиндей эр көрдүм,
Мен бактылуу экенмин.

Намыс үчүн төрөлдүм,
Ырыскыга бөлөндүм.
Аалам угуп таң калган
Ээси болдум өнөрдүн,
Мен бактылуу экенмин.

Баатыр болдум, жоо жеңдим,
Жеңиш менен мен келдим,
Кремлден жолугуп,
Сталинге кол бердим,
Мен бактылуу экенмин.

(*Насирдин Байтемиров.*)

§ 28. Сан-сапат бышыктооч.

Айша *жакшы* окуйт. Ал сабагын *тырышып* окуйт. Бул сүйлөмдөрдөгү кара менен басылган *жакшы, тырышып* деген сөздөр кыймыл-аракеттин сыпатын көрсөттү.

Кыймыл-аракеттин сан жана сыпатын көрсөтүүчү бышыктоочтор сан-сапат бышыктооч деп аталат.

Сан-сапат бышыктооч кантип? кандай? канча? деген суроолорго жооп берет, башкача айтканда, атооч жөндөмөдөгү сын, сан атоочтор жана кай бир тактоочтор сан-сапат бышыктоочтук милдет аткарат.

Мисалы: Бүркүт бийик учту. Асмандан ыргыткан таштай түштү. Көккө эки чыкты. Түлкүнү эки качырды. Түлкүнү *бекем* басып калды. Түлкү *катуу* чыңырып жиберди. Сан-сапат бышыктоочтор—бийик, ыргыткан таштай, эки, бекем, катуу. Антон *кыргызча* сүйлөдү. Эгин *уюлгуп* чыкты. Күздүк да *мыкты* чыкты. Сан-сапат бышыктоочтор кыймыл-аракеттин сапат, сан жагынан болгон белгилерин бышыктады.

Көнүгүү 71.

Ушул сөздөрдү катыштырып сан-сапат бышыктоочу бар сүйлөм түзгүлө.
Тез, акырын, беш, жаны, кыйын, эки, укмуштуу, кызарып.

Көнүгүү 72.

Сан-сапат бышыктоочторду ажыраткыла.

Трактор жүрүп буркулдап,
Түтүнү көккө буртулдап.
Чымырканып иштешип,
Кыз-келин ырдап шыңкылдап.
Арык чапкан шаймандар,
Агарып мизи жылтылдап.
Кара жерден буу чыгып,
Колхоздон жарыш дуу чыгып.

Акын торгой жыбырап,
Ар түрдүү жандар унчугуп.
Каарлуу кыштын барында,
Кайда жүргөн тумчугуп,
Өзөндү бойлоп жабылып,
Өстөнү терең чабылып,
Өжөрлөнүп балбандар,
Өгүздөй таштар алынып.

(*Актан Тыныбековдон*).

Көнүгүү 73.

Сан-сапат бышыктоочторду ажыраткыла.

БИЗ.

Айлык-жылдык жолдорго
Алты саат болжогон
Аэроплан чыгардык,
Асманда куштай ойногон
Чабыттап учса күн-түнү,
Чаалыгып-чарчап койбогон.
Күпүлдөп күчтүү паровоз,
Жел менен зуулап жарышкан,
Чүлүк поезд чыгардык.
Күн өтпөй келген алыстан,
Коюлуп болот жолдору,
Тизгини темир карышкан.
Көккө туусун жайкалтып
Көтөрүп бийик үй салдык.
Электр шамын жагууга,
Суудан бөлүп от алдык.
Аба менен айттырып,
Алыстан сөздү кошо алдык.
Тереңи түпсүз көлдөргө,
Темир тон кийип түшө алдык.
Агыны катуу дайрадан,
Ак чабактай сүзө алдык.
Айгышып келген душмандын,
Тамырын жулуп үзө алдык.
Ленин туусун көтөрүп,
Дагы биз алга басабыз.
Алтын тарих барагын,
Жеңиштер менен ачабыз.
Таалайыбыз Сталин,
Узун өмүр жашаңыз!

(*Нуркамал Жетикашкаева*).

§ 29. Орун бышыктооч.

Ой-тоолордо, бардык жерде,
Украина элинде,
Улуу Сталин чакырыгы,
Кайрат берди элине.

(*Павло Тычина*).

Бул ырдагы кара менен басылган сөздөр *кайда?* деген суроого жооп берип, орунду көрсөтүп турат.

Аракеттин ордун жана багытын көрсөтүп, кайсы жерде? кайсы жерге? кайсы жакты көздөй? кайда? кайдан? деген сыяктуу суроолорго жооп берген бышыктоочтор орун бышыктооч деп аталат.

Мисалы: Поездге Оштон түштүк.
— Кайдан түштүк?
— Оштон (орун бышыктооч). Эки күндө Фрунзеге келдик.
— Кайда келдик?

— Фрунзеге (орун бышыктооч).

Фрунзеде көп окуу жайлары бар экен. Кайда?—Фрунзеде (орун бышыктооч). Өзүбүздүн баштатан каалап жүргөн педагогия окуу жайын карай жөнөп калдык.—Кайда (кайсы жакты карай) жөнөп калдык?—Педагогия окуу жайын карай (орун бышыктооч).

Орун бышыктоочтук милдетти көбүнчө барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө турган зат атоочтор жана заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрү аткарат.

Мисалы: Ал айылда чоңойду. Быйыл шаарга келди. Андан көп нерселерди көрөт. Орун бышыктоочтор—айылда, шаарга, андан.

Орун бышыктоочтор толуктоочтор сыяктуу барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө айтылат. Аны берилүүчү суроого жана маанисине карай ажыратуу керек.

Орун бышыктоочторго кайда? кайдан? деген суроолор берилсе, толуктоочторго эмнеге? эмнеде? эмнеден? деген суроолор берилет.

Көнүгүү 74.

Текстти окуп, орун бышыктоочторун ажыраткыла.

АКУЛА.

Биздин пароход Африканын жээгине келип токтоду. Түшкө чейин аба тунарып, салкын жел сокту. Түш болгондо, Сахарадан керимсел жүрүп, үп болуп кетти. Капитан пароходдун аянтчасына чыгып: „Сууга ким түшөт?“—деп, дабыштады. Матростор сууга секирип сүзүп кулач уруп жатышты.

Ал пароходдо биз менен эки бала бар эле. Алар да сууга түшүштү. Экөө кулач урушуп, бирин бири куушуп жөнөштү. Бир кыйла жерге барышты. Андан алыс баруудан чочушуп, бизди көздөй бура тартышты. Балдардын биринин атасы эски артиллерист эле. Ал балдардын жарышканына кызыгып карап турду. Карап тургандардын бирөө: „Акула!“—деп кыйкырды. Карап тургандардын баары балдарды көздөй качырып келе жаткан акуланы көрүп, чуулдап жиберди. Балдар биздин кыйкырыкты угушкан да жок. Алардын акула менен иши жок. Өз алдынча бирин бири карап коюшуп, жай баракат сүзүүдө.

Көнүгүү 75.

Текстти окуп, дептеринерге орун бышыктоочтуу сүйлөмдөрдү көчүрүп кайсы жөндөмөдө экенин жана кандай суроо берилерин айтып бергиле.

Биз жаныбыздын бардыгынча кыйкырдык. Балдар уга сала камчыланышты. Акула да абдан жакын кирип келип калды. Коркунуч басып, балдардын тагдырын күтүп, делдейип туруп калдык. Матростор кайыктарына отуруп жөнөштү. Бирок же-

тип ажыратып калат деген ишенич аз болду. Акула оозун ачып, серпип кетүүгө даярданды.

Күтпөгөн жерден атылган замбиректин үнү пароходду солкулдатты. Кулакты тундурду. Снаряд балдар менен Акуланын ортосуна түштү. Деңиздин суусун асманга бүркту. Артиллерист бетин басып отура калды. Снаряд түшкөн жер тынчый баштады. Бирок эмне болгонун билиш кыйын болду. Артиллерист да туруп карады. Деңиздин бетинде боору саргайып бир нерсе көрүнгөнсүйт. Ажырата билиш кыйын. Кайыкчандар жетип, бир аз буйдаланып кайтышты. Жакын келгенде балдардын аман экендигин, акуланын өлгөндүгүн көрүп, абдан кубандык.

(*Л. Толстой боюнча*).

Көнүгүү 76.

Орун бышыктоочторду ажыраткыла.

Биздин родинабыздын чыгышында Тынч океандын түндүк чыгышынан түштүк-батышына чейин Камчатка жарым аралы созулуп орун алып жатат.

Бул жердин жаратылышы ар түрдүү. Камчаткада аракетке келип турган жанар тоолор, жер алдынан чыгып турган ысык суулар бар. Токойлорунда кымбат баалуу жаныбарлар, дарыяларында жана айланасындагы деңиздеринде балыктардын, деңиз жаныбарларынын ар түрдүүлөрү өтө көп.

Камчатканын ачылышы орус адамдарына таандык. Камчаткага биринчи болуп Атласов барган. Ал Сибирден 1697-жылы бир жүз жыйырма адамдан турган отряд менен Камчаткага жөнөйт. Камчаткага жеткенден кийин отряд эки топко бөлүнүп, бир тобу чыгыш жээк менен, бир тобу батыш жээк менен жөнөйт. Камчатка дарыясына жеткенде эскерткич жыгач орнотот. Ал жылы Ича дарыясында кыштап 1699-жылы 12-июлда кайтып келет. Ал камчатканын адамдары, өсүмдүктөрү, айбандары, климаты жөнүндө биринчи билдирет.

(*И. Лебедев боюнча*).

Көнүгүү 77.

Текстти окуп, орун бышыктооч катышкан сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүргүлө.

ЧЕКСИЗ БААТЫРДЫК.

1942-жыл, согуштун эң оор күндөрү. Биздин бөлүктөр Воронеж шаарынан артка чегинген. Немецтер канчалык катуу аракеттенишсе да, Донду кечип өтө алышпады. Жээктеги камыштардын арасында бөгөй жатышкан биздин боецтер аларды суудан өткөрүшпөдү. Гитлерчилер дариянын оң жаккы бийик жээгинде турушкан. Биздин командование Дондун оң жак жээгинен согуш менен ынгайлуу жай ээлөө жөнүндө буйрук

кылган. Дарияны биринчи болуп кечип өтүү милдети Чолпонбай Түлөбердиев жүргөн ротага тапшырылды. Душмандар жаткан жээк жардуу жана терең эле. Жээкке типтик түшкөн капталдагы ДОТтон немецтер кечүүнүн ар бир бөлүгүн пулемёттон ыңгайсыз атып турушту. Ротанын командири комсомолецтерге келип:

— Ким мени менен барат? — деп сурады.

Чолпонбай Түлөбердиев бардыгынан озунуп:—

— Жолдош старший лейтенант, мен барамын, — деди.. Бир минутадан кийин ротанын командири Горохов, взводдун командири Герман жана боец Түлөбердиев—үчөө душмандын ДОТун карай сүзүп жөнөштү.

Дон суусу аларга койнун ачып, жол бергендей болду.

Ал үчөө өзөндүн душман жаткан жээгине аман-эсен сүзүп чыгышты. Ротадагылар зор кубаныч менен сүйүнүштү. Эми душмандын огу аларга тийбейт. Душмандын ДОТуна берки экөөнөн жакын барган Чолпонбай кулачын кең жайып, ДОТко удаасы менен эки граната ыргытты. Анын ДОТту көздөй тырмышып чыгып бара жатканын, берки жээктеги камыштардын арасындагы биздин боецтердин бардыгы көрүп турушту. Горохов менен Герман немецтерди көздөй боортоктоп жылып бара жатышты. Түлөбердиев эңкейиштин үстүнө жетти. Тез ыргып туруп, ок атылып жаткан ДОТту көздөй жөнөдү: Чолпонбай душмандын пулемёттору ок атып жаткан тешикти көздөй өзүнүн автоматынан ок жаадырып, пулемётту көздөй тике бара жатты.

Көнүгүү 78.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Пулемёттун октору Чолпонбайды жарадар кылды. Бирок душмандын пулемётунун огу чыгып жаткан тешикке (амбразурага) жүгүрүп жетип, аны өзүнүн денеси менен жабууга Чолпонбайдын күчү жетти. Баатырдын канына какап, душмандын пулемётунун үнү жап басылды. Так ушул учурда ротанын командири Горохов жетип, душмандын ДОТуна бир нече гранатты ыргытып, аны талкалады.

Чолпонбайдын өлүмү жолдошторун атакага көтөрдү. Алар бардыгы бир кишидей болуп, өзөнгө кириштн. Кээ бири өзүнчө кээ бири кайыкка сүзүп, оң жээкке — Чолпонбайдын али муздай элек денеси жаткан жээкке жетүүгө умтулушту. Немецтер турган бийиктик, анын жанындагы эл орношкон Урыв жана Селявное деген эки кыштак чабуул менен колго алынды.

Өкмөтүбүз Чолпонбай Түлөбердиевдин бул эрдигин, өлкөбүздүн келечектеги жыргалы үчүн көрсөткөн чексиз баатырдыгын жогору баалап, ага Советтер Союзунүн Баатыры деген ардактуу наам берди.

§ 30. Мезгил бышыктооч.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда илимий мектептер жок эле. *Азыр* жүздөгөн башталгыч, орто мектептер жана бир нече жогорку окуу жайлары бар.

Мындагы кара менен басылган *Октябрь революциясына чейин, азыр* деген сөздөр качанга чейин? качан? деген суроолорго жооп берип, мезгилди көрсөтүп турат.

Аракеттин мезгилин көрсөтүп, качан? кайсы убакыттан бери? качанга чейин? деген сыяктуу суроолорго жооп берип турган бышыктоочтор мезгил бышыктооч деп аталат.

Мисалы: I. Эртең менен эрте турдум. Качан турдуң?—Эртең менен эрте (мезгил бышыктооч). Чоң шашкеге чейин чөп чаптым. Качанга чейин чөп чаптың?—Чоң шашкеге чейин (мезгил бышыктооч). 2. Ал быйыл окууга барат. Качан барат?—Быйыл (мезгил бышыктооч). Сен окууну былтыр бүттүң. Качан бүттүң?—былтыр (мезгил бышыктооч). 3. Акмат сабакка эрте келет. Мезгил бышыктооч—эрте. 4. Жазында күн жылыйт. Качан күн жылыйт?—жазында (мезгил бышыктооч). Кыштын күнү суу тоңот. Суу качан тоңот?—кыштын күнү (мезгил бышыктооч). Мен жай бою сабакка даярдандым. Качан сабакка даярдандың? Жай бою—мезгил бышыктооч. 5. Жаздан кийин жай келет. Мезгил бышыктооч— жаздан кийин. 6. Биз июнга чейин окуйбуз. Мезгил бышыктооч— июнга чейин. 7. Бөкөй 1947-жылдан бери Фрунзеде окуйт. Мезгил бышыктооч—1947-жылдан бери. Айнаш ушул жылдын июнь айына чейин окуусун бүтөт. Мезгил бышыктооч—ушул жылдын июнь айына чейин. Токтогул 1864-жылы туулган. Мезгил бышыктооч—1864-жылы.

Мезгил бышыктоочтор бир сөздөн, же бир мааниге тутумдашкан бир нече сөздөн түзүлүшү мүмкүн.

Мисалы: Кыш эрте түштү. Жаз убагында келди. Мезгил бышыктоочтор—эрте, убагында, булар бир сөздөн түзүлгөн бышыктоочтор.

Сен эртең мененге чейин кел. Мезгил бышыктооч—эртен мененге чейин—бир мааниге тутумдашкан бир нече сөздөн түзүлдү.

Бир нече сөз тутумдашып мезгил бышыктоочтук милдет аткарганда, ар бир сөз ар башка жөндөмө болушу да мүмкүн.

Мисалы: Борбу 1947-жылдан 1948-жылдын июнь айына чейин мектепте окуучу. Сен эртеден кечке чейин иштедиң. Мезгил бышыктоочтор—1947-жылдан 1948-жылдын июнь айына чейин, эртеден кечке чейин.

Көнүгүү 79.

Мезгил бышыктоочторду ажыратып, ага тийиштүү суроо бергиле.

БОЛОЧОК АГРОНОМ.

Абыл быйыл алтынчы класста окуйт. Ал он үчкө чыкты. Бардык сабагынан жакшы билет. Ал ботаника сабагын өтө кызыгып окуйт. Дайыма мугалимден жардамдар алат. Атасынан кичинекей аянтча бөлдүрүп алган. Абылдын атасы баласын бир күнү да сабактан калтырчу эмес. Бир күнү Абыл мектептен келсе, атасы короосунун бир четин айдап коюптур. Абыл жер жумшарсын деген го деп ойлоду. Анткыча атасы эшикке чыга калды.

— Ата, жерди жумшарсын дединби?—деди.

— Жок, балам, күздүк сээп койдум,—деди атасы.

— Эмне септиң?

— Буудай септим.

— Кайсы буудайдан, биздикинде күздүк жок эмес беле?

— Үйдөгү буудайдан эле септим, жаздык кодура деле чыгат эмеспи, эмне болсо да көрөйүн.

— Анда эмгегиң талаага кетиптир, ата,—деди Абыл.

— Ишенбесең— жүрчү, китептен окуп берейин—деп ээрчитип келип, окуп берди. Баласына ишенсе да, күздүктөн жазга чейин үмүтүн үзгөн жок. Жазында чын эле буудайы болгон жок. Буудайы кышында үшүп кетиптир. Ошондо гана баласынын айтканына ишенди.

Абыл он жылдык мектепти бүткөндөн кийин, айыл чарба институтуна кирүүнү каалайт. Ал—болочок агроном.

Көнүгүү 80.

Мезгил бышыктоочторду ажыраткыла.

— Бул учурда кар акырын гана себелеп турду. Токой ичи тегиз аппак. От алоолонуп күйүп жатты. Ал карагайдын майда бутактары менен Николайдын үстүндөгү карларды шыпырып жатты. Анткыча Николай да ойгонуп, Социалисттик Улуу Октябрь революциясынын 25 жылдыгы менен аны куттуктады.

Каптенармус коёндун этинен эки порциядан койду. Токойчу берген кара боордун этин да алдыларына коюшту. Тамактары бат эле жеп бүтүштү. Мусянын оюна мектеп жылдарындагы, өндүрүштөгү улуу майрамды кандай белектер менен тоскондугу элестеди. Эми бул партизандар майрамды эмне белек менен белгилөөнү ойлоду. Анчыга Николай:

— Бүгүн немецтик машиналарга засада жасайлы,—деди.

Муся кубанганынан кыйкырып да жиберди.

— Бүгүн фронтто өзгөчө тарихый бир нерсе боло тургандай сезем,—деди Муся.

Алыстан баткакта тыгылып жүрө албай жаткан немецтик машиналардын үндөрү угулуп турду. Үч партизан жолго чыгышты. Николайдын буйругу боюнча жолдон алыстап токойдун терецине кирип жолду бойлоп жүрүп отурушту.

Айлана күндүн нуруна чагылышып көз уялтат. Муся бардыгын унутуп, өзүн эркин сезүүгө тырышты. Ал айланада курчаган душманды унуткусу келет.

(*Б. Полевой боюнча*).

§ 31. Себеп бышыктооч.

Алга достор, **мекен үчүн**
Жоого каршы баргыла!
Күрөштөрдө эрдик менен
Жоодон кекти алгыла!

(*Павло Тычина*).

Анын *баатырдыгынан* душман бет бага албады.

Мындагы кара менен басылган *мекен үчүн? баатырдыгынан* деген сөздөр *эмне үчүн? эмнеликтен?* деген сыяктуу суроолорго жооп берип, себепти көрсөтүп турат.

Аракеттин себебин көрсөтүп, эмне үчүн? эмнеликтен? кандай себептен? деген сыяктуу суроолорго жооп берип турган бышыктоочтор себеп бышыктооч деп аталат.

Мисалы: Анын жүрөктүүлүгүнөн душмандар бет бага албады.—Эмнеликтен бет бага албады?—Жүрөктүүлүгүнөн (себеп бышыктооч). Убадалашкандыгымдан келдим. Эмне үчүн келдиң?—Убадалашкандыгымдан (себеп бышыктооч). Жакшы иштегендиги үчүн сыйланды. Эмне үчүн сыйланды? Жакшы иштегендиги үчүн (себеп бышыктооч). Туруктуулугунан баатыр болду. Эмне үчүн баатыр болду?—Туруктуулугунан (себеп бышыктооч). Акылдуулугунан ойлоп тапты. Эмнеликтен ойлоп тапты?—Акылдуулугунан. — (Себеп бышыктооч). Бийик үчүн чыга алган жокмун.—Эмне үчүн чыга алган жоксуң? —Бийик үчүн (себеп бышыктооч). Кубангандыгыңдан ырдадың (себеп бышыктооч—кубангандыгыңдан).

Көнүгүү 81.

Себеп бышыктоочторду ажыратып, кандай суроо берилерин ажыраткыла.

1. Жарык болор менен эле жөнөп калдык. Абанын салкындыгынан чарчаганыбызды сезген жокпуз. Түрдүү чөптөрдүн жытынан көңүлүм эргийт. Күн чыга баруучу жолдун тенинен өттүк. Айлана дагы эле тынчтыкта. Бөдөнөнүн бытпылдыктаган үнү эле кезеги менен тынчтыкты бузат.

Тигине Көк-Бел. Тигине кой фермасы. Алачыктардан кирип чыгып жаткан малчылар да көрүнүп калды. Кандай жеткенибизди сезбей да калдык.

2. Окуганымдан билдим. Иштеген үчүн сыйландым. Эмне үчүн келген жок?

Көнүгүү 82.

Өзүңөр себеп бышыктоочтуу сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 83.

Себеп бышыктоочторду ажыраткыла.

УЗУН БОЛСУН ӨМҮРҮҢ.

Комуз бердиң колубузга чертсин деп,
Түлпар бердиң элим алга кетсин деп,
Добуш бердиң, күлкү бердиң, шат бердиң,
Кыргыз үнү бүт дүйнөгө жетсин деп!

Асмандагы ала барчын берен сен —
Эл таалайы, эл камы үчүн төрөлгөн.
Көлдөй толкуп кубанычы өлкөнүн
Көктө жылдыз көркү менен теңелген.

Ала тоонун аскасынан, карынан,
Алдас урган тунук суунун шарынан
Сага салам, сага урмат айтабыз
Эркин кыргыз эркек-кызы баарынан.

Таң нурундай таалайы үчүн элиңдин,
Таң тамаша сайран курган жериңдин
Көркү болуп, бүт дүйнөнүн эркиндик
Көп жашасын улуу Сталин өмүрүң!

(*Ж. Бөкөнбаев*).

§ 32. Максат бышыктооч.

Сабак *окуганы* келдим. Терең билимге *ээ болуу үчүн* тырышып жатам.

Мындагы кара менен басылган сөздөр максатты көрсөтүп турат.

Бир ишти иштөөгө максат кылгандыкты көрсөтүп, эмне үчүн? эмнеге? деген сыяктуу суроолорго жооп берип турган бышыктоочтор максат бышыктооч деп аталат.

Максат бышыктоочтук милдетти көбүнчө барыш жөндөмөдөгү атоочтуктар аткарат.

Мисалы: Колхоз койлорун кыркууга алып келди. Койлорун эмнеге алып келди?—кыркууга (максат бышыктооч).

Мен окуу үчүн барам. Эмнеге (эмне үчүн) барасың?—Окуу

үчүн (максат бышыктооч). Магазинге китеп алууга бардым. Эмнеге бардың?—китеп алууга (максат бышыктооч). Экзамен бериш үчүн келдим. —Эмнеге келдиң?—экзамен бериш үчүн (максат бышыктооч). Мендем алууга келгенмин. Эмнеге келгенсиң? —Дем алууга—(максат бышыктооч). Сен китеп алууга келдиң.

Максат бышыктооч—китеп алууга. Ал окууга кирүүгө келет, максат бышыктооч—окууга кирүүгө. Сырга биздин мектептин окуу-тарбия жумушу менен таанышууга келген көрүнөт? Эмнеге келген көрүнөт? Окуу-тарбия жумушу менен таанышууга (максат бышыктооч).

Максат бышыктооч көп убакта себеп бышыктооч менен ажырагыс мааниде болуп калат. Мындай учурда максат бышыктооч менен себеп бышыктоочторду айтылып жаткан сүйлөмдүн мазмунуна карай ажыратуу керек.

Мисалы: Мен китеп алуу үчүн бара жатам. Бул сүйлөмдөгү китеп алуу үчүн деген бышыктооч максатты да, себепти да көрсөттү, анткени—бул сүйлөмгө эмне себеп менен (эмне үчүн) бара жатасың, же эмне максат менен (эмнеге) бара жатасың деп, себеп, же максат бышыктооч дешке болот. Себеп, же максат бышыктооч болгон сүйлөмдөрдүн бардыгы эле ушундай болбостон, айрым сүйлөмдөр гана ушундайча болот.

Мисалы: Билим үчүн күрөшүп жатабыз. Бул сүйлөм себепти көрсөтүп турат.

Билимдүү болсом деймин. Бул сүйлөм максатты көрсөттү. Кээ бир учурда орунду да көрсөтүп калат. Мисалы: Мен окууга келдим (окуу үчүн келдим деген мааниде түшүнүүгө болот, же орунду көрсөтүүчү бышыктооч деп айтууга да болот).

Себеп жана максат бышыктоочтук милдет аткаруучу сөздөр мезгил бышыктооч сыяктуу эле бир сөздөн туруп да, же бир нече сөз бир мааниге тутумдашып да милдет аткарат.

Мисалы: Түшүнгөнүмдөн келдим (себеп бышыктооч—түшүнгөнүмдөн, бир сөздөн турду). Дем алууга барам (максат бышыктооч—дем алууга, эки сөздөн турду).

Көнүгүү 84.

Максат бышыктоочторду ажыраткыла.

— Сүйлө, жигит, эмнеге келдиң эле?—деди директор.

— Окууга келдим эле. Педагог болууну каалайм,—деди Капар.

— Эмне бүттүң эле?

— Жети жылдык мектепти.

— Документтериңди секретарга өткөргүн. Биринчи августта экзамен башталат,—деди педагогика окуу жайынын директору. Арадан бир ай өттү. Капар экзамен берүүгө келди. Бардык сабактарынан „эң жакшы“ деген баа менен өткөрдү. Окуу жайында да тырышып окуду. Ал окуу жайын „эң жакшы“ деген баа

менен бүтүрүү үчүн тырышты. Үч жыл өттү. Быйыл Капар окуу жайын бүттү. Ал жогорку маалымат алууну каалайт. Анын тилеги канааттандырылды. Андан ары билимин көтөрүүгө руксат берилди. Документтерин педагогика институтуна тапшырды.

Көнүгүү 85.

Максат бышыктоочторду ажыраткыла.

Күн да күзгүдөй жаркырап, айланага нурун төгөт. Эки бала бир калыптарынан өзгөрбөй, улам айлананы карап коюшуп, сүйлөшүп олтура беришти.

— Бардык сабактан эң жакшы деген баа алуу үчүн күрөшөлү. Билимдин негизи мектепте.

— Ооба, аның чын. Орто мектепти отлично бүтүү үчүн тырышышыбыз керек. Анан жогорку окуу жайына киребиз. Өзүбүздү эмитеден даярдабасак, ВУЗда даярдануу көп кыйынчылыктарды келтирет.

— Мен артиллерист болууга даярданып жүрөм. Математика, физика сабактарын өтө тез өздөштүрөм. Бул максатты алдыма койгону келечегимди ойлоп, жүрөгүм толкундайт. Родина бизди тарбиялап жатат. Тагдырыбызга чоң жарык турмуш жаркырайт.

— Мен медик болом. Илимдин акыркы жетишкендигине ээ болгум келет— дешип, улам кезек менен сүйлөшүп жатышты. Булардын сөзүн кубаттагандай күн нуру улам эки балага жакындай берди. Чоң бактын көлөкөсү улам кичирди. Булар Болот менен Советбек эле.

ЖАЛПЫ КАЙТАЛОО.

Көнүгүү 86.

Текстти окуп, толуктоочтордун жана бышыктоочтордун түрлөрүн ажыраткыла.

МИЧУРИН.

Россиядагы Рязань губерниясында Мичурин фамилиялуу Ваня деген бала туруучу. Анын атасы жумушчу эле. Өз атасы да, чоң атасы да жемиштүү бакта иштөөнү жакшы көрүүчү. Бакты Ваня да жакшы көрө турган. Ал бала кезинде эле жемиш багын жакшыртуу ишин ойлонуп, ошого аракеттенүүчү эле. Ваня гимназияны бүтүрөт. Андан ары окуусун уланта албайт. Жетишпеген турмуш аны иштөөгө мажбур этет. Ваня темир жолдун канцеляриясында иштейт. Кызматы оор болот. Бирок ага карабастан, ал өзүнүн ойлогон ишин мурункусундай эле уланта берет. Бош убактысынын бардыгын жемиш багынын ичинде өткөрөт. Ар түрдүү китептер сатып алып окуйт. Ар түрдүү тажрийбалар өткөрөт. Мына ушул өцдүү кыйын жолдор менен талыкпай иштөөнүн натийжасында ал өзү-

нүн жаңы сорттуу жемиштерин өстүрүүгө жетишет. Мичурин өзүнүн иштеген иштерин журналга жаза баштайт. Мичурин-дин турмушу кайгылуу болду, анткени—падыша өкмөтү анын ишин баалабаган жана эч кандай каражат берген эмес.

Ошондой күндөрдүн биринде Козлов кыштагына Мичуринди издеп, кандайдыр чет элдик адамдар келишет. Көрсө алар Американын адамдары экен. Алар көп айлар бою океан менен сүзүп жүрүп, эптеп алыскы Козлов кыштагын табышат.

Козлов деген кыштакта Мичурин деген адам бар дейт. Ал өсүмдүктөрдүн жаңы сортун тааптыр. Аны колго алып иштетсе, пайданы алтын кенинен да көп бергидей—деген кабар алыскы Америкага да угулат.

Көнүгүү 87.

Муну да жогоркудай иштегиле.

— Жүрүңүз, биздин Америкага барыңыз, жасай турган тажрийбаларыңыздын баарына каражат беребиз. Сизди өлөөр өлгүчө дүйнөдөн кор кылбайбыз. Биздин жердин климаты дал эле Козлов кыштагынын климатындай. Бизге барып иштеп жаткан ишиңизди улантып иштей бересиз,—дейт.

— Жок, мен Америкага бара албаймын. Мен бардык өмүрүмдү өз мекениме сарп кыламын. Калган жашымды да ушул жерде өткөрөмүн,—дейт Мичурин.

Мичурин өзүнүн өлкөсүн, элин чындап сүйгөн патриот болгон. Ошондуктан башка жакка баргысы келген эмес. Октябрь революциясы болуу менен совет бийлиги орноду. Мичурин жөнүндө Ленинге кабар жетти. Мичуринге жардамчы агроном-дор, практиканттар жана тажрийба иштөө үчүн каражаттар берилди.

— Силер үчүн, эмгекчилер үчүн, иштеп жатамын,—деди Мичурин. Ал 1935-жылы өлдү. Мичурин өзүнүн эмгегинин жемишин колхоз бактарынан көрдү. Анын алмасынын чыдамдуу сорттору алыскы Сибирде да өсүп жана бышып жатат.

Көнүгүү 88.

Аныктооч жана аныкталгычтарга текшерүү жүргүзгүлө.

КЕЗ УШУЛ.

Гул турмушта жадырап,
Күлө турган кез ушул.
Күн нурунда сайрандап,
Жүрө турган кез ушул.

Эл достугу аскадай
Бузулбаган кез ушул.
Эркин учуп туйгундай
Биз ырдаган кез ушул.

Тоонун жашыл гүлүндөй
Өмүр өскөн кез ушул.
Толкуп жаткан деңиздей
Көңүл өскөн кез ушул.

Түркүн гүлү таалайдын
Түбөлүккө ачылган.
Гүлгө нурун жиберген
Күн—Сталин акылман.

(Б. Жоомарт.)

Көнүгүү 89.

Бышыктоочторду жана аныктоочторду ажыраткыла.

ЭҢСЕГЕН ЭЛИМ АМАНБЫ.

(Токтогулдун айдоодон келгенде учурашканы).

Эңсеген элим аманбы?
Ээгимдеги сакалым
Элсизде жүрүп агарды.
Булбулуң элем сайраган.
Муңканып айтам саламды.

Жеңе-желпи карындаш
Жергеси менен келишти.
Жер сагынган Токоңо
Жетине албай сүйүнүп,
Кучакташып көрүштү.

Эңсеп жүргөн ажырап,
Элим аман барсыңбы?
Ээрчий өскөн жашымдан
Теңим аман барсыңбы?

Канча жылы көрбөгөн
Калкым аман барсыңбы?
Токтогул деп кыйкырган
Жалпың аман барсыңбы?

Малай болуп жалданып,
Ыйлагандар аманбы?
Кара оокатка жандарын
Кыйнагандар аманбы?

Жан тынымын жалганда
Кылбагандар аманбы?
Көк келтекке жыгылып,
Кыйрагандар аманбы?

Каршылык менен кармалып.
Калкымдан кеттим айдалып,
Калың кыргыз элиме
Кайтадан келдим айланып.

Кайнап күйүп чок болдум.
Кайгылуу күнгө токтолдум.
Калың кыргыз элиме
Кайрылып келген окшодум.

Ардактап мени төрөгөн
Алдейлеп сүйүп бөлөгөн
Айланайын, энекем,
Айдоодон аман келдим мен.

(Токтогулдан)

Көнүгүү 90.

Өзүнөр аңгеме түзүп, сүйлөм мүчөлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

Көнүгүү 91.

Тексттеги аныктоочторду, бышыктоочторду жана аныкталгычтарды ажыратып, текшерүү жүргүзгүлө.

БИЗДИН АТ.

Жамбы туяк, кундуз жүн,
Калбыр өпкө, жез канат,
Чуркаганы шамалдай,
Эр жигитке казан ат,
Тай буурулдун тукуму
Алчыланат биздин ат.
Марал шыйрак, аркар төш,
Маңкандаган жаныбар,

Үлпүлдөгөн жибектей
Сапырылган жалы бар.
Алыска чапса, талыкпас
Ак куладай алы бар.
Жалындаган өткүр көз
Тоого чапса созулат,
Сур жебенин огундай.
Жалтыраган кара таш

Жасап койгон жолундан,
Куш учпаган чөл келсе,
Куландай жүрөт зыркырап.
Туяктан учкан таштары
Учкан октой зыркырап.
Талаадан чапсаң, даңканы
Көк түтүн болот буркурап.
Чанадай кетет жаркылдап,
Катар учкан канаттуу,
Илешпей калат салпылдап.

Барчындай болгон эр минсе,
Максатка жетпей тынчу эмес.
Беттешип кылыч салышса,
Бир душман мөөрөй алчу эмес.
Эзелден кыргыз жылкысы
Кармалып жоодо калчу эмес.
Чарчаганы билинбей,
Азоодой ойноп шат келет,
Эр жигитке кыргыздар
Так ушундай ат берет.

(*Т. Аалыдан*).

§ 33. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы.

Сүйлөмдөгү сөздөр айтылуучу ойго карай грамматикалык жагынан бир бири менен тутумдашат. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышынын үч түрү бар: ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу.

I. Ээрчишүү. Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр жекелик, көптүк, одоно, сылык болуп, жак менен ээрчишип байланышса, ээрчишүү деп аталат.

Ээрчишүүнү төмөнкүчө бөлүүгө болот:

Баш мүчөлөрдүн ээрчишүүсү.

Сүйлөм ичинде баш мүчөлөрдүн өз ара байланышы баш мүчөлөрдүн ээрчишкени деп аталат, башкача айтканда, баяндооч ээни ээрчийт.

1. Ээ биринчи жакта турса, баяндооч да биринчи жакта турат. Ээ экинчи, үчүнчү жакта турса, баяндооч да экинчи, үчүнчү жакта турат. Ээ жекелик одоно түрдө турса, баяндооч да жекелик одоно түрдө, ээ көптүк одоно түрдө турса, баяндооч да көптүк одоно түрдө турат.

Ээ жекелик сылык түрдө турса, баяндооч да жекелик сылык түрдө айтылат. Ээ көптүк сылык түрдө турса, баяндооч да көптүк сылык түрдө айтылат.

Жекелик, көптүк одоно түрү	Жекелик, көптүк сылык түрү.
Мен жаздым Сен жаздың Ал жазды	Сиз жаздыңыз
Биз жаздык Силер жаздыңар Алар жазышты.	Сиздер жаздыңыздар

Эскертүү. а) Үчүнчү жакты көрсөтүүчү көптүк одоно түрдө турган ээ баядоочтун дайыма көптүктө турушун талап кылбайт.

Мисалы: Окуучулар келди, же окуучулар келишти деп да айтыла берет.

б) Сан атооч сөздөр ээге аныктооч болуп турганда, ээ жекелик түрдө айтылса да, баяндооч көптүк, же жекелик түрдө айтыла берет.

Мисалы: Үч бала келди, же үч бала келишти — деп айтыла берет, анткени — ээ формасы жагынан жекелик түрдө турса да, мазмуну жагынан көптүктү көрсөтүп турат.

в) Кээ бир учурда **көп** деген сөз, же сын атоочтор ээге аныктооч болуп турса, ээ көптүк түрдө айтыла берет да, баяндооч жекелик түрдө айтылат.

Мисалы: Магазинде кызыл чыттар сатылды. Столдо көп китептер турат. Китепканага түрдүү китептер келди.

Мындай учурда баяндоочту көптүк түрдө айтууга болбойт.

Бул эскертүүгө карай сын атоочтор жана „көп“, „аз“ деген сөздөр ээге аныктооч болуп түшсө, баяндооч көптүк түрдө айтылбайт деп түшүнүүгө болбойт.

Мисалы: Күлүк аттар алдыда келишти. Көп пионерлер экскурсияга чыгышты (баяндоочтор-- келишти, чыгышты—көптүк түрдө айтылды).

Атоочтуктар сын атоочтук маани берип, ээге аныктооч болгон учурда да, баяндоочтор көптүк, жекелик түрдө айтыла берет.

Мисалы: Тапталган аттар байге алышты. Ээге аныктооч болуп тушкөн сөз — тапталган, баяндооч — алышты — көптүк түрдө айтылды. Тапталган аттар байге алды. Баяндооч — алды (баяндооч жекелик түрдө айтылды). Сүйлөмдүн баяндоочу сын атооч болсо, ээ көптүк түрдө айтылса да, баяндооч жекелик түрдө айтылат.

Мисалы: Колхоздун жылкылары *семиз* (семиздер болуп айтылбайт).

2. Жик мүчө уланган баяндоочтор да ээге карата ээрчишет.

Мисалы: Мен окуучумун, сен окуучусуң. Биз окуучубуз. Сиз окуучусуз. Жик мүчө уланган баяндоочтор ээге карай жекелик көптүк түрдө, одоно, сылык түрдө өзгөрдү.

Жик мүчө үчүнчү жакка уланбайт. Мисалы: Алар окуучу (окуучу деген баяндоочко жик мүчө уланган жок жана ээге карай көптүк түрдө өзгөргөн да жок).

3. Баяндоочтук милдет аткарып турган атоочтордон, этиштерден кийинки *эле, экен, эмес* деген жардамчы сөздөргө жик мүчөсү уланып да ээге карата ээрчийт.

Мисалы: Мен окуучу элемин. Сен жаш экенсиң. Мен чоркок эмесмин. Сен билимсиз эмессиң. Мен алган экенмин. Сен жазган экенсиң.

4. Атоочтуктар (атоочтук маани берүүчү этиштер) ээлик милдет аткарса, ээлик милдет аткарган атоочтук жакка таандык болбой туруп да, баяндоочтук милдет аткарган атоочторду жакка таандык кылып ээрчитет.

Мисалы: Окуп жаткан менмин, ырдаган сенсиң, жазып отурган ал, келгендер сиздер (сиз). Окуп жаткан менмин, ырдаган сенсиң. Жазып отурган бизбиз, сүйлөгөн сиздер.

Мында ээлик милдет аткарган атоочтуктар өзгөрүлбөстөн, бир калыпта калды да, баяндоочтор одоно, сылык түрдө жакка таандык болуп, жекелик, көптүк түр менен өзгөрдү.

5. Жатыш, чыгыш жөндөмөдө турган атоочтор баяндоочтук милдет аткарганда да ээни ээрчийт.

Маселен: Мен колхоздомун.
Сен колхоздосуң.
Мен колхоздонмун.
Сен колхоздонсуң.
Биз шаардабыз.
Силер шаардасынар,
Сиздер шаардасыздар.

Баш мүчөлөр менен айкындооч мүчөнүн ээрчишкени.

Сүйлөмдүн мүчөлөрү ар дайым эле ээни ээрчий бербейт. Ээ да, баяндооч сыяктуу эле, өзү башкарып турган айкындооч мүчөнү ээрчип, аяктарын өзгөртөт.

Эгер *сен келдиң* деген сүйлөмдү алсак, *келди* деген баяндооч *сен* деген ээни ээрчип, экинчи жакка таандык болду.

Ушул баяндооч ээни кандай ээрчисе, айкындооч да ээ менен баяндочту ошондой эле ээрчитет.

Мисалы: Бул — менин жолдошум. Токон —сенин балаң.

Биринчи сүйлөмдүн ээси — *бул*, экинчи сүйлөмдүн ээси — *Токон*.

Биринчи сүйлөмдүн ээси үчүнчү жакты көрсөтүп турат, жолдошум деген баяндоочу биринчи жакты көрсөтүп турат. Демек, баяндооч ээни ээрчип, аягын өзгөрттү дешке болбойт, баяндооч *менин* деген биринчи жакка таандык болгон айкындоочту ээрчип, аягын өзгөрттү.

Экинчи сүйлөмдөгү *балаң* деген баяндооч да *сенин* деген айкындоочту ээрчип аягын өзгөрттү.

Сүйлөмдүн ээси да өзүнүн алдында турган аныктоочту ээрчип, аягын өзгөртөт.

Мисалы: Бүгүн менин жолдошум келди. Быйыл сенин окууң жакшы. Дүйшөнүн атасы заводдо иштейт.

Биринчи сүйлөмдүн *жолдошум* деген ээси *менин* деген аныктоочту ээрчип, биринчи жакка таандык болду. Экинчи сүйлөмдүн *окууң* деген ээси *сенин* деген аныктоочту ээрчип, экинчи жакка таандык болду. Үчүнчү сүйлөмдүн *атасы* деген ээси Дүйшөнүн деген аныктоочту ээрчип, үчүнчү жакка таандык болду.

Бул үч сүйлөмдүн *келди, жакшы иштейт* деген баяндоочтору ээлерди ээрчип, үч жакка таандык болбостон, *бүгүн, быйыл, заводдо* деген толуктоочторду ээрчип, үчүнчү жакка таандык болду.

Демек, ээни ээрчитүүчү аныктоочтор жалаң гана илик жөндөмөдөгү атоочтор болот да, баяндоочту илик жөндөмөдөгү жана башка жөндөмөдөгү атоочтор ээрчийт.

Аныктоочторду ээрчип турган баяндоочторго жик мүчөсү уланса, баяндоочтор аныктоочту ээрчибестен, ээлерди ээрчип, жакка таандык болот.

Мисалы: Мен колхоздун мүчөсүмүн.
Сен колхоздун мүчөсүсүң.

Аныктоочторду ээрчип турган баяндоочторго жик мүчөсүн улоо менен баяндоочтор жакка таандык болуп турган ээни ээрчип калды.

Айкындооч мүчөлөрдү ээрчип турган баш мүчөлөр айкындоочторго карай одоно, сылык, жекелик, көптүк түрдө жакка таандык болуп өзгөрөт.

Мисалы: Менин билимим орто. Сенин билимиң орто.
Анын билими орто.

Мында ээлерди ээрчиткен аныктоочтор жекелик, одоно, жак менен айтылды эле, ээлер да жекелик, одоно, жак менен айтылып жатат.

Сиздин таалайыңыз кеңири.

Ээлерди ээрчиткен аныктоочтор жекелик сылык түрдө айтылды эле, ээлер да жекелик, сылык түрдө айтылды.

Силердин малыңар көбөйдү.

Алардын малдары көбөйдү.

Ээлерди ээрчиткен аныктоочтор көптүк одоно түрдө айтылды эле, ээлер да көптүк одоно түрдө айтылды.

Сиздердин турмуштарыңыз оңолду.

Ээлерди ээрчиткен аныктоочтор көптүк сылык түрдө айтылды эле, ээлер да көптүк сылык түрдө айтылды.

мөдө болушун талап кылат. Маселен: Биринчи сүйлөмдүн „Окудум" деген баяндооч „мектеп" деген бышыктоочтун жатыш, барыш, чыгыш жөндөмөлөрдө болушун талап кылат. Экинчи сүйлөмдүн баяндоочу толуктоочтун барыш, чыгыш жөндөмөдө болушун гана талап кылат. Үчүнчү сүйлөмдүн баяндоочу толуктоочтун барыш, чыгыш жөндөмөлөрдө болушун талап кылат, дагы ушул сыяктуулар.

Жогорку көрсөтүлгөн мисалдардагы башкаруучу мүчөлөр—баяндоочтор да, башкарылуучу мүчөлөр жөндөмөлөрдө турган—айкындоочтор.

III. Ыкташуу.

Сүйлөмдөгү сөздөр кээ бир учурда ээрчүү, же башкарылуу милдетин аткарбайт, жеке гана баш мүчөлөрдүн бирине, же айкындоочторго ыкташып, тизмектеше берет.

Бул сүйлөмдөгү сөздөрдүн *ыкташуусу* деп аталат.

Мисалы: Ал жакшы жазат. Көп адам келди. Трактор ылдам айдайт. Күлүк ат катуу чуркады.

Ыкташкан сөз — жакшы, көп, ылдам, күлүк, катуу (баш мүчөлөргө ыкташты).

Директор мыкты окуучуларды чакырды. Көп пионерлерге ыракмат айтты. (Ыкташкан сөздөр — мыкты, көп, толуктоочторго ыкташты). Сүйлөмдүн бардык мүчөлөрү ыкташа бербестен, аныктоочтук, бышыктоочтук милдет аткаруучу сөздөр гана ыкташат, себеби — аларга мүчө жалганып ээрчибейт жана башка сөздөрдү да башкарып, анын тийиштүү жөндөмөдө болушун керектебейт.

Көнүгүү. 92.

Өзүнөр кыска аңгеме түзүп, анда баш жана айкындооч мүчөлөрдүн ээрчишкенин жана ыкташуу башкаруусун айтып бергиле.

Көнүгүү 93.

Текстти окуп сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышынын түрлөрүн ажыраткыла (ыкташуубу, ээрчүүбү, башкаруубу?)

ИЛГЕРКИ ЖОМОКТОГУ „СҮТ КӨЛДҮ" ЭМИ КУРАБЫЗ.

Балдар, силер илгерки жомоктордун ичинен „Сүт көл" деген жомокту көп эле укканды рсыңар.

Ошол жомоктогудай болуп „Сүт көл" турмушта болууга мүмкүнбү? Албетте болот, болгондо да жакында болот. Биз жыргалдуу совет өлкөсүндө жашап турабыз. Анын укмуштуу сонун пландары тез эле иш жүзүнө ашат. Совет окумуштуулары, колхозчулар жана совхоздун кызматчылары ошол жомокто айтылган „Сүт көлдү" жасоо үчүн бардык күчтү жумшап жатышат.

Биздин мал чарбачылардын бир жетишкендиктери жөнүндө мен сиздерге сүйлөп берейин.

Волганын жайылган шибердүү талаасынын бир жеринде Костромо деген жерде Караваево аттуу чоң мал чарба совхозу бар. Так мына ушул жерде советтик саан уйлардын эң мыктысын өстүрүү пикири туулду. Ал саан уйлар бүткүл дүйнө жүзүндө биринчиликти алуу керек эле. Мына ушуну ишке ашыруу үчүн совхоздун кызматчылары чымырканып ишке киришти.

Совет адамдары ойлогонун иш жүзүнө ашырды. 1944-жылы ноябрь айында Костромолуктардын бул ишин текшерүүгө келдик. Биз ошондо укмуштуу саан уйларды өстүрүп чыгарганын өз көзүбүз менен көрдүк.

Мен өз өмүрүмдө уйлардын укмуштуу сонун тукумдарын көп эле көргөмүн. Бирок мына ушул жолку „Караваеводогу" уйлар сыяктуу уйларды түк көргөн эмесмин. Мурун мындай уйлар болууга да мүмкүн эмес эле.

Көнүгүү 93.

Муну да жокоркудай иштегиле.

Он сегиз миндей жайылып жаткан таргыл семиз уйларды көрдүк. Мына ушул уйлардан саалган сүттөрдү текшерип көрдүк. „Караваево" совхозунун бир ую жылына орто эсеп менен алты миң үч жүз литр сүт берет экен.

Ошолордун бирөө „Послушница" деген уй ар жылына 16262 литр сүт берет экен. Ал 310 күн саалат. Ошол „Послушница" деген уй күн сайын 50 литрден ашык сүт берет.

„Караваево" совхозунун уйларынын сүтү өтө коюу болот да, көп май чыгат. Ал уйлардын өзү да аябаган чоң. Алардын ар биринин тирүү кезиндеги салмагы 700 килограммдан (40 путтан ашык келет).

Мына ошондуктан Караваево уйлары жаңы тукумдагы уйлар болуп саналат. Ал тукумду изүүлдөп жүрүп совет адамдары өстүрдү.

(*Академик Е. Лускин*).

ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ.

§ 34. Жалаң сүйлөм.

Ээ менен баяндоочтон түзүлгөн сүйлөм жалаң сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Күн ачылды. Жер айдалды. Эгин себилди. Чөп көгөрдү. Мал тоюна баштады. Бул сүйлөмдөр баш мүчөлөрдөн гана түзүлдү.

Жалаң сүйлөмдү сүйлөмдөгү сөздөрдүн санына карай ажы-

ратпастан, мүчөсүнө карай ажыратуу керек, анткени—кээ бир жалаң сүйлөмдөр эки гана сөздөн түзүлсө, кай бири үч жана андан да көп сөздөрдөн түзүлөт, башкача айтканда, андай бир нече сөздөн түзүлгөн жалаң сүйлөмдөрдүн ээси же баяндоочтору бир мааниге тутумдашкан бир нече сөздөрдөн турат.

Мисалы: Окуучулар окуп жатышат. Сүйлөмдүн ээси — окуучулар, баяндоочу—окуп жатышат (бир мааниге тутумдашкан эки сөздөн түзүлдү). Өңчөй окуучулар келишти. Сүйлөмдүн баяндоочу—келишти, ээси—өңчөй окуучулар (бир мааниге тутумдашкан эки сөздөн түзүлдү). Көрүнүп турган—Петровка машина трактор станциясы. Сүйлөмдүн ээси—көрүнүп турган, баяндоочу—Петровка машина трактор станциясы. Бул сүйлөм да жалаң сүйлөм.

Жалаң сүйлөмдөр эки түрдүү түзүлөт, башкача айтканда, ээ, баяндооч бүт айтылган жана ээси көмүстө калган жалаң сүйлөмдөр болот.

1. Ээ, баяндоочу бүт айтылган жалаң сүйлөмдүн түзүлүшү.

а) Жөнөкөй ээ, жөнөкөй баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Сабак башталды. Ким келди? Мал төлдөдү. Бул—китеп. Стол—буюм. Көгөргөн—чөп. Үй—мал.

б) жөнөкөй ээ, татаал баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Бороон күчөп турду. Биз кетип бара жатканбыз. Ойногон—бала-бакыралар.

в) Татаал ээ, жөнөкөй баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Ылгый эпкиндүүлөр сыйланды. Эгин-тегин орулду. Жаркжурк эткен—чагылган.

г) Татаал ээ, татаал баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Кыргыз ССР Министрлер Совети токтом чыгарды. Өңчөй окуучулар келе жатышат.

2. Ээси көмүстө калып, жалгыз гана баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Мындай учурда ээлик милдет аткаруучу сөздөр баяндоочтун аягындагы жакка таандык мүчөлөр аркылуу билинип турат.

а) Ээсиз, жөнөкөй баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Иштедим. Жаздың. Жазды. Жумушчумун. Окуучусуң. Окудук (бул сүйлөмдөрдө мен, сен, биз, ал деген ээлери көмүстө калды).

б) Ээсиз, татаал баяндоочтон түзүлгөн жалаң сүйлөм.

Бара албадым. Жүгүрүп келе жатабыз. Иштеп жатышат (бул сүйлөмдөрдө мен, биз, алар деген ээлери көмүстө калды).

Эскертүү. Речь тизмегинен тышкары атооч сөздөргө жак мүчө уланбай турса, алар жалаң сүйлөм болобайт, анткени—анын аягында таандык мүчө болбогондуктан, көмүскө калган ээси кайсы экени белгисиз болот.

Мисалы: Окуучу. Акмат. Он. Кызыл. Буларды сүйлөм

катары түшүнбөстөн, айрым сөз катары гана түшүнөбүз, анткени—айрым ойду түшүндүрө алган жок.

Көнүгүү 95.

Жалаң сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Жаз келди. Кар эриди. Күн жылыды. Келгиндер келе башташты. Көк чыкты Гүлдөр жайнады. Колхозчулар жеңилденип кийиништи. Биз да жеңил кийим кийдик. Талаада кош айдалып жатат. Жакында экзамен башталат. Сабакка үзбөй даярданам. Окуйм. Жазам. Мектепке убагында барам. Окуу бүткөндөн кийин, колхоздун жумушуна жардам берем. Эгин, огород отойм. Сугарам. Дем алам. Келерки окуу жылына даярданам.

Көнүгүү 96.

Жалаң сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

ЖӨН ЭЛЕ КЕМПИР.

Көчө бойлоп бир кыз менен бир бала келе жатты. Алардын алдында бир кемпир кетип бара жаткан. Жол абдан тайгак эле. Кемпир жыгылып калды.

— Менин китебимди карма—деп, бала сумкасын кызга берип кемпирге чуркап барып, ага турууга жардам берди.

Бала келди. Кыз ага суроо берди:

— Бул сенин чоң энеңби?

— Жок—деп, жооп берди бала.

— Энеңби?—деп сурады кыз.

— Жок!

—Эмне, жеңеңби? Же таанышпы?

— Жок дейм! Бул жөн эле кемпир!—деди бала.

(*В. Осеев*).

Көнүгүү 97.

Айкындооч мүчөлөрүн кыскартып, жалаң баш мүчөлөрүн калтырып, дептеринерге көчүрүп жазгыла. Айкындооч мүчөлөрдүн ролун байкагыла.

УЮЛДУ КӨЗДӨЙ.

(Түндүк уюлду жеңгендердин анғемесинен).

Самолёт мелтиреген муз талаанын үстү менен учуп бара жатат.

Мен самолётту түндүктү көздөй бет алдырдым. Партиябыз жана өкмөтүбүз бизге илимий экспедицияны уюлга жеткирип келүүнү тапшырган эле. Ал түндүк уюлда ушул күнгө чейин бир да адам жашаган эмес. Биз акырындап асманга бийик көтө

төрүлө баштадык. Бет алдыбыздан шамал уруп турат. Самолёт калкылдабастан бир калыпта баратат. Көбүнчө биз самолёттун калкылдаганынан коркуп бара жаттык. Анткени—машинанын ичи киши, запас кийим, тамак, приборлор менен жык толгон болучу. Кокустан самолёт калкылдаса, канаты сынып кетиши мүмкүн.

Мотор бир калыпта иштеп баратат. Күн чайыттай ачык. Алды жактан бир караан көрүнгөнсүдү.

Менин жолдошум дүрбүсү менен карады да, мага эңкейип:

— Туман экен!—деди.

Мен өз ичимде корко турган эчтеке жок, баары бир туманды аралап, уюлга өтөбүз деп ойлодум. Туман уламдан улам асманга көтөрүлө баштады. Биз бат эле тумандын арасына кирдик.

Биз кайра тарткыбыз келген жок. Колдон келишинче илгери уча беришибиз керек. Самолёт туманга кирип, муз каптап калганда гана болбосо, кайра тартуу деген бизде ой болгон эмес.

Бир аз барганда булут суюла баштады. Күндүн жарыгы көздү уялтып жиберди. Анын нурлары самолётту каптаган кыроо менен чагылышып жаркырайт. Төрт мотор уламдан улам күч алып, күрүлдөп бара жатат.

§ 35. Жайылма сүйлөм.

Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлгөн сүйлөм жайылма сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Биз эртең малчыларга барабыз.

Жакында малдын тууту башталат. Баш мүчөлөр — тууту башталат, айкындоочтор—жакында, малдын.

Биздин окуучулар колхоздун мал фермаларын шефке алган болучу. Айкындоочтор—биздин колхоздун мал фермаларын.

Биз заводго экскурсияга бардык. Заводдо көп жумушчулар иштешет экен. Заводдун баш инженери бизди цехтерге ээрчитип барды. Бардык цехтерде электр кубаты менен иштелет экен. Жаңы эле ремеслолук мектебин бүтүргөн жаш жумушчулар бар экен.Цехтин начальниги жаш жумушчулардын үлгүлүү иштери жөнүндө айтты. Кыргыз жаштарынын мындай ири заводдо чоң техникалык жетишкендик менен иштеп жаткандыгы жүрөгүбүздү кубандырды.

Бул сүйлөмдөр баш мүчөдөн, бир жана бир нече айкындооч мүчөдөн түзүлдү. Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү—биз, бардык, жумушчулар, иштешет экен, жумушчулар, бар экен, начальник, айтты, иштеп жаткандыгы, кубандырды; калгандары айкындооч мүчөлөр.

Жайылма сүйлөмдөр дагы сүйлөмдөгү сөздөрдүн санына карата ажыратылбастан, мүчөсүнө карата ажыратылат.

Жайылма сүйлөмдөрдүн да ээси көмүскү түрдө калып айтыла берет. Мындай учурда жалаң сүйлөмдөр сыяктуу эле баяндоочтун аягындагы жак мүчөсү аркылуу көмүскү түрдө калган ээлер билинип турат.

Мисалы: Кызылча талаасына бардык. Үч бригадага бөлөндүк. Бешимге чейин иштедик. Саат төрттө үйүмө келдим.

Бул сүйлөмдөрдө көмүскү түрдө калган ээлер — биз, мен. Жайылма сүйлөмдөрдө жалаң эле сүйлөмдүн ээси көмүскү түрдө калбастан, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү дагы көмүскү түрдө кала берет.

Мисалы: Атасы келди. (**Анын** деген ээнин аныктоочу көмүскү түрдө калды). Бул—окуучум (менин деген баяндоочтун аныктоочу көмүскү түрдө калды). Мындай көмүскө калган айкындоочтор да баш мүчөлөрдүн (ээ, баяндооч) аягындагы таандык мүчөлөр аркылуу билинип турат.

Жайылма сүйлөмдөр да жалаң сүйлөмдөр сыяктуу жөнөкөй жана татаал ээ, баяндооч, айкындоочтордон түзүлөт.

Мисалы: Акмат китеп окуду (жөнөкөй ээ, баяндооч, айкындоочтон түзүлдү). Ал малга кетип бара жатат (жөнөкөй ээ, айкындооч жана татаал баяндоочтон түзүлдү). Ал бир миң тогуз жүз жыйырма тогузунчу жылы туулду (жөнөкөй ээ, баяндооч жана татаал айкындоочтон түзүлдү). Педагогия окуу жайында окуп жүрөт (татаал айкындооч, баяндооч жана жөнөкөй ээден (ээси көмүстө калды) түзүлдү ж. б.

Көнүгүү 98.

Бир нече жалаң сүйлөм түзүп, аларды жайылма сүйлөмгө айландыргыла.

Көнүгүү 99.

Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле,жайылма сүйлөмдөрдү жалаң сүйлөмдөргө айландыргыла.

ЗОЯ.

Зоя Космодемьянская Москвада окуган. Ал класстан класска „5“ деген баа менен көчүп турган.

Согуштун башталышында Зоя онунчу класска көчтү. Ал Москвалык комсомолецтердин группасы менен бирге коргоочундоолорун курууга кетти. Ал эми, андан бир аз убакыт өткөндөн кийин партизан отрядына өз эркы менен барып кирди.

Күндөрдүн биринде Берей шаарына жакын жердеги Петрищева кыштагында эр жүрөк партизанка немецтер тарабынан ээленип алынган бир нече үйлөрдү өрттөдү. Мындан эки күн өткөндөн кийин, түн ичинде немецтер турган үйлөрдү кайрадан өрттөөгө аракет кылган кезде, аны сакчы кармап алды. Фашисттер тарабынан аябай уруп-согулган Зояны штабга алып келишти. Ал жерде аны фашисттик жырткычтар суракка алды.

Айбандарча кыйноолорго жана кансыратууларга карабастан, Зоя фашисттик мыкачыларга бир да сөз айткан жок.

1941-жылдын 29-ноябри күнү түш ченде Зоя Космодемьянскаяны дарга асышты. Ал: „Кош болгула, жолдоштор. Күрөшкүлө!“—деп жатып өлдү.

Совет элинин эр жүрөк кызына Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди.

Көнүгүү 100.

Сүйлөмдүн түрлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

Горькийдин үлгүсү бизди көп нерселерге үйрөтөт.

Горький—сөздүн гениалдуу сүрөтчүсү.

Бул үлгү адабиятчыларга, сөздүн сүрөтчүлөрүнө адамдын жана адам баласынын бактысы үчүн күрөшкө кызмат кылган сөздүн, кишилердин жана элдин жүрөгүнө жеткен сөздүн күчүн көрсөтөт.

Горький—улуу элдин улуу баласы.

Горькийдин үлгүсү жөнөкөй кишилерге, эмгекчилерге биздин элибиз жана башка элдер да шандуу таланттарга бай экендигин, алар мурда басылуудан эң аз учурларда гана кутула алгандыгын, азыр болсо аларга гүлдөө үчүн, жеңишке жана шаңга эркин жол ачылгандыгын көрсөтөт.

Горький—эмгекчилердин чексиз досу жана коммунизм үчүн күрөштүн шыктандыруучусу.

(*Молотов*—„А. М. Горькийдин эстелиги“ 1936—20/VI).

Көнүгүү 101.

Сүйлөм мүчөлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

МЕКЕНИМ.

Мекеним—кең Москва таалай чачкан.
Мекеним—Украина алтын баскан.
Мекеним—Памир, Алай, Тияншандар,
Аскасы асман менен кучакташкан.
Мекеним—Ленинград, Балтык деңиз.
Мекеним—көркөм Кавказ толгон жемиш.
Мекеним—чер токойлуу кенен Сибирь,
Байлыгын эч бир кылым эсептегис.
Мекеним—тоо койнунда толгон шахты,
Мекеним—Волга дарыя толкун бакты.
Мекеним—көз жетпеген мейкин түздөр,
Колхозчу күндө таптап, күлүк чапчу.
Лениндин—Сталиндин азаматы
Ийилип көргөн эмес жоого башы.

Жеримде ата-бала бирдей баатыр,
Ар качан өлкөбүздө өмүр жазы.
Маа десе, шамал айдап, уу чачса да,
Көлкүлдөп жердин жүзүн суу басса да,
Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз,
Күңгүрөп, жер козголуп, ай батса да,
СССР—эне сүтүн эмген жерим,
Атама антымды актап келген жерим,
Айыгышкан өз азуусун талкалатат,
Алдыма ата Сталин кеменгерим.

(*К. Маликов*).

Көнүгүү 102.

Жайылма сүйлөмдөрдү ажыратып сүйлөм мүчөлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

Баштап барып станциядан киргизди,
Баарыбызды метрого мингизди.
Дүбүртүнө дүйнө жүзү тең калган
Жеңиш күчү жетишкенин билгизди.

Электри туш-тушуна тагылган.
Эшиктери өзү ачылып жабылган.
Бурч-бурчунда базары бар кызыктуу,
Араласаң, самаганың табылган.

Беттеринде белгиленген каты бар,
Метро деп жазып койгон аты бар.
Түшө калсаң, бут шилтетип бастырбай,
Өзү жылып алып чыккан шатылар.

Бир тепкич бар өөдө карай жүгүргөн,
Бир жагынан ылдый карай түрүлгөн.
Катуу темир как жыгачтан жасалып,
Анан кандай ак кайыштай бүгүлгөн.

Тура калсаң тепкич менен жыласың,
Бут шилтебей бир минутта чыгасың.
Күлүндөтүп күзгү сындуу жасаган
Сары алтындан саймалатып жыгачын.

(*Калык Акыев*).

§ 36. Толук жана кемтик сүйлөм.

Речь тизмегинде сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү дайым эле бүт бойдон айтыла бербейт. Кээде (эки кишинин сүйлөшүүсүндө) сүйлөмдүн баш мүчөсүнүн бирөө, же экөө тең кемип калат, кээде баш мүчөлөр жана айкындооч мүчөлөр бүт бойдон алтыблай калат. Мындай учурда сүйлөмдүн милдетин

жардамчы сөздөр аткарат. Андай сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн кемип калган мүчөлөрү мурдагы айтылган толук сүйлөмдүн маанисине карай билинип турат.

Мисалы:—Сен кечээ кайда бардың? (толук сүйлөм).
— Тоого (кемтик сүйлөм, баш мүчөлөрү кемиди).
— Эмнеге? (кемтик сүйлөм, баш мүчөлөрү кемиди).
— Малчыларга (кемтик сүйлөм, баш мүчөлөрү кемиди).
— Кайсы убакта келдиң? (толук сүйлөм, ээси кемиди, көмүстө калган ээси таандык мүчө аркылуу билинип турат).
— Бешимде (кемтик сүйлөм, баш мүчөлөрү кемиди).
— Эртең экөөбүз бирге баралы (толук сүйлөм).
— Макул (кемтик сүйлөм).
— Асан келдиби? (толук сүйлөм).
— Ооба (кемтик сүйлөм, жардамчы сөз сүйлөмдүн милдетин аткарды).
— Ырдаган ким? (толук сүйлөм).
— Акмат (кемтик сүйлөм, ээси кемиди).

Кемтик сүйлөм толук сүйлөмдүн тизмегинен ажыратылып жиберилсе, кемтик сүйлөмдүк милдет аткаруучу сөздөр өзүнчө сүйлөмдүк маани бере албайт. Мисал үчүн жогорула айтылган толук, кемтик сүйлөмдүн тизмегинен кемтик сүйлөмдөрдү ажыратып жибергенде, тоого. Эмнеге. Малчыларга. Бешимде. Макул. Ооба. Акмат,—болуп айтылар эле. Булар айрым бүткөн ойду түшүндүрө алган жок.

Эң мурда, же кийин толук сүйлөм айтылганда гана, кемтик сүйлөмдөр сүйлөмдүк маани берип, айрым бүткөн ойду түшүндүрө алат. Сүйлөмдүн баяндоочу гана айтылып, баяндоочтун аягына жак мүчө уланып турса, андай сүйлөмдөр кемтик сүйлөм болбостон, толук сүйлөм болот. Маселен: Окуучумун. Малчысың. Бул сүйлөмдөрдө баяндоочтун аягындагы жак мүчөсү аркылуу *мен, сен* деген көмүскү түрдө калган ээлери билинип турат жана айрым бүткөн ойду өзүнчө туруп да түшүндүрөт. Ээ жана баяндооч мүчөлөр айтылбаса да, баяндоочтор этиш сөздөрдөн түзүлсө, кемтик сүйлөм болбой, толук сүйлөм болуп калат. Анткени—этиш сөздөргө дайыма жак мүчө уланып турат. Ошондуктан таандык мүчө аркылуу көмүскү түрдө калган ээ билинип турат.

Мисалы: Окудум. Окудуң. Окуду. Иштеп жатабыз. Иштеп жатасыңар. Иштеп жатышат. Барып келиңиз. Алып келесиздер. Бул сүйлөмдөрдө баяндоочтун аягындагы жак мүчөсү аркылуу *мен, сен, ал, биз, силер, алар, сиз, сиздер* деген көмүскү түрдөгү ээлер айтылбаса да, билинип турат.

Ар дайым экинчи жакка таандык болуп тургандыктан буйрук этиштер да кемтик сүйлөм болбостон, толук сүйлөм болот.

Мисалы: Оку. Иштегиле. Жазыш. Бул сүйлөмдөрдө *сен, силер, сен* деген көмүскү түрдөгү ээлери билинип турат.

Баш мүчөлөрдүн бирөө, же экөө тең кемип, өзүнчө туруп айрым бүткөн ойду түшүндүрө албаган сүйлөм кемтик сүйлөм деп аталат.

Баш мүчөлөрү бүт айтылган, же бүт айтылбаса да, баяндоочтун аягындагы жак мүчөлөрү аркылуу кемип калган мүчөсү кайсы болору белгилүү болуп, айрым бүткөн ойду түшүндүрүүчү сүйлөм толук сүйлөм деп аталат.

Кемтик сүйлөмдүк милдетти атооч, барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмдөгү зат, сан, сын, ат атоочтор жана жардамчы сөздөр аткарат.

Мисалы: Келген ким? (толук сүйлөм).
— Абыл (кемтик сүйлөм, атооч жөндөмөдөгү зат атооч).
— Кайда бара жатасың? (толук сүйлөм).
— Тоого (кемтик сүйлөм, барыш жөндөмөдөгү зат атооч).
— Кимди көрдүң? (толук сүйлөм).
— Аалыны (кемтик сүйлөм, табыш жөндөмөдөгү зат атооч).
— Кайда жүрүптүр? (толук сүйлөм).
— Мектепте (кемтик сүйлөм, жатыш жөндөмөдөгү зат атооч).
— Кайдан келиптир? (толук сүйлөм).
— Фрунзеден (кемтик сүйлөм, чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч).
— Канча китеп алдың? (толук сүйлөм).
— Беш (кемтик сүйлөм, атооч жөндөмөдөгү сан атооч).
— Кандай үй экен? (толук сүйлөм).
— Күрөң (кемтик сүйлөм, сын атооч).
— Ким жазды? (толук сүйлөм).
— Мен (кемтик сүйлөм, ат атооч, баяндоочу кемиди).
— Кандайын алдың? (толук сүйлөм).
— Көгүн (кемтик сүйлөм).
— Ал кимге берди? (толук сүйлөм).
— Мага (кемтик сүйлөм).
— Шайыр нече жашта? (толук сүйлөм).
— Ондо (кемтик сүйлөм).
— Төрт нечеге бөлүнөт? (толук сүйлөм).
— Экиге жана төрткө (кемтик сүйлөм).
— Кайсынысынан алабыз? (толук сүйлөм).
— Кызылынан (кемтик сүйлөм).

Толук жана кемтик сүйлөмдөр жазууда жолдун башынан башталып, алардан мурда сызыкча коюлат.

Көнүгүү 103.

Толук жана кемтик сүйлөмдөрдү оозеки ажыраткыла.

Акмат үйүнө кире бергенде, ирегеде мас болгондой темтеңдеп басып турган көк козу Акматтан качамын деп тамтаңдап бара жатып, жыгылып калды.

Акмат китебин жерге коё коюп, көзүнү көтөрүп алып:
— Эне, бул кайсы койдун козусу? — деп, энесинен сурады.
— Боз койдун козусу.
— Баягы кышында менин нанымды колумдан талашып жечү коңдунбу?
— Ооба, балам.
— Качан тууду?
— Эми эле тууса керек.
— Ким алып келди?
— Атаң алып келип, азыр эле сенин алдында кетти.
— Анда, көк козуну мага бергиле, энеке, мен багайын.
— Мейлиң, балам. Сен эле бага кой. Көп эмизип чычактатып, же такыр эмизбей, ачка өлтүрүп койбосоң эле болду.

Акмат сүйүнгөн бойдон: „Мен багам, мен багам“—деп, көк козуну бооруна кысып, мандайынан сылап, козунун тумшугун бетине тийгизди.

Көнүгүү 104.

Муну да жогоркудай иштегиле.

— Саламатсызбы?—деген калтыраган баланын каргылданган үнү угулду. Бала мага эң эле аянычтуу көрүндү. Үмүт кылгансып, жал-жал карап, мукактана калды. Баланын кебетеси өтө бош, өтө аянычтуу.

Сүрөттү жакшы көрөсүңбү? — дедим, мандайын сылап.
— Ооба.
— Тарта билесиңби?
— Билем.
— Фамилияң ким?
— Айтикеев.
— Атың ким?
— Жапар.
— Тарткандарың барбы?
— Бар.

Класстагы балдар биздин сөздү тыңшап турган болуу керек. Бирөө чыга келди. Анын аркасынан келип, Кудуң да тура калды. Башка балдар да биринден туруп босогого чогула башташты.

(*Аалыдан*).

Көнүгүү 105.

Толук жана кемтик сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Кандайдыр бат эле көчөдөгү кыймыл жанданып, башкача боло түштү.
— Кайда, кайда?
— Аралда... Василья аралында...

— Силер угуп жатасыңарбы?
— Ырас элеби?
— Чын эле... Курал дүкөнүн алып коюшту.
— Охоо?
— Телеграфтын зымынын, карагайларын кесип, көчөлөрдү тозуп чеп кармап жатышат.
— Эхээ... Ушундай экен—ээ?
— Алар көппү?
— Көп.
— Эх, жок дегенде жазыксыз төгүлгөн кандын өчүн алышса экен ...
— Жүр, ошондо баралы.
— Иван Иванович, барбайлыбы, ыя?
— Охоо... мен сизге айтсам, бул эл бүт барат эмеспи.

Кечки иңир убагы, топ элден суурулуп көрүнгөн адам:
— Ким эркиндик үчүн күрөшүүнү каалайт?

Ким элдин турмушун оңоо үчүн, эмгек үчүн, ким келечек үчүн болгон согушта өлгүсү келет? — Жүргүлө жардамдашууга барабыз! — деп, жар салды.

Кээлери анын жанына жыйылып, кысылышкан денелери биригип уюй баштагандай болду. Кээлери андан батырак алыстап кандайдыр шашып кетип жатышты
— Элдин кандай ачуусу келгенин көрдүңүзбү?
— Бул эң орундуу, эң орундуу.
— Акылсыздык болотко... ай-ай, аябай...

Иңир ичинде эл эрип кеткендей жоголуп жатты; алар үйлөрүнө тарап, жалгыздыктан, корккон сезим менен бара жатышты; өздөрү укуксуз маанисиз кулдардын турмушундай турмушта экендиктерин чала сезгендей болуп бара жатышат.

(*Горький* — „9-январь“)

§ 37. Атама сүйлөм.

Кай бир учурда сырткы түрүнө караганда кемтик сүйлөмдөргө окшогон сүйлөмдөр кезигет. Мындай сүйлөмдөрдү кемтик сүйлөмдөн ажыратуу керек. Кемтик сүйлөмдөрдө толук сүйлөмдөрдүн маанисине карата кемиген мүчөсү белгилүү болуп турат. Айтылып отурган атама сүйлөмдөрдө нерсенин аты гана аталып, ал аталган нерсе жөнүндө эч нерсе баяндалбайт. Башкача айтканда, аталып айтылган сүйлөмдүн ээси, же баяндоочу, же айкындоочу кайсы болору белгисиз болот, себеби — аталып айтылган сөз сүйлөмдө ойдун негизин ээлеп, баяндоочу көмүскү түрдө турганы, же сүйлөмдүн баяндоочу болуп, ээси көмүскү түрдө турганы билинбейт.

Нерсенин аты гана аталып, баш мүчөлөрү кайсы болору белгисиз болгон сүйлөмдөр атама сүйлөм деп аталат.

Түн. Жайдын мезгили. Салкын жел. Бул үч сүйлөмдүн ээ-

си, же баяндоочу жана айкындоочу кайсы экени белгисиз болуп турат.

Атама сүйлөм көбүнчө кооз адабияттарда кездешет. Башка сүйлөмдөрдүн тизмеги аркылуу аталып айтылган сүйлөм айрым ойду түшүндүрө берет.

Мисалы: *Кыш. Бороон—чапкын. Ак кар. Көк муз. Түн. Суук шамал.* Жол жүрүүгө туура келет. Жол алыс. Ошондой болсо да, убагында баруу керек.

Жогорудагы аталып айтылган сүйлөмдөрдүн ээси, же баяндоочу, же айкындоочу бул, же тигил деп айтууга болбойт, ошондой болсо да, андан кийинки толук сүйлөмдөрдүн тизмеги аркылуу бүткөн айрым ойду түшүндүрүп турат.

Мекеменин, газета, журнал, китептердин аттары да атама сүйлөм болот.

Мисалы: „Кызыл Кыргызстан“, „Ленинчил жаш“ газетасы, „Коммунист“ журналы, „Сталин“ колхозу жана башкалар.

Мекеменин, газета, журнал, китептердин аттары сүйлөмдөрдүн составына кирип, сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткарса, эки жагынан тырмакчага алынат. Маселен: „Кызыл Кыргызстан“ газетасын окудум. „Коммунист“ журналына жазылдым.

Көнүгүү 106.

Атама сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. 1918-жыл. Күз айларынын бири. Конурдун аркы Казакстан бетинде, Каштек ичинде, үстүндө жыртык ала чапан, башында кирдүү ак жоолук, бутунда чарык, жашы 40 — 45 тер чамасында, он төрт жашар бала ээрчиткен бир аял келе жатты. (*Баялиновдон*).

2. Түн. Салкын жел. Айдын шооласы баштары ийилген чөптөргө жаңы түр киргизгенсийт. Бирде агарып, бирде тунарып көрүнөт.

3. Ала-Тоо. Мелмилдеп учу кыйры көрүнбөйт. Мына, самолёт бир жарым саат учту. Кээде тоонун чокусуна тийип кала тургансып көрүнөт. Жолубуз дагы алыс.

4. Жаз. Күн жылуу тартып, ала шалба болуп жаткан убак. Талаада жер семирткичтерди тартып жаткан бирин-серин арааба көрүнөт.

Көнүгүү 107.

Атама сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Машина зыпылдап кетип бара жатты. Машинанын артындагы чаңдар да уюлгуп машинадан калышпай келе жатат. Айлана сапсары. Күз. Сеңселген талаа. Башы кере карыш буудайлар. Кара көк болгон кызылчалар. Бака-шака. Каякты

карасаң да, чекелеринен терлерин шыпырып „күз күрөш“ деп жүргөн колхозчулар, күрүлдөгөн комбайн, тракторлор жүрөккө толкундуу сезим киргизет. Бул мезгил—жыйынтык мезгили. Бул мезгил түшүмдү гана жыйынтыктоо мезгили эмес — жыл бою кимдин кандай иштегенин да жыйынтыктай турган мезгил. Машина лык токтоду. Беттен уруп келаткан жел да кошо токтогондой болду. Машиналардан түшүп кырманды карай бет алдык. Үйүлгөн жалдар. Үймөктөлгөн кызылдар. Бир жагында буудай тазалагандар. Бир жагында кызылды мамлекетке жиберүү үчүн өлчөп жаткан таразачы. Шайыр каткырыктар. Бул жердегилердин бардыгынын көңүлү көтөрүңкү, бардыгы шайыр, бардыгы эмгек менен өскөн адамдар экени көрүнүп турат. Салкын жел акырын гана беттен сылайт. Бул Калинин колхозунун кырманы эле. Мына, түшкү дем алуу убагы да болду. Булар менен кызуу аңгеме башталды.

§ 38. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм.

Түзүлүш жагынан кемтик жана атама сүйлөмдөргө окшогон сүйлөмдөр да кездешет. Бирок бул сүйлөм кемтик сүйлөм менен атама сүйлөмдөн түзүлүш жагынан ажыратылат. Кемтик сүйлөмдөрдө кемип калган мүчөсү толук сүйлөмдүн мүчөсүнө карай белгилүү болот. Атама сүйлөмдө сүйлөмдүн баш, же айкындооч мүчөлөрү кайсы экендигин ажыратууга болбойт. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө болсо, кемип калган баяндоочу сүйлөмдүн кырдалынан билинип турат. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөр жалаң атооч сөздөрдөн түзүлөт. Макал, лакап, табышмактарда көбүрөөк учурайт. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн ээси жана айкындоочу гана айтылып, баяндоочу кыскарып калат.

Мисалы: Астында—таш, үстүндө—таш, ортосунда—бышкан аш. Бул сүйлөмдө үч жөнөкөй сүйлөм бар. *Бар* деген баяндоочу кыскарып калды, кыскарган баяндоочтору айтылбаса да, сүйлөмдүн кырдалынан *астында таш бар, үстүндө таш бар, орто жеринде бышкан аш бар* деген түшүнүктү берип турат.

Баяндоочу айтылбаса да, сүйлөмдүн кырдалынан баяндоочу кайсы болору билинип турса, кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм деп аталат.

Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө айкындооч болуп турган сөздөр ээден мурда да, кийин да айтыла берет.

Мисалы: Тоодо — токой, ойдо — эгин. Аркалуудан —оонадан, куйруктуудан — шыйпанбас, жаактуудан — кепшебес (уй, кой, жылкы). Оозунан заарын чачкан, төрт аягын тең баскан (төө). Бул сүйлөмдөрдө айкындооч ээден мурда айтылды. Асыл—таштан, акыл—баштан (*чыгат* деген баяндооч кыскарды). Эт—этке, сорпо—бетке (*кошулат, чыгат* деген баян-

доочу кыскарды). Бул сүйлөмдөрдө ээ айкындоочтон мурда айтылды.

Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдүн жазуу эрежеси.

1. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдү жазууда ээ менен айкындоочтун (баяндоочтук мааниде турган айкындоочтун) ортосу сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы:

Эт — этке, сорпо — бетке.
Ойдо — эгин, тоодо — токой.
Илим — элге, суу — жерге ж. б.

Айкындоочтор жатыш жөндөмөдө турса, эки түрдүү жазылат. Эгер жатыш жөндөмөдөгү айкындоочтор ээден мурда айтылса, ээ менен айкындоочтун арасына сызыкча коюлат.

М: Тоодо — токой, ойдо — эгин, эгер жатыш жөндөмөдөгү айкындооч ээден кийин жазылса, алардын арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Токой тоодо, эгин ойдо. Аалы шаарда. Жунуш мектепте. Акай үйдө. Абыл ондо.

Жылкынын көркү желеде,
Баланын көркү энеде (*Токтогулдан*).

Бул учурда ээден кийин айтылган жатыш жөндөмөдөгү атоочтор айкындоочтук милдет аткарбастан, баяндоочтук милдет аткарат.

Чыгыш, барыш жөндөмөдөгү айкындоочтор ээден мурда келсе да, кийин келсе да, ээ менен айкындоочтун арасы сызыкча менен ажыратылат, себеби — булар баяндоочтук милдет аткарбайт, көмүстө калган баяндоочу сүйлөмдүн кырдалынан билинип турат.

Мисалы: Эр — элден, суу — жерден. Элден — эр, жерден — суу. Илим — элге, суу — жерге. Элге — илим, жерге — суу.

Айкындоочтордун аягына жак, күдүк, суроолу мүчөлөр уланып турса, андай сүйлөмдөр толук сүйлөм болуп калат.

Мисалы:

Мен колхоздомун.
Сен мектептесиң.
Акмат заводдобу? ж. б.

Көнүгүү 108.

Текстти көчүрүп, кайсылары кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм, кайсылары кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм боло албай тургандыгын ажыратып, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

1. Ачуу душман, акыл дос.
2. Найза саймак эрдиктен, ат жоорумак тердиктен.
3. Эстүү көпчүл, эселек тууганчыл.

4. Жем капта, жембаштык атта.
5. Сөз атасы кулак, суу атасы булак.
6. Чычканга өлүм, мышыкка күлкү.
7. Теке тоочул, коён коңулчул.
8. Бирдики миңге, миңдики түмөнгө.

(*Эл макалдары*).

II. Мүнүшкөр мыктап таптаса,
Бүркүттүн көркү алганда.
Уламалап сүйлөсө,
Урматтын көркү чалдарда.
Эркелетип эрчитсе,
Эненин көркү балада.
Асмандатып үй салса,
Адамдын көркү калада.
(*Аалыдан*).

Көнүгүү 109.

Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдү ажыратып, алардын арасына сызыкча койгула, ал эми, андан башка сүйлөмдөрдө сызыкчанын эмне үчүн коюлгандыгын айтып бергиле.

Ачуу душман, акыл дос. Ар ишти ойлоп иштөө керек. Бүгүнкүгө эсептебей, эртенкини ойлоо керек. Бардыгын келечек үчүн иштөө — адамдын артык касиети. Эстүү көпчүл, эселек тууганчыл. Бардыгын тең карагын. Жаатчылдык залим байманаптардын калтырып кеткен кесепети эмеспи. Ал заманда зулумдар адамды бири бирине кас кылуу менен жем чыгарып жечү.

Мына, жаңы заман, бул—биздин бактыбызга жаралган заман. Бул заман—көзүн жаш баскан,көкүрөгүн дарт баскан жардыга таалай берген заман.

Илгери шумдар бир улут менен бир улутту каста штыруу аркылуу элди караңгылыкта кармоого тырышчуу, чынында, ал кезде бардык эле улутта байлар жыргаган да, кедейлер куураган. Азыр орус, кыргыз, казак, өзбек жана башка ар түрдүү улуттардын баары — тең укуктуу. Бардыгы бир тилектерде. Бардыгы улут ортосунда айырма жок, тап ортосунда айырма бар экендигин жакшы түшүнүшөт. Совет мамлекетиндеги бардык улуттар бирдиктүүлүк менен, чындалган достук менен жашашат. Бардыгында бир гана родина. Ал—Советтик родина.. Бул жер—бардык эмгекчилердин таалайы үчүн жаңырган жер.

§ 39. Ээсиз сүйлөм.

Ээси жок жана ээнин болушун керектебей турган сүйлөмдөр ээсиз сүйлөм деп аталат.

Кемтик сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн айтылбай калган ээси мурдагы айтылган толук сүйлөмдүн мазмуну аркылуу белгилүү болуп турат. Ээсиз сүйлөмдөрдө кайсы сөз ээ болору андан

мурда айтылган сүйлөмдөрдө да, ал сүйлөмдүн өз тизмегинде да белгисиз болот жана андай сүйлөмдөр ээнин болушун талап кылбайт.

Мисалы: Менин китеп окугум келет. Ага бул сөздү айтуум керек. Бүгүн китепканадан китеп алуум керек.

Биринчи сүйлөмдүн баяндоочу—окугум келет, толуктоочу—китеп, аныктоочу—менин, ээси—жок; экинчи сүйлөмдүн баяндоочу—айтуум керек, айкындоочу—ага бул сөздү. Үчүнчү сүйлөмдүн баяндоочу—алуум керек, айкындоочтору—бүгүн китепканадан китеп, ээси—жок жана ээнин болушун талап кылган жок.

Ээсиз сүйлөмдөрдүн баяндоочунун жасалышы.

1. Атоочтуктарга жак мүчө уланып, аларга **кел, жок** деген сыяктуу этиштер жана жардамчы сөздөр көмөк болуп турса, ээсиз сүйлөмдүн баяндоочу болот.

Мисалы: Менин жазгым келет. Биздин үйрөнгүбүз келип турат. Менин баргым келген жок.

Баяндоочтор—жазгым келет, үйрөнгүбүз келип турат, баргым келген жок.

2. Туюк этиштен болгон баяндоочторго (атоочтукка) *керек, тийиш* ж. б. деген жардамчы сөздөр көмөк болуп турса (көмөк сөздүк милдет аткарат), ээсиз сүйлөмдөргө баяндооч болот.

Мисалы: Мектепке баруун тийиш. Бүгүн жыйналышка катышуум керек. Баяндоочтор—баруун тийиш, катышуум керек. Мындай баяндоочтордун алдында турган айкындооч мүчө дайым барыш жөндөмөдө турат. Айкындоочтор—мектепке жыйналышка.

Кай бир ээсиз сүйлөмдөр жакка таандык болбой да айтылат. Андай сүйлөмдөр төмөнкүчө түзүлөт:

1. Баяндоочтук милдет аткаруучу туюк этиштер (атоочтуктар) барыш, чыгыш жөндөмөлөрдө туруп, андан кийин *болот, жарайт* деген этиш сөздөр жана *мүмкүн, абдан* деген жардамчы сөздөр көмөк болуп турса (көмөк сөздүк милдет аткарып турса), ээсиз сүйлөмдүн баяндоочу болот. Мындай баяндоочторго—„бы“ деген суроолуу мүчө да уланып айтыла берет.

Мисалы: — Душмандан коркууга болобу?
— Жок, душмандан коркууга болбойт.
— Кирүүгө мүмкүнбү?
— Кирүүңүзгө абдан мүмкүн.
— Андай китепти кайдан табууга болот?
— Аны Фрунзеден алдырууга болот.

Баяндоочтор — коркууга болобу? Коркууга болбойт, кирүүгө мүмкүнбү? Кирүүңүзгө абдан мүмкүн, табууга болот, алдырууга болот. Үчүнчү, төртүнчү сүйлөмдөрдө баяндоочтор гана айтылып, айкындоочтор көмүстө калды.

2. Баяндоочтук милдет аткаруучу туюк этиштерге (атоочтуктарга) „керек“ деген сөз көмөк болсо, ээсиз сүйлөм түзүлөт. Мисалы: Ишти бүтүрүү керек. Баяндооч — бүтүрүү керек.

Көнүгүү 110.

Өзүнөр бир нече ээсиз сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 111.

Ээсиз сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. — Эрте жөнөө керек. Беш — он минутадан кийин анын да келиши тийиш. Азыр балдардын алды мектепке келип калгандыр. Биздин кечикпей баруубуз керек. Кечинде колхозчулар чогула келишкенде, уят болуп калбайлы. Пьесаны дагы бир жолу даярдайлык.

— Сапарбек айткандай, оюнду жакшылап коюп бере албасак, чынында да уят болобуз. Шашуу керек. Тигине, Бектурган да келатат.

— И-и — мен кечиккен жокмунбу, аябай шашып келдим.

— Жок, убагында келдин. Жүргүлө, эмесе, жөнөйлү.

Ушунтип, төрт бала мектепти карай кетип бара жатышты. Бул төртөө тең көпчүлүк жумушунун активдүүлөрүнөн жана окуунун отличниктеринен. Булар өздөрү даярдаган пьесаны бүгүн колхозчуларга коюп берүүнүн алдында даярдыгын дагы бир жолу текшерүү үчүн баратышат.

2. Менин танкист болгум келет. Быйыл жетинчи классты отлично бүтүрүүм керек. Үч жылдан соң орто мектепти бүтүрөм.

Көнүгүү 112.

Текстти окуп, ээсиз сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Менин лётчик болгум келет. Жер шарын айланып чыгуум керек. Түндүк, түштүк полюстун үстүнөн да учуп өткүм келет. Самолёттун татаал механизмдерин текшерүү да керек. Мен бул ишке өтө шыктанам. Ал үчүн билим алуу керек. Картаны жакшы билүү керек. Ошондуктан мен ага даярданып жатам. Авиациялык окуу жайына кирмекчимин. Даңктуу учкуч болгум келет. Учкуч болгондо, өзүм менен бирге жакшы радистти кошо аламын. Ушинтип, тапшырманы жакшы аткарганда, самолёттон сүйүктүү жолбашчыбыз Сталинге радиограмма жиберер элем.

Көнүгүү 113.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Саша азыр жети жашта. Окуу керек. Окууга жетти. Атасы гувернер окутуучуну чакырат. Няня эми өзүнүн тарбиялага-

нын аз көрөт. Сашанын достору азыр жаңы, алар атасынын китепканасындагы китептер. Ал китеп окуп түндө да олтурат.

Ата-энеси көп учурда конок болуп кетет. Атасынын кабинетинде тынчтык. Столдо шам күйүп турат. Анын эстегичтигине таң каларлык. Он бир жашында француз адабиятын толук жана орус адабиятын да толук жетишерлик билет. Французча жакшы сүйлөйт жана ыр да жазат.

(*Пушкиндин турмушунан эпизод*).

Көнүгүү 114.

Ээсиз жана баш мүчөлөрү толук болгон сүйлөмдөрдү ажыратып, сүйлөм мүчөлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

СТАЛИНДИК БИРИНЧИ БЕШ ЖЫЛДЫК

Жолдош Сталиндин көрсөтүүсү боюнча чоң план түзүлгөн. Бул план боюнча өлкөбүздүн бүткүл чарбасын кайрадан куруш керек эле. Бул планда кайсы жерге кандай фабрика жана заводдор куруш керек, кайсы жерге канча шахта орнотуп, кайсы жерге темир жолдор, мектеп салыш керектиги көрсөтүлгөн. Бул иштин бардыгы беш жылга эсептелген. Турмушту өзгөртүш үчүн эмне кылыш керектигин беш жылдык план элге көрсөткөн. Биринчи беш жылдыкты биздин элибиз 1928-жылы аткара баштады.

1928-жылы биздин тууган жерибиз дале айыл чарба өлкөсү болуп келген. Көпчүлүк дыйкандар мурункусундай тепкедей жерге өз бетинче иштеп келишкен.

Ал кезде бизде ири капиталисттер болбогон менен шаарда майда соодагерлер калган, айыл кыштактарда кулак-байлар күчтүү болуучу.

Жолдош Сталин, негизги капиталисттик өлкөлөрдү кууп жетип, алардан озуп өтүш керек, деп көрсөттү.

Биздин өлкө сталиндик улуу план боюнча кайтадан курулууда. Бизде бактылуу турмуш, социализм, курулуп жатат.

БИРӨҢЧӨЙ МҮЧӨЛҮҮ СҮЙЛӨМДӨР.

§ 40. Бирөңчөй мүчө.

Сүйлөмдө бир нече ээ бир баяндоочко байланышы мүмкүн, же бир нече баяндооч бир ээге байланышы мүмкүн. Мисалы: *Сыргак менен Алым келди.* Бул сүйлөмдө *Сыргак*, *Алым* деген ээлер *келди* деген бир баяндооч менен байланышып турат.

Комбайн чабат жана басат.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдө *чабат*, *басат* деген баяндоочтор ***комбайн*** деген бир ээге байланышып турат.

Ошол эле сыяктуу бир нече айкындооч бир сөзгө таандык болуп байланышы мүмкүн.

Мисалы: *Касейин китеп, дептер, сыя сатып алды.* Мында бир нече толуктооч бир баяндоочко байланышты.

Кызыл, көк, сары гүлдөр өстүрүлдү. Мында бир нече аныктооч бир ээге таандык болуп байланышып турат. Ал — тырышчаак жана таланттуу студент. Бул сүйлөмдө бир нече аныктооч бир баяндооч менен байланышты. Мындай бир сөз менен байланышып турган бирөңчөй мүчөлөр бирдей суроого жооп берет да, бирдей милдет аткарат.

Мисалы: *Сыргакты жана Айшаны клубдан көрдүм.* Бул сүйлөмдө бирөңчөй толуктоочтор бир баяндооч менен байланышты. Бирөңчөй толуктоочтор — *Сыргакты*, *Айшаны*, *кимди?* деген суроого жооп берет, аткарган милдети да бирдей.

Ушинтип булар бирдей милдет аткарып, бирдей суроого жооп берүү менен, түзүлүш жагынан да, сөз түркүмү жагынан да бирдей болот.

Мисалы: *Кой, эчки убагында төлдөдү.*

Бирөңчөй мүчөлөр — *кой*, *эчки* зат атооч, атооч жөндөмө дө турат, *эмне?* деген суроого жооп берет.

Кой оттоду, жуушады. Бирөңчөй мүчөлөр — *оттоду*, *жуушады*, *эмне кылды?* деген суроого жооп берет, этиш сөз, бирдей түзүлүштө турат.

Сүйлөмдүн мүчөлөрү бирдей суроого жооп берип, бирдей милдет аткарып, кандайдыр бир сөзгө (мүчөгө) таандык болуп байланышып турса, бирөңчөй мүчө деп аталат.

Мисалы:

Кетмен туяк, кең соору
Асыл тукум айгыры.
Кең Суусамыр, Жумгалдын
Келишкен өсүп байлыгы.

Арамза, Муз-Төр, Мадылбек
Малга жайлуу чүйгүн чөп,
Колхоздун көөнүн сергиткен,
Касиетиң мындан көп.

(*Калык Акыев*).

Биринчи куплет ырдагы *кетмен туяк, кең соору* деген аныктоочтор *айгыры* деген аныкталгычка таандык болуп байланышып турат: *Суусамыр*, *Жумгалдын* деген аныктоочтор да *байлыгы* деген сөзгө таандык болуп байланышып турат. Экинчи куплет ырда *Арамза*, *Муз-Төр*, *Мадылбек* деген бирөңчөй ээлер *жайлуу* деген баяндоочко байланышып турат.

Булар бирдей милдет аткарышты, бирдей суроого жооп берип турат, жана кандайдыр сүйлөмдүн бир мүчөсү менен байланышып жатат, ошондуктан алар бирөңчөй мүчө.

Бирөңчөй ээлер бир баяндооч менен байланышат.

Мисалы:

Атабыз Ленин, Сталин
Жаңы дүйнө тургузду.
Алдыга сүрөп жеткирди
Ала тоолук кыргызды.

Жайган торко сыяктуу
Карабалта, Корумду.
Чалкак-чалкак төрлөрүң,
Катары менен тосумдуу.

(*Калык Акыев*).

Мындагы биринчөй ээлер — *Ленин, Сталин, тургузду* деген баяндооч менен байланышып турат, *Карабалта, Корумду* деген биринчөй ээлер *торко сыяктуу* деген баяндооч менен байланышып турат.

Биринчөй баяндоочтор бир ээ менен байланышат.

Мисалы:

Көйкөлгөн шибер мекени —
Аларча, Ак-Суу, Жоо-Жүрөк.

(*Калык Акыев*).

Мында *Аларча, Ак-Суу, Жоо-Жүрөк* деген биринчөй баяндоочтор бир ээ менен байланышып турат.

Биринчөй толуктоочтор, же бышыктоочтор бир баяндоочко таандык болуп байланышат.

Мисалы:

— Мына, ошондуктан,—деди Жапар, колхозчуларга кыдырата көз жүгүртүп, — биз тылда мыкты иштейли, *эл үчүн, туулуп өскөн жер үчүн*, силердин *бак-таалайыңар, ырысыңар үчүн* канкор жоо менен арстандарча алышып жаткан эрлерден биз эч нерсе аябайлы.

(*К. Баялинов*).

Мында кара менен басылган биринчөй бышыктоочтор *аябайлы* деген баяндоочко байланышты.

Китепканага *тарих, география, кыргыз тилинин грамматикасы* китептерин алып келди.

Мында да биринчөй толуктоочтор бир баяндооч менен байланышып турат.

Биринчөй аныктоочтор сүйлөмдүн аныкталып турган бардык мүчөсү менен байланыша берет.

Мисалы: Сатар — кыска мурундуу, тоголок беттүү, кара көздүү, кебетеси он төрт — он бештерге келген бир бала.

(*К. Баялинов*).

Мында биринчөй аныктоочтор баяндоочко байланышты.

Мектеп аянтына көк, кызыл, жашыл гүлдөр тиктик. Биринчөй аныктоочтор толуктоочко таандык болуп турат.

Көнүгүү 115.

Биринчөй мүчөлөрдү ажыраткыла.

Ачык аба, тунук суу,
Жери сонун биздин эл
Атыр жыттуу буркурап,
Жели сонун биздин эл
Жашыл калем түрдөнгөн,
Чөбү сонун биздин эл.
Алтын, күмүш, жез, калай
Кени сонун биздин эл.
Аркар, кулжа жайнаган
Тоосу сонун биздин эл.
Жигити баатыр, кызы гүл
Эли сонун биздин эл.
Аскасында ак мөңгү
Кары сонун биздин эл.
Адырынан жайылган
Малы сонун биздин эл.
Арпа, буудай, өсүмдүк
Даны сонун биздин эл.
Кызылчадан чыгарган
Балы сонун биздин эл.
Тамеки, жибек, ак пахта,
Баары сонун биздин эл.
Атырылган сымаптай,
Суусу сонун биздин эл.

(Осмонкул Бөлөбалаев).

Көнүгүү 116.

Биринчөй мүчө катышкан сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүргүлө.

Асманда ай жаркырап чыгып келе жатты. Аскалуу бийик тоолор көлдүн күзгүдөй тунук, күмүштөй сулуу келбетине суктанышкандай күлүмсүрөп карашты.

Ойдо, тоодо, тектирлерде ай нуруна чагылышкандай жаңы электр закымданат. Кирсиз асман көгүлтүр тартып, сан жылдыздарын жымындатып, жүрөктү эритип жер бетине көмөрүлгөн казандай көрүнөт.

Ойдун да, тоонун да, шаркырап аккан суунун да бөтөнчө бир кубанычтуу, сырдуу элестери жүрөктү оболжутат, кубантат. Күн баткандан бери тамашалуу күлкү, шаңдуу жаңырык бир аз басандай түштү. Ай асманда кошулуп карап тургансыйт. Шаркырап аккан суу булдурап сүйлөгөнсүйт, көңүлдү кытыгылайт, качанкы бир сырды баяндагансыйт.

Мына ушундай көркөмдүү жазда таш омкоруп, жол куруп жаткан эки дос келечеги терең сырларын чечишип жатты.

(Сасыкбаевдики боюнча — „Батый").

Көнүгүү 117.

Биринчөй мүчөлөрдү ажыратып, ага кандай суроо берилерин айтып бергиле.

Чынын айтканда силердин ишиңер да, кылык-жоругуңар да элге үлгү болгондой болсун. Эл силерден үйрөнгөндөй, жаштар силерди туурай турган болсун. Эл болсо, силер үчүн окуп бүтпөгөн кызык роман сыяктуу, силер алардан алып бүтө албайсыңар, силерден кийинкилерге да калат. Эл—чыгарманын булагы. Силер агып жаткан булактан чөмөрүп гана аласыңар...

(*Аалыдан*).

Көнүгүү 118.

Биринчей мүчөлөрдү ажыратып, кандай милдет аткаргандыгын айтып бергиле.

Көчө-көчөдөн чоң короону бет алып чубалган жан. Күн ачык тийди. Жаңы жааган кардан көз уялат. Теребелге уян карайт. Ой да, кыр да, таш да—бүгүн жер жүзү аппак. Ай-ий көргүлөчү. Кararган тагы жок, жер жүзү кандай аппак, кандай тунук, кандай таза!

Айтпаса, сезимин ойготкон ушул ойбу? Ал уялгансып, же жылмайгансып ары жак, бери жактан көзүн албайт. Бирде алыска, бирде жакынга тигиле караса, анын жүзүндө кубулуш пайда болот. Карга түшкөн күндүн нурунан чагылышабы, же сезимине тийген башка таасирденби, айтоор анын жүзү жумшак мээримдүү жылуу сезимдер менен толгон. Анын жанында Батыш, Гүлнар, Мария, Айганыш, Люба, Акиялар бар.

Булар түнү бою Шамбеттикинде олтурушуп, улуу иш бүтүргөндүктөрүнө кубанышат, өтө шайыр мүнөз менен келатышты. Жеңишбек менен Микола-Аскер Маруся менен Акиянын колдорунда. Экөө тең эң алдыда келе жатышты. Акия баштагыдай эле шайыр.

(*Сыдыкбеков боюнча*).

Көнүгүү 119.

Биринчей толуктоочтуу сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Эмгектин кызуусуна түшүп алгандан кийин суукту да, ысыкты да сезбейт эмессиңби. Андай учурда күндү да, түндү да пайдалангың келет. Бирок маданияттуу эс алмайынча бат эле чарчоого мүмкүн. Ошондуктан эмгекке эс алууга, убакытты туура бөлүү керек.

Жаркын сегиз жылдан бери звеновой болуп иштейт. Анын звеносундагылардын бардыгы алдыңкылардан болуп эсептелет. Звено боюнча жыл сайын жети жүз, сегиз жүз центнерден кызылча берет. Жаркын өзүнүн звеносундагыларга үлгү болуу менен кадырлуу. Ал башка мүчөлөрүнө караганда жыл сайын эң кеми жүз центнерден ашык түшүм берет. Анын звеносундагы Бурулга, Сайрага, Турсунга жана анын өзүнө быйылкы майрамда баалуу сыйлыктар тапшырылды. Ал—айылдык Советтин депутаты. Сайранын келечеги кең. Жыл сайын анын звеносу өйдөлөөдө. Ал ар дайым кызылчаларды текшерип, отоо чөптөрдү, зыяндуу курттарды жоготуп турат. Аңызда сербейген чөптү, же зыяндуу куртту жолуктурууга болбойт. Жаркын эмгекти туура бөлүштүрө билет. Өз убактысында кыкты, суперфосфатты аңызга чачат. Өз убагы менен отоо чөптөрдү жоготот. Агрономдон ар дайым кеңеш алып турат. Сугатты да учуру менен пайдаланат. Ал—эмгектин кызуусундагы патриот. Ал көбүнчө эртеңки, кечки салкында катуу иштейт. Күн

ысыганда тамак аш, бала-бакырасына жана үй тиричилигине карайт. Бирок бул дайым эле ушундай болбостон, кызылчанын казуу жумуштары өткөндө гана ушундайча болот, анткени—отоо чөптөрүн убагында жоготпосо, кийин ага кызылчаны бастырып жиберип, кызылча жаман өсөрүн жакшы түшүнөт.

Көнүгүү 120.

Текстти окуп, бышыктоочторду ажыраткыла.

ДЕПУТАТТАРГА.

Депутаттар, эл шайлаган, ишенген,
Куттуктаймын оттой ысык ыр менен!
Акын сөзүн, эл сөзүндөй уккула,
Эл чын айтат: ыр бар жерде сыр терең.

Ленин туусун көкөлөтүп кармаган,
Тандап түшкөн түз жолунан тайбаган.
Сталиндей ишке шыктуу болгула,
Эл силерди иштесин деп шайлаган.

Токтобостон, карабастан эңишке,
Элди өйдө, дагы жаңы жеңишке,
Баштагыла, Ленин чапкан жол менен,
Сталиндей көрүнгүлө зор иште!

Казылбаган укмуш кендер казылсын,
Ала-Тоонун алтын койну ачылсын.
Жетсин эрте көл боюна темир жол,
Жыргалаңдан көмүр бери ташылсын.

Салынбаган станциялар салынсын,
Мөңкүп аккан суудан кубат алынсын.
Алай, Аксай, Тогузторо, Чаткалда—
Киргили жок Ильич чырак жагылсын.

Курулбаган фабрикалар курулсун,
Үч-Теректен гудок үнү угулсун.
Оштон шайы, Суусамырдан кылторко
Туш тарапка жөнөтүлүп турулсун.

(*Темиркул Умөталиев*).

Көнүгүү 121.

Биринчей мүчөлөрдү ажыраткыла.

Жүргүлө музей көрөлү,
Музей кызык, ой, балдар.
Түрдүү жандын баары бар,
Кадимкидей турушат
Элик, теке кулжалар.

Каман, түлкү, карышкыр
Каткан бойдон калыптыр.
Кебетеси бузулбайт,
Кайдан таап алыптыр?...
Кыргый, бүркүт, чоң жору,

Көп жыл болгон болжолу,
Арасында дагы бар,
Биз көрбөгөн чоңдору,
Өзүндөй кылып коюптур.
Өрдөк, тоодак, уларды.
Көгүчкөнү дагы бар.
Көргүлө, балдар, буларды.
Жибек, пахта, кенепти.
Көрөсүң бардык керекти.

(*Мидин Аалыбаев*).

Көнүгүү 122

Текстти окуп, бирөңчөй баяндоочторду ажыраткыла.

Адамдын көөнүн сергиткен
Атыр жыттуу абасы.
Жел тийсе, көлдөй толкундайт
Туландуу тегиз талаасы.

Кара-Кол, Сөөк төрлөрүн
Көп жылдар сени көрбөдүм,
Саймадай түр салынган —
Сарала-Саз, Көл-Төрүң.

Өзөнүң сайың кырчын тал,
Өрүшүң толгон бирдик мал.
Жер соорусу Суусамыр,
Сен экенсиң бир жыргал.

(*Калык Акиев*).

Көнүгүү 123.

Муну да жогоркудай иштегиле.

ПАПАНИНЧИЛЕР.

Папанинчилер „Түндүк Уюл“ станциясынан кайтышты. Алардын келиши Совет элинин кубанычтуу толкунун көтөрдү. Заводдордон, фабрикалардан, колхоздордон, совхоздордон, окуу жайларынан папанинчилерге миңдеген куттуктоолор келип жатты. Папанинчилер Түндүк Уюлду изүүлдөштү, өздөштүрүштү. Бул — дүйнөлүк тарихта эң маанилүү ачуу. Мындан мурда ондогон адамдар түндүк уюлга барууга аракет кылышкан, убараланышкан, кыйналышкан. Бирок жете албаган, натыйжа болбогон. Советтик төрт баатыр гана жаңы илим байлыктарын ачышты. Бул совет элинин сыймыгы.

Папанин, Ширшов, Кренкель жана Федоров жолдоштор Родина алдында ыйык милдеттерин абийирдүүлүк менен орундатты. Эне — Родинабыз мындай уулдары менен даңктанышат. Булар — Сталиндик тарбия алган жаңы замандын адамдары. „Большекиктер албай турган чеп жок,“—деген Сталиндин сөзү тегин сөз эмес эле. Большевиктер түндүк уюл гана эмес, бардык кыйынчылыктарды жеңет, үйрөнөт жана жүзөгө ашырат.

Родинанын баатырларына ардак, даңк!

Көнүгүү 124.

Бирөңчөй аныктоочтордун кандайча түзүлгөндүгүн айтып бергиле жана башка кандай бирөңчөй мүчөлөр бар экендигин да ажыраткыла.

Алты кабат үйлөрү
Арасында даңкайып,
Алыскы жерден карасаң,
Ала-Тоодой заңкайып,
Кызыктуу шаар Фрунзе
Борборума кубанам.

Гүл ачылып жайнаган,
Күкүгү таңшып сайраган.
Күнгөй-тескей тоосунда
Көбөйүп чарба жайнаган,
Арпа, буудай, ак күрүч,
Кызылча, пахта айдаган,
Түндүк-түштүк жериме,
Эмгектин асыл жемиши
Толгонуна кубанам.

Эңишкен жоодон тайбаган,
Эмгеги күчөп кайнаган,
Комбайн чаап жыйнаган,
Трактор тишин кайраган,
Жооого сүрдүү шамдагай,
Жулунтуп күлүк байлаган,
Ак калпак кыргыз элине
Таалай, бакты, сыймыктын,
Конгонуна кубанам.

Барган жоосун жеңишкен,
Барчындай көккө тебишкен,
Ат үстүнөн эңишкен,
Талкалап жоосун кыйратып,
Намысын алып келишкен,
Кыраан кыргыз элимдин
Эрлерине кубанам.

Ата мекен жер үчүн
Төрт жылы тынбай күрөшүп,
Улуу орус эл менен
Тилекти бирге тилешип,
Кармашкан жоосун баатырлар
Жеңгенине кубанам.

(*Осмонкул*).

Көнүгүү 125.

Бирөңчөй мүчөлөрдү ажыраткыла.

Горький өзүнүн акыркы демине чейин, азыр Ленин — Сталин партиясынын жетекчилиги астында жаңы социалисттик коомду ушунчалык дилгердик менен куруп жаткандар менен кошо бир сезимде, бир ойдо жашады. Өзүнүн өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин, анын көзү күрөштүн, эмгекчилердин душмандарына—фашисттерге жана башка эзүүчүлөрдүн бардыгына, маданиятты муунтуучуларга жана согушту тутандыруучуларга келишпестиктин оту болуп жаркырады. Ал биздин өлкөдөгү эмгекчилердин ийгиликтеринин ар кайсынысына, стахановчулардын ийгиликтерине, аялдар арасындагы кыймылдын жаңы түрүнө, түшүмдүн жана эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө, душмандар тарабынын жана кара ниеттердин бети ачылышына, өлкөбүздү коргоонун чыңалышына жана, бөтөнчө, көпчүлүктүн өсүшүнө жалындуу жашка жана даанышман атага окшоп сүйлөдү.

(*Молотов*—„А. М. Горькийдин эстелигине“ 1936-жыл 20-июнь).

§ 41. Бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө байламталардын жазылышы.

Бирөңчөй мүчөлөр өз ара интонация аркылуу, же байламталар аркылуу байланышат.

Мисалы: Алма, алмурут, өрүк гүл ачты.

Мында бирөңчөй мүчөлөр өз ара интонация аркылуу байланышты.

Бүгүн Асан, же Аалы келет. Асан да, Аалы да отлично окуйт.

Бул сүйлөмдөрдө бирөңчөй мүчөлөргө таандык болуп байламталар колдонулду.

Бирөңчөй мүчөлөргө таандык болуп айтылган, же бирөңчөй мүчөлөрдү байланыштыруу үчүн колдонулган байламталар ар түрдүү маанеге ээ болот, ошого карай алар бирөңчөй мүчөлөргө да ар түрдүү кошумча маани киргизет. Байламталардын маанисине карай бириктирүүчү байламта, божомол байламта, мезгилдеш байламта, аныктама байламта деп бөлүп, мындан мурда алар жөнүндө түшүнүк берилди эле. Эми бирөңчөй мүчөлөрдө булардын кандайча жазылары жөнүндө айтууга болот.

1. Бирөңчөй мүчөлөр өз ара интонация аркылуу байланышса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлат.

Мисалы: Магазинден китеп, сыя алдым.

2. Бирөңчөй мүчөлөр мезгилдеш байламта (да, дагы) аркылуу байланышса, мезгилдеш байламтадан кийин бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлат.

Мисалы: Асыл дагы, Суура дагы эпкиндүү иштейт. Магазинге кант да, самын да, кездеме да, китеп да, дептер да алып келди.

3. Бирөңчөй мүчөлөр божомол байламта (*же*) аркылуу байланышса, божомол байламтадан мурда бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Ал эртең же тоого, же шаарга барат.

4. Бирөңчөй мүчөлөр бириктирүүчү байламта (*жана, эле*) аркылуу байланышса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлбайт. Шаршен менен Жанузак аңга чыгышты. Жанузак эки кекилик жана бир чил атып алды.

Көнүгүү 126.

Текстти көчүрүп, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр койгула.

Кыргызстандын жери тоолуу келет. Тоолуу райондордо көбүнчө мал чарбачылык өскөн. Тоолордун арасында кеңири түздүктөр да көп. Андай өрөндөрдө дан эгини кызылча пахта дагы ушулар сыяктуу көп эгиндер айдалат. Тоолуу райондордо уй кой жылкы топоз төө көп болот. Чүй өрөнүндө дан

эгин кызылча жакшы өсөт. Ош Жалал-Абад областтарында пахта эгилет. Талас өрөнүндө дан эгиндери тамеки айдалат. Ысык-Көлдүн тегерегине да түрдүү өсүмдүктөр айдалат.

Кыргызстанда кен байлыгы да көп. Революциядан кийин, Кыргызстанда көмүр темир жез калай нефть коргошун ж. б. жер байлыктары көп табылды.

Өнөр жайда жана айыл чарбасында бардык жумуштар техникалаштырылды.

Элдин маданияты өстү жана өсүп жатат.

Көнүгүү 127.

Бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү дептерицерге көчүрүп, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Социалисттик курулуш сталиндик беш жылдыктарда биздин родинанын чарбачылык жана маданий турмушунун бардык жактарын өз кучагына алды. Бардык жерде жаңы турмуштун жаңы социалисттик тартиптердин курулушу өөрчүдү. Алдыңкы катардагы оор индустриялар түзүлдү.

Совет бийлиги эл чарбачылыгын кайра курду. Жаңы техника негизинде илим негизинде эл чарбасынын башка тармактары да кайра курулду.

Транспорт жаңы паровоздор рельстер семафорлор сигналдаштыруунун жана байланыштын эң жакшы куралдарын алды. Мурун артта калып келе жаткан темир жолдор кыска срокту ичинде эл чарбасынын алдынкы катардагы тармагына айланды.

Эң чоң жана эң сонун Беломор-Балтика каналы Москва-Волга ж. б. каналдар казылды. Беломор-Балтика каналы Түндүк советтик деңиздерди бир бирине кошот. Москва-Волга каналы — Москвадан чыгып, Советтер Союзунун эң маанилүү ички дарияларын көздөй бара турган терең суулуу жол.

Көнүгүү 128.

Бирөңчөй толуктоочтуу сүйлөмдөрдү көчүрүп, бирөңчөй толуктоочтордун арасына үтүр койгула.

1. Колхозчулар бедени чөптү өз убагында чаап бүтүштү.
2. Абдылда тоонун карагайын арчасын шилбисин четинин
көрүп кызыкты. 3. Мергенчи эчки теке аркар кулжа атууну
ойлоду. 4. Аңчы карышкыр түлкү суур кашкулак аюуга капкан салмакчы болду. 5. Ферма башчысы үйүлгөн бедени чөптү
саманды топонду көрүп кубанды. 6. Түлкү ойду тоону адырды
коктуну койбой жойлоду. 7. Биздин колхоздо кой уй жылкы
төө фермалары бар. 8. Мен Дүйшөнү да Бейшени да Илиясты
да көрдүм. 9. Колхоздун кою менен уюн жылкысы менен
төөсүн да Улуу-Төргө чыгардык. 10. Районго биз ат менен
да араба менен да автомобиль менен да барабыз.
11. Өнөр жайларга транспортко айыл чарбасына жаңы тех-

ника менен бирге жаңы адамдар да келишти. 12. Жумушчулар колхозчулар социалисттик заводдордо жана фабрикаларда совхоздордун жана колхоздордун талааларында иштеп жатышат.

Көнүгүү 129.

Бирөңчөй ээлерди ажыраткыла.

Суусамыр сендей жер барбы,
Сулуулугун, сууң таза,
Кызытат бойду терметип,
Кымызындан уртаса.

Ар өзөнүң Суусамыр,
Атырылган тунук суу,
Сенде турган колхозчу
Тартынбай иштейт жумушту.

Жайган торко сыяктуу
Кара-Балта Корумду
Чалкак-чалкак, төрлөрүң
Катары менен тосумдуу:

Атабыз Ленин, Сталин,
Жаңы дүйнө тургузду,
Алдыга сүрөп жеткирди
Ала-Тоолук кыргызды.

(Калык Акыев).

Көнүгүү 130.

Көчүргүлө. Бирөңчөй ээлердин арасына үтүр белгисин койгула.

КОЛХОЗ ТАЛААСЫ.

Колхозчулар жазды күтөт. Күтүлгөн жаз да келди. Колхоздун кою да, ую да төөсү да бээси да төлдөдү. Ыймаш Ырыскул Кыдык Казы Дүйшө малды жакшы бакты. Козу кулун музоо улактары аман болду. Жер бетин каптаган бетеге шыбак кара кыяк чыкты. Алар жетиле баштады. Кымыз сүт жайнады. Эл да акка каныкты. Март да апрель да май да өттү. Жыргалдуу жай да келди. Колхоздун малдары кой үй жылкы — баары тең жайлоого чыгарылды. Жайлоодо карагай арча көп. Алар адамдын тиричилиги үчүн өтө керектүү.

Көнүгүү 131.

Бирөңчөй баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, тийиштүү тыныш белгисин койгула.

Коюмду жайып чыктым. Июль айы. Күн жакшы эле ысып калган кез эле. Койлорум тескейге жайылып оттоп жүрөт. Андан кийин койлорду сугарууга төмөнкү коктунун этегин көздөй түшүрдүм. Койлорум суу ичти бир аз жайылды. Андан кийин жайып чыгып кеттим. Койлордун оттогону көзүмө эн бир кызык көрүнөт. Койлор оттойт, ынтыгат кээде жата кетет. Кээ бир койлор оюн салат чуркайт сүзүшө кетишет. Эчкилер жарды көздөй качат көлөкөлөйт жатат. Салкын түшкөндө турат оттойт.

Бирок кой үйдү көздөй жөнөр убакытта, албетте, койго өзү келип кошулат. Ошентип, кечкурун кой эчкилеримди үйдү көздөй жайып кайтам.

Көнүгүү 132.

Тексттин мазмунун сүйлөп бергиле, бирөңчөй мүчөлөрдү ажыратып, тыныш белгилерин коюп, алардын арасына үтүрдүн коюлушунун себебин айтып бергиле.

ПИОНЕРЛЕР БАРДЫК БАЛДАРГА ҮЛГҮ.

Пионер жаш ленинчинин наамын көзүнүн карегиндей сактайт. Пионер окууда, эмгекте тырышчаак жана тартиптүү. Ал дружина менен отряддын тапшырмасын ак ниети менен жана так орундатат. Баштаган ишти аягына жеткирет кыйынчылыктардан чегинбейт.

Пионер—маданияттуу жана сылык. Ал маданий кулк-мүнөздүн эрежелерин катуу сактайт, улууларга ата-энелерине аялдарга инвалиддерге жардам беришет. Пионерлер—кичинекей балдардын досу, ал өзүнөн кичинекей бир туугандары жана карындаштары жөнүндө кам көрөт. Пионер эч убакта урушпайт. Ал—ыпластык менен чылым тартуунун душманы. Пионер өзүнүн жакшы иштери менен эч убакытта мактанбайт, анткени—балдар үчүн үлгү көрсөтүү—пионерлердин милдети.

Пионер—чынчыл жана акыйкатчыл. Пионер калп айтпайт. Эгерде ал кандайдыр бир жаман кылык-жорук кылса, же өзүнүн сөзүнөн чегинсе, анда ал жөнүндө отряд менен дружинада тупадан-туура чынын айтат жана андай кылык-жоруктарды кайталабас үчүн тырышат. Пионер сөзүн төгүнгө сүйлөй бербейт. Пионердин сөзү—катуу сөз.

Пионер—ишеничтүү жолдош, ал бардык иштерде жолдошторуна жардам берет.

Көнүгүү 133.

Өзүңөр ар түрдүү байламта катышкан бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр түзүп, тыныш белгилерин койгула.

§ 42. Турпатташ бирөңчөй мүчөлөр.

Комбайн чабат, басат жана тазалайт.

Бул сүйлөмдө бирөңчөй баяндоочтор (чабат, тазалайт, басат) бир ээ менен (комбайн) байланышты. Кай бир учурда көрсөтүлгөн бирөңчөй баяндоочтордун ар бирине таандык башка-башка сөздөр да болушу мүмкүн.

Мисалы: Комбайн *эгинди* чабат жана *данды* тазалайт.

Мында *эгинди* деген айкындооч *чабат* деген баяндоочко таандык да, *данды* деген айкындооч *тазалайт* деген баяндоочко таандык болуп турат.

Кар, же бороон болот.

Бул сүйлөмдө бирөңчөй ээлер (кар, бороон) бир баяндооч менен (болот) байланышып турат. Кээде бул бирөңчөй ээлердин ар бирине таандык башка-башка айкындооч сөздөр да болот.

Мисалы: *Бүгүн* жыйналыш, *эртең* кино болот.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдө жыйналыш деген ээге таандык болуп *бүгүн* деген айкындооч айтылды да, *кино* деген ээге таандык болуп *эртең* деген айкындооч айтылды.

Ал мени, Сабырды тапты.

Мында бирөңчөй айкындоочтор (мени, Сабырды) бир баяндооч менен (тапты) байланышты. Бул бирөңчөй айкындоочторду да, бирөңчөй ээлерди, бирөңчөй баяндоочторду жандаган сыяктуу, башка айкындоочтор жандап айтылат. Мисалы:

Ал мени *мектептен,* Сабырды *клубдан* тапты.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө да *мектептен* деген айкындооч *Сабырга* таандык эмес, мага таандык да, *клубдан* деген айкындооч *мени* деген айкындоочко таандык эмес, *Сабырды* деген айкындоочко таандык.

Үшинтип бирөңчөй мүчөлөрдү жандап, аларга тактык киргизүү үчүн айтылган сөздөр да болорун көрдүк. **Мындай ар бир бирөңчөй мүчөгө ар башка айкындооч таандык болуп айтылса, турпатташ бирөңчөй мүчө деп аталат.**

Мисалы:

Алардын ар биринин жүрөгүндө толкундуу ойлор, ишеничтүү үмүттөр турат (*Байтемиров*).

Мындагы турпатташ бирөңчөй мүчөлөр—толкундуу ойлор ишеничтүү үмүттөр.

Китепти китепканадан, дептерди магазинден алдым.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлөр—китепти китепканадан, дептерди магазинден.

Ал шар окуйт жана сулуу жазат.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлөр—шар окуйт, сулуу жазат.

Турпатташ бирөңчөй мүчө катышкан сүйлөмдөр турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сүйлөм деп аталат.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү түзүлүшүнө карай үчкө бөлүүгө болот: анын биринчиси—турпатташ бирөңчөй ээлүү сүйлөм да, экинчиси—турпатташ бирөңчөй баяндоочтуу сүйлөм, үчүнчүсү—турпатташ бирөңчөй айкындоочтуу сүйлөм.

Мындай өз ара бири бирине таандык болуп айтылган сөздөр ар дайым бирөңчөй болушат.

Мисалы: Абыл мектепке, Асыл клубга кетти.

Мында *мектепке*, *клубга* деген сөздөр бирөңчөй жана *Абыл*, *Асыл* деген сөздөр бирөңчөй.

Капарды клубга, Жакини конторага жиберди.

Мында *Капарды*, *Жакини* деген сөздөр бирөңчөй жана *клубга*, *конторага* деген сөздөр бирөңчөй.

Комбайн эгинди басат жана данды тазалайт.

Мында *эгинди*, *данды* деген сөздөр бирөңчөй жана *басат тазалайт* деген сөздөр да бирөңчөй.

Көнүгүү 134.

Текстти окуп, турпатташ бирөңчөй ээлер катышкан сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Майрамга аз эле күн калды. Биздин мектептин коллективи майрамга кызуу даярдана башташты. Пионер вожатый Алымбаев окуучулар менен кыскача аңгеме өткөрдү. Жакшы жаза турган жана сүрөтчү балдар бөлүнүп алынды. Мен мектеп үчүн, Зуура клуб үчүн чакырык жазмай болдук. Абыл дубал газетаны жана Бекиш окуучулардын жетишүү таблицасын жазмак болду. Отличник окуучуларга жетише албаган окуучулар бекитилди. Ал кеңешмеде мектеп багына дагы беш жүз түп жемиш бактарын тигүүнү чечтик. Мына биринчи майга саналуу гана күн калды. Майрамга чоң ийгиликтер менен барсак деген ой ар кимдин жүрөгүн толкундатат. Совет эли ар бир майрамды эмгектеги жаңы жетишкендиктер менен тосууну милдет катары сезишет.

Көнүгүү 135.

Текстти окуп, турпатташ бирөңчөй ээлерди ажыраткыла.

Бул лагерге түрлүү жаштагы балдар келишти. Алардын баары тең ар башка мектептен. Күлүйпа Панфилов мектебинен, Сайра Ленин мектебинен, Жунуш Будённый мектебинен келген. Кеңешбек Калинин, Шакин Ленин районунан келген. Жумабүбү он үч, Шекер он төрт жашка чыкты. Лагерге кечээ Болот, бүгүн Жумаш дежурный болду. Лагердин начальниги Абыласанов, пионер вожатыйы Петрова кечээ жыйналыш өткөрдү. Лагерде өтө көңүлдүү. Лагерь эң сонун жерге орношкон. Калың бак, шаркыраган суу, көк шибери көйкөлгөн тоо лагерге адамдын көзү тойгус көрк берет. Лагерде түрдүү оюндар, физкультуралык жарыштар болуп турат. Экскурсияга да чыгып турабыз. Кечээ биринчи отряд тоого, экинчи отряд колхоз талаасына экскурсияга чыкты.

Көнүгүү 136.

Текстти окуп, турпатташ бирөңчөй баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. Жөнөрүбүзгө аз калды. Абыл — ичибиздеги ишеничтүү-бүз. Ал бат басат жана түз атат. Анын атасы — мергенчи. Ал атасы менен көп жерге барган жана көп жерди билет. Ал каякта көп кекилик болорун да, каяк менен баруу керектигин да билет. Биз аң уулоого чыгууну алда качан эле чечкенбиз.

2. Азыр социалисттик айыл чарба жаңы техника менен камсыз кылынды. Эгин комбайн менен жыйналат; Комбайн эгинди чабат, басат жана данды да тазалайт. Айыл чарбасы трактор, сеялка жана башка машиналар менен толук камсыз кылынды.

Көнүгүү 137.

Турпатташ бирөңчөй айкындоочторду ажыраткыла.

КОЛХОЗГО ЖАРДАМ БЕРҮҮ.

Биздин мектептин окуучулары жыл сайын колхозго жардам берет. Быйыл да колхозго жардам берип жатабыз. Жакында окуучулар талаа жумуштарына бөлүштүрүлдү. Биздин класстагы окуучулардан мени жашылча бригадасына, Кадырды эгин бригадасына, Сейнени кой фермасына бекитти. Бизден башка балдар да мына ушундайча болуп бөлүштүрүлдү. Жайкы дем алыш мезгилинде бекитилген өндүрүштөрдө үздүксүз иштейбиз. Ага чейин колхоздун жазгы жумуштарына жардам беребиз. Кой фермасын да шефке алганбыз. Жакында эле мага үч козу, Салыйга төрт улак бекитилди. Бир нече жолу барып, кызылчанын чабыгына жардам бердик. Биздин классты үчүнчү звеного, алтынчы классты экинчи звеного, бешинчи классты биринчи звеного бекиткен болучу. Биз абдан жакшы иштедик. Колхозчулар чоң ыракмат айтышты.

Көнүгүү 138.

Өзүңөр турпатташ бирөңчөй айкындоочтуу сүйлөм түзгүлө.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн жазылышы.

1. Турпатташ бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Алмаке географиядан, Артыкбай тарихтан даярданып жатат.

Бүгүн бедени, эртең чөптү үйөбүз.

Айнаш сулуу жазат, так окуйт.

2. Турпатташ бирөңчөй мүчөлөр *же* деген байламта аркылуу байланышса, үтүрдүн бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына коюлуу тартиби сакталып калат, бирок *же* деген байламтадан мурда коюлат.

Мисалы: Тоого бүгүн бороон, же эртең кар болот.

3. Турпатташ бирөңчөй мүчөлөрдү *жана* деген байламта байланыштырса, турпатташ бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлбайт.

Мисалы: Комбайн эгинди басат жана данды тазалайт.

Көнүгүү 139.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү таап, анын кайсы түрү экенин ажыраткыла.

ЭКСКУРСИЯДА.

Биздин класстын окуучулары экскурсияга барышты. Экскурсияга биология мугалими жолбашчылык кылды. Бетеге, шыбак жетилген. Талаа кызыл, жашыл, сары гүлдөр менен

көрктөнөт. Сыдык кызыл гүл, Жамила жашыл гүл терди. Мектепте тажрийба өткөрүү үчүн таш бака, кескелдирик сыяктуу жаныбарларды кармап алдык. Кеңешбек бир кескелдирикти кармап алып, мектепке алып келди.

Мектепке келгенден кийин, аларды тажрийба жасамак болдук. Кеңешбек баканы, же кескелдирикти соймок болду. Таш баканы эртең, же бүрсүгүнү соймок болдук. Тажрийба башталды. Кеңешбек баканы, мен кескелдирикти соё баштадым.

Бардык денелерин ажыратып, окуй баштадык. Тажрийба жүзүндө окуган сабак эч убакта эстен чыкпайт.

Көнүгүү 140.

Текстти көчүрүп, турпатташ бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр койгула.

1. Абыл педагогикалык окуу жайында Сыйнат он жылдыкта окуйт. Экөө тең быйыл орто билимдүү болот. Жакында Абыл шаардан айылга Сыйнат айылдан шаарга барат. Абыл мугалим Сыйнат студент болот.

2. Ажар клубдан Асыл мектептен келди. Бирөө саат он экиде экинчиси саат төрттө келди. Мен өйдө ал ылдый барат. Бүгүн физкультура кружогу эртең хор кружогу болот. Бүгүн кечинде ата-энелердин жыйналышы анын артынан алар үчүн оюн болот. Адегенде беде андан кийин чөп чабылат.

Көнүгүү 141.

Өзүңөр турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сөздөр катышкан сүйлөмдөр түзгүлө.

Көнүгүү 142.

Турпатташ бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү дептеринерге көчүрүп, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Биздин ремеслолук мектебибизден ар түрдүү кесиптерди алууга болот. Азамат токарь Асанкул слесарь Шаршен формовщик болуп чыгат. Мен да формовщик болом. Азамат менен Асанкул былтыр Шаршен быйыл кирген. Бул мектепти бүткөндөн кийин заводго барып иштейбиз. Азыр практикага чыгып жатабыз. Бул кесипке абдан кызыгабыз. Заводдо иштеп техниканы өздөштүргөндөн кийин ишибизди өркүндөтүү техникалык жаңы ачууларды табууну алдыбызга максат кылып койгонбуз.

§ 43. Жалпылагыч мүчө.

Бирөңчөй мүчөлөрдү бириктирип, алардын ордуна колдонулуучу сөз жалпылагыч мүчө деп аталат.

Мисалы: Бермет, Гүлнар, Асыл — баары окууга кетти.

Бермет, Гүлнар, Асыл деген бирөңчөй мүчөлөрдү бириктирип, алардын ордуна колдонулган сөз — *баары* (жалпылагыч мүчө).

Мен, сен—экөөбүздү чакырды. Жалпылагыч мүчө—*экөөбүздү*; мени, сени деген бирөңчөй мүчөлөрдү бириктирди.

Жалпылагыч мүчө бирөңчөй мүчөлөрдү бириктирип, алардын ордуна колдонулуу менен бирге, өзүнчө туруп баяндоочтор менен байланыша албаган жак-жакты көрсөтүүчү мүчөлөрдү бириктирүү жана байланыштыруу (баяндооч менен) милдетин да аткарат.

Мисалы: Мен, сен, ал барабыз. Мен, сен, ал барышат. Мен, сен, ал барасынар — болуп айтылбайт. Мындай жак-жакты көрсөткөн бирөңчөй мүчөлөрдү жалпылагыч сөз бириктирсе гана, сүйлөмдүн баяндоочу менен байланыша алат.

Мисалы: Мен, сен, ал — үчөөбүз барабыз. Бул сүйлөмдө *үчөөбүз* деген жалпылагыч сөз жак-жакты көрсөтүүчү ээлерди бириктирип, баяндооч менен байланыштырды. Жалпылагыч сөздөр бирөңчөй мүчөлөрдүн бардыгын өзүнө таандык кылып турат, башкача айтканда, бирөңчөй мүчөлөрдүн маанисин берип, алардын (бирөңчөй мүчөлөрдүн) милдетин аткарат.

Мисалы: Мен, сен, Акмат — баарыбызды директор чакырды. Жалпылагыч мүчө — баарыбызды.

Окуунун отличниктери — Жакып, Наамат — үчөөбүз. Жалпылагыч мүчө — үчөөбүз.

Бүбү, Шайыр — экөө эми келди. Жалпылагыч мүчө — экөө.

Бул сүйлөмдөрдөгү жалпылагыч сөздөр бирөңчөй мүчөлөр кандай милдет аткарса, булар да ошондой милдет аткарды жана ал бирөңчөй мүчөлөрдүн маанисин жалпылап берип турат. Жалпылагыч мүчөлөр чечмелөө иретинде да айтылат.

Мисалы: Сибирь тайгасында өсүүчү жыгачтар булар: карагай, кызыл карагай, ёлка жана жалбырактуу жыгачтар. Жалпылагыч мүчө — булар.

Жалпылагыч мүчөлөр бирөңчөй мүчөлөрдөн мурун да, кийин да айтыла берет.

Мисалы: Сен, ал, мен — үчөөбүз лагерде болдук. Терек, тал, кайың — булар жалбырактуу жыгачтар. Ийне тикендүү жыгачтар булар: карагай, ёлка, кызыл карагай, арча.

Жак-жакты көрсөтүүчү бирөңчөй мүчөлөр көмүстө калып да айтыла берет, көмүстө калган сөз жалпылагыч мүчө аркылуу белгилүү болот.

Мисалы: Ал — экөөңөр келдиңер (сен деген сөз көмүстө калды).

Жөндөмөдө турган айкындоочтордон кийин жалпылагыч мүчө колдонулса, бирөңчөй айкындоочтордон кийинки мүчөлөр түшүп калып, жалпылагыч мүчө гана жөндөмөдө турат.

Мисалы: Капар, Сагын — экөөңө сыйлык берилди.

Сен, Акмат — экөөңдү ремеслолук окуу жайына кабыл алмай болду.

Чечмелөө иретинде айтылуучу жалпылагыч сөздөр түшүп калып да айтыла берет.

Мисалы: Сибирь тайгасында өсүүчү жыгачтар — карагай, кызыл карагай, ёлка, жалбырактуу жыгачтар.

Жалпылагыч мүчөлөрдү **экөөбүз, үчөөбүз, баарыбыз** тең, **булар, болуп** ж. б. сөздөр уюштурат.

Жалпылагыч сөздөр бирөңчөй ээлерди бириктирип турса, жалпылагыч ээ деп, бирөңчөй айкындоочторду бириктирип турса, жалпылагыч айкындооч деп, бирөңчөй баяндоочторду бириктирип турса, жалпылагыч баяндооч деп аталат. Маселен: Аалы, Жунуш — үчөөңдү чакырды. Жалпылагыч айкындооч — үчөөңдү. Мен, сен, ал — баарыбыз киного барабыз. Жалпылагыч ээ — баарыбыз. Сыйлангандар — мен, сен — экөөбүз. Жалпылагыч баяндооч — экөөбүз.

Жалпылагыч мүчөлүү сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Жалпылагыч мүчө бирөңчөй мүчөдөн мурда айтылса, жалпылагыч мүчөдөн кийин кош чекит (:) коюлат.

Мисалы: Кыргыз ССРинин областтары булар: Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Тияншан, Талас.

Эгер бирөңчөй мүчөлөрдөн мурда айтылган жалпылагыч мүчө түшүп калса, бирөңчөй мүчөлөрдөн мурда сызыкча коюлат.

Мисалы: Сибирь тайгасында өсүүчү ийне тикендүү жыгачтар — карагай, кызыл карагай, ёлка жана кедр. Бул сүйлөм жалпылагыч мүчөлүү сүйлөм катары эсептелбейт, себеби — жалпылагыч мүчө көмүстө калды деген корутунду жасоого эч негиз жок. Ошондуктан мындай сүйлөмдөр баш мүчөлөрү зат атоочтордон түзүлгөн бирөңчөй мүчөлүү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жазуу эрежесинин негизинде баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлат.

2. Жалпылагыч мүчө бирөңчөй мүчөлөрдөн кийин айтылса, жалпылагыч мүчөдөн мурда сызыкча коюлат.

Мисалы: Болот, Темир, Чоро — баарыбыз тең топ ойнодук.

Жалпылагыч мүчөлөрдөн мурда айтылуучу санак мүчөлөрдүн кээ бирөө көмүстө калса да, жалпылагыч мүчөдөн мурда сызыкча коюла берет.

Мисалы: Сен — экөөбүз сабакка жакшы даярдандык. Акмат, Аалы — баарынарды клубдан көргөмүн.

Эгер жалпылагыч мүчөдөн мурда айтылуучу бирөңчөй мүчөлөр көмүстө калса, жалпылагыч мүчөдөн мурда сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Экөөбүз келдик. Баарыбызды чакырды.

Бирөңчөй мүчөлөрдү **болуп** деген жалпылагыч сөз байланыштырса, жалпылагыч мүчөдөн мурда жана кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт.

Мисалы: Асанкул, Жазыгул, мен болуп „Манасты“ окуп чыктык.

Мындай учурда жалпылагыч мүчөлөрдөн мурда жана кийин айтылган бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына коюлуучу үтүр белгиси сакталып кала берет.

Көнүгүү 143.

Жалпылагыч мүчө катышкан сүйлөмдөрдү дептериңерге көчүрүп, жалпылагыч мүчөлөрдү айтып бергиле.

Дем алыш күнү Капар, Бакай, Асанкул — баары балык уулоого чыкмакчы болушту. Бир күн мурда тор жана кайырмак камдашты. Дем алыш күнү эрте турушту. Сууну карай бет алышты. Жолдон Жазыгул менен Астаркул — экөөнү кошуп алышты.

Адегенде торуна балык түшкөн жок. Андан соң Бакай суунун ортосунда торду кармап турду да, Капар, Асанкул, Жазыгул — үчөө сууга таш ыргытышты. Астаркул сууга топурак ыргытып ылайлай баштады. Балык көп түштү. Балык уулоо бешимге чейин созулду. Айылдан өтө алыстап кетишти. Капар менен Жазыгул кайырмак менен кармоого кириштн. Бирок Капардын кайырмагына балык түшпөй койду. Ал ызаланды. Акырында Жазыгулдун жанына олтуруп салды. Дагы эле баягыдай. Ал муну билгиси келип, Жазыгулдан сурады. Ал түшүндү. Көрсө, кайырмакты убагында серппей, же сөөлжанды кайырмакка туура сайбай коёт экен.

Бешим ылдыйлаганда үйлөрүнө жөнөштү.

Көнүгүү 144.

Муну да жогоркудай иштегиле.

1. Кыргызстанда айыл чарбасынын ар түрдүү тармактары өнүктү. Ал тармактар булар: кызылча, пахта, эгин, мал чарбачылыктары. Айыл чарбасы бүт техника менен иштелет.

2. Кыргызстанда өсүүчү жемиш жыгачтары жана токойлор булар: алма, өрүк, алча, алмурут, жүзүм, жийде, жаңгак, мисте, карагай, кайың, арча, тал, терек, четин, долоно, дуб, кара жыгач ж. б.

3. Биздин колхоздо айдалуучу жашылчалар — кызылча, сабиз, капуста, помидор, картофель, пияз, коон, дарбыз ж. б.

Көнүгүү 145.

Жалпылагыч сөздөрдү ажыратып, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Кара-Жалак — Көк-Иримди Кемел, Гулсара үчөөбүз ар башка изилдей баштадык. Биринчи күнү эле чогулуп тыянак чыгаруу кыйын иш эмеспи, анткени — ар бир капчыгайдын өйүзбүйүзү бирдей изилдениши керек. Биз үчүн бир метр ыңгайлуу жерди табуу геолог алтын кенин тапканга барабар го, чиркин!

Арадан бир күн өттү. Үчөөбүздүн кылган кызматыбыз, көздөгөн максатыбыз бир болсо да, ар кимибиз өзүбүзчө алекпиз.

Ар ким өз пикирин айтып, акыры бир тыянак чыгышы керек.

Кемел, Гүлсара — экөө баш сергитебиз дешип, сыртка чыгып кетишкен. Күндүзү иштеген ишимдин тыянагын чыгарып коюп, алар менен удаа мен да чыктым.

Ай өйдө көтөрүлүп калган экен. Анын назик нуруна бир жери бүл-бүл шоолаланып, бир жери күүгүм тарткан чоң аскалардын чокулары чебер скульптор жасаган укмуштай скульптуралардын нечен түркүм элесин келтирип, жаш жанга дем берип, көңүлдү сергитет. Ошондой айлуу түндө жапайы капчыгайдын ичи кандай сонун жана кандай элестүү, чиркин!

(*Абдымомуновдон*).

КОШУМЧА (ТҮШҮНДҮРМӨ) МҮЧӨЛҮҮ СҮЙЛӨМДӨР.

§ 44. Кошумча (түшүндүрмө) ээлүү сүйлөм.

Кай бир учурда бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөр сыяктуу сүйлөмдөр учурайт.

Мисалы: Биз, комсомолецтер, родинаны коргоого даярбыз. Бул сүйлөмдө *биз* жана ***комсомолецтер*** деген эки ээ бар, бирок бул ээлерди бирөңчөй мүчө деп айтууга болбойт, себеби — бул ээлер бирөңчөй мүчөлөр сыяктуу бирдей суроого жооп бергени менен, ар бир ээ бирөңчөй мүчө сыяктуу өзүнчө айрым мааниде турбастан, эки ээ биригип, бир гана маани берип турат, башкача айтканда, бирөө негизги ээлик милдетти аткарып, экинчиси негизги ээнин маанисин толуктоо, тактык киргизүү иретинде айтылды.

Мындай кошумча мүчөлөр негизги ээнин маанисин тактоо жана аны бышыктоо үчүн колдонулат.

Сүйлөмдүн тизмегинде негизги ээден башка кошумча ээси болгон сүйлөм кошумча ээлүү сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Абыл, мектептин директору, районго кетти. Бул сүйлөмдө кошумча ээ — *мектептин* деген аныктооч тутумдашкан *директору* деген сөз, себеби — кошумча ээ айтылбаса да, айрым ой түшүнүктүү болот, *мектептин директору* деген сөз негизги ээнин маанисин тактоо, бышыктоо үчүн колдонулду. Негизги мүчө жана кошумча мүчө ар дайым бирдей жөндөмөдө турат. Кай бир учурда кошумча ээ сыяктуу сөздөр да учурайт, аны кошумча ээ деп айтууга болбойт.

Мисалы: Мектептин директору районго кетти. Ээ — директору. Мектептин *директору* Абыл районго кетти. Бул сүйлөмдө *директору* деген сөз кошумча ээлик милдет аткарган жок, башкача айтканда, ээнин аныктоочу болуп түштү.

Көнүгүү 146.

Текстти окуп, кошумча ээлерди ажыраткыла.

Художество студиясына бардык. Анда Кыргызстандын художниктеринин жана башка республикадагы художниктердин

тарткан сүрөттөрү бар экен. Кирип барган эле жерде „Колхоз талаасы“ деген сүрөт, кыргыздын тунгуч художниги Айтиев тарткан сүрөт, дубалда илинип турат. Андан ары карай да көп сүрөттөр, Кыргызстандын кесибин, пейзажын көрсөтүүчү сүрөттөр, биринен кийин бири турат. Студияга абдан таңыркадык. Сүрөттөрү эң сонун тартылган. Бардыгынан да жолбашчыларыбыздын портреттери, Ленин, Сталин, Молотовдун портреттери, эң сонун тартылган. Мында жаш сүрөтчүлөрдүн тарткандары да көп экен. Алардын сүрөттөрү келечекте чоң таланттардан болорун айкын көрсөтөт.

§ 45. Кошумча (түшүндүрмө) айкындоочтуу сүйлөм.

Сүйлөмдө негизги айкындоочтон башка кошумча айкындоочтор да болот.

Мисалы: Бизде, СССРде, элдин турмушу жыргалдуу болду. Сүйлөмдүн негизги айкындоочу — *бизде*, кошумча айкындоочу — *СССРде*, бул айкындоочтор да негизги жана кошумча ээлер сыяктуу бир гана мааниде турат, СССРде деген айкындооч негизги айкындоочко тактык киргизүү милдетин аткарды.

Сүйлөмдүн тизмегинде негизги айкындоочтон башка кошумча айкындоочтору болгон сүйлөмдөр кошумча айкындоочтуу сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Бүгүн жыйналышта Чормоновдун, комсомол уюмунун секретарынын, доклады болот.

Негизги айкындооч — Чормоновдун, кошумча айкындооч — комсомол уюмунун секретарынын.

Көнүгүү 147.

Кошумча айкындоочтуу сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Бизде, СССРде, эмгекчилердин турмушу жыргалдуу болду. Бардык адам маданияттуу, оокаттуу турмушта жашайт. Биздин адамдар келечекте таалайлуу турмуштун, коммунизмдеги турмуштун, жыргалында жашоо үчүн күрөшүп жатышат. Революцияга чейин бизде, Кыргызстанда, илимий мекемелер жок эле. Эл, айрыкча жергиликтүү элдин эмгекчилери, каранғы турмушта жашачу эле.

Пролетариаттын улуу революциясы, Социалисттик Октябрь революциясы, кыргыз сыяктуу каранғы элдердин эмгекчилерине таалайдын жолун ачты.

§ 46. Кошумча (түшүндүрмө) баяндоочтуу сүйлөм.

Негизги баяндоочтордон башка кошумча баяндоочтор да болот.

Мисалы: Ырдаган — биз, пионерлер.

Сүйлөмдүн негизги баяндоочу — биз, кошумча баяндоочу — пионерлер, бул баяндоочторду да бирөңчөй баяндоочтор деп айтууга болбойт, себеби — эки баяндооч тең бир биринин маанисин берип турат.

Сүйлөмдүн тизмегинде негизги баяндоочтон башка кошумча баяндоочу болгон сүйлөмдөр кошумча баяндоочтуу сүйлөмдөр деп аталат.

Мисалы: Жыргалдуу турмуш бизде, СССРде. Кошумча баяндооч — СССРде.

Кошумча ээси, кошумча айкындоочу, кошумча баяндоочу бар сүйлөмдөр кошумча мүчөлүү сүйлөмдөр деп аталат.

Негизги мүчөлөр кошумча мүчөлөрдөн мурда айтылат, негизги мүчө деп сүйлөмдүн тизмегиндеги негизги маанидеги мүчөнү айтабыз, башкача айтканда, айтылуучу ой негизги мүчөгө топтолот.

Көнүгүү 148.

Кошумча баяндоочторду ажыраткыла.

Октябрь революциясынын майрам күнү эле. Митингеден кийин ударник колхозчуларды сыйлай баштады. Бир убакта бизге өтө тааныш атты тизмеден чакырып калды да, эки козу жана акчалай сыйлык берди. Бул сыйланган Шеркулов, биздин класстын отличник окуучусу болучу. Ал жаздан баштап козу багып, козуларды чыгашасыз семиз баккан. Ага эки козу кошумча эмгекке жана акчалай сыйлык берилген.

Андан кийин бардык балдар окууда отличник болуу менен бирге колхоздун өндүрүшүнө да Шеркуловдой жардам берүү керектигин эки киши айтып өттү. Булар Исаев, колхоздун председатели жана Ыбраев, мектеп директору эле. Шеркуловдун мындай окуудагы жана өндүрүштөгү жетишкендиктери биздин окуучулардын кубанычы жана алардын ар бирин күтүүчү келечектин сигналы болуп эсептелет.

Кошумча мүчөлүү сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Кошумча мүчөнүн эки жагына тең үтүр коюлат.

Мисалы: Силер, комсомолецтер, Родинанын сыймыгы. (Кошумча ээ — комсомолецтер). Ал, күлүк ат, эр жигиттин канаты. Бул, патриотизм, мекенин чексиз сүйгөндүк. Ырдагандар — биз, пионерлер.

Ырдагандар — Шайыр, Абыл, Бүбү, биздин класстын окуучулары.

Эгер кошумча ээлер жана айкындоочтор бирөңчөй мүчөлөрдөн мурда же кийин айтылса, кошумча мүчө менен бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы сызыкча менен ажыратылат. Мисалы: Со-

циалисттик мал чарбачылыктын алдыңкыларына — чабандарга, жылкычыларга, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилди. Чабандарга, жылкычыларга, уйчуларга — социалисттик мал чарбачылыктын алдыңкыларына, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам берилди.

Эскертүү: а) Кошумча ээлик милдет аткаруучу зат атоочтор маанисине карай каратма сөздүк милдет аткарып да калышы мүмкүн.

Мисалы: Комсомолецтер, силер родинаны чындоого чоң эмгек сиңирдиңер.

Каратма сөз — комсомолецтер, сүйлөмдүн ээси — силер, мындай учурда ээден кийин үтүр коюлбайт.

б) Негизги ээси ат атооч, кошумча ээси зат атоочтон болгон сүйлөмдөрдүн баяндоочу буйрук, чакырык иретинде турса, кошумча ээлик милдет аткаруучу сөздөр каратма сөздүк милдет аткарат.

Мисалы: Силер, комсомолецтер, коргоого даяр болгула. Сүйлөмдүн ээси — силер, каратма сөз — комсомолецтер (эки жагына үтүр коюлду).

Көнүгүү 149.

Кошумча мүчөлүү сүйлөмдөрдү ажыраткыла, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

1. Биз Советтер Союзунун бактылуу граждандары даңктуу Родинабыз менен сыймыктанабыз. Бизде СССРде эл жаңы турмушта жашашат. Ал жаңы турмушту жеңип алганбыз. Падышачылыкты кулатып, жаңы социалисттик мамлекет советтик мамлекет түзгөнбүз. Бийликтин башында жумушчулар дыйкандар интеллигенттер эмгекчилер турушат. Эртең Сталиндик Конституция күнү совет элинин майрамы.

Биз комсомолецтер эл чарбабыздын өнүгүшүндө баа жеткис эмгек сиңирдик. Мына азыр биз жаштар иштебеген өндүрүш тармагы жок, бардыгында иштеп жатабыз. Биз патриоттор өлкөбүздүн сыймыгыбыз.

2. Бүгүн чогулушта Кабыл Бегалиев колхоздун председатели доклад жасады. Былтыркыга караганда, өнүктүк иши алда экенин белгиледи.

3. Ырдаган — биз пионерлер. Жакында болуучу майрамга карата оюн даярдап жатабыз. Социалисттик курулуштун ээси — силер жаштар.

4. Жакында кой, жылкы биздин колхоздун малдары Суусамыр жайлоосуна чыгарылат.

Малчылар үчүн Бекберген, Зейне, Сайра, Орозбек, Алымбек жетинчи класстын окуучулары оюн коюп беришти.

Көнүгүү 150.

Өзүңөр кошумча мүчөлүү сүйлөмдөр түзгүлө.

ГРАММАТИКА ЖАГЫНАН СҮЙЛӨМГӨ МҮЧӨ БОЛО АЛБАГАН СӨЗДӨР.

Кай бир сүйлөмдөрдө грамматика жагынан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпаган сөздөр кездешет, башкача айтканда, андай сөздөр сүйлөмдүн баш мүчөсү да, айкындооч мүчөсү да боло албайт. Мындай сөздөргө каратма сөз, киринди сөз, сырдык сөз кирет.

§ 47. Каратма сөз.

Бирөөнүн көңүлүн айтылуучу ойго бөлүү үчүн анын атын атап кайрылабыз. Ал кайрылып айтылган атты бөлүп сүйлөйбүз. Мисалы: Жолдоштор, элибиздин таалайы үчүн күрөшөлү. Акмат, аттарды айдап кел. Энеке, мен бүгүн шаарга барам.

Бул сүйлөмдөрдө кайрылуу иретинде айтылган сөздөр — жолдоштор, Акмат, энеке.

Сүйлөмдө бирөөгө, же коомго кайрылуу иретинде бир жакка арналып айтылган сөздөр каратма сөз деп аталат.

Мисалы: *Балдар*, бүгүнкү биздин өтүлүүчү сабагыбыздын темасы — каратма сөз. Сабакты мыкты өздөштүрүү, *кымбаттуу окуучулар*, социалисттик курулуштун жеңиши үчүн күрөшүү болот. Сен сабакты кандай окуйсуң, Абыш?

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдөгү каратма сөздөр — балдар, кымбаттуу окуучулар, Абыш. Булар ээлик, же баяндоочтук, же айкындоочтук милдет аткарган жок.

Зат атооч сөздөр гана каратма сөздүк милдет аткарат.

Мисалы: Салый, Родина үчүн эмгек сиңирер мезгилин жетти.

Пионерлер, окуунун жана тартиптин үлгүсүн көрсөткүлө!

Зат атоочтордун ордуна колдонулуучу ат атооч сөз да каратма сөздүк милдет аткара албайт.

Мисалы: Силер, жаштар, улууларга сылык болгула.

Сен, досум, окуп билим ал.

Каратма сөздүк милдетти *жаштар*, *досум* деген зат атоочтор аткарып, *силер*, *сен* деген ат атоочтор мүчөлүк (ээ) милдет аткарды. Каратма сөздүү сүйлөмдөрдө ээ айтылбай калышы да мүмкүн, мындай учурда көмүстө калган ээлер баяндоочтун аягындагы жак мүчө аркылуу белгилүү болот.

Мисалы: Жолдоштор, ишке киришели. Иним, өнөрдүү бол.

Көмүстө калган ээлер — биз, сен.

Каратма сөздөр бир сөздөн, же бир мааниге тутумдашкан (бир маани берүүчү) бир нече сөздөрдөн да түзүлүшү мүмкүн.

Мисалы: Керим, жөнө жумушуңа. Ишиңди бүтүр, Сайра.

Каратма сөздөр — Керим, Сайра, бир сөздөн түзүлдү.

Кымбаттуу колхозчулар, мол түшүм үчүн күрөшөлү! Бир боордоштор, замандаштар! Эрдик менен жеңип алган эркин турмуштун жыргалында жашап жатабыз. Ушинтип, ардактуу жолдоштор, өчпөс таалайыбыздын ийгиликтерин өркүндөтөлү жана коргойлу.

Каратма сөздөр — кымбаттуу колхозчулар, бир боордоштор замандаштар, ардактуу жолдоштор, каратма сөз эки сөздөн түзүлдү.

Кооз адабияттарда жансыз нерселерге жандуу нерселер сыяктуу кайрылып айтылган учурлар да кездешет.

Мисалы: Боордошум Ала-Тоо,
Бүгүн көркүң ачылды,
Таалай нуру чачылды.

Бул сүйлөмдөгү каратма сөз — боордошум Ала-Тоо.

Ук, жер жүзү,
Бүгүн турмуш жаңырды!

(*Ж. Турусбеков*).

Каратма сөз — жер жүзү.

Ак буудайым, толсун даның. Каратма сөз — ак буудайым.

Кээде айбанга да адам сыяктуу кайрылабыз.

Мисалы: Өш, кара ала уй, кайда...? Чү, кара кер, эмгекте бол чыдамдуу.

Көнүгүү 151.

Каратма сөздөрдү ажыраткыла.

— Балам, кайдан келдиң, райондонбу? — деди Бурулча чай куюп берип жатып.

— Жок, энеке, шаардан.

— Кызматта белең?

— Окуучумун.

— Ошондой де, балам — деп, Бурулча Айшанын берген жообуна ыраазы болгонсуду, колундагы чайынан эки-үч курдай ууртап алып, столго коюп, Айшаны карады:

— Балам, ата-энең барбы?

— Бар, энеке!

— Алар кайда?

— Шаарда.

— Сенден башка балдары барбы?

— Жок, жалгыз эле баласы менмин.

— Эмесе, ата-энең биздей турбайбы, кагылайын. Биздин да жалгыз балабыз бар. Быйыл май айында армиядан кайтты. Айша Кеңеш аттуу колхоздо Жапардын ата-энеси бар экендигин мурун билүүчү.

(*Баялиновдон*).

Көнүгүү 152.

Өзүңөр каратма сөз катышкан сүйлөмдөр түзгүлө.

Каратма сөздүн жазылышы.

1. Каратма сөз сүйлөмдүн башында келсе, каратма сөздөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Асылбек, сабакка даярданалы. Бейше, сен тоодогу малга качан барасың? Жолдоштор, өз иштиңер менен өлкөгө жардам бергиле!

2. Каратма сөз сүйлөмдүн ортосунда айтылса, каратма сөздүн эки жагына тең үтүр коюлат.

Мисалы: Коммунисттик тарбия алуу, кымбаттуу жолдоштор, ар бир өспүрүмдүн ыйык милдети.

3. Каратма сөз сүйлөмдүн аягында айтылса, каратма сөздөн мурда үтүр коюлат.

Мисалы: Экскурсияга бүгүн чыгабыз, балдар. Билимдин негизине ээ болгула, пионерлер!

Каратма сөздүү сүйлөмдөр жайынча айтылса, сүйлөмдүн аягына чекит коюлат, суроо иретинде айтылса, сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат, күчтүү сезим менен айтылса сүйлөмдүн аягына илеп белгиси коюлат.

Мисалы: Калый, азыр шаарга барабыз. Сатар, жумушуңду бүтүрдүңбү? Жолдоштор, коммунизмдин туусун бийик көтөргүлө!

Эгер каратма сөз күчтүү сезим менен айтылса, каратма сөздөн кийин илеп белгиси коюлат. Маселен: Жолдоштор жыйналышты ачык деп эсептейм. Шандуу советтик аскерлер Советтик флотчулар! Сталиндин жеңиштүү туусу алдында алга карай жүргүлө!

Ардактуу жолдошум Төлөн!

Биз бактылуубуз. Биз үчүн улуу Сталин камкордук кылат. Келечегибиз кең. Алдыбыз жарык. Жеңип алган ийгиликтерибизди эч кимге тарттырбайбыз. Жакында согуш академиясын бүтөм. Бир тууган бөлүгүмө кайра барам...

Көнүгүү 153.

Каратма сөздөрдү ажыраткыла.

Катарлаштар,
Келин, кыздар,
Эже менен жеңелер,
Өмүр берип,
Адам кылып.
Бизди тапкан энелер,
Кубансаңар,
Кубансаңар!
Таалайлуубуз десеңер.

Таалай шамын,
Жаркыратып
Келген кезде нур заман.
Биз төрөлдүк,
Жыргал күндө
Улуу Сталин жашаган.

(*Жетикашкаевадан*).

Көнүгүү 154.

Текстти окуп, каратма сөздөрдө тыныш белгилеринин коюлушун айтып бергиле.

КИЧИНЕКЕЙ УЧКУЧ.

Сыдык учкуч болууну жакшы көрөт. Сыдык самолёттун моделин жасоону ойлоду. Бир күнү Сыдык камыштан самолёттун моделин жасай баштады. Моделди жасап отурса, Сыдыктын атасы келди да:

— Балам, эмне кылып жатасың? Жасап жатканың эмне? Анын эмне кереги бар? — деди.

— Бул аэропландын модели. Мен учкуч болууну каалаймын. Азыр моделди жасагандан кийин учурам. Чоңойгондо өзүм учкучтар мектебине барып окуймун, мен учкуч болом, — деди. Атасы Сыдыктын жасап жатканына таң калды да:

— Балам, камыштан жасаган немең өзүнөн-өзү уча бербү беле, койсоңчу, убараланба, кагылайын балам, — деди.

— Жок, атаке, сиз карап турбайсызбы! Мен кандай сонун модель жасаганымды, — деди Сыдык.

Бир күнү Сыдык моделин жасап бүттү. Талаага алып чыгып учурмак болду. Балдар моделин көрүү үчүн кошо барышты. Атасы да кошо барды. Сыдык моделин учурду.

Модель бир чакырым жерге учуп барып конду. Балдар кыйкырып жиберишти. Мына, Сыдыктын модели учуп кетти, карагыла, балдар. Кадимки эле самолёттун өзү тура.

Атасы сүйүнүп кетип:

— Кагылайын балам, мунуң укмуш го. Бали, сен ишке жарайсың! Мен сага эми ишендим. Сен, сөзсүз, учкуч болот экенсиң! — деди.

Сыдык моделин алып үйүнө келди.

Көнүгүү 155. (*Газетадан*).

Текстти дептериңерге көчүрүп, каратма сөздөрдүн алдын сызып койгула.

САДАГАЛАР!

Садагалар,
Мотурандап ойногон,
Садагалар,
Моторундап ойногон,
Окуу, эмгек,
Эмгек, окуу, дегенди
Садагалар,
Ата-энем деп ойлогон.
Бөбөктөрүм,
Пролетарлар элинде,
Садагасы,
Эки бештин чегинде,
Өсөсүңөр
Жигит болуп, эр жетип,
Садагасы,
Оку, оку эринбе!
Садагасы,
Өсөт чалгын канатың,
Садагасы,
Өсөт чалгын канатың.
Жаңы жерде,
Жаңы шартта туулган,
Садагасы,
Сен таалайлуу баласың.
Садагасы,
Дагы терең билим ал,
Садагасы,
Дагы терең билим ал.
Кийингин бат,
Мектебиңе жөнөгүн,
Оку, оку,
Бардыгын да билип ал.

(*Ж. Турусбековдон*).

§ 48. Киринди сөз.

Сүйлөмдүн тизмегинде айтылуучу ойдун кырдалын көрсөтүүчү сөздөр кездешет. Андай сөздөр грамматика жагынан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт, башкача айтканда сүйлөмгө мүчө боло албайт.

Мисалы: Акматтын айтууна караганда, Асан мыкты окуйт. Менимче, сен жөнөй албайсың. Биринчи сүйлөмдө Асандын мыкты окугандыгы жөнүндө, экинчи сүйлөмдө сенин жөнөй албай тургандыгың жөнүндө айтылды.

Акматтын айтууна караганда жана *менимче* деген сөздөр иштин (ойдун) кырдалын гана көрсөтүп, айтылуучу ойду бекемдеди.

Грамматика жагынан сүйлөмгө мүчө болбогон, айтылуучу ойдун (сүйлөмдүн) түрдүү кырдалын көрсөтүп турган сөздөр киринди сөз деп аталат.

Киринди сөздөр бир сөздөн, же бир нече сөздүн тизмеги аркылуу айтыла берет. Киринди сөздөр сүйлөмдүн ар түрдүү кырдалын көрсөтөт:

а) *Айтылуучу ойду чыңдайт* (кандай болсо да, кандай болбосун, эң кеминде, жок дегенде, эң болбогондо, кандай кылса да, сөзсүз, кадиксиз, албетте, антсе да, чындыгында да, чын эле, шексиз, эң кеминде, жок, ооба ж. б.).

Мисалы: *Жок*, ал келбей калды. Асан, кандай болбосун, эртең шаарга барат. Шаардан, жок дегенде, керектүү китептерди ала келет. Талашсыз, бизде окуу иши жеңил болот. Ооба, сен биринчи орунду ээлептирсиң.

б) *Эскертет жана болжойт* (унутпасам, болду-болбоду, менин оюмча, түрүнө караганда, айталык, сениңче, менимче, менин байкоомо караганда, сөзүнө караганда, оюнча, менин кабарым боюнча, мүмкүн, сыягы, болжолу, байкасам, көрүшүмчө, сенин көрүүңчө, ынгайы, арийне, балким ж. б.).

Мисалы: Унутпасам, сен кечээ лекцияга бармак элең. Менин оюмча, ал жакшы сүйлөдү. Анын айтууна караганда, ал бүгүн келбөө керек. Балким, мен да барам. Мүмкүн, бүгүн магазинге жаңы товарлар келет.

в) *Ойдун кырдалын күчөтөт* (чыкканда да, болгондо да, окуганда да, чуркаганда да, сүзгөндө да, учканда да ж. б.).

Мисалы: Телтору, чыкканда да, караанын көрсөтпөй чыкты. Ал, иштегенде да, майын чыгара иштейт.

г) *Айтылуучу ойдун (иштин) иретин көрсөтөт* (биринчиден, экинчиден ж. б.).

Мисалы: Асан доклад жасады. Биринчиден, Кыргызстандын эл чарбачылыгын айтты. Экинчиден, революцияга чейинки эл чарбачылыгын салыштырды.

д) *Кубанычты, капалыкты, аянычты көрсөтөт.* (Бактыга жараша, тилекке каршы, аяганына карай ж. б.).

Мисалы: Тилекке каршы, ал келбей калыптыр.

е) *Натийжалайт жана тактайт* (натийжада, демек, мындайча айтканда, башкача айтканда, чындыгында, ушинтип, бир сөз менен, мына ушинтип, маселен, ошентип, ушинтсе да, тетирисинче, ошондой болсо да, айталык ж. б.).

Мисалы: Бул үй, Акайдын айтуу боюнча, былтыр салынган. Кыргызстандын эл чарбачылыгы өстү, *башкача айтканда*, көп завод, фабрикалар курулду, айыл-чарбасы машиналаштырылды, электр станциялар курулду, эл маданияттуу турмушка жетишти. Ушинтип, социалисттик чарба күн санап өсүүдө. *Ошондой болсо да*, көп нерселерди иштөөбүз керек. Демек, күчүбүздү дагы чыңоо иши турат.

Киринди сөз болуп түшкөн сөздөр сүйлөмдүн мүчөсү болуп да милдет аткарат, башкача айтканда, сүйлөмдүн тизмегинде аткарган милдетине карай ажыратылат, аны төмөндөгү салыштыруу менен көрсөтүүгө болот.

Киринди сөздүү сүйлөм	Киринди сөз болгон сөздөр сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткарган учуру.
Кадиксиз, биз окууга кирүүбүз керек. Менин оюмча, ал уялганынан келген жок.	Мен кадиксиз сүйлөйм. Баары тең менин оюмча болуп жатат.

Көнүгүү 156.

Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, киринди сөздүү сүйлөмдөр түзгүлө жана кандайча маани берерин айтып бергиле.

Шексиз, болду-болбоду, чынында, болжолу, ооба, биринчиден, экинчиден, деги, айталык, менимче, ачык айтканда, ушинтип, бактыга карай, албетте, сыягы, акыры, менимче, туурасы, бир сөз менен.

Көнүгүү 157.

Текстти окуп, киринди сөздөрдүн маанисин айтып бергиле.

Болжолу, ал бизди күтүп турган болуу керек.

— Албетте, айткандан кийин күтөт да.

— Эмесе, жөнөйлү.

— Жүргүлө.

— Кана эмесе, жөнөдүк.

Өз ара сүйлөшүп, беш, алты бала сууну жээктей кетип бара жатышты. Алар Султанга баратышкан эле.

Киринди сөздүн жазылышы.

Киринди сөз үтүр менен ажыратылат.

1. Киринди сөз сүйлөмдүн башында келсе, киринди сөздөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Кандай болбосун, окууга кирем.

Албетте, бүгүн пионерлердин слёту болот.

2. Киринди сөз сүйлөмдүн ортосунда келсе, киринди сөздүн эки жагына тең үтүр коюлат.

Мисалы: Биз, ошентип, экскурсияга бармак болдук. Тетиги жондо келе жаткан, болду-болбоду, Дүйшөнкүл көрүнөт.

3. Киринди сөз сүйлөмдүн аягына келсе, киринди сөздөн мурда үтүр коюлат.

Мисалы: Доклад болот, албетте.

4. Киринди сөздүү сүйлөмдө каратма сөз катышса, каратма сөз да, киринди сөз да үтүр менен бөлүнөт.

Мисалы: Ошентип, жолдоштор, жазууга киришели.

Көнүгүү 158.

Киринди сөздөрдү ажыраткыла.

1. Болду-болбоду, келе жаткан Асан, — деди Малабек. Көрүнгөн караан жакындады. Чын эле Асан экен.

— Мына, тааныганда да, так үстүнөн түштүм — деп, жылмайды Малабек.

— Ой, азаматым, жоктон тапкансып көтөрүлүп калбадыбы? — деп, Керим күлүп калды.

— Албетте, бул көзүмдүн курчтугу, сен Асан экенин билмек түгүл башкабы деп ойлободуңбу? — деди Малабек.

Тургандардын баары каткырып калышты.

Бардык балдар чогулушту.

— Айтпаса, Салый гана, ал эмне кечикти? — деди Күлжамал.

— Ал бизди мектептен тосот.

— Эмесе, жүргүлө, жөнөйлү.

Көнүгүү 159.

Киринди сөздөрдүн маанисин айтып бергиле.

Мына, бактысына карай, Күмүш менен Нуркасымга Иван жолукту. Аларды Иван арабасына түшүрүп алып кетип баратат.

Бир аз жүрүп келгенде, Иван:

— Байбиче кайдан келе жатасыз — деп, Күмүштөн сурады. Күмүш болгон иштин баарын да Иванга айтты. Өзгөчө, Нуртай байдын зулумдугун айтканда, шордуу Күмүш токтоно албай ыйлап жиберди.

— Ыйлабаңыз, байбиче! Эми кор болбойсуз. Үстүбүздөгү өкмөт — Совет өкмөтү. Совет өкмөтү — жетим-жесир кедейлердин өкмөтү. Албете, бул биздин таалайыбыз. Ал кедейлерге дос, байга — кас. Кедейлерге жардам берет. Жетим балдарды интернатка алып, эч чыгымсыз окутат, кийиндирет, ичирет.

— Айланайын, ылайым ошондой болсун... Мал жанындын күнүн көрбөгүр Нуртай бай, ушинтип, бизди айлына жолотпой куубадыбы! Эрим бир нече жыл малай болуп отунун алып, мен кирин жууп, суусун куюп, далай акыбыз анын мойнунда калды эле. Ошону да Нуртай билген жок. Адамдын акысы оң таптырбас аны.

— Ээ, байбиче! Мейли орус, мейли кыргыз, мейли казак болсун, кедейлерге байдан жакшылык болот дейсиңби? Алар, кандай болсо да, кедейлерди эзгиси, алардан пайдалангысы келет. Маселен, мен дагы сиз сыяктуу болгомун — деп, Иван Егорго малай, жылкычы болуп ага бир нече жыл эзилгендигин кыскача кылып Күмүшкө айтты.

— Адам, мейли орус, мейли кыргыз болсун, кедейлерге байлардан пайда жок экен го?—деп, өз ичинен ойлонду Күмүш.

(*Баялиновдуку боюнча*).

§ 49. Сырдык сөз.

Сүйлөгөнүбүздө сүйүнгөндүктү, өкүнгөндүктү, корккондуктуу билдирүүчү сөздөр да көп учурайт.

Мисалы: Бали, иштесе, сендей иштесин! Кап, бүгүн киного бара албай калбадымбы! Бул сүйлөмдөрдө *бали, кап* деген сөздөр — сырдык сөздөр, алар кубангандыкты жана өкүнгөндүктү көрсөттү.

Бул сырдык сөздөр да каратма, киринди сөздөр сыяктуу сүйлөмдө ээ да, баяндооч да, айкындооч да боло алган жок.

Сырдык сөздөргө мына булар кирет: *бах, төх, ай, ий, эх, кокуй, кап, бали, пай-пай, баракелде, ой-ой, катигүн, айай* ж. б.

Көнүгүү 160.

Төмөнкү сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Бах, ой, и-ий, төх, бали, кокуй, ай, түү-ү-, алда, баракелде, пай-пай-пай, ой-ой, чиркин ай.

Көнүгүү 161.

Сырдык сөздөрдү ажыраткыла.

— Бали, жигит экенсиң!—деди.

— Аа, сиз белеңиз?

— Ооба.

— Мындай иш ар бир адамдын күндөлүк иши болуу керек эмеспи?

— Аның чын, иним. Ошондо да майын чыгара иштеген ишиңе ким кубанбасын.

— Өх, ишке кызып, чарчаганымды да сезбей калыптырмын.

— Баракелде, эс алып ал!

— Агай, бул жумушту бүгүн бүтүрөм деп жатам.

— Бүтөсүң, бүтөсүң.

Сырдык сөздүн жазылышы.

Сырдык сөздөр да каратма жана киринди сөздөр сыяктуу үтүр менен бөлүнөт.

1. Сырдык сөз сүйлөмдүн башында келсе, сырдык сөздөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Кап, ошол сүрөттү көрбөй калдым!

2. Сырдык сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, эки жагына тең үтүр коюлат.

Мисалы: Бүгүн жамгыр, төх, шумдук жаады.

3 Сырдык сөз сүйлөмдүн аягына келсе, сырдык сөздөн мурда үтүр коюлат. Мисалы: Абдан ишмер жигит экенсиң, бали! Сүйлөмдүн мазмунуна карай жана интонацияга карай сырдык сөздү сүйлөмдөрдүн аягына тийиштүү тыныш белгилери коюлат, ачык айтканда, күчтүү сезим менен айтылса, сүйлөмдүн аягына илеп белгиси, жайынча айтылса, чекит, суроо иретинде айтылса, суроо белгилери коюлат. Сырдык сөздөн кийин да анын айтылышына карай, үтүрдүн ордуна илеп белгиси коюлат.

Мисалы: Ай! жыгылдым! Пай-пай, ушунчалык да кечигесиңби? Жаша, эр экенсиң!

4. Сырдык сөздүү сүйлөмдөрдө каратма жана киринди сөздөр катышса, алар да үтүр менен ажыратылат. Маселен: бадөр катышса, алар да үтүр менен ажыратылат. Маселен: Бадөр, кали, Абдыш отличник экенсиң. Баракелде, иштегенде да, катыра иштептирсиң!

Көнүгүү 162.

Сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү ажыратып, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

— Төх тим эле адамдын денеси балкыйт Айлана тим эле нурга бөлөгөндөй жаркырайт Жайдын бул мезгили көркө да, эмгекке да бай мезгил — деп, Алтынай эки жагын карады.

Ай — ий карачы чөп чапкандар эки бетти шалап салган тура. Баракелде экинчи бригада жумушта ушундайча уюшкандык менен чыгат,—деди Жумабү.

— Ой, сөзүбүздү азайталы. Бүгүн муну бүтө албасак уят айланайын. Ылдамда.

— Эжеке койчу, тим эле тынчсыздана бересиң, мен өзүм эле бүтүрүп койчу иш го.

— Ошондой кайраттуу бол айланайын.

II КОШМО СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ.

§ 50. Кошмо сүйлөм жөнүндө маалымат.

Жөнөкөй сүйлөмдөр канчалык кеңири (жайылма) түрдө айтылган менен айрым бир ойду гана түшүндүрөт.

Мисалы: Күз келди. Барган сайын күн суук боло баштады.

Көрсөтүлгөн эки жөнөкөй сүйлөмдүн ар бири айрым ойду гана түшүндүрүп турат.

Бир нерсе жөнүндө айтканыбызда, ага байланыштуу айрым оюбузду бөлүп-бөлүп түшүндүрбөстөн, аларды маани жагынан байланыштырып, татаал ойду түшүндүрүүнү талап кылабыз. Андай татаал ойду түшүндүрүүчү сүйлөмдөр маани жагынан бир бири менен тутумдашып кеткен жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Жогоруда көрсөтүлгөн жөнөкөй сүйлөмдөрдү бир бири менен тутумдаштырганда: *Күз келип, барган сайын күн суук боло баштады,*—деген сүйлөм түзүлөт. Бул сүйлөм айрым бир жөнөкөй ойду түшүндүрбөстөн, татаал ойду түшүндүрөт.

Бардык эле жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара тутумдаша бербестен, маани жагынан бир бирине байланыштуу болгон жөнөкөй сүйлөмдөр гана тутумдашат.

Мисалы: Кар кетти. Жаз келди. Күн жылыды. Жер кургады. Бул жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан бир бири менен байланыштуу, ошондуктан буларды өз ара тутумдаштырып айтууга болот.

Мисалы: Кар кетип, жаз келди. Күн жылып, жер кургады. Же: кар кетип, жаз келди да, күн жылып, жер кургады. Кар кетип, жаз келгендиктен, күн жылып, жер кургады,—деген кошмо сүйлөм түзүлөт.

Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып, татаал ойду түшүндүрүп турса, кошмо сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Касаба мөнгү муз эрип,
Капчыгай толуп сел жүрдү.
Көгөрүп сайма чөп чыгып,
Көркүн ачып, жер күлдү.

(*Алымкулдан*).

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен ажырагыс түрдө тутумдашты.

Күн жаанчыл болду эле, эгин жакшы чыкты. Бул кошмо сүйлөмдүн тизмегинде да маани жагынан бир бирине байланышкан эки жөнөкөй сүйлөм бар.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бирөөнүн өзүнө таандык ээ, баяндоочтору болот.

Мисалы: Сентябрь айы келди эле, мектептерде окуу башталды.

Көрсөтүлгөн кошмо сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн айрым баш мүчөлөрү бар, биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн ээси—айы, баяндоочу — келди, экинчисинин ээси — окуу, баяндоочу—башталды.

Кай бир учурда кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ээси көмүстө калат, андай көмүскө калган мүчөлөр жак мүчөлөр аркылуу, же сүйлөмдүн кырдалынан билинип турат.

Мисалы: Бүгүн айылдан келсем, окуу башталганы жатыптыр.

Биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн көмүскө калган ээси — мен, жак мүчө (ым) аркылуу билинип турат.

Эртең окуу башталса, сабакка келем.

Экинчи сүйлөмдүн *мен* деген ээси көмүстө калды, ал дагы жак мүчө аркылуу билинип турат.

Эликти тарс эттире атты эле, оңко-чоңко атып кулап кетти.

Биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн ээси жак мүчөсү аркылуу жана сүйлөмдүн кырдалынан да билинип турат, бул сүйлөмдүн ээси—*ал* (же *мергенчи* деп да айтууга болот). Экинчи сүйлөмдүн ээси сүйлөмдүн кырдалынан билинип турат, анын ээси—элик же, жак мүчөгө карай, ээси—ал деп айтууга да болот.

Кээде кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр бир гана ээ болушу мүмкүн. Мисалы: Анын окууга баргысы келип, экзаменге даярданып жүрөт. Мында экинчи сүйлөмдүн ээси—ал, биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн ээси жок, көмүстө калды деп айтууга да болбойт. Ушул эле сыяктуу кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөм бир ээге багынып турушу мүмкүн. Мисалы: Ал окуудан жана көпчүлүк жумушунан алдыңкылардан болгондуктан, жолдошторунун ичинде абдан кадырлуу.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы эки жөнөкөй сүйлөм тең *ал* деген бир ээге байланышып турат. Ал эми бул эки түрдүү кошмо сүйлөм тең түзүлүш жагынан бир гана ээси болгон менен ар бир жөнөкөй сүйлөмгө таандык ээнин болушун талап кылбай эле, татаал ойду түшүндүрүп турат.

Көнүгүү 163.

Кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Алар эң эле жакын, жыйырма кадамдан алыс болбосо керек. Бир кезде менин жөтөлгүм келди, андай жердеги жөтөл душманга багынып берген менен тең болот. Ошондуктан терең карга сүңгүп бардым да, оозумду басып туруп, жөтөлүмдөн кутулуп, кылайтып башымды чыгардым. Душмандын танктары да, армиялары да Москваны көздөй жөнөмөкчү болушту.

Биз кардын алды менен 5 метрче сойлоп бардык да, душмандардын танктарын эсептей баштадык.

Алар эң мурун ракеталарды аябай жаадырып, тор талааны күндүзгүдөй кылып жибериштн да, чегирткедей жайнап жолго түшүштү—деп, Ашырбай обдула коюп, пилоткасын оңдоп койду. Ашырбайдын сөзүн тыңшап отурган жаш жигит чыдай албастан:

— Ий, анан санай алдыңарбы?—деди, көзүн жайнатып.

— Ооба, садага, санаганда да, кой санагандай чубаттык. Ой, чочколор ай! Ал кезде көркоолор тумшуктарын талкалата элек кез болучу. Солдаттарынын бардыгын грузовой машинага салып жөнөтө баштады. Алар жай гана козголду, ар бир он машинанын алдында бирден танк. Биз туура 72 танкты санадык. Ар танкынын арасында солдаттар отурган ондон машина болсо, ал канча машина болот, ар машинада 25 тен эле киши болсо, канча солдат болот. Аны өзүңөр санай бергиле.

Биз азыр буйрукту жарымдай орундаттык, эми аны штабга жеткирүү керек... Ооба, ошондой.

Эмне кылуу керек!

Кылайтып чокубузду көрсөтсөк, каныбыз жерге тамбайт. Биздин бул чалгыныбыз дивизиянын өмүрү менен бекем байланышкан болучу, ошондуктан өлсөк да, шек билдирбей өлүүгө даяр болдук. Эптеп бирибиз тирүү калсак, чалгындын натийжасы штабга жетүүгө тийиш...

Фашисттер анда-санда жарык кыла турган ракеталарын атып, чар тарапты көзөмөлдөп жатышты, бирок терең кардын астында жаткандарды сезе алышпады.

(*Аалыдан*).

Көнүгүү 164.

Муну да жогоркудай иштегиле.

БИЗДИН ТААЛАЙ.

Чөлдө дарак көгөрсө,
Суу жиберген Сталин.
Саратан жайда жел келсе,
Баары сенден, Сталин.

Сыркоо жүрөк айыкса,
Даба сенден, Сталин.
Тумчуккан кайра эс алса,
Аба сенден, Сталин.

Түн ичинде жер жарык,
Ай чыгарган Сталин.

Жылдызы жарык балалык,
Сенсиз кайдан, Сталин.

Чабыттап учкан шумкарга
Канат берген Сталин.
Өнөрпоз өскөн жаштарга
Талант берген Сталин.

Тийген күнү элимдин,
Сен бар—ачык көңүлүм.
Биздин таалай—Сталин,
Узун болсун өмүрүң!

(*Ү. Темиркул*).

Көнүгүү 165.

Кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, кандай жөнөкөй сүйлөмдөрдөн тургандыгын айтып бергиле.

Ушунчалык будуң-чаң болуп жаткан учурга карабастан, көчөдөгү элдин баары айттырбай буларга жол берип, эстери чыгып, жарыла берген себебин Уля капыстан эми түшүндү. Бардык жол булар үчүн ачык эле. Булар бассейиндин сыймыгы болгон № 1-бис шахтасын өз колдору менен жарган адамдар болучу.

Любка Григорий Ильичке чуркап барып, анын тарамыштуу кара сур колун өзүнүн кичинекей аппак колдору менен кармады. Григорий Ильич анын колун бек кыса кармап экөө катар басты. Шевцовдун кызыбы—деп, Уля айран калды.

Ушул учурда шахтёрлор, шахтанын директору Валько жана Шевцов баш болуп, калиткага келди да, жеңилдене түшкөнүн көрүнө билгизип, алып келген буюмдарын, түрмөктөлгөн кабелди, аспап салган ящикти, анан жанакы түшүнүксүз металл аппаратты дубалдан палисадникке, ачылып турган гүлдүн үстүнө ыргытты. Жакшы тилек менен сүйүп отургузган ушул гүлдөр жана көп нерселер керек болгон баягы турмуш бардыгы көрүнөө жок болгону мына ошондо ачык болду.

Алар алып келген буюмдарын ыргытышты да, бир бирин карай албай кандайчадыр оңтойсуздукта бир нече убакыт турушту.

— Кана эмесе, Григорий Ильич, ылдамыраак камын, машина даяр, кишилерди салам да, баарыбыз сага келебиз,—деди Валько.

(*Фадеевден*).

§ 51. Кошмо сүйлөмдүн жасалышы.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен интонация аркылуу, байламта мүчөлөр жана байламта сөздөр аркылуу, байламталык милдет аткаруучу жардамчы сөздөр аркылуу байланышат.

1. Интонация аркылуу.

Маселен: Күз келди, эгин бышты, колхозчулар оруужыюу ишине киришишти.

Силердей уулдардан кандай сонун укмуштуу адамдар чыгарын болжоп болбойт, аны белгилей турган бир гана келечек (Байтемиров—„Азамат“).

2. Байламта мүчөлөр аркылуу (*—ып, —са, —бай, —майынча, —ча* жана *жөндөмөдөгү атоочтуктар*).

Маселен: Биздин мектептин окуучулары экскурсияга *чыгышып*, биология кабинети үчүн ар түрдүү гербарийлер жана таштар чогултушту.

Шамал *болмоюнча*, теректин башы кыймылдабайт (макалдан).

Таң агарып, жер жарык боло баштады. Биз кырга *чыккыныбызда*, колхоздун малчыларынын үйү көрүндү. Мугалим келгенден кийин, сабак башталды (жөндөмөлөрдө турган атоочтуктар баяндоочтук милдет аткарган учурда, ага *кийин, дейре, чейин, замат* деген сөздөр көмөк болуп да айтылат).

3. Байламта сөздөр аркылуу (*да, эле* ж. б.).

Маселен: Колхозчулар эпкиндүү иштешти *эле*, кош айдоо мөөнөтүнөн мурда бүттү.

Мугалим келди да, сабак башталды.

4. Байламталык милдет аткаруучу сөздөр (*демек, себеби, анткени, натийжада, бирок* ж. б.) аркылуу.

Маселен: Биздин класстын окуучулары сабакка уюшкандык менен даярданышты, натийжада—классыбызда бир дагы „3“ деген баа жок.

Калый пионерлердин республикалык слётуна бармай болду, себеби—ал бардык сабактарынан жакшы окуйт жана көпчүлүк ишине активдүү катышат.

Күн бүркөлдү, бирок бат ачылып кетти.

Көнүгүү 166.

Тексттеги кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен кандайча тутумдашканын ажыраткыла.

1. Ким тырышып окуса, ал терең билим алат. Ал сабагына келбей калгандыктан, мугалимдин суроосуна жооп бере алган жок.

2. Жаз келгенде, күн жылыды. Чөп узарды да, мал тоюна баштады. Колхозчулар жазга учурунда камынды эле, кош айдоо учурунда бүттү.

3. Күн бүркөк болду, бирок жааган жок. Биз жүрүп олтуруп, кеч бешимде белге кондук, анткени—андан ары ашууну кар басып калыптыр. Эртеси эрте туруп жөнөдүк, себеби — түшкө чейин ашуудан ашып кетишибиз керек. Күн салкын болсо да, ар бир беш жүз метр аралыкта эс алууга туура келет. Жер өрүш келип, бат эле чарчап калабыз.

Көнүгүү 167.

— Ып,—са, - бай,—майынча,—ча, да, эле, демек, себеби, анткени, натийжада бирок деген байламта сөздөр жана байламта мүчөлөр аркылуу бир-бири менен тутумдашкан жайылма сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кошмо сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 168.

Кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышканын айтып бергиле.

— Карачы, карап көрсөң! Валя, мындай да көркөм, мындай да кооз болорбу!... Чебер усталар жасап койгон келишимдүү скульптурага окшоп кетет, бирок бул өндүү материал, кайдан болсун! Бул өзү мрамор, же бор таштан жасалган нерсе эмес, жандуу чыныгы нерсе. Салкынын көр! Карасаң, кандай чебер, кандай назик, кандай көркөм жасалган!

— Адам баласынын колунан бул өндүү чеберчилик эч качан келбес эле. Суу бетинде мелтиреп, таптаза болуп, жайбаракат мен-менсип турганын көр. Тиги болсо, анын сууга түшкөн көлөкөсү — ал экөөнүн кимиси көркөмүрөөк экенин айтуу да кыйын. Ал эми, түрдөнүшүн көрбөйсүңбү! Карасаң! Карасаң! агы ак, бирок ак дейин десең, алда нече түрдөнүп, саргыч мала, кызгылт тартып турат. Ичиндеги мончоктой мөлтүрөгөн суулары өзүнө жарашып, ак бермет болуп куулуп, кишинин көзүн уялтат. Адам баласында бул өндүү кубулган боёктун түрү да, анын аты да жок.

Тармал кара саамайлуу, аппак формачан кыз майда талдын бутактарынын арасынан башын чыгарып, сууга карап туруп, ушу сөздү айтты. Сууланыңкы укмуш кара көздөрү жалтылдап, дароо нурдана түшкөн бул кыз лилиянын так өзүнө окшор эле.

— Суктанар мезгилди тапкан экенсиз!.. Кызык элесиң да, Уля,—деди Валя.

(*Фадеевден*).

§ 52. Баш жана багыныңкы сүйлөм.

Маани жагынан бир бирине байланыштуу болгон жөнөкөй сүйлөмдөр гана өз ара тутумдашат. Татаал ойду түшүндүрүү үчүн, маани жагынан бирөө себеп менен максатты, же мезгилди, же айрым бир шартты көрсөтүүчү, экинчи андан чыккан натийжаны көрсөтүүчү жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен тутумдашышы мүмкүн. Андай кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бирөө багыныңкы сүйлөм болот да, экинчиси баш сүйлөм болот.

Ушинтип кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бирөө натийжаны көрсөтүп, экинчиси—натийжанын чыгышы үчүн болгон себепти, же шартты, же максатты, же мезгилди көрсөтөт.

М а с е л е н: Сен кандай келсең, биз ошондой жөнөйбүз.

Көрсөтүлгөн кошмо сүйлөмдө биздин жөнөшүбүз үчүн, сенин келишиң шарт болуп турат. Сенин келишиңден чыккан натийжа биздин жөнөшүбүз болот.

Күн жылуу болгондуктан, сырт кийимдерибизди кийген жокпуз.

— Эмне үчүн сырт кийимиңерди кийген жоксуңар?

— Күн жылуу болгондуктан (себепти көрсөттү).

Жаз келгенде, күн жылыды.

— Күн качан жылыды?

— Жаз келгенде (мезгилди көрсөттү).

Бул кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы *сырт кийимдерибизди кийген жокпуз, күн жылыды* деген жөнөкөй сүйлөмдөр натийжаны көрсөтүп, жогоруда көрсөтүлгөн (күн жылуу болгондуктан, жаз келгенде) жөнөкөй сүйлөмдөр натийжанын чыгышы үчүн болгон себепти жана мезгилди көрсөттү.

Мындай кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы натийжаны көрсөтүүчү сүйлөмдөр баш сүйлөм болот да, натийжанын туулушу үчүн болгон себепти, же мезгилди, же шартты; же максатты көрсөтүүчү сүйлөмдөр багыныңкы сүйлөм болот.

Кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен байламта мүчөлөр аркылуу жана байламта сөздөр аркылуу же, байламталык милдет аткаруучу жардамчы сөздөр аркылуу, интонация аркылуу байланыша тургандыгы жөнүндө мындан мурда түшүнүк берилген эле. Мына ушуга карай багыныңкы сүйлөмдөрдү түзүлүш жагынан жөнөкөй жана татаал кошмо сүйлөмдөрдөн турарын айтууга болот.

М и с а л ы: Күн ысыгандыктан, кар бат эрип кетти. Жаз келгенде, мал төлдөйт. Малды жакшы асыраса, чыгашасыз болот.

Багыныңкы сүйлөмдөр—күн ысыгандыктан, жаз келгенде, малды жакшы асыраса.

Күн жылыды да, жаз келди. Жаз келди эле, мал төлдөй баштады.

Мал жакшы багылды, демек—чыгаша жок болот.

Баяндоочтору атоочтуктан болгон багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү айрым-айрым суроолорго жооп берүү менен

бирге, баш мүчөлөрү биригип, бир сурооого да (айкындооч катары) жооп берет.

Маселен: **Жаз келгенде,** сыноо башталат.

Багыныңкы сүйлөм—жаз келгенде.

— Эмне келгенде, сыноо башталат?

— Жаз (ээ).

— Жаз эмне болгондо, сыноо башталат?

— Келгенде (баяндооч).

— Качан сыноо башталат?

— Жаз келгенде.

Мында **жаз келгенде** деген багыныңкы сүйлөмдүн баш мүчөлөрү айрым-айрым суроолорго жооп берүү менен бирге, бир сурооого да (качан) жооп берди.

Мугалим жакшы окуткандыктан, биз сабакты тез түшүндүк.

— Эмнеликтен сабакты жакшы түшүндүңөр?

— Мугалим жакшы окуткандыктан (багыныңкы сүйлөм). Бул сүйлөм да жогорудагыдай.

Көнүгүү 169.

Багыныңкы жана баш сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН.

(Жөө жомок).

Мурунку өткөн заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче чечен деген киши болуп, анын Төлөмырза деген уулу бар экен. „Ал өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала“,—деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден угуучу болду. Бир күнү Төлөмырзаны сынамак үчүн, караңгы түндө ээрчитип келе жатып сурады:

— Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы, мага аркарга окшош бир деме көрүнөт,—деди.

Анда Төлөмырза:

— Аркар экен, козусун эмизип турат,—деди. Ошондо Жээренче чечен:

— Жаныңчыккан баламдын жалганчысы чын экен — деп, өкүндү.

Төлөмырза карга атса, кийик аттым деп, элге мактанат. Төлөмырзанын колунан эчтеке келбейт. Бул иш элге да, атасына да маалым болду.

Төлөмырза бир күнү көпчүлүк элге адатынча калп айтып мактанып калды:

— Бая күнү бир кийикти атып жибердим, кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти,—деди.

Анда Жээренче чечен:

—Балам,кийикти кашынып турганда аткан экенсиң ээ,—деди.

Төлөмырзанын калптыгына айран калып турган элге Жээренче чечендин сөзү орундуу болуп калды. Үйүнө келгенден кийин:

— Ата жаныңчыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай, эсим кетпедиби? Адам болом десең, мындан ары калп айтпа. Калп айтсаң, өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет, —деди.

(*Тоголок Молдонун айтуусу боюнча*).

Көнүгүү 170.

Муну да жогоркудай иштегиле.

МОСКВАДАН.

(Кыскартылды).

Жел сокту, Москвадан беттен сылап,
Калтылдап каз-каз турган күчтү чыңап.
Каршы алып, Ала-Тоонун көк шибери
Термелди жерге эркелеп, боюн ыргап...
Кебелбей сасык туман жаткан жерди,
Саргарып, сары убайым тарткан элди
„Жүргүн!“ — деп, күрөшкө үндөп жагымдуу
Жол ачык, колго кызыл туусун берди,—
Тууну алып, кан майданга киргенде эрлер,
Калчылдап, үрөйү учуп, сестенди жер.
Күрөштө төккөн кандын натийжасы,
Өсүп тез, канат жайып өркүндөй бер! . . .
Кан төгүп, эрк алганга көп жыл болду,
Күрөштө кагылып биз көрдүк жолду.
Дүгдүңдап андан бери далай ирет,
Кемелер эчен жаңы журт котордү.

(*Турусбеков Жусуп*).

Көнүгүү 171.

Өзүңөр татаал кошмо сүйлөмдөр түзүп, текшерүү жүргүзгүлө.

Көнүгүү 172.

Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Куттуктайм эмгек балбанын,
Эмгекте жеңиш алганын.
Боомдун тоосун уратып,
Поезддин жолун салганын.
Ырдабай кантип коёмун,
Эмгектин алгыр балдарын.
Дарылап милте от коюп,
Капчыгай зоосун жарганын.

Кубанып ырга кошомун,
Элимдин сонун шаңдарын.
Шанданды шайыр элибиз,
Гүлдөдү мейкин жерибиз.
Пароход, поезд дүркүрөп,
Көркүнө чыксын көлүбүз...

(*Саткын Сасыкбаев*).

КОШМО СҮЙЛӨМДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ.

§ 53. Жөнөкөй кошмо сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири бири менен эки түрдүү байланышат. Кай бир жөнөкөй сүйлөмдөрдү кошмо сүйлөмдүн тутумунан ажыратып жиберүүгө мүмкүн болсо, кай бир жөнөкөй сүйлөмдөрдү анын тутумунан айрым сүйлөмдөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн эмес.

М и с а л ы: Таң сүрүп, айлана жарык боло баштады. Мен барсам, ал жок экен. Ал келмейинче, жумушум бүтпөйт. Бул кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири биринен ажыратып жиберүүгө болбойт, анткени — ар бир кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бирөөнүн баяндоочу ойду так бүтүрө түшүндүрүп турса, экинчисинин баяндоочу ойду бүтүрө көрсөтпөйт, ошондуктан булардагы жөнөкөй сүйлөмдөр ажырагыс түрдө тутумдашып, бирөө экинчисине багынып турат. Мындай кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири биринен ажыратып жиберүүгө болбойт.

Кээ бир кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар биринин баяндоочу ойду так бүтүрөт.

Андай жөнөкөй сүйлөмдөрдү кошмо сүйлөмдүн тутумунан ажыратып жиберсе деле, айрым ойду түшүндүрө берет. Ага окшогон жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан гана бири бирине тутумдашып турат.

М и с а л ы: Мен быйыл ремеслолук окуу жайында окумак элем, жетинчи классты бүтпөгөндөрдү албайт экен. Асан кетиптир, мен аны көргөн жокмун.

Бул эки кошмо сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдү тизмегинен ажыратып жиберсек да, ар бири айрым ойду түшүндүрө берет, анткени—булардын баяндоочтору бири бирине багыныңкы эмес, маанисине карай гана өз ара тизмектешти.

Баяндоочтору ойду так бүтүргөн, маани жагынан гана өз ара тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кошмо сүйлөм жөнөкөй кошмо сүйлөм деп аталат.

М и с а л ы: Жамгыр катуу жаады, бирок бороон болгон

жок. Бат эле күн ачылды да, талаа мурдагысынан да көрктөндү.

Мен жумушка эрте чыгам, анткени — салкында жумуш бат арбыйт.

Бул кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөм айрым ойду түшүндүрө берет. Булар — маани жагынан гана өз ара тутумдашкан сүйлөмдөр.

Жөнөкөй кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр интонация жана байламта сөздөр аркылуу тутумдашат. Ошондуктан кошмо сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу ойду так бүтүрөт. Ушинтип, алар байламталар аркылуу тутумдашса да, интонация аркылуу тутумдашса да, анын тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр, же баш сүйлөмдөр ойдун ар түрдүү кырдалын көрсөтөт. Ошого карай алардын интонация аркылуу жана байламталар аркылуу тутумдашкан түрлөрүнүн маанисин көрсөтүүгө туура келет.

Көнүгүү 173.

Жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла да, кандайча түзүлгөндүгүн айтып бергиле.

ЖОРУНУН „БИЛЕМДИ“ ҮЙРӨНГӨНҮ.

Бир амалдуу адис мерген уядан бир жорунун балапанын алып багат. Балапанга жаш кезинен эле „билем“ деген сөздү үйрөтүп чоңойтот. Дайым тамактандырардын алдында „билем“ дедирип туруп тамак берет.

Балапан чоңойгон сайын, „билем“ деген сөздү айтууга маш болот. Бир жылдан кийин жору чоңоёт да, „билем“ деп жооп берүүчү болот.

Жайлоо каркап толгон маалда, мергенчинин үйүнүн жанына көп кой айдаган кербенчилер келип конот. Мергенчи жорусун кондуруп алат да, кербенчилерге барат. Кербенчилердин бирөө:

— Бул кушуң эмне билет? — деп, сурайт.

Мергенчи:

— Баары жоктун баарын билет, — дейт.

Жорунун билгенине таң калган баягы кербенчи:

— Кой багышты, короо кайтарышты билеби?—дейт.

— Баарын билет, ишенбесең, сурап көрчү —дейт мергенчи.

Кербенчи жорудан:

— Кой багышты, короо кайтарышты билесиңби? — деп, сурайт.

— Билемин — деп, жору башын ийкейт.

Кербенчи жорудан: „ар түрдүү нерселердин баарын билесиңби? — деп, сурайт. Жору бардыгына: „билемин“ деп жооп берет. Жоруга кызыккан кербенчи:

— Бул кушту сатасыңбы? — деди.

— Баасы келишсе, сатам.

Баасы канча?

— Элүү кой.

Кербенчи элүү коюн санап берет да, мергенчиден жоруну алат.

Эртеси кербенчилер көчүп, жолго түшөт. Жоруну коркойтуп төөнүн үстүнө кондуруп коёт. Кечке маал кербенчилер дагы бир жерге барып конуп, ал жерге бир күн өрүүн болот. Кербенчилер койлорун тоого жайып жиберип:

— Ой, чоң куш, бүгүн койду жакшылап кайтарып келе аласыңбы? — дейт.

Жору:

— Билемин — деп, башын ийкейт.

Кербенчилер алыска жайылып кеткен койдун артынан жоруну учуруп жиберет. Койдун үстүндө учуп жүргөн жоруну карышкырлар көрүп, ээн койлорду аябай кырат. Жору тарпка карк болгонуна сүйүнөт.

Бешим маалда кербенчилер коюна келсе, койлордун көбүн карышкырлар кырып кетиптир. Жору тарп жеп отурат.

— Кой кана? — деп, кербенчилер жорудан сурайт.

Жору:

— Билемин — деп, башын ийкейт.

Кербенчилер койлорунан айрылганга жаны күйүп, жоруну чаап өлтүрөт.

(*Тоголок молдо*)

Көнүгүү 174.

Жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

БИРИНЧИ МАЙ МУРДА ЖАНА АЗЫР.

Революцияга чейин.

Урал менен Кавказдан,
Днепр менен Невадан,
Биринчи жазгы жамгырда,
Күркүрөгөн күнгө окшоп,
Бирге чыксын үнүбүз.

Биринчи май жөнүндө эски ырларда мына ушундай делип ырдала турган.

Революцияга чейин Биринчи Майды майрамдоого тыюу салынуучу, бирок жумушчулар заводдордогу машиналарды токтотуп, иштерин таштап, цехтер менен мастерскаялардан көчөлөргө чыгыша турган. Алар көрсөтпөй алып келген кызыл туулар дароо эле жогору көтөрүлөт да, кылкылдаган адамдардын төбөсүндө желбирей турган.

Шаардын жумушчулар турган көчөлөрүнөн чубагандар аянттарга жана шаардын ири көчөлөрүнө жыйналуучу.

Ошол кезде аттардын дүбүртү угулуучу. Ал чаап келе жаткандар аттуу полициялардын жана жандармалардын отряддары болор эле да, куралсыз жумушчуларга карата ок чыгара турган.

Биринчи май күндөрүндөгү күрөштөрдө кандар төгүлгөн, бирок ал төгүлгөн кандар бекерге кеткен жок. Падышалык өкмөт жумушчулардын кыймылын штыктын жана октун күчү менен баскысы келген эле, натийжада—иш тескерисинче болду. Эркиндик үчүн жүргүзүлгөн күрөш жыл сайын күчөй берди, Лениндин—Сталиндин партиясы жумушчулардын башын кошту. Биринчи Май майрамы бардык эмгекчилердин күжүрмөн күчтөрүн сыноо күнү болуп калды.

Көнүгүү 175.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Революциядан кийин.

Биринчи Май күнү Москвада эртең менен Кызыл аянтта туулар желбирейт. Мавзолейдин трибунасынын үстүндө өзүнүн соратниктеринин арасында жолдош Сталин турат.

Мына, Кремлдин дубалдарынын нары жагынан атылган замбиректердин үнү чыкты, барабандар угулду, сурнайлар тартылды, жез табактар шаңгырата кагылды.

Аянттан каз катар болуп жөө аскерлер өтүп жатты. Алардын артынан ак көбүктүү көк толкун сыяктуу болуп моряктар өтүп жатышты. Аттардын туяктары тарсылдап, замбирек, танкылар күүлдөйт. Мавзолейдин бийик трибунасынан жолдош Сталин Советтик Армияны, баатырлардын армиясын, куттуктайт.

Көгүлтүр асманда канаттарын жалтыратып сызып жүргөн самолёттор.

Аянтка Москва граждандарынын колонналары чыгышты, ал келе жаткандар — жумушчулар, окумуштуулар, инженерлер, артисттер жана окуучулар. Алтын чачылары селкилдеп кызыл туулар кылкылдап келе жатат, көтөргөн портреттерден сүйүктүү жолбашчыларыбыздын өндөрү күлүмсүрөйт.

Биздин өлкөдө жумушчулар менен дыйкандар падышаны кулатып, фабриканттар менен помещиктерди айдап жиберишип, өкмөттү өз колуна алгандан бери көп жылдар өттү. Башында Ленин жана Сталин турган улуу большевиктер партиясы биздин өлкөбүздү жеңишке алып келди. Биздин бардык крайларыбызда желбиреп көтөрүлгөн эркин жана менменсиген кызыл тууларды — Лениндин туусун, Сталиндин туусун көрүү биз үчүн өтө кубанычтуу.

(*В. Ильина*).

§ 54. Байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөм.

Жөнөкөй кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация аркылуу жана байламта сөздөр аркылуу бири бири менен байланышат. Мына ошого карай жөнөкөй кошмо сүйлөмдү байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөм, байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөм деп экиге бөлүүгө болот.

Байламтасыз, интонация аркылуу, тутумдашкан кошмо сүйлөмдөрдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара төмөнкүчө маани жагынан байланышын белгилөөгө болот.

Кай бир кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири бирине багынбайт, мындай кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бири баш, экинчиси багыныңкы сүйлөм болуп түшпөйт. Себеби — мындай кошмо сүйлөмдөр бир мезгилдеги окуяга (көрүнүшкө) таандык болот, ошондуктан маани жагынан гана байланышта болуп бирине бири себеп — натийжа болуп түшө албайт.

Мисалы: Айша да окуйт, Асыл да окуйт. Биз да жаш мичуринчилерден болгубуз келет, силер да жаш мичуринчилерден болууну каалайсыңар. Калың бадал көрүндү, анын четинде эки-үч үй турат.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр ар мезгилде болгон окуяны түшүндүрсө, бири багыныңкы, экинчиси баш сүйлөм болуп түшөт.

Мисалы: Сен ырас келдиң, эми мен жөнөйм. Азыр күн жылуу болду, кар бат кетет.

Байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдө натийжа, башка ча айтканда, баш сүйлөм кээде багыныңкы сүйлөмгө карай болбостон, карама-каршы мааниде да болушу мүмкүн. Мисалы: Аны издеп эки жолу бардым, ал жок экен. Ал мени чакырды, менин баргым келбеди.

Кай бир жыйынтык көрсөтүүчү баш сүйлөм кескин натийжа менен аякташы мүмкүн.

Мисалы: Чуу эткен ышкырык чыкты — ал көздөн кайым болуп чуркап кетти.. Айымкан чуркап бара жаткан балага катуу кыйкырып жиберди — ал жалт бурулду.

Байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара бири-бирине багынып турушса, же өз ара багынышпаган тең маанилеш сүйлөмдөр болсо да, алар маани жагынан тыгыз байланышта болсо, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлат.

Мисалы: Жай келди, жер бети көк тукаба жамынды. Колхоз талааларында жайылган малдар, жайкалган эгиндер, жашылчалар, чекесинен терин шыпырган эмгек баатырлары жайдын келбети сыяктанат, жүрөгүң шаттык толкунуна чөмүлөт.

2. Тематика жагынан бир кошмо сүйлөмдүн тутумуна кирип, бирок бир нерсе жөнүндөгү окуяны, же көрүнүштү кабарлабастан, ар башка нерсеге тийиштүү көрүнүш кабарланса, андай жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүрдүү чекит коюлат. Андай сүйлөмдөрдүн мазмуну жагынан гана жалпы байланышы болот. Мындай белгини (үтүрдүү чекитти) автор үтүр аркылуу бири биринен ажыратылган жөнөкөй кошмо сүйлөмгө караганда алардын арасында маани жагынан болгон байланыш аз экендигин көрсөтүү үчүн колдонот.

Мисалы: Бул биз турган белестин көрүнүшү эң сонун көрүнөт, жер бети жайкалган көк шибер, күн нуруна чагылышып сүрөттөгүс көрүнүштүн элесин берет; менин көңүлүм өтө толкундуу эле; тигине тигил кырдан ары бетин мөңгү баскан байыркы Ала-Тоо жатат; булардын бардыгы бул жерде жашаган эл үчүн атайы жасалгандай сезилет.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы үчүнчү жөнөкөй сүйлөмдөн тартып калгандарынын арасына үтүрдүү чекит коюлду. Анткени — булардын баары биригип бир маселе жөнүндө айтылуу менен бирге үчүнчү жөнөкөй сүйлөмдөн кийинкилери маани жагынан алыс турат.

Чүй өрөөнү жаңырды: көп жаңы завод-фабрикалар курулду; айыл чарбасы бүт машиналаштырылды; маданий агартуу жайлары көбөйдү; эл маданияттуу турмушка ээ болду.

Бул кошмо сүйлөмдө татаал ойду түшүндүрүп турат, ал эми, анын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан ар башка көрүнүштү түшүндүрүп турат, өз ара маани жагынан бир биринен алыс турат.

3. Баш сүйлөмдөр окуянын капысынан кескин өзгөрүшүн көрсөтсө, же баш сүйлөм багыныңкы сүйлөмгө карама-каршы мааниде айтылса, баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн арасы сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы: Мен эшикке чыга калдым—айлана жарк-журк, жамгыр шатырап жаап турат.

Мында багыныңкы сүйлөмгө карай натийжа болбостон, натийжа кескин түрдө башка мааниде айтылды.

Эшикти мен ачам—ал жабат. Мергенчи эликти атат—элик жыгылбайт, дагы эле качып бара жатат.

Бул кошмо сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмгө карай жыйынтык карама-каршы болуп турат.

Эгер багыныңкы сүйлөмгө карай айтылган баш сүйлөм карама-каршы мааниде айтылса да, кескин өзгөрүштү көрсөтө албаса, баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Мен ага жолугууга бардым, ал алиге келбептир. Бул суу катуу агат, кичинелигинен эч кимди агыза албайт.

Көнүгүү 176.

Текстти окуп, кошмо сүйлөмдөрдүн кайсынысы кандай кошмо сүйлөм экенин айтып бергиле.

Жамгыр басылды. Үчөөбүз жолго чыктык. Эми тетиги уурчуктанган беттен бөлүнүшөбүз. Бул бетке жетүү кыйын болду; мен өйдө чыгам, кум жылбышат—кайра төмөн түшүп калам. Акырында майда бадал өскөн жыбытка бет алдым, топурагы чың экен, бат эле кырга чыктым. Жунуш менен Сатар алда качан күтүп турган экен. Алар менин чыга албай жатканымды көрүшүп күлүп олтурушкан экен. Алар мага шагыл менен эшилген кум менен жүрбөө керектигин айтышты.

Мени менен Сатарда жыйырма сегизинчи мылтык эле; Жунуштуку он алтынчы мылтык. Мен Жунуш менен бирге жөнөдүм. Сатар тескей жолго түштү. Кетип бара жатабыз. Алдымды карадым—түлкү булак дей түштү. Жунуш тарс бир койду—түлкү кулап кетти. Мен сүйүнгөндүгүмдөн кыйкырып жибердим. Түлкү тура качып жөнөдү. Бир жамбашы талкаланып калган экен—мен дагы бир аттым, түлкү ордунан жылгыс болду. Аңгыча дагы тарс эткен мылтык үнү чыкты. Сатар узай элек эле. Аңгыча дагы бир карышкырдын дөбөтү бир кулап, бир басып ылдый карай бет алды, ал жарадар болгон экен. Биз жыбыт менен ылдый түшүп, анын алдын тостук. Бир кезде жакындап калдык, карышкыр сезип калды окшойт. Бурула берди—тарс эттире дагы бир аттым, ал жүрө албай калды. Артынан чуркадым, карышкыр жан талашып кача берди, мен кууйм—ал качат, ал бир бетке такалды, өйдө чыга албай койду да, мени карай кайрылды. Аңгыча Жунуш да атты эле, ал оңко-чоңко атып узунунан сулап калды. Бул күнкү аң уулоо кызык болду. Кайра үйдү карай чарчаганыбызды сезбестен жөнөдүк. Барган сайын ылдамдап бастык.

§ 55. Байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөм.

Байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр да байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр сыяктуу ар түрдүү маани берет. Байламта сөздөрдүн жардамы менен өз ара тутумдашкан кошмо сүйлөмдөрдүн төмөнкүчө маанилерин белгилөөгө болот.

1. **Бириктирүүчү байламта—жана.** Бириктирүүчү байламта маани жагынан бири бирине багыныңкы болбогон жөнөкөй сүйлөмдөрдү тутумдаштыруу үчүн колдонулат.

Мисалы: Жыйналышка райкомдун өкүлү катышат жана окуучулардын ата-энелери келет. Сен жыйналышты ачасың жана жыйналыштан кийинки коюлуучу оюнга жетекчилик кылуу да сенин милдетиң болот.

2. **Мезгилдеш байламта—да.** Бул байламталар биринен кийин бири боло турган окуяны көрсөтөт жана бул байламталар

таандык болгон кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөм натийжаны көрсөтүүчү (баш сүйлөмгө) сүйлөмгө багынып, натийжанын чыгышы үчүн болгон ар түрдүү окуяны (себепти) көрсөтөт.

Мисалы: Күн чыкты да, айлана тукабадай кулпурду. Жай келди да, мал семире баштады.

3. Карама-каршы байламта—*бирок, бирок да, а.* Мындан башка да, *ошондо да, айткан менен, ошентсе да, антпесе* деген сыяктуу киринди сөз болуп түшкөн сөздөр байламта болуп да түшөт.

Мисалы: Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок. Мен мектепке шашып бардым, ошентсем да сабакка кечигип калдым. Мен окудум, а сен окудуңбу?

4. Божомол байламта—же, мындан башка да *же болбосо, мүмкүн, андай болбосо* деген сөздөр да божомол байламта болот. Мындай байламта тутумдашканда аракет ким аркылуу иштелери так көрсөтүлбөйт.

Мисалы: Бүгүн Сайра келет, же Асыл шаарга жиберилет. Же мен жазам, же сен жазасың. Ал институтка өтөт, мүмкүн мугалим болуп иштеп калар. Бүгүн бул ишти иштейбиз, же болбосо клубду жабдуу иши колго алынуу керек.

5. Себеп байламталар—*ошондуктан, ошол себептүү, ушинтип, демек, себеби, анткени, натийжада.*

Мисалы: Жумуш бүттү, ошондуктан эс алып олтурабыз. Ал ишке кечигип келди, ошол себептүү аны талкуулап жатабыз. Абыл окуучулардын ичинде абдан кадырлуу, анткени—ал окуунун отличниги жана көпчүлүк ишине активдүү катышат.

Байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири бири менен бириктирүүчү байламта аркылуу байланышса, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына эч кандай тыныш белгилери коюлбайт.

Мисалы: Иш убагында бүтсүн жана кечикпей кайта келгин.

2. Кошмо сүйлөмдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара мезгилдеш байламта аркылуу (да) тутумдашса, байламтадан кийин үтүр коюлат, себеби—мезгилдеш байламта биринчи сүйлөмгө (багыныңкыга) таандык болот.

Мисалы: Шамал жүрдү да, чөптөрдүн башы ары-бери жайкала баштады. Бир чымчык шыралжындын башына конокалды да, кубулжута сайрай баштады.

3. Кошмо сүйлөмдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр карама-каршы байламталар аркылуу тутумдашса, байламтадан мурда үтүр коюлат да, байламтадан кийин эч кандай тыныш

белгиси коюлбайт (бирок, бирок да, ошондо да, айткан менен, ошентсе да, антпесе).

Мисалы: Биз аң уулоого чыктык, бирок эчтеке жолукпкан жок. Абыш кат жазыптыр, бирок да убагында жооп бере албадым.

4. Кошмо сүйлөмдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр божомол байламталар аркылуу тутумдашса, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына байламтадан мурда үтүр коюлат. Байламтадан кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт.

Мисалы: Эртең тоого кар жаайт, же бороон болот. Бүгүн малга чыгуубуз керек, же болбосо мен азыр районго кетем.

5. Кошмо сүйлөмдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр ошондуктан, ошол себептүү, ушинтип деген себеп байламталар аркылуу тутумдашса, бул байламталардан мурда үтүр коюлат да, байламтадан кийин эч кандай тыныш белгиси коюлбайт. Анткени—бул байламталар экинчи сүйлөмгө таандык болуп айтылат.

Мисалы: Бүгүн мектепте кружок болот, ошондуктан үйгө кеч келем. Ал сабактарын тырышып окуйт, ошол себептүү ага бардык мугалимдер ыракмат айтышты.

6. Кошмо сүйлөмдүн тизмегиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр демек, себеби, анткени, натийжада деген себеп байламталар аркылуу тутумдашса, бул байламталардан мурда үтүр коюлат, анткени—бул байламталар экинчи сүйлөмгө таандык. Ал эми бул байламталар натийжаламалык жана тактамалык милдет аткаргандыктан, булардан кийин сызыкча коюлат.

Мисалы: Жаз жаанчыл болду, демек—эгиндин өнүмү жакшы болот. Малдар чыгашасыз төлдөдү, анткени—кыштан алар семиз чыккан.

Көнүгүү 177.

Байламталуу кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, кандай түзүлгөнүн айтып бергиле.

КОЁН.

Коён кыш мезгилинде айылга жакын турду. Түн киргенде, бир кулагын көтөрүп тегерегин тыңшады. Анан экинчи кулагын типтик кылды да, муруттарын кыбыратты. Жыт алып көрдү да, арткы буттары менен отурду. Анан терең кардын үстүнө бир эки секирди да, кайта олтуруп тегерегин карады, бирок кардан башка эч нерсе көрүнбөйт. Кар өркөчтөнүп ак канттай жылтылдайт.

Чыкыраган аяз, ошентсе да коён үчүн анын коркунучу жок. Жылдыздар нур чачып турат. Коёнго чоң жолдон өтүп, көрүп жүргөн кырманга барыш керек эле, бирок чоң жол менен өтүп бара жаткан чананын кычыраганы, аттын бышкырганы угулат, ошентсе да коён жолдун боюна барып токтоду. Дыйкандар чакаларын көтөрүп жөө келе жатышат. Коён кырманды көздөй чуркады эле, эки коёнду кезиктирди. Алар отоп, ойноп жүрүшүптүр. Алар менен ойноп, кар чукуп, күздүк көк буудайдан жеди да, жолуна түштү.

Айыл тыптынч, чырак өчкөн, ошондо да кээде кай бир үйдөн баланын ыйлаганы угулат.

Коён кырманга келди да, өзүнүн жолдошторун тапты. Тазалап койгон кырманда жолдоштору менен ойноп, данга курсагын тойгузду да, өзүнүн жатагына кетти.

Көнүгүү 178.

Өзүңөр ар түрдүү байламта сөздөр катышкан жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр түзгүлө да, алардын маанисин байкагыла.

Көнүгүү 179.

Төмөнкү тексттеги жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, дептерлерге көчүрүп, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Токтоосуз жүрүп олтурууга туура келди ошондо да жете элекпиз. Арабыздан эч кимден чарчадым-чалыктым дегени болгон жок себеби бардыгыбыз тең батыраак жетүүнү самап баратабыз. Анын үстүнө ырдап, тамаша кылып жүрүп олтурганга кандай басып баратканыбызды да байкабай калдык ошондуктан эч кимден эс алалы деген сунуш болбосо керек. Ондон ашык километр жүрүп келгенден кийин мугалимибиз токтоду да балдарды айланасына чогултту. Бул токтогон жерибиз бир нече колоттун кошулган жери экен жана бир нече майда суулар да ушул жерден кошулуп чоң суу түзөт экен.

Биздин бул экскурсиябыздын максаты өз крайыбыз менен таанышуу эле. Бул өз крайыбызды билүү үчүн биринчи чыгышыбыз эле бул жер мектебибизден алыс болбосо да кээ бир малчылардын балдарынан башкасы бул жерди билбейт экен.

Мугалимибиз бул төрт колоттун кайдан башталарын суунун башталган жерлерин андагы мал жайлоочу түздүктөрдү түшүндүрдү да мындан аркы жолдун жүрүүгө кыйын экендигин эскертти. Чынында баарыбыз тең жүрүштө кыйынчылык болорун билип мойнубузга алып келгенбиз ошол себептүү эч кимибизди ал кыйынчылык чочуткан жок же биздин өз аймагыбызды билүүгө ынтызар болушубузданбы бардыгыбыз тең эле ичибизден эртерээк жолго чыгууну каалап турдук.

Бул жерден эки бөлүккө бөлүндүк да кайта бирикчүү жерибизди жана убакытты белгилештик.

Кайра жолго чыктык.

§ 56. Татаал кошмо сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара эки түрдүү тутумдашары көрсөтүлдү. Мына ушуга карай кошмо сүйлөмдөр жөнөкөй кошмо сүйлөм, татаал кошмо сүйлөм болуп экиге бөлүнөт экен. Түзүлүш жагынан бири бирине багынбаган, тутумунан ажыратып жиберсе да, ар бир жөнөкөй сүйлөм айрым ойду бүтүрө түшүндүргөн, башкача айтканда, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү айрым сүйлөмдөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн болгон кошмо сүйлөмдөр жөнөкөй кошмо сүйлөм деп аталары белгиленди.

Мисалы: Күн жаанчыл болду эле, чөп калың чыкты.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдү анын тутумунан айрым жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыратып жиберсе да, ар бири айрым бүткөн ойду түшүндүрө берет. Ошондуктан булар жөнөкөй кошмо сүйлөм болот.

Кошмо сүйлөмдүн ар биринин тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү мурда, жөнөкөй кошмо сүйлөмдө көрсөтүлгөндөй бир биринен ажыратууга мүмкүн эмес. Андай кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири биринен ажыралгыс түрдө тутумдашат.

Мисалы: Жай жаркырап, кыштак ичи жашыл тукабадай кулпурду. Күндүн табы ысык болсо да, талаада эмгек кылып жүргөн колхозчулар кетмендерин кериле чаап, күндүн ысыгын сезишпейт. Эмгекке бышкан кайраттуу колдор жерден жалын чыгаргандай, кетмен тийген жерлерден топуректар буртулдайт.

Бул кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири биринен айрым жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыратууга болбойт, себеби—бул сүйлөмдүн бири толук маани бергени менен, экинчиси ойду тыянактуу кылып бүтүрө албайт.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн биринин баяндоочу бир ойду так бүтүрө айтпаган жана жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн болгон кошмо сүйлөмдөр татаал кошмо сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Күн жаанчыл болгондуктан, эгиндин өнүмү жакшы болду. Кышында кар калың болсо, жерде ным көп болот.

Көрсөтүлгөн кошмо сүйлөмдөрдү айрым жөнөкөй сүйлөмдөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн эмес. Биринин баяндоочу ойду так бүтүрүп, экинчисинин баяндоочу ойду тыянактуу түрдө аяктаган жок. Сүйлөмдүн баяндоочунун түзүлүш жагынан мындай ойду бүтүрө түшүндүрө албай калышы буга окшогон сүйлөмдүн баяндоочунун экинчи ойду бүтүрө баяндаган сүйлөмдүн баяндоочуна багынууга алып келет, баш сүйлөмдүн жардамы аркасында гана тийиштүү маани бере алат. Ошондуктан баяндоочу ойду бүтүрө баяндай албаган жөнөкөй сүйлөмдү кошмо сүйлөмдүн тутумунан ажыратып жиберүүгө болбойт. Ушинтип кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн ажырагыс болуп тутумдашкан түрү татаал кошмо сүйлөм болот.

Татаал кошмо сүйлөмдү түзүүчү байламта мүчөлөр.

Татаал кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара байламта мүчөлөр аркылуу тутумдашат. Ал байламта мүчөлөр төмөнкүлөр:

1. **—ып — бай, а.** Жаз жаркырап, табият адам таңданарлык көрккө бөлөндү. Күн жаабай, чөп узарбайт. Мен бара сала, мал төлдөтүү жумуштары бир топ жакшырды.

2. **— дыктан.** Мал жакшы багылгандыктан, чыгаша болгон жок.

3. Жөндөмөдөгү атоочтуктар багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болот. Күн көтөрүлгөндө, койлорду колотко айдап келем. Күн кайра салкындагандан кийин, койлор өрүштү карай жайылышат. Алар оттоп тойгонго чейин, алдыга озуп кеткен койлорду кайрып олтура берем.

4. **— са.** Сабакты тырышып окуса, терең билим алууга болот.

5. **— ча.** Ал эне тилден даярданып бүткөнчө, мен геометриядан берилген тапшырманы аткарып койдум.

6. **— майынча.** Сабагымды даярдап бүтмөйүнчө, эч жакка барбайм. Ал келмейинче, аны күтүп олтура берүүчүмүн.

7. Мындай байламта мүчөлөрдөн кийин байламта сөз кошулуп да айтыла берет.

Мисалы: Айна бүгүн келсе да, ал жакка бара албоо керек.

Татаал кошмо сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Татаал кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири биринен үтүр аркылуу ажыратылат.

Мисалы: Бак-даректар бүрдөп, шаар ичине көрк берди. Алма-өрүктөр гүлдөсө, шаар дагы сонун болуп кулпурат.

2. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү бир бири менен тутумдаштырып турган байламта мүчөдөн кийин байламта сөз кошулса (да, эле), үтүр байламта сөздөн кийин коюлат.

Мисалы: Окубай коюу азыркы заманда артта калгандык болсо да, капиталисттик өлкөлөрдө миллиондогон жаштар окуй албайт. Ал иштебей деле, ишти өзүбүз бүтүрүп жүргөнбүз.

Эгер байламта сөз кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылса (мисалы, же), үтүр байламтадан мурда коюлат.

Мисалы: Ал бүгүн келбей калса, же келсе да, бара албай турган болсо, сен ишти өзүң уюштура бергин.

Көнүгүү 180.

Текстти окуп, татаал кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, түзүлүшүн айтып бергиле.

МОСКВА.

1.

Күн мемиреп тийип турат.

Москванын үстүндө самолёттор учуп жүрөт.

Так ошол жүз метр бийиктиктеги самолёттон караса да, борборубуз Москванын чегине көз жетпейт. Мында толуп жаткан көчөлөр, аянттар, заводдор жашыл бактар бар.

Биздин сүйүктүү борборубуз абдан чоң!

Ал жүздөгөн чарчы километр жерди ээлеп турат. Москванын ичинде жөө саякат кылам деген киши анын үч минден ашык көчөсүн кыдыруу үчүн бир айдан ашык жүрүүгө туура келер эле, бир четинен экинчи четине туура кесип өтүү үчүн да беш саат керек.

Москвада бир нече миллион киши жашайт. Биздин Москвадан бардык улуттарды, түрдүү жаштагы кишилерди, түрдүү кесиптеги адамдарды учуратууга болот. Москвада жалаң мектеп балдары жүз минден көп.

Москва—биздин Родинабыздын жүрөгү.

Анда улуу Сталин жана Совет өкмөтү иштейт. Өлкөбүздүн бардыгына Москва жетекчилик кылат. Москвада тажрийбалуу жумушчулар эң көп болгондуктан, алар биздин өлкө үчүн машиналар, станоктор, автомобилдер, мотоциклдер жасайт, кездемелер токуйт, таттуу конфеттер жасайт. Миллиондогон китептер басып чыгарышат. Москвада өз өлкөсүнүн жыргалы үчүн, атактуу окумуштуулар, жазуучулар, сүрөтчүлөр иштеп жатышат.

Москва Советтер өлкөсүнүн бардыгы менен тыгыз байланыштуу. Бир сутканын ичинде Москвага эки жүз элүү миң киши келип турат, ошончолук киши кетип да турат.

Көнүгүү 181.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Бүгүнкү Москва кечеки Москва эмес.

Эртеңки Москва бүгүнкүдөн өзгөрөт, жаңыланат.

Эски кичине үйлөр жоготулуп, тар көчөлөр кеңитилди. Москванын ортосунда кең көчөлөр курулуп, дариялар гранит таштар менен жээктелди. Алардын үстүнө көчөдөй кең көпүрөлөр салынды. Бузулган кичине үйлөрдүн ордуна зангыраган кооз, бийик үйлөр салынып, Москва акылман Сталиндин планы боюнча кайта курулуп жатат.

(П. Лопатин, И. Романовский).

Көнүгүү. 182.

Татаал кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

ТАҢ АТАРДА.

Таң сөгүлүп агарып,
Сансыз куштар күү чалып,
Жер бети күлүп маңкайды.
Арсак-терсек адырлар,
Жибектей эскен жели бар,
Алыстан тоолор заңкайды.
Саймалуу гүлдөр мемиреп,
Ыксырап уктап көпөлөк,
Түш көрүп жатат ойгонбой.
Жайнаган ирең жашыл чөп,
Мөлтүр булак, гүлү көп,
Сулуулук келген ошондой.
Мемиреп турган ак тамда
Көшүлүп жаткан—жаш бала,
Бир кезде жарык жылт этти.

(*Мукай*).

Көнүгүү 183.

Текстти көчүрүп, кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, алардын арасына тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Май айынын орто чени. Акматтын атасы кой фермасында иштегендиктен кыштактан эки километрдей алыстап келип көк өтөккө конгон.

Акмат өзүнүн классташ жолдошу менен бирге китептерин асынып алып мектебине барган. Клубда пионер вожатый кышасынып алып мектебине барган. Клубда пионер вожатый кыштай окуган сабактардын жыйынтыгы жөнүндө айтып жатты эле эшиктин каалгасы кычырап бирөө кирүүгө уруксат сурап „тык-тык“ эткизгендей болду.

Вожатый эшик жакты карап:

— Кирүүгө уруксат кире бериңиз!—деди.

Аңгыча болбой эшиктен:

— Маа, маа, маа!—деген козунун үнү чыкты. Отурган балдардын баары эшикти карап калды. Эшикти вожатый барып ача салганда мааракан бойдон көк козу шып класска кирип келди.

— Акматтын көк козусу!—дешип, отурган балдар чуу эте түштү.

Өзү мектепке келе жатканда аркасынан ээрчий келген козусун сезбей калган Акмат кайдан келип калды деп чочуп кетти да залга кирип келгенинен бир чети уяла түштү.

Кант дедиби козу түз эле вожатыйдын жанына басып барып столдун үстүндө турган борду жыттагылады. Вожатый козунун башынан сылап:

— Бул Акмат сенин козуңбу? Жакшы. Семиз жакшы багылган козу экен. Окуу жылы бүтөйүн деп калды. Экзамен берейин деп келсе керек,—деп күлдү.

Көнүгүү 184.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Анда Акматтын жолдошу ордунан тура калып:

— Агай, Акматтын көк козусу китепти ачып көрсөтсө, „маа“ деген жазууну дароо окуйт—деди.

Окуучулардын баары дуу күлүп жиберишти.

Вожатый:

— Балдар жана кыздар, бери карагылачы! Силердин багып өстүргөн козуңар, торпогуңар, же кулунуңар барбы? Акматтын өзү гана окуунун отличниги деп жүрсөм баккан козусу да семиз жана отличник экен. Кирип келери менен эле менин жанымдагы борду сурап, доскага жазган жүрөт—деп, күлдү.

Балдардын арасынан:

— Менин семиз тайым бар.

— Менин семиз музоом бар.

— Менин баккан семиз эгиз улагым бар.

— Менин он жети жөжөм бар,—деген үндөр чуулдады.

— Жакшы болот, балдар, тынчтангыла,—деди пионер вожатый.

Зал ичи жым-жырт боло калды.

Божатый бир аз ойлоно калып:

—Өзү сабагын жакшы окуп көк козусун ириктей кылып семиз баккандыгы үчүн Акматты көк козусу менен сүрөткө түшүрүп бир нускасын „Кыргызстан пионери“ газетасына жиберели бир нускасын мектептин кызыл бурчуна илип коёлук. Акматтын өзүн окуу бүткөндөн кийин бир айга жаш балдар санаториясына жибersек кандай болот?—деди.

Балдар:

— Ырас болот, ошентели, ошентели—дешип, дүркүрөтүп кол чаап жиберишти.

§ 57. Аралаш кошмо сүйлөм.

Кай бир кошмо сүйлөмдөрдө жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдүн да, татаал кошмо сүйлөмдөрдүн да касиети болот.

Мисалы: Ал мектепке жеткенде, аны куба жеттим да, эртеңки болуучу сборго карай ага тапшырылган иш жөнүндө айттым.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы биринчи жөнөкөй сүйлөмдү өзүнчө айрым сүйлөмгө ажыратып жиберүүгө мүмкүн эмес, анткени—анда татаал кошмо сүйлөмдүн касиети бар, кийинки эки жөнөкөй сүйлөмдү бири биринен ажыратууга болот, аларда жөнөкөй кошмо сүйлөмдүн касиети бар.

Жөнөкөй жана татаал кошмо сүйлөмдөрдүн касиеттери бар кошмо сүйлөм аралаш кошмо сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Анын эр жүрөгү болк-болк согуп, аябай жанын үрөй берди эле, эрдин көзүнө от жанып кызыл болгонсуду.

(*Т. Сыдыкбеков*).

Күн жылып, жаз келип, мал төлдөй баштаган кезде, мен мал фермасына бардым да, жаш козуларды багуу үчүн бир нечесин бекитип берүүнү сурадым.

Буга окшогон түзүлүш жагынан жөнөкөй кошмо сүйлөмгө да, татаал кошмо сүйлөмгө да окшобогон кошмо сүйлөмдөр аралаш кошмо сүйлөм болот.

Аралаш кошмо сүйлөмдөр жөнөкөй жана татаал кошмо сүйлөмдөрдүн жазуу эрежесинин негизинде жазылат.

Көнүгүү 185.

Текстти окуп, аралаш кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1.

Декабрдин жарымына чейин кар жаап жарыган жок. Андан кийин бат эле алай-дүлөй түшүп, кар жаап, бороон артынан бороон сокту. Беш күнгө чейин кишилер эшикке чыга албай калды. Кардуу бороон токтогондон кийин Николаша деген өзүнүн коңшулары жана Минька жолдошу экөө лыжа таап алышты да, пахтадай болгон мамык кардын үстү менен жөнөп кетишти. Эң мурун бал челекке барышты. Ошол бал челекке жакын жерде бир огород бар болучу. Ал огороддо бир нече жыл мурун колхозчулар капуста айдашкан. Андан кийин аны чоң жемиш багына айландырган эле. Азырынча ал жерге карагат олтургузулган жана жаш алма жыгачтарын тигишкен. Бул участокту мурун караосуз жаткан ээн талаа дешчү, анын ошол „талаа“ деген аты ушул күнгө чейин кала элек болучу.

Балдар ошол жерге барып ойногонду жакшы көрө турган. Ал жерге уйгактын уругун жей турган куштар да учуп келүчү. Ал кооз куштарды балдар эң жакшы биле турган. Балдар талаа бригадиринен бир нече тутам зыгыр, же тарыу сурап алып, аларды кардын астынан сороюп чыгып турган төө тикенге жөлөп коюшчу да, ал зыгыр менен тарууга капкайдагы сайрагыч кооз чымчыктар чогула турган.

Балдар бал челекти көздөй баратканда, Минька коёндун изин көрүп калды да, коён экендигин билди.

Кубангандан кыйкырып жиберди.

Николаша ага жүгүрүп барды да, коёндун жаңы кардагы изине таң калды да, чын эле коёндун изиби, жаңы из экен, ал бакыраң көз эртең менен эле бороондон кийин өткөн окшойт,—деди.

(*Ф. Баранов*).

Көнүгүү 186.

Кошмо сүйлөмдүн түрлөрүн ажыраткыла.

Эрдин күчү—сом темир
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо
Эгин айдоо жер керек.
Эр жигиттин белгиси,
Эпчил болот термелеп,
Өз колуңда болбосо,
„Өлдүм“ десең ким берет?
Күчүң барда иштеп көн,
Күлүп, жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап, жер жибит.
Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай,
Өзүн-өзү асырайт,
Уурулукка малынбай.
Уятын ойлоп ар убак,
Ушак сөзгө чалынбай,
Түрдөнүп иштеп, эр жигит,
Тишиң барда таш чайна
Ирээтинди түзөтүп,
Иштебесең мал кайда?
Эр жигиттин белгиси,
Кайраттуу болот жалындап,
Колунда малың болбосо,
Оңойбу оокат табылмак?
Өлмөйүнчө кор болбойт,
Өксөгөн менен ниети ак,
Жамандыкка чалынбай,
Өз башына өзү сак.

(*Токтогулдан*).

§ 58. Орток ээлүү (бир ээге багынган) кошмо сүйлөм.

Абыл жакшы окугандыктан, жолдошторунун ичинде абдан кадырлуу. Сыйнат жумушун бүтүргөндөн кийин, Нурийла менен киного кетти.

Жогорудагы көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдү түзүлүш жагынан текшергенде, эки жөнөкөй сүйлөм бир гана ээге багынып тургандыгын көрүүгө болот. Буга караганда мындай сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмгө өтө окшош. Ал эми, мазмун жагынан алганда көрсөтүлгөн эки сүйлөм тең жөнөкөй ойду көрсөтпөстөн, татаал ойду көрсөтүп турат. Ачык айтканда, *Абыл жакшы окугандыктан* деген сүйлөм натийжанын чыгышы үчүн болгон себепти көрсөттү. Экинчи сүйлөмдө *Сыйнат жумушун бүтүргөндөн кийин* деген сүйлөм натийжанын чыгыш мезгилин көрсөтүп турат. Ушинтип, бул кошмо сүйлөмдөрдөгү баш сүйлөмдөрдүн өзүнчө ээси жок, баш сүйлөм да багынынкы сүйлөмдүн ээсине багынып турат.

Сабакты жакшылап даярдап бүткөндөн кийин, Айша клубдан кино көрүүгө барды.

Бул сүйлөмдө да эки жөнөкөй сүйлөм бар. Биринчи жөнөкөй сүйлөм—*сабакты жакшылап даярдап бүткөндөн кийин*, экинчи жөнөкөй сүйлөм—*Айша клубдан кино көрүүгө барды*. Мында биринчи жөнөкөй сүйлөмдүн ээси *жок*, башкача айтканда, биринчи жөнөкөй сүйлөм экинчи жөнөкөй сүйлөмдүн *Айша* деген ээсине багынып турат. Ушинтип, бул багынынкы сүйлөмдүн да айрым ээси жок.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр бир гана ээге багынып турса, орток ээлүү (бир ээлүү) кошмо сүйлөм болот.

Мындай орток ээлүү (бир ээлүү) кошмо сүйлөмдөрдүн төмөнкүчө түзүлүштөрүн көрсөтүүгө болот:

1. Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөмгө бир гана ээ таандык болот:

а) Багынынкы сүйлөмдүн ээси баш сүйлөмгө да таандык болот.

Мисалы: Ал сабакка жакшы даярдангандыктан, берилген суроолорго токтоосуз жооп берди. Мен жумуштарымды бүтүрүп коюп, волейбол ойноого кеттим. Сен көп окусаң, көптү билесиң.

б) Баш сүйлөмдүн ээси багынынкы сүйлөмгө да таандык болот.

Мисалы: Жумушуңду эрте бүтүрсөң, сен мени мектептен табасың.

в) Кээде ээ көмүстө турушу да мүмкүн, мындай учурда ээ баш сүйлөмгө,же багынынкы сүйлөмгө таандык деп айтууга болот.

Мисалы: Көп окусаң, көптү билесиң. Көп иштесең, көптү бүтөсүң. Сабакты жакшы тыңшагандыктан, сабакты жакшы түшүндүм.

2. Кошмо сүйлөмдүн тутумунда ээсиз сүйлөмдөр болушу мүмкүн, демек—андай сүйлөмдөрдө бир гана ээ болот. Ал ээ эки жөнөкөй сүйлөмгө тең таандык болбостон, бирөөнө эле таандык болот. Ал эми, бир сүйлөм ээсиз (жактуу, жаксыз) сүйлөм болгондуктан, ээнин болушун талап кылбайт.

Мисалы: Кино көргүм келип, Ала-Тоо кино-театрына бардым.

Мында экинчи сүйлөмдүн гана *мен* деген ээси бар (көмүскө калды).

Биринчи *кино көргүм келип* деген багынынкы сүйлөмдүн ээси жок жана ээси көмүскө калды, бир ээге багынды деп айтууга да мүмкүн эмес.

Анын газета окугусу келип, ал китепканага кетти.

Анын бар экендигин билип, мен анын үйүнө баш бага калып эле, аны өзүмө чакырдым.

Булардын негизинде кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ар бирине таандык баш мүчөлөрү (ээлери) ар дайым эле боло бербей тургандыгын, башкача айтканда, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бир нече жөнөкөй сүйлөмдө бир гана ээ болушу мүмкүн экендигин айтууга болот.

Көнүгүү 187.

Өзүнөр орток ээлүү (бир ээлүү) кошмо сүйлөм түзгүлө да, аны класста окуп, текшерүү жүргүзгүлө.

Көнүгүү 188.

Текстти окуп, орток ээлүү кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Ал кызарган темирди алды да, кичине балка менен чаба баштады. Аны ээрчип, шекирти чоң балка менен кичине балканын ордун чаап жатты. Өтө кайнаган темирдин чачырандысы туш тарапка учуп, кандайдыр нур чагылгандай көрүнөт. Бул көрүнүштүн, чынында, жалганы да жок, ал чачырап жаткандар—чын эле нур. Чабылып жаткан балка—бакыт. Албетте, темир ишине тааныш эмес адам бул көрүнүшкө таң калгандай. Ал тургай, темирдин чачырандысы күйгүзүп кетпегей эле деп, чочууга да болот эле.

Булар—ким? Булар— „Бирдик“ колхозунун устасы Шайыбек жана анын жардамчысы Сеңирбай.

Булар—темирдин чеберлери. Алардын колунан жасалган деталдар өтө чыдамдуу жана шайманга да бап келет. „Бирдик“ колхозунда көп техника бар. Ал шаймандарга алардын жасаган деталдары узак чыдайт. Кышында жасап койгон детал келирки кышта гана, жараксыз болсо, алмаштырылат. Ал эми, өтө бат сынуучу деталдар складга запас жасалып коюлган. Булардын эмгеги—чечүүчү эмгек. Бул колхоздо эч качан машина, соко, комбайн токтоп калбайт. Бул өнөктүктү убагында бүтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Сеңирбай быйыл ремесло окуу жайына кирип, жогорку техникага ээ болгон уста болууну каалап жүрөт.

Көнүгүү 189.

Кооз адабияттан он чакты орток ээлүү кошмо сүйлөм көчүрүп келгиле.

Көнүгүү 190.

Орток ээлүү кошмо сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

УБАДА.

Жайында бир күнү мен шаардагы бир бакта отуруп китеп окудум. Окуган китебим кызык эле, китептин кызыгына батып, баш көтөрбөй окуп отуруп, кечтин кирип караңгы түшкөнүн да билбей калыпмын. Китебимди жаап, ордуман туруп, жөнөп калдым.

Бактагы эл кетип, анчырап ээн болуп калган экен. Көчөлөрдөгү шамдар күйүп калыптыр, кайдадыр бактын ар жагынан күзөтчүнүн гана коңгуроосунун шыңгыраган үнү угулуп турат.

Бакты жаап коюп, чыга албай калат экемин деп, жүрүшүмдү ылдамдата баштадым.

Туура жагымдагы топ бактын нары жагынан ыйлагансып, кимдиндир бирөөнүн үнү угулат. Токтой калып, кулагымды салдым.

Туура жактагы жолго бурулуп басканымда, алыстан агарып чоң-чоң бактардын күзөтчүсү тура турган кичинекей там көрүндү. Тамдын жанында жети-сегиз жаш чамасында бир бала башын төмөн салып, ыйлап турат.

Мен ага жакындап келип:

— Эй, бала, эмнеге ыйлап турасың? — дедим.

Ал, селт этип, чочуп кетти да, бирөө команда берген кишиче, башын өйдө көтөрүп, мага карады да:

— Жөн эле—деди.

— Кантип жөн эле? Сени бирөө ызаладыбы?

— Эч ким ызалаган жок.

— Эмне үчүн ыйлап жатасың?

Ал жооп бере албай, мукактана түшүп, удаа-удаасы менен мурдун шуу-шуу эттире тартып алды.

— Жүр кетебиз,—дедим мен балага.—Көрдүңбү, түн кирип калды, бакты жаап коёт...

Мен жакындай берип, баланы колунан алмакчы болдум. Бирок бала шашып колун тартып алып:

— Мен часовоймун,—деди бала.

— Часовой дегени эмнеси? Кандай часовой?

— Эмне сиз түшүнбөйсүзбү? Биз ойноп жүрөбүз.

Бир топ бала болуп согуш оюнун ойногонбуз.

Мен бул жерден кетпеске убада бердим.

— Анан эмне болду?

— Анан эмне болмок элем, ошондон бери турам, алар келише элек.

— Алардын кеткенине көп болдубу?

— Анда жарык эле.

— Алар эми кайда?

— Менин оюмча, кетип калышты, мени унутуп калышты...

(*Л. Пантелеев*).

§ 59. Кыстырынды сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү маани жактан бекем тутумдаштыруу үчүн, кээде багыныңкы сүйлөмдөрдү баш сүйлөмдөрдүн ээси менен баяндоочунун арасына кыстырып айтабыз.

Маселен: Күн жылып, кар эрий баштады.

Бул кошмо сүйлөмдү тутумдаштырганда, кар, *күн жылып*, эрий баштады, — деген кыстырынды сүйлөм түзүлөт. Баш сүйлөмдүн ээ, баяндоочунун арасына багыныңкы сүйлөм кыстырылып айтылды.

Эгиндин өнүмү, күн жаанчыл болгондуктан, абдан жакшы болду.

Баш сүйлөм—эгиндин өнүмү абдан жакшы болду.

Багыныңкы сүйлөм—күн жаанчыл болгондуктан. Мында да багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн мүчөлөрүнүн арасына кыстырылды.

Эгер баш сүйлөм жайылма сүйлөм болсо, багынынкы сүйлөм баяндоочко таандык айкындооч мүчөдөн мурда кыстырылат.

Маселен: Кышкы катуу суукта мал, колхоздор кышка мыкты камдангандыктан, зыянга учураган жок.

Баш сүйлөм—кышкы катуу суукта мал зыянга учураган жок.

Багыныңкы сүйлөм зыянга деген баяндоочко таандык айкындоочтон мурда кыстырылды.

Баш сүйлөмдүн ээ, баяндоочунун арасына багыныңкы сүйлөмдүн кыстырылып калган түрү кыстырынды сүйлөм деп аталат.

Маани жагынан жөнөкөй багыныңкы сүйлөмдөр да баш сүйлөмдөрдүн ээ, баяндоочунун арасына кыстырылып, кыстырынды сүйлөм түзүлөт.

Маселен: Кар, жаз келди эле, эрий баштады.

Маани жагынан багыныңкы сүйлөм — жаз келди.
Баш сүйлөм — кар эрий баштады.

Баш сүйлөмдүн ээси менен баяндоочунун арасында багыныңкы сүйлөм кыстырылып айтылды.

Кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы.

Баш сүйлөмдүн ээси менен баяндоочунун арасына кыстырылып калган багыныңкы сүйлөмдүн эки жагына тең үтүр белгиси коюлат.

Маселен: Окуучулар, биринчи сентябрь кандай келди, ошондой мектепке келишти.

Мал, чөп узарып, тоюна баштады.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдөгү багыныңкы сүйлөмдөр —биринчи сентябрь кандай келди, чөп узарып, бул багыныңкы сүйлөмдөр эки жагына үтүр коюлуу менен ажыратылды.

Көнүгүү 191.

Кошмо сүйлөмдөрдү оозеки кыстырынды сүйлөмдөргө айландыргыла.

Жаз чыкпай, келгин куштар келбейт.
Ашым келмейинче, Жапар келбейт.

Эртең окуу башталса, сабакка келем. Күз келди эле, мектептерде окуу башталды. Чөп көп болсо, мал кыштан семиз чыгат. Эгин бышса, комбайн эгин талаасын каптайт. Күн чыкпаса, кыроо кетпейт эле.

Күн жылыбай, чээнде жаткандар чээнден чыкпайт.

Көнүгүү 192.

Төмөндөгү кыстырынды сүйлөмдөрдү баш жана багыныңкы сүйлөмдөргө айландыргыла.

Сыръёлор, жер байлыгы көп табылса, завод-фабрикаларга жетиштүү болот. Сен, мен келсем, клубда жок экенсиң. Мен, Асан айылдан келмейинче, Москвага жөнөбөймүн. Түнкү кыроодон бүрүшкөн гүлдөр, күн өзүнүн нурун чачып, денелерин жазышты.

Көк, жаз жаанчыл болбой, жакшы чыкпайт.

Көнүгүү 193.

Кошмо сүйлөмдөрдү ажыратып, аларды кыстырынды сүйлөмгө айландырып, дептериңерге көчүргүлө.

МАГНИТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Илгерки заманда бир койчу болуптур. Аты Магнис экен. Бир күнү Магнистин кою жоголуп, ал коюн издеп тоого чыгат. Жалаң эле таштар жайнап жаткан жерге барат. Ал ташты аралап кетип бара жатса, анын өтүгүнүн таманы ташка жабыша калат. Ал таштарды колу менен кармап көрсө, таштар купкургак жана колго жабышпайт. Тура калып, өтүгүн чечип колуна алып, ташка тийгизип көрөт.

Өтүктүн кончун, таманын тийгизсе, ташка жабышпайт. Такасындагы мыгын тийгизсе, жабыша калат.

Магнистин колунда учу темирлүү таягы бар экен. Ал таягынын жыгач жагын ташка тийгизип көрсө, жабышпайт. Темири бар жагын тийгизсе, ташка жабыша калып, таягын ары дегенде тартып алат.

Магнис ташты карап көрсө, таштын өңү темирге окшойт. Ал бир тоголок ташты үйүнө алып келет. Ал ташты ошондон тартып адамдар билишип жана аны магнит деп аташкан экен.

Магнит жерден темир аралашкан кен түрүндө табылат. Магнити бар кендин темири өтө жакшы болот. Өңүнө караганда магнит темирге окшош.

(*Толстойдуку боюнча*).

Көнүгүү 194.

Кошмо сүйлөмдөрдү таап, кыстырынды сүйлөмгө айландырып, дептериңерге көчүргүлө.

Алардын сөзүн коюп, биз өзүбүзгө кеттик. Кыдырма бир кезде Кызыл-Кыя жактагы карагайлуу, бийик тоону карап алып,—бүгүн түндө качпайлыбы? — деди мага. Бул биздин көптөн берки сырыбыз эле. Бирок качканда анда барганда жыргабай турганымды, андан калса, Элебестин „Мына, баягы желмогуз дагы келди“ дей турганын ойлоп, мен убада бериштен баш тарттым. Кыдырма ач талаада калган жаралуу жандай муңайып, жүдөгөн, мундуу көзү менен чыгыштагы тоону дагы бир карап алды да, бир аз ойлонуп калып:

— Силер качпасаңар койгула, мен качам, — деди.

— Сага эч теме эмес, биз барсак, Элебес жакшы көрбөйт, дедим мен.

— Мында кайсы чекең ысып отурат? — Же таманыбызды тындырбаса, же бир уйку бетин көрбөсөк. Үстүндү карачы, үшүнтип жүрүп, чирип өлөбүзбү? — деди көйнөгүнүн жеңине катып калган апийимди ушалап коюп. Бир себептен качсамбы деп да ой кылдым. Мындагы менин эш тутканым Жыргаланда орустун малын багып турган бир кыргыз бар эле.

Былтыр ошондо мал багып үч айдай жүрүп келгем. Мен качып барганда көп болсо, ушуга берер деп ойлондум. Мага бул Солтонкулунан алда канча жеңил көрүндү.

Көнүгүү 195.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Биз үшүнтип отурган убакта, Айылчы тышка чыгып, бизге жакын жерге келип:

— Ата көйү, жамандардын эчкиче бөлүнүп алып отургандарын! — деп, кекерлүү, какшык күлкүсүнө салып, жылмайып койду. Менин көзүм буларга биз бир күнөөлү иш кылып жатканыбыздай көрүндү.

Убадасына жетиптир: бир күнү эртең менен туруп жатсам, Кыдырма жок. Жаткан ордунун жылуусу көп кете элек экен. Буга карап, мен таңга жуук туруп кетсе керек деп жорудум. Бирок артынан түшкөн куугунчу шордууну куткарбаптыр. Күн шашке ченде бирөө алдына салып, биз апийим кырып жаткан жерге өкүртүп айдап келди. Кыдырманын көз жашы салаа-салаа болуп, ыйлап жүрөт. Бизге жакындай бергенде айдап келе жаткан киши:

— Сенин атаң Ырай эмес, „мен“. Бас, ылдам! — деп, камчы менен желкеден ары түртүп жиберди. Алар келе жатканда, Айылчы мага жаман көзү менен айланып:

— Мына бу жамандар кеңешип туруп качырышса керек, — деди. Артынан: — Силер менин кулумсуңар. Силерге кожоюн мына мен! — деп, өзүнүн төшүн көрсөттү.

(*Мукай Элебаев*).

§ 60. Чечме сүйлөм.

Маани жагынан бир бирине байланыштуу болгон бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдү тутумдаштырганда, анын бир жөнөкөй сүйлөмү неги ги маанини ээлеп, калгандары кеңири маанини ээлөөчү сүйлөмдүн мазмунун чечмелөө иретинде айтылат.

Мындай сүйлөмдөрдө негизги маанини ээлөөчү сүйлөмдөр адегенде айтылат да, анын маанисин чечмелеп турган сүйлөмдөр кийин айтылат.

Мисалы: Чүй өрөөнү гүлдөдү: электростанциялар салынды;

чоң совхоздор уюштурулду. Мында негизги сүйлөм — Чүй өрөөнү гүлдөдү. Анын маанисин чечмелеп турган сүйлөмдөр — электростанциялар салынды; чоң совхоздор уюштурулду.

Негизги сүйлөмдүн маанисин кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр, же бирөңчөй мүчөлөр чечмелеп турушу мүмкүн.

Мисалы: Биздин өлкөдө социализм толук жеңишке ээ болду: эл чарбабыз кайра курулду; ири завод-фабрикалар салынды; айыл чарбабыз алдынкы техника менен жабдылды; таптык карама-каршылыктар жоюлду; эмгекчилер оокаттуу, маданияттуу турмушка жетишти; өлкөбүз индустриялуу державага айланды.

Биздин өлкөдө социализм толук жеңишке ээ болду, — деген сүйлөм негизги маанини ээлеп, калган сүйлөмдөр чечмелөө иретинде айтылып жатат.

Мында негизги сүйлөмдү кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр чечмелеп турат.

Эртең биздин мектептин окуучулары экскурсияга чыгышат: же Кашка-Суугa, же Арчалууга барышат.

Негизги сүйлөмдү *Кашка-Суугa, Арчалууга* деген бир өңчөй мүчөлөр чечмелеп турушат.

Негизги сүйлөмдүн маанисин бышыктоо катарында чечмелеп айтылган сүйлөм чечме сүйлөм деп аталат.

Негизги сүйлөмдүн маанисин чечмелеп турган жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочу ойду так бүтүрөт, эгер татаал кошмо сүйлөмдөр чечмелеп турса, биринин баяндоочу ойду так бүтүрсө, биринин баяндоочу ойду так бүтүрө албайт.

Маселен: Быйыл аба ырайы жакшы болду: жаз убагында келип, эгин-тегин өз убагында айдалып, себилип бүттү; жазында жана жайында күн жаанчыл болуп, эгинди оруу-жыюу мезгилинде күн ачык болду.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдөгү чечме сүйлөмдөр тутумдаш кошмо сүйлөмдөрдөн түзүлдү.

Элдин маданий деңгээли көтөрүлдү: сабатсыздык жоюлду; маданий-агартуу мекемелери—клуб, театр, кино, окуу үйлөрү көбөйдү; кыштактарда мончолор курулду.

Чечмелеп турган сүйлөмдөр баяндоочу ойду так бүтүргөн жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлдү.

Чечме сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Чечме сүйлөмдүн тутумундагы негизги сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат да, эгер негизги сүйлөмдүн маанисин кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр чечмелеп турса, чечмелеп турган сүйлөмдөрдөн кийин үтүрдүү чекит коюлат.

Маселен: Кыргызстандын маданияты өстү: көп мектептер

салынды; кино, театрлардын тармактары көбөйдү; эне тилинде китеп, газеталар чыкты.

2. Негизги сүйлөмдү бирөңчөй мүчөлөр чечмелеп турса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Маселен: Бүгүн дене тарбиячылардын оюну болот: же клубда, же стадиондо өткөрүлөт.

Негизги сүйлөмдү чечмелеп турган сүйлөмдөр кичине тамга менен башталып жазылат.

Эскертүү: 1. Негизги сүйлөмдүн мазмунун кошмо сүйлөмдөр чечмелеп турса, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлуп, ар бир кошмо сүйлөмдөн кийин үтүрлүү чекит коюлат.

Маселен: Быйыл аба ырайы жакшы болду: жаз убагында келип, эгин-тигин өз убагы менен айдалып бүттү; жазында жана жайында күн жаанчыл болду да, оруу-жыюу мезгилинде күн ачык болду.

Көнүгүү 196.

Текстти окуп, чечме сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Таң атты: таң сүргөндөн тартып, эмгек жарчысы болуп канаттарын кагып, моюндарын созуп, көздөрүнүн агын айландырып, анда-санда чакырып жаткан короздордун үндөрү да басылды; уйлардын мөөрөгөнү, козулардын маараканы, канаттуу куштардын сайраганы, көчөдөн ары-бери өткөн мал-жандарга иттердин арсылдап үргөндөрү—дүйнөгө жаңылык киргизгендей колхоздогу эртеңки жумуштун башталышын билгизгендей болот.

Тойчубек күндөгүсүнөн бүгүн эрте туруп, трайке кемзелин даки куру менен мыктап курчанып, атына минип:

— Болгула батыраак, күн чыгып калды, жумушка чыккыла!—деп, короо-короону кыдырып, бастырып жүрдү.

Атын жулунтуп, дрожкасын чимирилтип, кара жол менен салып уруп келе жаткан Жапарды көрүп, Тойчубек:

— Ботом, бул таң атпай кайда бара жатат? Районгобу?—деп, атын тык токтотуп, тура калды.

Жапар „Өрнөк“ колхозуна уполномочен болуп келдим дегенде, Тойчубек:—„Ай, балам, начар колхозго уполномочен болуп келипсиң, кыйналасың го, эли жаман жалкоо эле,—деп айтканда, Жапар:„ Эч нерсе эмес, атаке, мындай кыйынчылыктар далай баштан өткөн. Аскердин командири жарашса, алынбай турган жоо, жыгылбай турган чеп болобу? Колумдан келишинче аракет кылып көрөйүн. Жамандан жакшы, жалкоодон ударник болушу мүмкүн“ —деп, ал атасына жооп кайтарган.

(„Бакыт“—*Баялинов*).

Көнүгүү 197.

Чечме сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин элдердин маданий, саясий, коомдук турмушу жаңыча курулду: эзүүчү таптар жоюлду, социалисттик өнөр жай өркүндөп, айыл чарба техникалаштырылды; улут эзүүсү таптакыр жок болду.

2. Советтик түзүлүштүн натийжасы ар бир адамдын турмушунда көрүндү: ар бир адамдын турмушу оокаттуу жана маданияттуу болду; ар ким өзүнүн ишине карай кадырлуу; ар бир адам мамлекеттик бийликке шайлануурга, шайлоого укуктуу.

3. Социалисттик айыл чарба адам таанығыс болуп жаңырды: жер трактор менен айдалып, ага трактор менен тукум себилет, түшүм да машина менен жыйналат; колхоз талаасында эмгек кылуу жеңил жана көңүлдүү болду.

4. Советтик Кыргыз республикасы да таң каларлык өстү: союздук республика болду; завод-фабрикалар курулду; мектеп жана агартуу мекемелеринин тармактары өстү; кен байлыктары ачылды; өзүнүн жергиликтүү кадрлары өсүп чыгып, алар заводдордо, айыл чарбасында, мамлекеттик мекемелерде иштешет. Түштүк Кыргызстан Орто азияда көмүрдүн борбору болду.

Мындай өсүштөр ар бир советтик республикаларда кеңири кулач жайган.

БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨРДҮН ТҮРЛӨРҮ.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр айкындооч мүчөлөр сыяктуу, айкындооч мүчөлөрдүн суроолоруна жооп берет. Башкача айтканда, багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн ар бири айрым суроолорго да жооп берет жана баш, айкындооч мүчөлөрү бир мааниге тутумдашып, бир гана суроого да жооп болуп, татаал мүчөлүк милдет аткарат. Мына ушуга карай багыныңкы сүйлөмдөр толуктоочтук, бышыктоочтук жана аныктоочтук милдет аткарышат.

Эскертүү. Аныктооч багыныңкылык жана толуктооч багыныңкылык милдет аткаруучу сүйлөмдөр өзүлөрүнүн айрым сүйлөмдүк тегин жоготуп, жөнөкөй сүйлөмдүн тутумундагы гана татаал аныктооч же татаал толуктооч болуп калат. Демек, булар жөнөкөй сүйлөм болуп эсептелет.

Бышыктооч багыныңкы сүйлөмдөр.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр эмне үчүн? эмне себептүү? эмнеге? качан? эмнеликтен? кантип? кандайча? деген сыяктуу суроолорго жооп берүү аркылуу баш сүйлөмдү бышыктап турса, бышыктооч багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Мисалы: Кар түшкөндө, суук боло баштады.

— Качан суук боло баштады?

— Кар түшкөндө (мезгилди көрсөтүүчү багыныңкы сүйлөм). Калык жакшы окугандыктан, сыйлык берилди.

Бышыктооч багыныңкы сүйлөм—Калык жакшы окугандыктан (себепти көрсөттү).

Мындай бышыктооч багыныңкы сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү бир гана суроого жооп берүү менен бирге ар бир мүчөсү (ээ, баяндооч, айкындооч) өзүлөрүнчө айрым суроолорго да жооп беришет.

Мисалы: жогорудагы *кар түшкөндө* деген багыныңкы сүйлөмдүн ээ, баяндоочуна айрым-айрым суроо коё алабыз.

Мисалы:—эмне түшкөндө?

— Кар.

— Кар эмне болгондо?

— Түшкөндө.

Бышыктооч багыныңкы сүйлөмдүн бардыгы тең бир кыл милдет аткарбастан, ойдун ар түрдүү кырдалын көрсөтөт, башкача айтканда, бышыктооч багыныңкы сүйлөмдөр мезгил багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, шарттуу багыныңкы сүйлөм, сыпат багыныңкы сүйлөм карама-каршы багыныңкы сүйлөм болуп бөлүнүшөт.

§ 61. Мезгил багыныңкы сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн мезгилин көрсөтүп, мезгил бышыктоочтордун суроолоруна жооп берип турса, мезгил багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Мезгил багыныңкы сүйлөмдөр *качан? кайсы убакта? качандан бери? качанга чейин?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Алар бир нече жолдор менен түзүлөт.

1. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу жатыш жөндөмөдөгү атоочтуктан болсо, андай багыныңкы сүйлөмдөр мезгил багыныңкы сүйлөмдүк милдет аткарат.

Мисалы: Жыйырманчы май келгенде, мектептерде биринчи экзамен башталат.

— Качан мектептерде биринчи экзамен башталат?

— Жыйырманчы май келгенде (мезгил багыныңкы сүйлөм). Алар оймолонгон шаанилүү Равад дарбазага келгенде, Айтике алсырап болгон эле (Аалы — „Мезгил учат“ боюнча). Мезгил багыныңкы сүйлөм—алар оймолонгон шаанилүү Равад дарбазага келгенде.

2. Баяндоочу атоочтуктардан болгон багыныңкы сүйлөмдөрдөн *кийин кезде, күндө, убакта, чакта, учурда, соң* деген сыяктуу тактоочтор жана жардамчы сөздөр көмөк болуп турса да, мезгил багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Таң кашкайып сүргөн кезде, Равад дарбазанын босогосунда аянычтуу бирөөнүн элеси көрүндү (Аалы—„Мезгил учат“) Мезгил багыныңкы сүйлөм—таң кашкайып сүргөн кезде.

Ал сүйлөгөн убакта, менин жүрөгүм толкундап турду. Ал түшүндүргөн соң, айтканы туура экенине көзүм жетти.

3. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу барыш жөндөмөдөгү атоочтуктардан болуп, аларга дейре, чейин деген жардамчы сөздөр көмөк болуп турса, мезгил багыныңкы сүйлөм түзүлөт.

Мисалы: Күн жааганга чейин, эгиндерди оруу-жыюу милдети—эң орчундуу жумуш. Каш карайганга чейин, сиз бардык жумушту бүтүрдүңүз. Мен үйдөн келгенче, сен күтүп тур. Мен үйдөн келгенге чейин, сен күтүп тургун. Мезгил багыныңкы сүйлөмдөр—күн жааганга чейин каш карайганга чейин, мен үйдөн келгенче, мен үйдөн келгенге чейин.

4. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктардан болуп, *кийин, бери* деген сөздөр көмөк болуп турса, мезгил багыныңкы сүйлөм түзүлөт.

Мисалы: *Андан биз кат алгандан кийин*, биздин мектептин окуучулары өздөрүнүн сабактагы мыкты жетишкендиктерин сүйүктүү мугалимине жооп кылып жазышты. Мезгил багыныңкы сүйлөм—андан биз кат алгандан кийин.

Ал жетекчилик кылгандан бери, ишибиз бир топ илгериледи.

5. Баяндоочу атооч жөндөмөдөгү атоочтуктан болгон багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна—*ча* деген мүчө жалгануу аркылуу жана *гана* деген мүчө аркылуу түзүлгөн атоочтук аркылуу мезгил багыныңкы сүйлөм түзүлөт.

Мисалы: Оруу-жыюу башталганы, биздин класстын окуучуларынын көрсөткөн жардамына колхозчулар бир нече жолу ыракмат айтышты. Ал келгенче, биз бардык ишти бүтүрүп койдук. Мезгил багыныңкы сүйлөмдөр—оруу-жыюу башталганы, ал келгенче.

Көнүгүү 198.

Мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. Жапар ойгонгондо, дабышы жок, канатсыз учкан күндүн нуру мастерскойдун чыгыш терезесинен жаңы эле шыкаалаган эле. Жапар көзүн ачканда, төшөктө жаткандай сезди да, башын көтөрө коюп, алданганын сезип күлүп жиберди.

2. Сатар үйдөн чыкканда, аны менен бирге эки-үч киши кошо чыкты. Атабектин баласы алардын алдына түшүп, интернаттын жатаканасындагы Жапарды көздөй жөнөдү. Сатарлар жатаканын терезесине жакындаганда, беркилерди „токтогула“ дегенсип, колун артка жаңсап, акмалай басып терезеден шыкаалады.

(*Аалыдан*).

3. Жайлоонун чөбү саргарып, жерге кыроо түшүп, малдан сүт байыган кезде, Көк-Ойроктон Күнгөйгө көчтүк. Бай көп коюн ыңырчакты ашырып, Боомго түшүрүп, коюн жол аркылуу Коңорчоктон нары Талды-Булакка айдаткан эле. Көрсө, ал жылы ошол жерде кыштатмакчы болгон экен.

Менин бутумда тай туяк, үстүмдө куур тон, колумда узун шилби таягым бар, көк шагылдуу чубама жол менен кой эчкилерди чубатып бара жаткамын.

Ал кезде бул Боомдо темир жол курулмак турсун, түзүк жасалган араба жолу да жок болучу.

(*Саткындан*).

4. „Ата-энем алтымыш жашка чыкканча, отунуң менен отко жагылып, күлүң менен тышка чыгарылып келген экен, Кадырбай. Эрдин куну, эриштин айбы болсо да, бүткөн чыгар. Эми мага уруксат кылыңыз!"—деп, Жолой көшөрүп отуруп алат.

(„Каныбек"—*Жантөшевден*).

Көнүгүү 199.

Жогоркудай иштегиле.

Ал кезде качан бул күндөй,
Ардактады атымды?
Ырас жери таалайым
Сталинден ачылды.

Сексенге жашым жеткенче,
Калемим курчуп тына элек.
Адабият жамгарып,
Элиме бердим көп белек.

Өткөн жылы жайында,
Кремлдин төрүндө,
„Манасты" айтып ырдадым,
Сталинди көргөндө.

Карыя жолдош Калинин
Орден такты төшүмө.
Ыраазы болуп Байымбет
Жашарып кирдим көркүмө.

Калкыма берген жыргалын,
Кадырым билген нусканы
Бактылуу күнгө жеткирген,
Көп жашасын Сталин.

(*Тоголок молдо*).

Көнүгүү 200.

Өзүңөр мезгил багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

§ 62. Себеп багыныңкы сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн себебин көрсөтүп турса, себеп багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Себеп багыныңкы сүйлөм эмнеликтен? эмне үчүн? эмне себептүү? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Себеп багыныңкы сүйлөмдөр бир нече жолдор менен түзүлөт.

1. Баяндоочтору атооч жөндөмөдөгү атоочтуктардан болуп, аларга *соң*, *үчүн* деген жардамчы сөздөр көмөк болуп турса, себеп багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Мария жакшы иштеген үчүн, ал баалуу сыйлыктар алды.

Мария жакшы иштеген үчүн—себеп багыныңкы сүйлөм. Сен талыкпай иштеген үчүн, жумуш убагында бүттү. Себеп багыныңкы сүйлөм—сен талыкпай иштеген үчүн. Айша сабакка жакшы даярданган үчүн, ага экзаменде „5"деген баа коюлду. Себеп багыныңкы сүйлөм—Айша сабакка жакшы даярданган үчүн.

Ал келбей калган соң, мен кайра бардым. Себеп багыныңкы сүйлөм—ал келбей калган соң.

2. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу атоочтук болуп, ага „-лык" куранды жалганып, ал чыгыш жөндөмөдө турса, себеп багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Окуу - тарбия жумушу жакшы коюлгандыктан, окуучулардын жетишүүсү мыкты болду.

Эмнеликтен окуучулардын жетишүүсү мыкты болду?

— Окуу - тарбия жумушу жакшы коюлгандыктан (себеп багыныңкы).

3. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору чыгыш жөндөмөдөгү атоочтуктардан болуп, аларга **кийин** деген жардамчы сөз көмөк болуп турса да, себеп багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Ал келбей калгандан кийин, мен барган жокмун.

— Сен эмне үчүн барган жоксуң?

— Ал келбей калгандан кийин (себеп багыныңкы сүйлөм).

Эскертүү. Кай бир учурда мындай себепти көрсөтүүчү багыныңкы сүйлөмдөр мазмунуна карай мезгилди көрсөтүп калышы да мүмкүн.

Мисалы: Ал келгенден кийин, биз жумушка кириштик.

— Жумушка качан кириштиңер?

— Ал келгенден кийин (мезгил багыныңкы сүйлөм).

4. Кай бир учурда багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочторуна „-бай“ мүчөсү уланып да, себеп багыныңкы сүйлөм болушу мүмкүн. Кээде „-са“ мүчөсү уланган шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр да мазмунуна карай себепти көрсөтүп калат.

Мисалы: сен келбей, иш бүтпөйт. Сен келбей, иш бүтпөй калды. Сен келбесең, иш бүтпөйт эле. Себеп багыныңкы сүйлөмдөр—сен келбей; сен келбесең.

Көнүгүү 201.

Себеп багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

1. Родинага эмгек сиңирүү ыйык милдетим болгондуктан, өз ишимди жогору коё албайм. 2. Бул ишке ал бара албай турган болгон соң, сен ага ишенип жүрө бербегин. 3. Атасы орден алганын айткым келип, мен анын жанына бардым. 4. Мен кечиккендиктен, ал мени келбейт го деп, сага айткан экен. 5. Ал көрсөтпөсө, ишти бузуп алат элек. Айтып берген үчүн, оңой эле иштеп койдук. 6. Дүбүрттөтүп келе жаткан ким экенин билсин деп, эшикке чыга калган кишиге атымды айттым.

Көнүгүү 202.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Караңгыда чагылгандын жарыгы жарк дей түшкөндүктөн, көзүм уялып кетти. Токой өрттөнүп кетпесин деп, отту кемеге жасап жактык. Атып алган канаттуунун эти начар болгондуктан, эч ким жеген жок.

Көнүгүү 203.

Өзүңөр себеп багыныңкы сүйлөмдөр түзгүлө.

Көнүгүү 204.

Себеп багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла да, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Ар дайым адам иштин жөнүн түшүнмөйүнчө тийиштүү натийжа чыгара албайт. Түшүнүү үчүн окуу керек, үйрөнүү керек. Бурма дал ошондой кылды. Ал көптөн бери слесарь болууну каалоочу. Анын жетиштүү билими болбогондуктан, аны ремеслолук окуу жайына алган эмес.

Бурма былтыр жетинчи классты бүткөндөн кийин ремеслолук окуу жайына кирди. Быйыл бүтүрүүчү группада окуйт. Ал бул кесипти сүйгөндүктөн өтө тырышып окуйт. Ал мыкты окугандыгы үчүн октябрь майрамында ага окуу жайынын коллективи баалуу сыйлыктар берди.

Бурма кыргыз кыздарынын мындай сонун өнөргө ээ болушу менен сыймыктанат. Азыр жума сайын тажрийба жүзүндө заводдо бир нече күн иштейт. Ал мыкты мастерлерден кеңештер алат. Алган билимин иш жүзүндө мыкты колдоно билүү

гана анын келечегин күтүп тургандыгын жакшы түшүнөт. Ал алган билимин тажрийбада колдоно албаса өндүрүштүн алга кетпесин түшүнүп, ишке Бурма өтө жооптуулук менен мамиле кылат.

Ал өтө тырышчаак, талыкпас, аракетчил болгондуктан өндүрүштө да алдыңкылардан боло тургандыгын мастерлер айтышат.

§ 63. Максат багыныңкы сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдөрдө максатты көрсөтүүчү багыныңкы сүйлөмдөр да болот.

Мисалы: Ал окуп билим алсын деп, мен директорго айттым.

Окуп билим алсам деп, кечки мектептен окуй баштадым. *Ал билим алуу максаты менен*, директорго окууга кабыл алуу жөнүндө арыз берди.

Мындай, багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн максатын көрсөтсө, максат багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Максат багыныңкы сүйлөмдөр эмне үчүн? Эмне максат менен? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Максат багыныңкы сүйлөмдүн төмөндөгүчө түзүлүшүн көрсөтүүгө болот:

1. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна чакчылдар айкашып, максат багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: *Мен китеп окумакчы болуп*, кечээ китепканага бардым эле. *Бүгүн Абыл менен сүйлөшөйүн* деп, мен эрте туруп, анын үйүнө бардым. Ишти колго алууну ойлоп, азыр иш планын түзүп жатам.

2. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу атоочтуктардан болуп, ага *үчүн* деген сөз көмөк болуп турса, максат багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Колхозубуз мол түшүм алуу үчүн, биздин бригадаларыбыз өз ара социалисттик мелдешке чыгышты.

Көнүгүү 205.

Текстти окуп, максат багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла да, алардын түзүлүшүн айтып бергиле.

Азыр алдыбызда экзамен турганын ойлонуп, өтүлгөн сабактарымды кайталай баштадым. Билимдеримди системаламакчы болуп, кайсы материал кайсы материалдын негизинде болорун ойлодум. Мен терең билим алуу максаты менен, ар дайым мугалимден консультация алып турам. Билимдүү адам болуу үчүн көп окуу негизги шарт.

Көнүгүү 206.

Өзүңөр максат багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

§ 64. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн шартын көрсөтүп турса, шарттуу багыныңкы сүйлөм деп аталат.

1. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдү шарттуу этиштин „-са“ мүчөсү уюштурат.

Мисалы: Жакшы иштесе, эмгек өнүмдүү болот. Шарттуу багыныңкы сүйлөм—жакшы иштесе.

Күндүн нуру болбосо,
Гүлдөр кайдан ачылсын.
Дарак сууга жетилсе,
Көркүн неге жашырсын

(*Маликов*).

2. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочуна—„бай“, „-майынча“ деген мүчөлөр уланып да, шарттуу багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Сен келбей, иш бүтпөйт.
Сен келмейинче, мен бара албайм.

Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөр--сен келбей, сен келмейинче.

Эскертүү: 1. „-са“ мүчөсү уланган багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунан кийин *экен*, *керек*, *болот* деген сөздөр көмөк болуп айтылса, андай сүйлөм шартты көрсөтпөйт (айрым жөнөкөй сүйлөмгө ажырап кетет).

Мисалы: Сабакка даярдансам экен. Ал келсе керек. Ал келсе боло.

2. „-са“ мүчөсү уланган багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунан кийин „да“ байламтасы колдонулса, андай сүйлөмдөр шартты көрсөтө албайт.

Мисалы: Баруучу жолубуз алыс болсо да, жакындай көрүп жөнөдүк.

3. Баш сүйлөмдүн баяндоочу өткөн чакта туруп, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна „-са“ мүчөсү уланса, андай багыныңкы сүйлөмдөр шартты көрсөтө албайт.

Мисалы: Балдар мектепке шашып келишсе, сабак али баштала элек экен.

Биз станцияга ашыгып барсак, поезд жүрүп кетиптир.

4. Кай бир учурда баяндоочуна „-са“ мүчөсү уланган багыныңкы сүйлөмдөр мезгилди көрсөтүп калышы мүмкүн, же мезгилди да, шартты да көрсөтүп турат.

Мисалы: Жаз келсе, кош чыгат.
— Качан кош чыгат?
— Жаз келсе (мезгилди да, шартты да көрсөттү).

Көнүгүү 207.

Шарттуу сүйлөмдөрдү аныктагыла.

1937-жылы келишим боюнча 69 гектар жердин ар гектарынан он жарым центнерден пахта берүүгө тийиш болсом, мен 37 центнерден бергендигим эсимде.

Пахтаны жакшы баксаңыз, ал сиздин акыңызды да жебейт жана сизге акысын да жегизбейт. Жаздын алды менен, ал гана эмес, кышы, жазы, жайы, күзү менен жер семиртүүдөн баштап, козо паясын жыйнап алганга чейин көзүңүз, кетмениңиз, колуңуз пахта талаасынан кетпесин. Ошондо гана сиз чыныгы пахтачысыз. Болбосо, сиз тийип-качып иштөө менен пахтадан мээнетиңизди кайтарып алалбайсыз.

Мына менин бригадамдагы адамдардын көпчүлүгү так ушундай иштешет. Ошондуктан башка бригададан биздики ар качан илгери жүрөт.

(*Маликовдон*).

Көнүгүү 208.

Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүнө текшерүү жүргүзгүлө.

БИЗ ЛЕНИНЧИЛ.

Толкуп деңиз тоодой өркөч алса да,
Тай буурулдай тулпар бизде, кечебиз.
Ажыдаар арбап башын көтөрсө,
Кылыч кында, кыя чаап кесебиз.
Бизде курал, бизде акыл, бизде күч,
Биз ленинчил, Лениче иш чечебиз.

Төрөлгөнбүз күн чыкканда, жер күлүп,
Нур замандын эркесибиз, ээсибиз.
Калк чарбасын калыбына келтирүү—
Бүгүн биздин иштеп жаткан ишибиз.
Дагы жаңы жеңиштерге умтулган,
Бул отуз жыл—гүлгүн өмүр кезибиз.

Эл атасы Сталиндин доорунда
Күлүп шайыр, жаркыраган таңдайбыз,
Заманыбыз болот кылып өстүрдү,
Эл-жер үчүн бүт өмүрдү арнайбыз.
Биз ленинчил, бизди өстүргөн большевик,
Бирдик туусун бийик, бекем кармайбыз!

(*Нуркамал*).

Көнүгүү 209.

Шарттуу багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Аз да болсо, менин согуштагы эрдигиме сиздер кубанып жатасыздар. Эгер бүгүн менин ата-энем болсо, ушул чалгынчы жигит менин уулум деп турушса, сонун эле болор эле—деп, бир аз токтоло калды да, 1917-жылы ачкадан өлгөн алты эркек бир тууганым тирүү болушса, арстандай жигит болушуп, менин катарымда жүрбөс беле. Мүмкүн, алар менден алда канча мыкты болор эле... Сегиз эже-карындаштарымдын эч болбосо, бирөө санитарка болуп, эрлердин жандарын коргошпос беле... деп, тим боло калды да,—бул анчейин кеп да. Мен болбогон ишти айтып жибердим окшойт. Адам ошондой да, кээде болбогонго өкүнөт, жок кыялдарга ээрчийт...

— Андай эмес, ал кыял—сиздин жакшы касиет.

— Эмесе, мен силерге согуштун кай бир окуяларын сүйлөп берейин. Он эки ай бою дайым чалгында болдум. Андагы көргөн, билген, иштеген окуялардын бардыгын айта албасмын.

(*Аалыдан*).

§ 65. Сыпат багыныңкы сүйлөм.

Каткалаң муздан кутулуп,
Каткырып күлүп жаз келди.
Канатын күүлөп талпынып,
Каркылдап өрдөк, каз келди.
Тоо желин түркүн терметип,
Торгойдун тили так келди.
Эркек, аял, кары - жаш
Эмгекке кирер чак келди.

(*Осмонкул*).

Мындагы кара менен басылган багыныңкы сүйлөмдөр кантип? деген суроого жооп берет, башкача айтканда, биринчи кошмо сүйлөмдө *жаздын кантип келгенин*, экинчи кошмо сүйлөмдө *өрдөк, каздын кантип келгенин* жана үчүнчү кошмо сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөмдө да багыныңкы сүйлөм натийжанын кандайча болгонун көрсөтүп турат. Ушинтип, бул багыныңкы сүйлөмдөр **кантип** деген суроого жооп берип, натийжанын кандайча болгон сыпатын көрсөтүп турат.

Мен шашпай олтуруп, китебимдин бетин ачып, сабактарыма даярдана баштадым.

Мында да *мен шашпай олтуруп, китебимдин бетин ачып* деген багыныңкы сүйлөмдөр сабакка кантип даярданганымды көрсөтүп турат. Буга окшогон багыныңкы сүйлөмдөрдү себепти көрсөттү деп айтууга болбойт.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдүн жөнүн, тартибин, кандайча болгонун көрсөтүп турса, сыпат багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Сыпат багыныңкы сүйлөмдөр кандай? кандайча? кантип? деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдүн төмөнкүчө түзүлүшүн көрсөтүүгө болот:

1. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна чакчыл „-ып“ мүчөсү айкашып сыпат багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы:

Алмак-салмак жарышып,
Кубанталык айылды.
Көпчүлүккө жараткан
Балам, бизге окшогон шайырды.

(*Токтогулдан*).

Ал олтура калып, мылтыгы менен мээлеп калды.

Сыпат багыныңкы сүйлөмдөр—алмак-салмак жарышып, ал олтура калып.

2. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу атоочтук болуп, ага „-дай“ мүчөсү жалганып турса да—сыпат багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: *Үч жүз адам баткандай*, колхоз клуб курду.

3. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу атоочтуктан болуп, ага „-ча“ мүчөсү айкашса, сыпат багынынкы сүйлөм болот. Ага мен барайын дегенче, ал үйгө кирип келди.

4. Атоочтордон болгон баяндоочторго „дай“ мүчөсү айкашып да, сыпат багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Эгин айдап жакшы бак,
Жазында чыгат жалтылдай.
Кампадан ашып кап толот,
Баасы кызыл алтындай

(*Токтогул*).

Анын мүнөзү куду баладай, бирок эч бир
орду жок иши болгон жок.
Анын түспөлү сеникиндей, бою гана
саал бийигирээк.

Көнүгүү 210.

Өзүңөр сыпат багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 211.

Кооз адабияттан сыпат багыныңкы сүйлөм катышкан бир нече кошмо сүйлөм түзүп келгиле.

Көнүгүү 212.

Сыпат багынынкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

МУЗ ЖАРЫЛДЫ.

Касаба мөңгү, муз эрип,
Капчыгай толуп, сел жүрдү.
Көгөрүп сайма чөп чыгып,
Көркүн ачып жер күлдү.

Жаш тайлактай үн салып
Турналар учту кыйкырып;
Турмушун ондоп кара жер
Тукабадай кулпунуп.

Тунжурап жаткан калың муз
Туш-тушунан жыртылып,
Тумчугуп жаткан булактар
Туйлап акты булкунуп.

Ачылды тескей, капчыгай,
Ак карда жаткан тумчугуп,
Ак жалбырак токойдон
Ар бир сонун үн чыгып.

(*Алымкул*).

Көнүгүү 213.

Муну да жогоркудай иштегиле.

ЖАЗ.

Бака чардап, булбул сайрап, туш тарап
Бой балкытат, өзгөчө бир күү чалат!
Өрүк гүлдөп, жер көгөрүп, көп дарак
Желге ыргалып, бирин-бири ымдашат.
Жаркырап жаз, кетти дешип кышкы азап
Бирин-бири куттукташат, сырдашат.
Акын куштар учуп-конуп, чурулдап,
Бүр байлаган бутактарда чер жазат.

(*Темиркул*).

Көнүгүү 214.

Багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыратып, кандай багыныңкы сүйлөмдөр бар экенин айтып бергиле.

Ажар менен Каныбек бир аз эстерин жыйышты. Мурунку кейпи кетип, каны качкан беттерине кан жүгүрө баштады.

Мергенчи эч сөз айтпады. Үңкүрдүн сол тарабындагы куу арчадан алып келип, отту улуу жакты. Ажар менен Каныбекти оттун боюна жакын отургузуп:

— Жылынгыла!... Суу кийимдериңерди кургаткыла. Силерге таш кордо бышырып берейин!—деп, мергенчи сулап жаткан текени союуга камынды.

Бул чалдын кебетеси Ажар менен Каныбекке өтө мээримдүү көрүнөт. Эски сары жаргак шымына шымданган сарала шайы чапан, белиндеги чоң кисе, кисенин айланасында илинип турган ок салгыч, куу салгыч, дары салгыч, тиш чукур салгыч, оттук, устара, шибеге, кездик бул кишинин кесиби мергенчилик экенин көрсөтүп турат.

— Балам, мына бул боорду бышырып жеп тургула. Абдан бышырбай, саал шүүшүн каны менен бышырса, кийиктин боору таттуу болот—деп, мергенчи текенин боорун алып отко салды.

— Эне! Көсөөнү мага бер, мен бышырайын—деп, Каныбек Ажардын колундагы жыгачты алып, отко салынган боорду бышыра баштады. Каныбек боорду бышырып болгончо, мергенчи текени союп да болду.

Ажар менен Каныбек, мергенчинин текени бат союп болгондугуна таң калгандай, бирин-бири карашты.

— О, айланайын! Дал менин көңүлүмдөгүдөй бышырган турбайсыңбы. Көзүң тирүү экен. Чоңоюп, бой жетип, борбоюң катканда, адам болорсуң!—деп, мергенчи Каныбектин маңдайынан сылады.

Ажар менен Каныбек үчүн мергенчинин сөзү алтындай баалуу, абдан жылуу болду.

Мергенчи отту дагы улуу жагып, текенин көөдөсүнө бир далай этти батырып:

— Мына, таш кордо деген ушул—деп, текенин көөдөсүн бүтүн бойдон оттун ортосуна салды. Боордон кесип оозуна салып чайнап отуруп, терең ойго кетти.

Мергенчинин көрүнүшү бүтүндөй өзгөрдү.

(*К. Жантөшевден*).

§ 66. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы „*са*“ мүчөсү айкашкан багыныңкы сүйлөмдөр дайым эле шартты көрсөтө албай тургандыгы белгиленди.

Мындай „*са*“ мүчөсү айкашкан багыныңкы сүйлөмдөр терс маани да берет, башкача айтканда баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөм өз ара бири бирине карама-каршы мааниде болот.

Мисалы: *Ашыгып барсам да*, ал келе элек экен. *Шашып келбесең деле*, мен эч жакка бармак эмесмин.

Ушунтип бул эки кошмо сүйлөмдө тең багыныңкы сүйлөм натийжанын чыгышы үчүн болгон шартты көрсөтө алган жок.

Биринчи кошмо сүйлөмдө *менин ашыгып барышыма карай* натийжа болбой, карама-каршы натийжа болду; экинчи кошмо сүйлөмдө да *сенин шашып келишиңе* карай натийжа болбостон, *менин эч жакка барбастыгымды* көрсөтүү менен, багыныңкы сүйлөмгө карама каршы мааниде болду.

Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмгө карама-каршы мааниде коюлуп, натийжа карама-каршы коюлса, карама-каршы багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөр төмөнкүчө түзүлөт:

1. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочуна „са“ мүчөсү ай-

кашат да, баш сүйлөмдүн, же багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна „ба“ терс мүчөсү катышкан учурда, карама-каршы багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Мен бул жөнүндө ага айтсам, ал туура таппай койду.

Бул карама-каршы кошмо сүйлөмдө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна „са“ мүчөсү айкашты да, баш сүйлөмдүн баяндоочуна терс мүчө „ба“ айкашып турат.

Малды жакшылап бакпаса, чыгаша көп болот.

Мында терс „ба“, шарттуу „са“ мүчөсү да багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна айкашып турат.

2. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна шарттуу мүчө *„са“* айкашканда, ага мезгилдеш байламта „да“ таандык болуп турса, карама-каршы багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Мага айтпаса да, бул жөнүндө кечээ уккамын. Мен кечээ барсам да, ал жок экен.

3. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу атоочтуктан болуп, ага *„менен“* деген байламта таандык болуп турса да, карама-каршы багыныңкы сүйлөм болот.

Мисалы: Печкага от көп жагылганы менен, үй жылыган жок. Мен бул ишти айткан менен, ал макулдугун берген жок.

Көнүгүү 215.

Өзүңөр карама-каршы багыныңкы сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 216.

Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла да, тийиштүү тыныш белгилерин койгула.

Күн ачык болбогон менен жамгыр жааган жок. Жерди жарык чаларда жогортодон соккон жел туманды туш тарапка айдап жөнөдү. Күндүн чыгышы менен асманда кылайган да туман калбады. Түнкү туманда жамгыр жаабаса да эртеңки ишибизге жолтоо болот го деп бир аз тынчсыздандык. Күн жаны эле чыкса да аба жылып жер бетиндеги түркүн чөптөр, гүлдөр күнгө күлпура түштү. Жайкысын күн узун эмеспи. Саат жетиде эле күн бир топ көтөрүлүп калды. Убакыт эрте болсо да балдардын келишин күтүп тынчсыздана баштадым. Бүгүнкү уюштуруу жумушу мага тапшырылган эле. Тамак-ашымды ичип алып мектепти карай жөнөдүм. Жарым саатча убакыт өткөндөн кийин балдар чогула баштады. Бүгүн чоң иш иштемекчибиз. Ал колхоздун эгинин отоо чөптөрдөн тазартуу эле. Биз жыл сайын колхоздун түрдүү өнөктүктөрүнө жардам беребиз. Колхоз да мектептин түрдүү керектөөлөрүн камсыз кылып турат.

Окуучулардын баары айткан убакыттан жарым саат мурда чогулушту. Катарга туруп алып колхоз талаасын карай бет

алдык. Айлана жашыл килем жамынгандай кулпурат. Кубулжутуп түрдүү үн чыгарган канаттуулар көркту көрк менен бөлөгөндөй болот. Көңүлүбүз өтө көтөрүңкү эле. Биребизден бирибиз ылдам басып бара жатабыз.

БИР НЕЧЕ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨР КАТЫШКАН КОШМО СҮЙЛӨМДӨР.

§ 67. Бирөңчөй багыныңкы сүйлөмдөр.

Жогоруда баш сүйлөм жана багыныңкы сүйлөмдөр жөнүндө түшүнүк берилди эле.

Кошмо сүйлөмдөрдүн тутумунда бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр да болот. Андай кошмо сүйлөмдөрдүн тутумунда турган бир нече жөнөкөй сүйлөм бир баш мүчөгө багынат, башкача айтканда, бир нече багыныңкы сүйлөмдүн натийжасын бир гана баш сүйлөм чыгарат.

Маселен: Катуу кагылышуудан кийин Азаматтын эси ооп, көңүлү караңгылап, самолёттун рулун баш-аламан коё берди. (Байтемировдон). Көрсөтүлгөн кошмо сүйлөмдүн тутумундагы *катуу кагылышуудан кийин Азаматтын эси ооп көңүлү караңгылап* деген багыныңкы сүйлөмдөрдүн натийжасын *самолёттун рулун баш-аламан коё берди* деген баш сүйлөм чыгарып турат, ачык айтканда, адегендеги жөнөкөй сүйлөмдөр себепти көрсөтүп, акыркы жөнөкөй сүйлөм натийжаны көрсөтүп турат.

Күз келип, эгин бышып, оруу-жыюу башталды. Багыныңкы сүйлөмдөр—күз келип, эгин бышып. Баш сүйлөм оруу-жыюу башталды.

Кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдүн бардыгы тең эле бирөңчөй багыныңкы сүйлөм боло бербейт. Бирдей суроого жооп берип, бирөңчөй милдет аткаруучу сүйлөмдөр гана бирөңчөй багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Маселен: Жаз келип, күн жылып, көк чыгып, мал тоюна баштады.

Мында *жаз келип, күн жылып, көк чыгып* деген багыныңкы сүйлөмдөр бирдей суроого жооп берип, бирөңчөй милдет аткарып турат. Ошондуктан булар бирөңчөй багыныңкы сүйлөм болот.

Жаз келип, күн жылыганда, чөп узарат. Багыныңкы сүйлөмдөр—жаз келип, күн жылыганда.

Бул багыныңкы сүйлөмдөр бирөңчөй багыныңкы сүйлөм болбойт, себеби—булар бирдей суроого жооп бербейт жана бирөңчөй эмес милдет аткарып турат, ачык айтканда, бир багыныңкы сүйлөм сыпатты көрсөтүп турса, бир багыныңкы сүйлөм мезгилди көрсөтүп турат.

Бирөңчөй милдет аткарып, бирдей суроого жооп берүү-

чү багыныңкы сүйлөмдөр биринчөй багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Биринчөй багыныңкы сүйлөмдөр аткарган милдетинин биринчөйлүгүнө карай жана берилүүчү суроолорунун бирдейлигине карай ажыратылат.

Маселен: Сен келбей калгандыктан, ал кечигип келгендиктен, балык кармоого барбай калдык.

Биринчөй багыныңкы сүйлөмдөр—сен келбей калгандыктан, ал кечигип келгендиктен. Бул эки багыныңкы сүйлөм тең эмнеликтен? же эмне себептүү? деген бирдей суроого жооп берет жана экөө тең себепти көрсөтүп, биринчөй милдет аткарып турушат.

Жаз келип, күн жылыганда, чөп көгөрдү. Багыныңкы сүйлөмдөр—жаз келип, күн жылыганда.

Биринчи багыныңкы сүйлөм сыпатты көрсөтсө, экинчи багыныңкы сүйлөм мезгилди көрсөтүп, биринчөй милдет аткарган жок жана ар башка суроолорго жооп беришет, ошондуктан булар биринчөй багыныңкы сүйлөм боло албайт.

Көнүгүү 217.

Өзүнөр биринчөй багыныңкы кошмо сүйлөм түзгүлө.

Көнүгүү 218.

Биринчөй багыныңкы сүйлөмдөрдү жана биринчөй мүчөлөрдү ажыраткыла.

Горький өзүнүн революциячыл—адабий ишин революциячыл жарылуулардын өсүп жаткан доорунда баштап, тез арада жумушчулар табынын позициясынан биротоло ажырагыз болуп, коммунизм үчүн күрөштө улуу Лениндин жакын досу болду.

Горькийдин улуулугу, анын тунук акылдуулугу, элге жакындыгы, адам баласынын маданиятынын жетишкендиктерине ээ болуунун үстүндө кайраттуу гиганттык эмгеги аны эмгекчилердин чексиз досу жана коммунизм үчүн күрөштүн улуу шыктандыруучусу кылгандыгында болот.

(*Молотов—„Горькийдин эстелиги“ 1936-ж. 20/VI*).

Көнүгүү 219.

Биринчөй багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эпкин менен жумуш кыл,
„Эринчээк, жалкоо“ дедирбей.

Эгин айдап, чөбүң чап,
Эмгегиңден пайда тап,
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак.

Карыздар болбо, эр жигит,
Көтөрмөгө бурулуп,
Абийринди кетирип,
Аласа келет чубуруп.
Андан көрө эгин бак,
Алың барда жулунуп,
Кайда качат ырыскы,
Өзү эле өсөт курулуп.

(*Токтогулдан*).

§ 68. Тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөмдөр.

Биринчөй багыныңкы сүйлөмдөр жөнүндө берилген түшүнүктө аларды аткарган милдеттеринин бир түрдүүлүгүнө карай ажыратуу керектиги айтылды. Ошону менен бирге кошмо сүйлөмдүн тутумундагы бардык багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен бир кыл байланышпай тургандыгы жөнүндө айтууга туура келет.

Кошмо сүйлөм эки жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлсө, албетте, багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмгө тике багынат.

Мисалы: Душман күлө багып караса да, кегин ичине сактайт.

Эгер кошмо сүйлөм экиден артык жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлсө, андай сүйлөмдө бир нече багыныңкы сүйлөм учурайт. Ал багыныңкы сүйлөмдөр кээде баш сүйлөм менен тике тутумдашса, башкача айтканда, баш сүйлөмгө тике багынып, себепти, мезгилди шартты ж. б. кырдалдарды көрсөтсө, кээде баш сүйлөмгө бардык эле багыныңкы сүйлөм тике багына бербейт. Аны төмөндөгү мисалдар аркылуу талдап көрөлү.

Тоюткорлор мол камдалса, мал сарайлар убагында ондолсо, ветеринардык чаралар үзгүлтүксүз колдонулса, мал кышкысын жана туут убагында зыянга учурабайт.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумунда төрт жөнөкөй сүйлөм бар. Анын үчөө—багыныңкы сүйлөм. Ошону менен бирге бирдей милдет аткарып турат, демек—биринчөй багыныңкы сүйлөм болгондуктан, баш сүйлөмгө бардыгы тең бирдей даражада тике багынышты. Ушинтип, бул үч багыныңкы сүйлөм тең баш сүйлөмгө тийиштүү кырдалды көрсөтүштү.

Жаз келгендиктен, күн жылыды да, мал төлдөй баштады.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумунда эки багыныңкы сүйлөм бар. Анын бирөө—жаз келгендиктен, экинчиси—күн жылыды да. Бул эки багыныңкы сүйлөм эки милдет аткарып турат. Демек—мындай багыныңкы сүйлөмдөрдү биринчөй багыныңкы сүйлөм деп айтууга болбойт. Ошондой болсо да, ар башка милдет аткарып турган эки багыныңкы сүйлөм тең баш сүйлөмгө байланыша алат.

Ал эми, экиден артык жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кай бир кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөм менен өзүнчө туруп тутумдаша албайт, баш сүйлөмдүн түрдүү кырдалын бышыктай албайт.

Мисалы: Баласы сабагына жакшы даярдана албай калса, ал жолдошторунун ичинде уят болорун билгендиктен, ата-энеси баласына кеңеш берди.

Баш сүйлөм—ата-энеси баласына кеңеш берди.

Багыныңкы сүйлөмдөр—баласы сабагына жакшы даярдана албай калса, ал жолдошторунун ичинде уят болорун билгендиктен.

Мында *баласы сабагын жакшы даярдана албай калса* деген биринчи багыныңкы сүйлөм *ата-энеси баласына кеңеш берди* деген баш сүйлөм менен байланыша албайт, баш сүйлөмдүн кырдалын да (шартты) көрсөтө албайт (*баласы сабагына жакшы даярдана албай калса, ата-энеси баласына шарт түздү* болуп айтылбайт). *Ал жолдошторунун ичинде уят болорун билгендиктен* деген экинчи багыныңкы сүйлөм *ата-энеси баласына кеңеш берди* деген баш сүйлөм менен байланышып турат жана баш сүйлөмгө багынуу менен бирге натийжанын чыгышы үчүн болгон тийиштүү кырдалды (себепти) көрсөттү.

Мындай бирөңчөй эмес багыныңкы сүйлөмдөр мурдагы көрсөтүлгөн бирөңчөй эмес багыныңкы сүйлөмдөрдөн айырмасы бар экендигин көрсөтүүгө болот.

Баласы сабагына жакшы даярдана албай калса деген биринчи багыныңкы сүйлөм экинчи багыныңкы сүйлөмгө (ал—жолдошторунун ичинде уят болорун билгендиктен) гана багынып, анын кырдалын (шартын) көрсөттү. Ал эми экинчи багыныңкы сүйлөмдүн өзү баш сүйлөмгө багынып турса да (багыныңкы сүйлөм болсо да), биринчи сүйлөмгө натийжа иретинде турат жана биринчи багыныңкы сүйлөмдү баш сүйлөм менен байланыштыруу милдетин аткарды. Мындагы чоң айырма биринчи багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмгө өзүнчө туруп байланыша албай турганын жана анын кырдалын (себеп, мезгил, шарт максат ж. б.) көрсөтө албай тургандыгы экенин айтууга болот. Мына ушулардын негизинде мындайча корутунду жасасак болор эле:

1. Баш сүйлөмгө багынып турган багыныңкы сүйлөм тике багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Мисалы: *Айыл-чарба техникалаштырылып*, эмгек өнүмдүү болду. *Билим өркүндөсө, техника кулач жайса*, эмгек жеңил болот. *Жаз келип, күн жылыганда*, мал тоюнду.

2. Өзүнчө туруп баш сүйлөм менен байланыша албай, башка багыныңкы сүйлөмгө багынуу аркылуу (тике багыныңкы сүйлөмгө) баш сүйлөм менен тутумдашкан багыныңкы сүйлөм кыйыр багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Мындай кыйыр багыныңкы сүйлөмдөр үч жана андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр тутумдашкан кошмо сүйлөмдөрдө учурайт.

Мисалы: *Жел жортсо*, жашыл жалбыректары майда дирилдеп, кээ бир жыгачтардын чоңураак түйүлгөн алмалары жыбырап көрүнөт. (Т. Сыдыкбеков). *Балдар келишсе*, мени күтүп калбасын деп, мен эрте бардым.

Көнүгүү 220.

Тике, кыйыр багыныңкы сүйлөмдөрдү ажыраткыла.

Таңга маал көлдүн бети күмүштөй жаркырап, ак кардуу бийик тоолорго жарашып, көшүлүңкү тартып жатты.

Инженер-майор ойгонору менен ордунан тура калды да, терезе жакка карады. Жалтыраган айнек аркылуу шамал токтоп, асман чайыттай ачылып, көл мемиреп жатканын көрүп, бүгүн жумуш арбыйт экен, бүгүн иш илгерилейт экен деп ойлоду. Көзүн бир ушалап коюп, тушундагы телефонду алып:

— Алло, Таш-Мойнок! Алло, Таш-Мойнок! Штаб сүйлөйт.

— Жооп берген ким?

— Камындыңарбы?

— Камылга үчүн нече саат убакыт керек?

— Жакшы. Эми участкадагы бардык кишилерди жарылуучу жерден төрт-беш километрдей алыс кетиргиле!

Бул сөздөн кийин инженер-майор телефондун трубкасын шак эткизип кайра ордуна койду да, тез кийине баштады. Солдат өтүгүн, погондуу кителин кийип, бөлмөдөн чыкты да, штабдагыларды түп көтөрө ойготту.

Күн чыга жаздаганда, көл жактан жөнөгөн машиналар чоң көпүрөнүн жанына жетип токтолушту. Колдоруна кызыл желектер алышкан, жолдун эки жактарында турушкан жигиттер машиналардын бирөөнү да илгери өткөрүшкөн жок. Андан ары жолдун эки жагындагы дөбөчөдөн төмөн жакты карашып, калың эл турушту. Алар ат чабышта алыска айдалган күлүктөрдү карап сүрөөдө турушкан калың эл сыяктанышты. Булар темир жол курушуп жатышкан колхозчулар эле.

Ал аңгыча болбой алыстагы төрт чакырымдай жерден Мойнок-Кара-Таштын бери жагынан уюлгуган чаң чыкты. Дагы биртикеден кийин Кара-Таштын ары жагынан да, бери жагынан да тарс-тарс эткен үн угулду.

— Башталды бейм.

— Жок. Бул эскертип атылган „ок".

— Карап тургула мына эми башталат—деп, күжүлдөштү көпчүлүк.

Погондуу, узун кара шинелинин топчулуктарын чечип жиберген инженер-майор жолдун четиндеги дөбөчөгө чыкты да, мандайында темир жолчулардын эмблемасы бар жашыл канттуу фуражкасын кайта көтөрө кийип алган калыбында капчыгай-

дын ичиндеги Тумшук-Кара-Таштьı көздөй дүрбүсүн салды. Анын жанына плащ кийген башкы инженер да келди. Ал чөнтөк саатын дагы бир жолу алып карады.

(*Саткын Сасыкбаев*).

Көнүгүү 221.

Муну да жогоркудай иштегиле.

Эл көп келсе, орун жетпей калбасын деп, эки бала ар кайсы класстардан стул көтөрүп келип жатышты. Зал жакшылап кооздолгон. Дубалдарга ураандар, жолбашчылардын портреттери илинген.

Чынында да, эл көп келип орундук жетпей калгандыктан, балдар дагы стул көтөрүп келишти. Жыйналыш ачылды. Жыйналышты мектептин директору ачты. Президиум шайланды. Президиум олтурган стол кызыл материал менен жабылган, столдун үстүнө ар түрдүү гүлдөр коюлган. Күйүп турган электр жарыгы менен залдагы көрүнүштөр алда нече кубулгансыйт. Бул жыйналыш окуу жылынын аякталышына арналган эле.

Көнүгүү 222.

Тике, кыйыр багынынкы сүйлөм түзгүлө.

§ 69. Төл жана бөтөн сөз.

Сүйлөгөнүбүздө, же жазганыбызда өзүбүздүн сөзүбүз менен бирге башка бирөөнүн сөзүн катыштырып айткан, же жазган учурлар да болот.

Мисалы: „Керектүү таштын оордугу жок“, — деген элде макал бар.

Бул сүйлөмдө *деген элде макал бар*,—деген өзүбүздүн төл сөзүбүз менен, *керектүү таштын оордугу жок*,— деген бөтөн сөз бирге айтылды.

Элде: „Көп жашаган көптү билбейт, көптү көргөн көптү билет“, — деген макал бар. Бөтөн сөз — көп жашаган көптү билбейт, көптү көргөн көптү билет.

Төл сөз — элде, деген макал бар.

Өзүбүздүн сөзүбүз төл сөз деп, башка бирөөнүн сөзү бөтөн сөз деп аталат.

Мисалы: Чормонов: „Мен эртеңки сабагыма даярданып жатам“,—деди.

Төл сөз — Чормонов, деди.

Бөтөн сөз — мен эртеңки сабагыма даярданып жатам.

Бөтөн сөз өзүбүздүн сөзүбүзгө эки түрдүү жол менен катышат.

Кандай айтылса, ошондой түрдө колдонулган бөтөн сөз тике сөз деп аталат.

Мисалы: „Ким иштебесе, ал тиштебейт“,—деген Ленин. Тике сөз — Ким иштебесе, ал тиштебейт.

Төл сөз — деген Ленин.

„Кадрлар бардыгын чечет“ — деп, Сталин айткан.

Бул сүйлөмдөрдө Ленин менен Сталиндин сөздөрү кандай түрдө айтылса, ошол бойдон өзгөрүлбөй айтылды. Булар — тике сөз.

Айткандай сакталбастан, мазмуну гана жондото берилгөн бөтөн сөз кыйыр сөз деп аталат.

Мисалы: Бардыгын кадрлар чече тургандыгын жолдош Сталин айткан.

Бул сүйлөмдө жолдош Сталиндин сөзүнүн мазмуну төл (өз) сөзүбүз менен айтылды. Булар кыйыр сөз болот.

§ 70. Бөтөн сөздөрдө коюлуучу тыныш белгилер.

1. Өзүбүздүн төл сөзүбүз кандай жазылса, кыйыр сөз да ошондой жазылат.

Мисалы: Багынбаган душманды жок кылуу керектигин Максим Горький айткан.

Мында Максим Горькийдин: „Эгер душман багынбаса, аны жок кылат“, — деген сөзү кыйыр түрдө берилди.

2. Тике сөз ар дайым баш тамга менен башталып, тырмакчага („ “) алынып жазылат.

Тике сөз төл сөз менен түрдүүчө тутумдашат, так айтканда, тике сөз төл сөздөн мурда да, кийин да, төл сөздүн арасына кыстырылып да, же төл сөз тике сөздүн арасына кыстырылып айтылат. Мына ушуларга карата төмөндөгүчө жазуу эрежелерин белгилөөгө болот.

а) Тике сөз төл сөздөн кийин айтылса, кош чекит (:) коюлуп, тике сөз тырмакчага алынат.

Мисалы: М. Горький айтат: „Эгер душман багынбаса, аны жок кылат“.

б) Тике сөз төл сөздөн мурда айтылса, жазууда тике сөз тырмакчага алынып, андан кийин үтүр жана сызыкча коюлат.

Мисалы: „Эгер душман багынбаса, аны жок кылат“, — деген Максим Горький.

в) Тике сөз төл сөздүн арасына кыстырылып айтылса, тике сөздөн мурдагы төл сөздөн кийин кош чекит коюлуп, тике сөз тырмакчага алынат да, андан кийин үтүр жана сызыкча коюлат.

Мисалы: Ленин: „Оку, оку жана оку“, — деген.

г) Төл сөз тике сөздүн арасына кыстырылып айтылса, [жазууда тике сөз эки жагынан тырмакчага алынып, кыстырылып калган төл сөздүн эки жагына тең үтүр жана сызыкча (, —) коюлат.

Мисалы: „Жаш жазуучулар,—дейт Максим Горький,—адабият тарихын жакшы билүү керек“.

„Революциячыл кыймылга,— дейт Сталин, — мен он беш жа-

шыман тартып, ошол кезде Закавказьеде турушкан орус марксисттеринин подпольелик топтору менен байланышкан кезде кирдим". (Биография. И. Сталин, 8-бет).

д) Кай бир учурда жогоруда көрсөтүлгөн төл жана тике сөздөр бир-бири менен аралашып кетет. Мындай учурда жогорудагы көрсөтүлгөн эрежелердин негизинде жазылат.

Мисалы:Ал: „Жолдоштор,—деди да,—улуу Родинабыз үчүн, жеңиш үчүн, алга!"—деп, эки граната ыргытып, окоптон секирип чыкты.

Бул сүйлөмдө тике сөз төл сөздүн арасына кыстырылды жана төл сөз тике сөздүн арасына кыстырылды.

Тике сөз менен төл сөздү көбүнчө *деп, деген, деди, айткан* дегеп сөздөр байланыштырат.

Тике сөз *„деп"* аркылуу төл сөз менен байланышып турса, тике сөздөн кийин коюлуучу үтүр „деп" байламтасынан кийин коюлат, себеби—*„деп"* деген сөз ойду так бүтүрө албагандыктан, тике сөзгө таандык болуп байламталык милдет аткарат да, тике сөз менен биргелешип (тутумдашып), багыныңкы сүйлөмдүн милдетин аткарып калат.

Мисалы: „Ким иштебесе, ал тиштебейт"—деп, Ленин айткан.

Ленин айткан—баш сүйлөмдүк милдет аткарды да, *„Ким иштебесе, ал тиштебейт"*—деп, багыныңкы сүйлөмдүк милдет аткарды.

Эгер тике сөз суроолуу сүйлөм болсо, тике сөздөн кийин суроо белгиси сакталып калат.

Мисалы: „Бул сүрөттү ким тартты?"—деп, сурап калды.

Эгер тике сөз илептүү сүйлөм болсо, тике сөздөн кийин илеп белгиси сакталып калат.

Мисалы: „Жашасын улуу Родинабыз! Жашасын Ленин—Сталиндин партиясы!"— деген үндөрү улам жаңырып чыгып жатты.

Эскертүү. Тике сөздөн кийин илеп белгиси, же суроо белгиси турса, андан кийин үтүр коюлбайт.

Кооз адабияттарда диалог иретинде айтылган тике сөздөр тырмакчага алынбайт:

а) Эгер андай тике сөздөрдөн кийин төл сөз тутумдашып айтылса, тике сөздүн эки жагына сызыкча коюлуп, жолдун башынан башталып жазылат.

Мисалы: Адыл чочуп ойгонду да:

— Тү-ү-ү—мени зил баскан экен го. Атым эмне болду экен?—деп, шашып кийине баштады.

— Атыңыз жок, баятан сизди ойготуп айта албай отурдум, — деди Анар.

— Коюңузчу!— деп, Адыл абдан чочуп кетти.

(*Жантөшев* — „Каныбек").

б) Эгер тике сөздөн кийин төл сөз айтылбаса, тике сөздөн мурда гана сызыкча коюлуп, жолдун башынан башталып жазылат.

Мисалы: Эки кочкор жумуш издеп келе жатса, алдынан бир эшек чыкты. Эшек эки кочкордон сурады:

— Ээ баатырлар, кайда бара жатасыңар?
— Ушул жакка.
— Эмнеге?
— Жумуш издеп.
— Жумуш бар бекен?
— Бар.
— Эмесе, мен да силерге кошулайын?
— Мейлиң.
— Үчөөбүз жолдош бололу ээ?
— Макул.

Үчөө жолдош болуп алып, жумуш издеп жөнөштү.

(*Эл жомогунан үзүндү*).

Эгер автор башка бирөөнүн сөзүн (тике сөз) өз сөзүнө тизмектештирип айтса, андай тике сөздөр тырмакчага алынат.

Мисалы: Эмгекте, жоого каршы күрөштө түп көтөрүлө чыгуу керек, „Көп бириксе, көл болот. Көл каптаса, сел болот" (*Токтогулдан*). бардыгын көп жеңет, бардыгы көптүн колунан келет.

Бул сүйлөмдө Токтогулдун сөзү өз сөзүбүз менен тизмектешип айтылды.

ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ.
ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИНИН МААНИСИ.

Угуучуга биздин түшүндүрмөкчү болгон оюбузду сөздөр, же алардын өз ара байланышкан тизмеги өз алдынча туруп, жетиштүү даражада түшүндүрө албайт. Оюбузду тийиштүү мааниде түшүндүрүү үчүн речибиздин ритмасы, пауза жана үндүн ар түрдүү (тондо) чыгышы кошумча болуп кызмат кылат. Жазууда тийиштүү ойду түшүндүрүү үчүн колдонулган сөздөргө, же сөздөрдүн өз ара байланышкан бөлүгүнө, сүйлөмдөргө, кошумча маани киргизип, ойдун тийиштүү өзгөчөлүгүн тийиштүү даражада көрсөтүү үчүн тыныш белгилери колдонулат.

Тыныш белгилери деген аттын өзү да (*токтолуу, аякталуу* деген мааниде туруп) речибиздин ичиндеги токтолуулар, аякталууларды көрсөтүп, аларды айрым бөлүктөргө ажыратып тура тургандыгы жөнүндө түшүнүк берип турат. Андан башка да ал бөлүктөрдүн өз ара бири бирине болгон байланышын көрсөтөт.

Абзац жаңы (баштагы айтылып жаткан маселеден өзгөчө) ойдун *башталышын* көрсөтөт.

Чекит, суроо, илеп белгилери өзүнчө турган айрым ойдун, аякталышын көрсөтөт.

Үтүрдүү чекит жана кош чекит татаал ойду түшүндүрүүчү сүйлөмдүн составына кирген өзүнчө айрым турган жөнөкөй ойду түшүндүрүүчү сүйлөмдүн бүтүшүн (аякташын) көрсөтөт.

Үтүр жана сызыкча речтин ар түрдүү, өзүнчө айрым боло албаган, өз ара жакын байланыштагы элементтеринин бүтүшүн көрсөтөт.

Көп чекит айтылбай калган речтин бөлүгүн көрсөтөт.

Тырмакча колдонулуп жаткан сөз авторго таандык эмес экендигин мүнөздөө үчүн, жана тескери маанидеги сөздөргө колдонулат.

Кашаа, сызыкча, үтүр аркылуу сөз тобу бөлүнсө, сөздүн ал тобу кошумча катары киргизилгендигин көрсөтөт. Мындай учурда тийиштүү сөз тобуна кашаага алынган кошумча катары киргизилген сөз мазни жагынан алыс

экендигин, сызыкча менен ажыратылган сөз аға караганда жакын экендигин, үтүр менен ажыратылган сөз андан да жакын экендигин билдирет.

Кош чекит сөз тобунан кийинки колдонулгандар аны толуктоо үчүн, түшүндүрүү үчүн колдонулуп жаткандыгын мүнөздөйт.

Сызыкча биринчиден, речтин элементтеринин ортосундагы карама каршылыкты белгилейт, экинчиден, кийинки айтылып жаткан сөз тобу мурдагы айтылгандардын натийжасы катарында экендигин көрсөтөт.

Үтүр көп түрдүү көрүнүштөрдү белгилейт. Жогоруда көрсөтүлгөндөй өзүнчө айрым боло албаган речтин элементеринин байланышынын бүтүшүн жана сөз тобуна кошумча катары колдонулган сөз тобун белгилөө үчүн колдонулушун көрсөтүүдөн тышкары, үтүр санак айтылуучу сөздөрдү белгилеп, аларды элементке ажыратат (бирөңчөй мүчөлөр). Ушинтип үтүр речибиздеги кошумча элементти бөлүп көрсөтөт, санак айтылган сөздөрдү бириктирет, речтин составындагы сүйлөмдөрдү айрым маанилүү майда бөлүктөргө бөлөт.

Дефиз сөздөрдүн арасында турса, ал сөздөр бир сөз катары эсептелерин, башкача айканда, ал сөздөр бир мааниге тутумдашкан бир сөз экенин көрсөтөт, ошондуктан башка тыныш белгилери катарында колдонулбайт.

Эскертүү. Кай бир учурда үтүр, же сызыкчанын коюлуучу орду өз ара алмашылып кетет, маселен, кошумча элемент катары колдонулган учурда. Анткени—анын кошумча элемент экенин көрсөтүү үчүн кээде үтүргө караганда сызыкча мүнөздүү көрсөтөт, мындай учурда кошумча элементти белгилөө үчүн үтүр да, сызыкча-да колдонулат. Маселен, негизги, же кошумча мүчөсү бирөңчөй мүчөлөрдөн болгон сүйлөмдөрдү алууга болот.

ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ ЖӨНҮНДӨГҮ НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕРДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ.

I Чекит.

Жай сүйлөмдөрдүн жана жай интонация менен буйрук иретинде айтылган сүйлөмдөрдүн аягына чекит коюлат.

Мисалы: Саат жети болду. Жүргүлө, сабакка кечигип калбайлы. Кечикпей жөнөгүлө, жолдоштор.

II Суроо белгиси.

Суроолуу сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат.

Мисалы: Бүгүн кино болобу? Кандай кино болот экен?

Эскертүү. Суроолуу мүчө жана сурама атооч катышкан сүйлөмдөр дайыма эле суроо иретинде айтылбайт.

Эгер андай сүйлөмдөр жайынча айтылса, сүйлөмдүн аягына чекит коюлат.

Мисалы: Ал кайдан келсин. Бүгүн келбейм дебеди беле. Эртең келет.

III Илеп белгиси.

Илеп белгиси коюла турган орундар:

1. Илептүү сүйлөмдүн аягына илеп белгиси коюлат. Сенин үнүңдүн угумдуулугу, ай! Уккаңда тим эле кошулуп кетким келет. Ырдаса, сендей ырдасын! Жарайсың ишке!

2. Өтүнүч иретинде, же суроо иретинде айтылган сүйлөмдөр күчтүү интонация менен айтылганда, анын аягына илеп белгиси коюлат.

Мисалы: Токтогула балдар! Кашатта карышкыр жүрөт. Ошону атып алсаңарчы! Койго зыян келтирип жиберди. Силер атпаганда, аны ким атат! Ал кимге зыяндуу! Албетте, өзүбүзгө.

3. Ураан катарында айтылган сүйлөмдөрдүн аягына коюлат.

Мисалы: Жашасын 1-Май майрамы!
Ленин-Сталиндин жеңиштүү туусу алдында алга, жолдоштор!

4. Сырдык сөз катышкан сүйлөмдөр күчтүү сезим менен айтылса коюлат.

Мисалы: Бали, азамат экен!
Ой! жыгылат! Коркуп кеткенимчи. Абдан машыккан экен.

IV Көп чекит.

1. Айтылуучу ой бүт айтылбай калса, өксүп калган мүчөнүн ордуна жана шашканда, тышкары болгон таасирдин натийжасында айтылбай калган сөздүн ордуна, же айтылып жаткан ойду аягына чыгара бүтүрө электе күтүлбөгөн башка нерсеге өтүп кеткен учурда көп чекит коюлат.

Мисалы: „Шарт ушундай болуп калды... Менин силерди таштап кетүүм керек, — деди ал (Дубровский) акырында. — Жакында, мүмкүн, силер угасыңар... бирок ажырашуунун алдында мен силер менен сырдашууга тийишмин...“ (Пушкин).

Түн ортосу болгон кезде, койлор дыр берди. Аңгыча: „Карышкыр!... Чуркагыла!... Келип калды!... Мылтык... аткыла!“ деген ызы-чуу көтөрүлдү.

Темирдин көркү өгөөдө,
Жыгачтын көркү мөмөдө.
Мергендин көркү милтеде,
. . . . . .

(*Токтогул*).

2. Цитаталарда андан кийинки, же мурдагы сүйлөмдөр бүт айтылбай калтырылып кеткенин белгилөө үчүн колдонулат.

Мисалы: „Кооздолгон фразаларды азайтуу, — дейт Ленин, — жөнөкөй күндөлүк ишти көбөйтүү... саясы ызы-чууларды азайтуу, өтө жөнөкөй, бирок жандуу... коммунисттик курулуштун фактыларына көп көңүл буруу...“ (Сталин).

V Үтүр.

Үтүр белгиси коюла турган орундар:

1. Бирөңчөй мүчөлөрдү бир биринен ажыратуу үчүн коюлат. а) Эгер бирөңчөй мүчөлөр бир-бири менен байламтасыз байланышса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлат. Мисалы: Арпа, буудай, жүгөрү себилди. Кызылча отолуп, сугарылып бүттү. Биздин колхоздо уй, кой, жылкы, чочко, канттуулар фермалары бар.

Мындай бирөңчөй мүчөлөр байламта сөздөр аркылуу жана байламтасыз да бири бири менен байланышат.

б) Эгер бирөңчөй мүчөлөр *да, деле, дагы* деген байламталар аркылуу байланышса, бул байламталардан кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Быйыл кой да, уй да, жылкы да жакшы семирди.

Эгер *же* байламтасы аркылуу байланышса, үтүр байламтадан мурда коюлат. Мисалы: Бүгүн районго, же шаарга, же тоого баруум керек.

Эгер бирөңчөй мүчөлөр *жана, менен* байламтасы аркылуу байланышса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасына үтүр коюлбайт. Мисалы: Комбайн эгинди чабат жана басат.

в) Турпатташ бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы да үтүр менен ажыратылат. Мисалы: Абыл тоодон, мен шаардан келдим. Аны мектептен, Сайраны клубдан көрдүм.

Эскертүү. а) Эң акыркы бирөңчөй мүчөдөн кийин жана эң акыркы турпатташ бирөңчөй мүчөдөн кийин үтүр коюлбайт.

б) *Менен* деген байламта сөз байламталык милдет аткарбастан, сүйлөмдүн мүчөсүнө таандык болуп айтылса, андан кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Бурул атасы менен, Кабыл агасы менен келди.

2. Кошумча мүчөлүү сүйлөмдөрдө үтүр белгиси коюлат.

Кошумча ээ, кошумча айкындооч сүйлөмдүн ортосунда келсе, алардын эки жагына үтүр коюлуу менен ажыратылат.

Мисалы: Жунуш Абакиров, биздин отличник окуучубуз, областтык слётко жиберилди. Бизде, СССР де, жашоо көңүлдүү болду.

Кошумча баяндоочтон мурда үтүр белгиси коюлуп, андан кийин (кошумча баяндоочтон кийин) тийиштүү тыныш белгиси (чекит, илеп, суроо) коюлат.

Мисалы: Ырдаган — биз, пионерлер.

Эгер негизги мүчө, же кошумча мүчө бирөңчөй мүчө болсо, негизги мүчө менен бирөңчөй мүчөнүн арасына сызыкча коюлат да, кошумча мүчөдөн кийин үтүр коюлат.

Мисалы: Айша, Сайра — биздин отличниктерибиз, Областтык кеңешмеге кетти. Айыл чарбасынын алдыңкыларына—Аалыга, Жумашка, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилди.

3. Каратма сөздөр үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Сырғак, сабагыңа жөнө. Сабагыңа жөнө, Сыргак. Жөнө, Сыргак, сабагыңа.

4. Киринди сөздөр үтүр менен ажыратылат. Мисалы: сыягы, ал кечээ келсе керек. Колхоздун аты, чыкканда да, карааның көрсөтпөй чыкты. Ооба, ал эстүү жигит.

5. Жайынча айтылган сырдык сөздөр үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Бали, ишке жарайсың! Тех, таттуу коон экен.

6. Кошмо сүйлөмдөрдө үтүр коюла турган орундар:

а). Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир бири менен интонация аркылуу жана байламта мүчөлөр аркылуу тутумдашса, тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өтө жакын ажырагыс болсо, бири биринен үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Жаз келди, мал тоюна баштайт.

б) Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр *да, эле* байламта сөздөр аркылуу тутумдашса, үтүр байламта сөздөрдөн кийин коюлат.

Мисалы: Жунуш эрте турду да, үйүнүн терезесин ача баштады. Жамгыр катуу жаады эле, көк шибер көйкөлүп чыкты.

в) Кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр байламта сөздүк милдет аткаруучу *демек, себеби, анткени, натийжада* деген жардамчы сөздөр аркылуу тутумдашса, бул байламталардан мурда үтүр коюлат да, алардан кийин сызыкча коюлат.

Мисалы: Быйыл эгиндин түшүмү жакшы болду, анткени—колхозчулар агротехникалык чараларды туура пайдаланышты. Биз сабакка жакшы даярданганбыз, натийжада — мугалимибиз биздин бул тырышкандыктарыбызды өтө жактыргандыгын билдирди. Мал жакшы багылды, демек — малдын өлүм-житими жок болот.

г) Жөнөкөй сүйлөмдөр байламталык милдет аткаруучу *бирок* деген жардамчы сөз аркылуу тутумдашса жана *же* деген байламта аркылуу тутумдашса, үтүр бул байламталардан мурда коюлат.

Мисалы: Күн бүркөлдү, бирок жамгыр жааган жок. Бүгүн клубда жыйналыш болот, же стадиондо оюн болот.

д) Эгер багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн арасына кыстырылып айтылса, кыстырылып калган багыңкы сүйлөмдүн эки жагына тең үтүр коюлат.

Мисалы: Ал, мен кызматтан келсем, үйдө олтуруптур.

е) Чечме сүйлөмдөрдө негизги сүйлөмдү бирөңчөй мүчөлөр чечмелеп турса, бирөңчөй мүчөлөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Мектепке жаңы китептер алынып келинди: тарих, география, кыргыз тилинин морфологиясы, алгебра ж.б.

Эгер негизги сүйлөмдү кошмо сүйлөмдөр чечмелеп турса, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасына үтүр коюлат.

Мисалы: Аба ырайы жакшы болду, оруу-жыюу мезгилинде күн ачык болуп, кышка тарта гана күн жаады.

ж) Тике сөздөрдө коюлат.

Мисалы: „Таш түшкөн жеринде оор“,— деген макал бар. Ким иштебесе,— дейт Ленин,— ал тиштебейт“. Ленин: „Ким иштебесе, ал тиштебейт“— деп, айткан.

VI Үтүрдүү чекит.

1. Негизги сүйлөмдөрдүн маанисин жөнөкөй сүйлөмдөр чечмелеп турса, андай жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы үтүрдүү чекит менен ажыратылат.

Мисалы: Биздин мектептин тажрийба аянтчасына ар түрдүү өсүмдүктөр септик: мен ар түрдүү гүлдөрдүн уруктарын септим; Зуура буудай жана арпа септи; Кабыл менен Токо жүгөрү менен картошка тикти; бешинчи класстын окуучулары бакча өсүмдүктөрүн тигишти.

2. Чечме сүйлөмдөрдө негизги сүйлөмдүн маанисин кошмо сүйлөмдөр чечмелеп турса, ар бир кошмо сүйлөмдөн кийин үтүрдүү чекит коюлат, ал эми, кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасы үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: Колхоз талаасы гүлдөдү: ар түрдүү өсүмдүктөр сеңселип, дан эгиндеринин баштары жерге ыргалат; машина-тракторлор күрүлдөп, талаа бети жаңырат; бул талааларда эмне өспөйт, эмнелер адамды шыктандырбайт.

Мындай чечмелеп турган жөнөкөй, же кошмо сүйлөмдөр маани жагынан бири биринен алыс жана өзүнчө айрым маанилүү болот, ошондуктан түрдүү чекит алардын арасындагы байланышты белгилөө үчүн коюлат.

VII Кош чекит.

1. Бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө жалпылагыч сөз бирөңчөй мүчөлөрдөн мурда айтылса, жалпылагыч сөздөн кийин кош чекит коюлат.

Мисалы: Чүй өрөөнүндө негизги айдалуучу өсүмдүктөр булар: буудай, арпа, кант кызылчасы, жүгөрү, сулу, картошка, конок, тамеки ж. б.

2. Чечме сүйлөмдөрдө негизги сүйлөмдөрдөн кийин кош чекит коюлат.

Мисалы: Биз мектептин айланасына ар түрдүү жыгачтар отургуздук: жогорку класстардын окуучулары жемиш бактарын отургузушту; ылдыйкы класстагылар бак жана терек тигишти.

3. Тике сөздөн мурда айтылган төл сөздөн кийин кош чекит коюлат.

Мисалы: Сталин: „Кадрлар бардыгын чечет“,—деген.

VIII Сызыкча.

Сызыкча төмөнкү орундарга коюлат:

1. Сүйлөмдүн баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болсо, же заттык маанидеги сын, сан атоочтор баяндооч-тук милдет аткарса да, баш мүчөлөрдүн арасы сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы: Менин китебим—кызылы.
Акай — окуучу. Анын дептери—бешөө.

Эгер атооч жөндөмөдөгү баяндоочторду көмөк сөздөр жандап турса, же аларга суроолуу, күдүк мүчөлөр уланып турса, баш мүчөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.

Мисалы: Акай окуучу эле. Анын дептери бешөөдүр. Сенин китебиң кызыл го ж.б.

2. Бирөңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө жалпылагыч сөз бирөңчөй мүчөдөн кийин айтылса, жалпылагыч сөздөн мурда сызыкча коюлат.

Мисалы: Дыйкан, Асылбек—экөө кенде иштешет.

Эгер жалпылагыч баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөн кийин көмөк сөз колдонулса, жалпылагыч сөздөн мурда коюлуучу сызыкча түшүп калат.

Мисалы: Келгендер Асан менен Роза экөө экен. Республикалык слётко баруучулар биздин мектептин отличник окуучулары — Светлана, Роза, Букеш үчөө экен.

3. а) Негизги ээ зат атоочтордон болуп, кошумча ээ ат атоочтордон болсо да, негизги ээ менен кошумча ээнин арасы сызыкча менен ажыратылат.

Мисалы: Патриотизм—бул мекенди чексиз сүйгөндүк.

б) Негизги мүчө, же кошумча мүчө бирөңчөй мүчөлөрдөн болсо, негизги мүчө менен кошумча мүчөнүн арасы сызыкча менен ажыратылат. Мисалы; Жунуш, Насип, Касым — өндүрүштүн алдыңкылары, ардак тактасына жазылды.

4. Диалог иретинде түзүлгөн сүйлөмдөрдүн башына сызыкча коюлат. Алардын ар бири жолдун башынан башталып жазылат.

Мисалы:
— Сен окуунду бүткөндө эмне кылайын деп жүрөсүң?
— Айыл чарба институтуна кирем.
— Кайсы факультетине?
— Агрономдук.

5. Тике сөздөрдү төл сөздөрдөн ажыратуу үчүн тике сөз менен төл сөздүн арасына сызыкча коюлат.

Эскертүү. Тике сөздөн мурда айтылган төл сөздөн кийин сызыкча коюлбастан, кош чекит коюлат.

Мисалы: „Багынбаган душманды, — Горький айтат, — жок кылат“. „Керектүү таштын оору жок“, — деген элде макал бар ж. б.

6. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө коюлат.

Мисалы: Ойдо — эгин, тоодо — токой. Илим — элден, суу — жерден.

7. Убакыттын, орундун, сандын аралыгын көрсөтүүчү эки сөздүн ортосуна сызыкча коюлат.

Мисалы: Фрунзе — Жалал-Абад поезди келди. Москва—Волга каналы — чоң каналдардын бири. Жыйналышта он-он беш адам болду. Жумушту беш-он минутанын ортосунда бүтүрдүк.

IX Кашаа.

Жазууда сүйлөм ичиндеги кай бир сөздүн, же сүйлөмдүн маанисин тактоо үчүн, анын жанына анын маанисин тактоочу сөздү кашаанын ичине алабыз.

Мисалы: Хор кружогуна 30 бала катышат (анын он экиси — кыз, он сегизи — эркек балдар). Биз экскурсияга (Караби балта кант заводуна) бардык. Советтер Союзунда астрономия илими өстү (астрономиялык илим деп асмандагы айды, күндү, жылдыздарды текшерүүчү илимди айтат). Ал (Жунуш) эрте келди.

Кашаага алынган сөздөр да кошумча мүчөлөрдүн милдетин аткарат.

X Тырмакча.

Тырмакча төмөнкү орундарга коюлат:

1. Тике сөздүн эки жагына коюлат.

Мисалы: „Кадрлар бардыгын чечет“, — деген Сталин. Элде: „Эл четине жоо келсе, карап турган жигитпи“, — деген макал бар. „Ким иштебесе,— Ленин айтат,— ал тиштебейт“.

2. Завод-фабрикага, колхоз-совхоздорго берилген атама аттар тырмакчага алынат. Мисалы: „Чоң-Арык“ колхозуна бар-

дым. „Көк-Ойрок“ совхозу — мыкты совхоз. „Орок-Балка“ заводунда иштейм“.

Эскертүү. Адамдын атына коюлгон атама аттар тырмакчага алынбайт.

Мисалы: Сталин атындагы колхоздо иштейм. Орджоникидзе атындагы заводдун жумушчулары келди.

3. Өз маанисинде колдонулбаган жана жалпыга белгилүү сөздүктөн тышкары башка автордун чыгарган сөздүгүн колдонсо, же ал какшык иретинде айтылса, тырмакчага алынат.

Мисалы: Өткөн жолку окуучулардын жыйналышында Айдар „мен“ дегендей кеп кылды. Анын „мен“ дегени баарыбызга белгилүү.

МАЗМУНУ

Бети

Сүйлөм жөнүндө жалпы маалымат . . . . . .

§ 1. Сүйлөм 3
§ 2. Сүйлөм мүчөлөрү 6
§ 3. Баш мүчөлөр 8
§ 4. Айкындооч мүчө 10
§ 5. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн тизмектелиши 12
§ 6. Жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр 14
§ 7. Жөнөкөй жана кошмо сүйлөм 17

I ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн милдетин аткаруучу сөздөр

§ 8. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр 20
§ 9. Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөр 22
Кызматчы сөздөр 25
§ 10. Көмөкчү сөз 30
§ 11. Күчөтмө сөз 31
§ 12. Байламта 33

Баш мүчөлөрдүн түзүлүшү

Жөнөкөй жана татаал ээ 35
§ 13. Жөнөкөй ээ 39
§ 14. Татаал ээ 40

Жөнөкөй жана татаал баяндооч

§ 15. Жөнөкөй баяндооч 44
§ 16. Татаал баяндооч 45

Этиштик жана атоочтук баяндоочтор

§ 17. Этиштик баяндооч 48
§ 18. Атоочтук баяндооч 50
§ 19. Ээ менен баяндоочтун арасына сызыкчанын коюлушу 52
§ 20. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү 54
§ 21. Жөнөкөй жана татаал айкындооч 55

Аныктооч

§ 22. Аныктооч жөнүндө жалпы маалымат 59
§ 23. Аныктоочтук милдет аткаруучу сөздөр 63
§ 24. Тике жана кыйыр аныктооч 209
§ 25. Толуктооч 209

14—515

Бышыктооч

§ 26. Бышыктооч жөнүндө жалпы маалымат 67
§ 27. Бышыктоочтук милдет аткаруучу сөздөр 68
Бышыктоочтор менен толуктоочтордун айырмасы 71
Аныктооч менен бышыктоочтордун айырмасы . . . . . —
§ 28. Сан-сапат бышыктооч 73
§ 29. Орун бышыктооч 74
§ 30. Мезгил бышыктооч 78
§ 31. Себеп бышыктооч 80
§ 32. Максат бышыктооч 81
§ 33. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы 86

I Ээрчишүү 86
II Башкаруу 91
III Ыкташуу 92

Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү

§ 34. Жалаң сүйлөм 93
§ 35. Жайылма сүйлөм 96
§ 36. Толук жана кемтик сүйлөм 99
§ 37. Атама сүйлөм 103
§ 38. Кыскартылган баяндоочтуу сүйлөм 105
§ 39. Ээсиз сүйлөм 107

Бирөөчөй мүчөлүү сүйлөмдөр

§ 40. Бирөөчөй мүчө 110
§ 41. Бирөөчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдө байламталардын жазылышы . . 118
§ 42. Турпатташ бирөөчөй мүчөлөр 121
§ 43. Жалпылагыч мүчө 125
Жалпылагыч мүчөлүү сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер . 127

Кошумча (түшүндүрмө) мүчөлүү сүйлөмдөр

§ 44. Кошумча (түшүндүрмө) ээлүү сүйлөм 129
§ 45. Кошумча (түшүндүрмө) айкындоочтуу сүйлөм 130
§ 46. Кошумча (түшүндүрмө) баяндоочтуу сүйлөм . . . . . —
Кошумча мүчөлүү сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер . . 131

Грамматика жагынан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр

§ 47. Каратма сөз 133
Каратма сөздүн жазылышы 135
§ 48. Киринди сөз 137
Киринди сөздүн жазылышы 139
§ 49. Сырдык сөз 140
Сырдык сөздүн жазылышы 141

II КОШМО СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ

§ 50. Кошмо сүйлөм жөнүндө маалымат 143
§ 51. Кошмо сүйлөмдүн жасалышы 147
§ 52. Баш жана багыныңкы сүйлөм 148

Кошмо сүйлөмдүн түзүлүшү

§ 53. Жөнөкөй кошмо сүйлөм 152
§ 54. Байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөм 156
Байламтасыз жөнөкөй кошмо сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер 156

§ 55. Байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөм 158
Байламталуу жөнөкөй кошмо сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер 159
§ 56. Татаал кошмо сүйлөм 162
Татаал кошмо сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер 163
§ 57. Аралаш кошмо сүйлөм 166
§ 58. Орток ээлүү (бир ээге багынган) кошмо сүйлөм 168
§ 59. Кыстырынды сүйлөм 171
Кыстырынды сүйлөмдүн жазылышы 172
§ 60. Чечме сүйлөм 174
Чечме сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер 175

Багыныңкы сүйлөмдөрдүн түрлөрү

Бышыктооч багыныңкы сүйлөмдөр 177
§ 61. Мезгил багыныңкы сүйлөм 178
§ 62. Себеп багыныңкы сүйлөм 181
§ 63. Максат багыныңкы сүйлөм 183
§ 64. Шарттуу багыныңкы сүйлөм 184
§ 65. Сыпат багыныңкы сүйлөм 186
§ 66. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм 189

Бир нече багыныңкы сүйлөмдөр катышкан кошмо сүйлөмдөр

§ 67. Бирөөчөй багыныңкы сүйлөмдөр 191
§ 68. Тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөмдөр 193
§ 69. Төл жана бөтөн сөз 196
§ 70. Бөтөн сөздөрдө коюлуучу тыныш белгилер 197
Тыныш белгилери 200

Жооптуу редактор *Н. Кангелдиев*
Техн. редактор *М. А. Тюряев*
Жооптуу корректор *Ф. Муратова*

Терүүгө 10/ II 1951-ж. берилди. Басууга 23/III 1951-ж. кол коюлду. Бир басма табакта 43904 тамга. Кагаздардын форматы 60×92¹/₁₆. Бардыгы 6,63 барак кагаз 13,25 басма табак 14,57 учёттук табак.
Д — 00387 Заказ № 515. Тиражы 15080.

Фрунзе, Типолитография № 1.